**Мухаммад Абдуллатиф Мади**

# Футуухул Маннаан

## Имам Азам Абу Ханифа ан-Нуман

### фикхин жеңилдетип түшүндүрү

**Бишкек – 2025**

УДК 297
ББК 86.38-62
М 92

Мухаммад Абдуллатиф Мади
М 92 Футуухул маннаан: Имам Азам Абу Ханифа ан-Нуман фикхин жеңилдетип түшүндүрүү. - Б.: "Имак Офсет", 2025, - 288 б.

ISBN 978-9967-501-30-0

Бул эмгек И. Арабаев атындагы КМУнун Теология факулътетинин магистратура бүтүрүүчүсү жана PhD программасынын изденүүчүсү тарабынан жазылып, Ислам дининин шариаттык негиздерин, өзгөчө ханафий мазхабынын ордун жана өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүүгө арналган. Китептин максаты - диний билимди элге жөнөкөй жана түшүнүктүү формада жеткирүү, Куран менен сүннөткө негизделген далилдер аркылуу туура түшүнүктү бекемдөө. Автор мазхабдардын пайда болушу, сахабалардын жана улуу имамдардын ишмердүүлүгү тууралуу баяндап, Ислам коомундагы сокур ээрчүү жана фанатизмдин зыяндарын эскерткен. Эмгекте негизги булактардан, өзгөчө шейх Фахми ас-Сака жана Хаажжа Нажах аль-Халабинин "Фикхулъ-Ибадаат" аттуу китептеринен пайдаланылган. Китеп окурмандарга Ислам укугун (фикхти) үйрөнүүдө жардамчы болуучу практикалык колдонмо катары сунушталат. Автор бул эмгегин мусулман коомчулугуна пайда алып келүү жана имам Абу Ханифанын мурасын урматтоо максатында жазганын белгилейт.

ISBN 978-9967-501-30-0

УДК 297
ББК 86.38-62

Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы тарабынан тастыкталат. № 156 27/10/2025-жыл

**Футуухул Маннаан**

Имам Азам Абу Ханифа ан-Нуман

фикхин жеңилдетип түшүндүрүү

**Мухаммад Абдуллатиф Мади**

Египет Араб Республикасынын «алъ-Азхар» университетинин «Усулуд-дин» факулътетинин бүтүрүүчүсү

Кыргызстан Ислам университетинин Араб филология факулътетинин деканы (2005-2009 ж.ж.)

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Теология факулътетинин магистратура бөлүмүнүн бүтүрүүчүсү (2013-ж.)

Учурда ушул эле факулътеттин PhD докторлук бөлүмүнүн изденүүчүсү (2025-ж.)

**Мээримдүү жана Ырайымдуу Аллах Тааланын ысмы менен баштаймын**

## Кириш сөз

Ааламдардын Эгеси болгон Аллах Таалага мактоолор болсун! Сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммадга ﷺ, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына салам жана салаваттар болсун.

Аллах Таала мындай дейт:

«Акыйкатта, момундардын баары толугу менен жоого аттануулары шарт эмес. Ар бир тайпадан дин илимин үйрөнүп, алар (жоодон) кайтып келген кезде, алардын такыба болуусу үчүн эскертишип туруулары керек эмес деп ойлойсуңарбы?». (Тооба сүрөсү: 122-аят)

Аллах Таала Мухаммедди ﷺ толук жана жеңил шариат менен жөнөткөн. Бул шариат - түбөлүккө калуучу улуу пайгамбарыбызлык вазыйпанын бир бөлүгү. Бул мыйзам Аллахтын Мухаммедге ﷺ түшүргөн вахий-кабары гана болгон. Аллах Таала мындай дейт: «Ал өз көңүлүнөн[1] чыгарып айтпайт. Болгону ал[2] – түшүрүлгөн вахий кабар». (Нажм: 3-4)

- Ислам шариаты төмөнкү негиздерди бекиткен жана мусулмандар ошол негиздерди карманышат:

1. Болуп өтө элек окуялар жөнүндө талкуудан кармануу;
2. Динде бөлүнүүдөн жана каршылашуудан алыс болуу;
3. Талаш-тартыш маселелерде Куран менен сүннөткө кайтуу.

Бул эрежелердин негизинде сахабалар жана алардан кийинки «эң жакшы муун» деп күбөлүк берилген муундар иш алып барышкан. Акырында төрт мазхабтын имамдары ошол жолду улап, элге динди үйрөтүп, туура жолго багыт берүүдө өз күч-аракетин аяшкан эмес. Алар: «Биздин сөздүн далилин билбей туруп, аны айтуу-дурус эмес» - деп эскертишкен.

Бирок, кийинчерээк адамдардын динге болгон ынтасы басаңдагандан кийин алар өз алдынча изилдөөнүн ордуна башкаларды сокур ээрчүүгө, мазхабдарга жана топторго катуу фанатизм менен байланып калууга өтүштү. Ислам дини мындай сокур ээрчүүнү жана фанатизмге тыюу салган. Натыйжада үммөт ар кандай топторго бөлүнүп, сокур ээрчүүнүн айынан мусулмандар артта калышты.

Ханафи мазхабы - төрт мазхабдын бири. Ал мусулмандар ибадат жана күнүмдүк турмушунда колдонгон жоболорду үйрөнүүдө кеңири жайылган мазхаб болуп саналат. Атүгүл, Ислам дүйнөсүндө мазхабдардын ичинен эң көп тараган мазхаб болуп саналат. Анткени, Аббасий халифалыгы учурунда көп убакыт бою казылар өз өкүмдөрүн чыгарууда ханафий мазхабдын өкүмдөрүнө таянган, ошондой эле Осмон империясында расмий мазхаб катары колдонулган.

Бизге мурунку аалымдар ушул темада көптөгөн баалуу китептерди калтырышкан. Алардын айрымдары мазхабдын негиздөөчүсү тирүү кезинде жазылган, башкалары кийин жазылган. Бул эмгектер убакыт өтсө да, азыркы күнгө чейин мусулмандардын шариат илимин үйрөнүүдөгү башкы булактары бойдон кала берүүдө.

---

[1] Оюнан
[2] Куран

Бул китептерди жана булактарды жөнөкөй мусулмандарга жеткиликтүү кылуу максатында ушул жупуну эмгек жүзөгө ашты. Бул ишти жалпы элге да, өзгөчө адистерге да пайдалуу жана алар тараптан кабыл алынган эмгек кылуусун Аллахтан тилейм. Кудай күбө, мен бул ишке, жаңы жана заманбап формада Исламды сүйүп чоңойгон, анын өкүмдөрүн үйрөнүүгө аракет кылган бул аймактагы элге фикх китебин тартуулоо үчүн гана кириштим. Андан тышкары, бул мазхабдын имамын, анын фикхин чексиз сүйгөнүмө ачык жана бекем далил болсун деп да бул ишти кылдым. Биз анын китептерин окуган сайын, барактарын караган сайын, Абу Ханифа (Ага Аллахтын ырайымы болсун) пайгамбарыбыз Мухаммеддин ﷺ чыныгы жолун жолдогон адам болгонун жана сүннөттү так аткарууга бүт күчүн жумшагандыгын дагы да көбүрөөк аңдап, ынанабыз. Аллах Тааладан бизди аны менен бейишинде бирге кылуусун сурайбыз.

Бул китепте маалыматтарды жөнөкөй жана түшүнүктүү формада сунуштоого аракет жасалды. Мен бул китепте мазмунду бөлүп-бөлүп берүүгө, пункттарды белгилөөгө, так темаларды коюуга жана ашыкча узун баяндардан оолак болууга өзгөчө көңүл бурдум. Ошондой эле китептеги бардык маселелерге Куран жана сүннөттөн далил келтирүүгө аракет кылдым.

Далилдерди так жана ишенимдүү берүү үчүн, аларды хадис китептеринен, тактап айтканда, бир катар негизги булактардан алып, так шилтемелер менен көрсөттүм. Бул негизги булактардын тизмесин китептин аягында өзүнчө келтирдим.

Китептин башында улуу аалым - Имам Абу Ханифанын (Ага Аллахтын ырайымы болсун) өмүр баянына арналган кириш сөздү да коштум.

Бул жерде менин айрым кыйынчылыктарга туш болгонумду да белгилеп кетишим кетсем, алардын арасында - бөтөн өлкөдө жашап жаткандыктан илимий булактардын аздыгы, ой-пикирлерди жөнөкөй жана түшүнүктүү тилде баяндоо үчүн жасаган аракетим, андан соң китепти иреттеп, бөлүштүрүү тартиби болду.

Мен көптөгөн китептерден жана булактардан пайдаландым, бирок алардын баарын түшүндүрмө бөлүгүндө көрсөтө берген жокмун. Анткени түшүндүрмө бөлүктөрдү негизинен хадистердин булагын көрсөтүү, түшүнүксүз жерлерди ачыктоо же жалпы айтылган сөздү кеңири түшүндүрүү үчүн гана колдондум.

Бул эмгекте өзгөчө пайдасы тийген негизги китептердин катарына - шейх Фахми ас-Саканын *“Фикх алъ-'Ибадаат”* аттуу эмгеги жана Хаажжа Нажах алъ-Халабинин *“Фикх алъ-'Ибадаат”* аттуу китеби кирет.

Бул жазган эмгегим кемчиликсиз эмес. Ар бир адам жазганын кайра окуганда ондой турчу же кошо турчу жерлерди табат. Ошондуктан кийинки басылышта түзөтүү үчүн бул эмгекти окугандардан катачылыктар боюнча кеңештерди күтөм.

Аягында, бул эмгекке жардам бергендердин бардыгына ыраазычылык билдирем жана Аллах Тааладан алар үчүн сооп тилеп, дуба кылам.

**Мухаммад Мади Абу Юсуф**

**Имам Азам Абу Ханифа ан-Нуман**
**хижрий жылынын 80-150 ж.ж.**

Аллах Таала айтты: «Чындыгында, пенделеримдин арасынан билимдүүлөрү Алладан коркушат. Ырасында, Алла – Ызааттуу, Кечиримдүү!». (Фаатир:28)

Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «**Аалымдар пайгамбарыбызлардын мураскорлору, андыктан пайгамбарыбызлар динар же дирхам мурас калтырган жок, албетте илимди мураска калтырды. Кимде-ким аны алса, демек мол үлүшкө ээ болуптур**».

Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ илим жаатында чоң даражага жеткен перс элинен бир адам чыгарын сүйүнчүлөгөн. Бардык аалымдар бул хадис Имам Абу Ханифага тиешелүү экенине макул болушкан жана аны «Имам Азам» (Улуу Имам) - деп аташкан. Имам Муслимдин риваятында пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: "Эгерде ыйман жылдызда болсо да, аны алып келүү үчүн перстен чыккан бир адам бараар эле[1]".

Азыркы сөз, Ислам үммөтүнүн кызыкчылыгын сактап калууда аябагандай чоң салымы бар, Ислам жолунда туура пикир таркатуу үчүн кызмат өтөгөн, Ислам имамдарынын чыгааны, илимдүүлөрдүн төрөсү, аалымдар таянычы, атактуу төрт мазхабдын алгачкы имамы Ислам үммөтүндөгү улуу инсандардын бири жөнүндө болууда. Ал ирактык аалым. Мындай улуу инсандын өмүрү жана эмгеги жөнүндө сөз кылуудан мурун, албетте, биз анын түпкү теги, жашоосунун башталышы жана тарбиясы тууралуу сөз кылууга тийишпиз. Анткени улуу адамдардын жолун түшүнүү - алардын кайдан чыкканын, кандай шартта өскөнүн жана кандай таасирлер менен калыптанганын билүүдөн башталат.

**Төрөлүүсү жана бала чагы:**

Нуман бин Сабит илимдүү, Кудайдан корккон үй-бүлөнүн биринде чоңойгон. Тарыхка караганда чоң атасы Зутий ат-Таймий ал-Куфий Абу Ханифанын атасы Сабитти имам Али бин Аби Талибге алып барган. Али (Аллах Таала андан ыраазы болсун) Сабиттин башынан сылап, ага береке тилеп, Кудайдан корккон адам болуусуна дуба кылат. Ошол дуба кабыл болуп, ал ар бир нерседе Кудайдан коркчу. Мисал катары анын үйлөнүүсүн айтса болот. Тарыхта айтылгандай, ал сапарда жүрүп, чарчап-чалыгып, дубалдан чыгып турган дарактын бутактарынын көлөкөсүндө отурган кезде ошол дарактын мөмөсү түшөт. Аны жегиси келип, бирок бул дарак меники эмес деген ой пайда болот. Бакты айланып, ээсин таап, уруксат сурап, анан жейин деп, эч кимди таппай коет. Курсагы ачкандыктан аны жеп алып, анан анын ээсин издей баштаганда, элдер алма ээсин көрсөтүшөт. Ага барып ошол мөмөнүн баасын же ошондой мөмө берейин деп кечирим сурайт. Бирок бак ээси менин кызыма үйлөнсөң гана кечирем деп шартын айтат. Сабит болсо Аллах Тааладан корккондугунан анын айтканына макул болот. Анда бак ээси: «Кызым сокур, дүлөй, чолок жана тилсиз» деп айтат. Сабит

[1] Муслим (2546)

болсо: «Аллах Таала жардам берсин. Кетирген катамдын жазасы, үйлөнбөй коюуга арга жок» деп жооп берет. Үйлөнгөндөн кийин анын алдына кирип көрсө, атасы айткандай эмес, балким тескеринче өтө сулуу кыз экен. Ага таң калып: «Атаң башкача сыпаттабады беле» - деп сурайт. Кыз: «Ооба, мен жаман-арам нерселерден сокурмун, Аллах Тааланын каарын келтирчү сөз уккан эмесмин, күнөө жолго барган эмесмин жана жаман сөздөрдү сүйлөгөн эмесмин» - деп жооп берет. Ошентип Сабит Аллах Таалага шүгүр кылып, бактылуу үй-бүлөлөрдөн болуп жашашат. Аллах Таала аларга зирек, улуу аалым болгон бир перзент берди. Ал Абу Ханифа ан-Нуман болчу.

Абу Ханифа хижрий эсебинин 80-жылында Перс шаарларынын биринде төрөлгөн. Тарыхка көз чаптырып караганда Афганистандын борбору Кабул шарында төрөлгөндүгү чындыкка жакын.

**Сахаба[1]-табийиндерден[2] кимдерди көргөн:**

Ал жети сахабаны көргөндүгү жөнүндө тарыхта жазылган. Алар: Анас ибн Маалик, Жаабир ибн Абдулла, Абдулла ибн Аниис, Абдулла ибн Аби Ауфа, Абдулла ибн ал-Хаарис ибн Жазаъ аз-Забиидий, Муъкал ибн Ясаар, Ваасила ибн ал-Аскаъ жана Ааъиша бинти Ужрад *(Алардан Аллах Таала ыраазы болсун!).*

Таабийиин-имамдардын да көпчүлүгүн көргөн. Атүгүл, алардын бир тобунан риваят да кылган. Алар: ал-Хакам Хаммаад ибн Аби Сулайман, Салама ибн Кахл, Аамир аш-Шаъбий, Икрима, Атааъ, Кутаада, аз-Зухрий, Наафиъ маулаа ибн Умар, Яхя ибн Саъиид ал-Ансарий, Абу Исхак ас-Сабий.

Бир канча табийиндер Абу ханифадан риваят кылышкан. Алар: Өзүнүн уулу Хаммад, Ибрахим ибн Тухман, Исхак ибн Юсуф ал-Азрак, Асад ибн Амр ал-Каади, Хасан ибн Зияд ал-Лулуий, Хамза аз-Зайят, Дааруд ат-Тааий, Зуфар, Абдурразаак, Абу Наъиим, Мухаммад ибн Хасан Шайбаний, Хашим, Вакиъ, Абу Юсуф ал-Каади.

**Кызматы жана кесиби:**

Абу Ханифа соода менен алектенип, жибек саткан. Ал соодасында өзүнүн чынчылдыгы жана такыбалыгы менен атагы чыгып, Аллах Тааланын жардамы менен ийгиликтерге жетишкен. Мисалы: бир айыбы бар кийимди көрүп, шеригине: «Айыбын айтып, андан кийин сат» - деп айтат. Анын сөзүн унуткан шериги кийимдин айыбын айтпастан эле сатып жиберет. Аны билип, Абу Ханифа: «Ошол кийимдин акчасын садака кылган жоксуңбу? Калган акчаларга аралашып, аларды да жок кылбасын» - деп айтат.

Ал-Масъудий: «Абу Ханифадан өткөн чынчыл инсанды көргөнүм жок. Анын колунда эл-журттун 50 000 акчасы аманатта сакталып, анын бир дирхамын да жогопостон сактаптыр» деп айтты.

**Анын келбети (сырткы көрүнүшү):**

[1] Пайгамбарыбызыбызды көргөн жана аны менен чогуу жүргөн ар бир момун-мусулман инсан

[2] Сахабаларды көргөн ар бир момун-мусулман инсандар

Имам Абу Ханифа (Ага Аллахтын ырайымы болсун) - көркөм келбеттүү, жүзүн жеңил күрөңдүк баскан, ар дайым жыпар жыттуу жыттанган, абройлуу, сүрдүү инсан болгон. Ал эч качан пайдасыз сөз сүйлөбөгөн, сүйлөсө, маанилүү, тиешелүү гана сөз сүйлөгөн. Ал эң сапаттуу жана кымбат кийимдерди кийип жүрчү. Бир жолу андан: «Эмне үчүн мынчалык кымбат кийим кийесиз?» - деп сурашканда, ал мындай деп жооп берген: «Аллах Өзүнүн пендесине берген нээматтарынын изин көрүүнү жакшы көрөт”.

Абу Юсуф: «Абу Ханифа өтө узун да, кыска да эмес-орто бойлуу эле. Так сүйлөгөн, тунук үндүү, максатын түшүндүрө билген инсан болчу» - деп айткан.

Абу Наъим: «Абу Ханифа жүзү жарык, кийими жакшы, жыпар жыттуу, жакшы жолдош, берешен киши эле» - деген.

**Илим талап кылуусу:**

Абу Ханифа башка аалымдарга салыштырмалуу илимди кечирээк 30 жашында баштаган. Элдер анын акылдуулугу жана зиректүүлүгүнөн пайдалануусу үчүн ушул жолго түшүүсүнө Имам аш-Шаъбий түрткү болгон. Ал биринчи калам (акыйда) үйрөнгөн. Андан кийин фикх[1] илимин окуган. Калам (акыйда) илимин үйрөнүп жүргөн кезинде бир окуяны башынан өткөргөн: Бир аял келип: «Сүннөт талак менен шарияттa жок бидъат талактын айырмасы эмнеде?» - деп сурайт. Анткени ал аялды күйөөсү айыз[2] убагында талагын берген болчу. Ага жооп таба албай, ал аялдан Хаммад деген аалымдан сурап, андан соң анын жообун келип, мага да айтып кой, билип алайын» - деп талап кылат. Ал аял кийин келип жообун айтып кетет. Ошондон кийин калам (акыйда) илимин токтотуп, Хаммаддан дарс ала баштайт.

**Анын ибадаты жана такыбалыгы[3]**

- Абдул Хамид ал-Хамаий айтты: «Абу Ханифа менен алты ай кошо жүрдүм. Ал куптан намазынын даараты менен багымдат намазын окучу эле».
- Асад ибн Амр айтты: «Абу Ханифа куптан намазынын дарааты менен 40 жыл багымдат намазын окуп жүргөн».
- Хаариж ибн Мусъаб айтты: «Каъбада Куранды төрт имам хатым кылган: Усман ибн Афъван, Тамиим ад-Даарий, Саъид ибн Жубайр жана Абу Ханифа».
- Куранды жума сайын башынан акырына чейин окуп турчу деп кабарларда айтылган. Ошондой эле ар бир түнү башынан акырына чейин окучу деп да айтылган.
- Ал бир түнү Аллах Тааланын: «Жок! Анткени, Кыямат – аларга убада кылынган (азап). Кыямат – мындан да оор жана ачуу! »(Камар:46) деген аятын таң атканча ыйлап, окуп отурган.

---

[1] Шарият ыйзамы
[2] Этек кир
[3] Алладан коркуу

- Яхя ал-Каттан айтты: «Аллах Таалага ант, аны менен көп отуруп, анын сөздөрүн көп уктук. Аны караганда эле Алладан корккондугу билинип турчу».
- Ал-Хасан ибн Мухаммад ал-Лайсий айтты: «Мен Куфа шаарына келип, Аллах Таалага эң эле көп сыйынган инсан тууралуу сурасам, Абу Ханифаны көрсөтүштү».
- Абдуллах ибн Мубаарак айтты: «Куфага келип эң такыба адамды сурасам, Абу Ханифаны көрсөтүштү».
- Суфян ибн Уйайна айтты: «Абу Ханифаны Аллах Таала ырайым кылсын. Ал көп намаз окучу. Биздин убакытта Абу Ханифадан көп - Меккеге келип - намаз окуган кишини көрбөдүм».
- Абу Мутиъ айтты: «Меккеде болуп, түндүн кайсы бир убактысында мечитке таваф[1] кылууга барсам, сөзсүз Суфян менен Абу Ханифаны тавафтан көрөр элем».
- Абу Аасым ан-Набил айтты: «Абу Ханифа намазды көп окугандыктан, аны «**казык**» деп атап коюшчу эле.
- Язиид ибн ал-Камиит айтты: «**Али ибн ал-Хасан ал-Муаззин куптан намазында «Залзала» сүрөсүнүн:** «*...**Качан жер өзүнүн (эң коркунучтуу) зилзаласы менен титирөөгө түшкөндө...***» **деген аятын окуду. Ал кезде Абу Ханифа ага эргешип окуп жаткан болчу. Намаз бүтүп, элдер чыгып кетсе деле Абу Ханифа өз ордунда отура берди. Менин мечиттен чыгып кеткенимди да байкаган жок. Эрте менен таңкы намазга келгенимде деле ошол абалда өз сакалынан кармап алып: Оо, кымындай жакшылык үчүн жакшылык Берүүчү, кымындай жамандык үчүн жамандык Берүүчү, пендең Нуманды тозок азабынан куткарып, Өз мээримиңе ал! деп дуба кылып жатканын көрүп калганымды байкап калып:** «***Менден көргөн нерсенди эч кимге айтпа***» - деп айтты».

## Энесине кайрымдуулугу, боорукерлиги, устазы жана аалымдарга болгон урматы

✓ Абдулла ибн Мубаарак: «Абу Ханифачалык мүнөзү жумшак, токтоо адамды көрбөдүм» деген. Язид ибн Хаарун да: Абу Ханифадан өткөн жумшак адамды көрбөдүм» - деп айткан.

✓ Кабарларда айтылуусу боюнча, Абу Ханифа ажылык убактысында элдерге чечим чыгарып берип жаткан кезде бир киши келип, аны элдердин астында тилдеген. Ал жерден бир киши туруп, тилдеген кишини урмакчы болгондо Абу Ханифа: «Тийбе, бизден мурункулар мындан да көбүрөөк зыян тартып, сабырдуулук кылышкан» -деп айтат.

✓ Күндөрдүн биринде Абу Ханифадан энеси бир маселени сураганда, ага чечим чыгарып берет. Ал учурда энеси: «Чечим чыгара тургандай сен кимсиң, имам Шаъбийге барып тастыктамайынча, сенин айтканыңды аткарбаймын» - деп айтат. Анда энесин ал имамдыкына алып барып: «Мына ушул инсан аш-Шаъбий болот, каалаганыңызды сурай бериңиз»-деп айтат. Энеси суроосун

[1] Каабаны 7жолу айлануу

бергенде, ал да Абу Ханифаныкындай жоопту айтып: «Уулуңуз Ирактын эң илимдүүсү болсо, мага келип маселе сурайсызбы?!» - деп айтты.

✓ Хаммаддан[1] уулу сапардан кайткан соң: «Сен эң көп кимди сагындың?» деп сураганда, ал: «Абу Ханифаны» - деп жооп берген.

✓ Абу Ханифа: «Хаммад өлгөндөн бери, ар дайым намаз окуганымда атам менен кошо ал үчүн да истигфар[2] айтам» - деп айткан.

✓ Абу Ханифа ажылык мезгилинде Атаа ибн Аби Рабахка илим талап кылып барат. Ал Меккеде эң илимдүү киши болчу. Атаа аны көргөндө: «Сен кайдан болосуң?» - деп сурайт. Абу Ханифа: «Куфадан» - деп жооп берет. Анда Атаа: «Диндерин бөлүп, бөлүнүп кеткендердин мекениненсиңби?» - деп сурады. Абу Ханифа: «Ооба» - деп жооп берди. Атаа: «Сен кайсынысынан болосуң?» - деп сураганда, Абу Ханифа: «Өткөндөрдү тилдебей, тагдырга ишенген жана бир күнөөсү үчүн эч кимди каапыр дебей тургандардан боломун» - деп жооп берет. Атаа: «Билдиңби, демек ошону бекем карман!» - деп айтат.

**Колу ачык, берешендиги**

✓ Абу Ханифа соодадан тапкан пайдасын устаздарына, илим жолунда жүргөндөргө сарптаган. Аларга: «Аллах Таалага гана шүгүр кылгыла, себеби бул ырыскыңарды, болгону Аллах Таала менин колум аркылуу гана берип жатат» - деп айтат.

✓ Эгер бир киши анын жанынан өтүп баратса, кантип анын жанына отуруп калганын сезбей калаар эле. Туруп жөнөсө, кайда барышын сурап, кедей болсо жеткирип койчу эле. "Адамдар менен отурганда эң жоомарт адам болчу".

✓ Абу Юсуф: «Абу Ханифа өмүрүнүн аягына чейин өз акчасынан менин үй-бүлөмө сарптачу эле» - деп айтты.

**Илим-билими**

✓ Али ибн Аасим: «Эгер Абу Ханифа менен ошол доордогу аалымдардын илимин ченесе, Абу Ханифаныкы оор келмек» - деп айткан.

✓ Абдулла ибн Мубаарак: «Эгер Аллах Таала мага Абу Ханифа жана Суфян аркылуу жардам бербегенде, башка адамдар сымал эле болуп кала бермекмин» - деп айтты.

✓ Касым ибн Муъиин: «Адамдар эч бир жерден Абу Ханифа менен отурганчалык пайда алышкан жок» - деп айтты.

✓ Яхя ибн Са-ад ал-Каттаан: Аллах Таалага ант, Абу Ханифанын оюнан жакшыраак эч бир ой укпачубуз. Анын айтканынын көпчүлүгүнөн пайда алчубуз» - деп айтты.

✓ Абдулла ибн Мубаарак: «Абу Ханифа адамдардын эң илимдүүсү болчу. Ал өзүнчө бир ***аят-белги*** болчу» - деп айтты.

✓ Имам аш-Шаафиъий: «Адамдар фикх илиминде Абу Ханифанын үй-бүлөсү»-деп айткан.

---

[1] Хаммад Абу Ханифанын устазы болгон.

[2] Б.а.Аллахтан ал үчүн кечирим сураймын

✓ Халаф ибн Аюб: «Илим Аллах Тааладан Мухаммад алайхис саламга, андан сахабаларга, сахабалардан таабиъиindерге берилген. Андан кийин Абу Ханифага берилген. Ким кааласа ыраазы болсун, каалабаса ачуулана берсин» - деп айтты.

✓ Абу Бакр ибн Аййаш: «Абу Ханифа өз доорунун эң жакшысы» - деп айткан.

✓ Абу Жаъфар ал-Мансур Абу Ханифадан: «Илимди кимден алдың?»-деп сураганда, ал: «Хаммад ибн Сулаймандан, Ибрахим ибн ан-Нахаъийден, Умардан, Алиден, Абдулла ибн Масъуддан жана ибну Аббастан алганмын, алардан Аллах Таала ыраазы болсун!» - деп жооп берет. Анда Абу Жаъфар: «Илмиди жалаң гана таза, ишеничтүү адамдардан алыптырсың» - деп айтат.

✓ Мусар бин Кудам мындай дейт: "Нуман (Имам Абу Ханифа) кандай гана жакшы адам эле! Ал фикхка байланышкан ар бир хадисти мыкты жаттачу, абдан кылдаттык менен текшерчү жана алардагы фикх маселелерин эң жакшы түшүнгөн адам эле. Ал шейх Хаммаддан алган илимди абдан так сактап калган. Эгерде кимдир бирөө Абу Ханифаны өзү менен Аллахтын ортосуна жол көрсөткөн катары кабыл алса - мен үмүт кылам: ал адам коркпойт жана өзүнүн dининде кайдыгер калбайт".

✓ Абу Жаъфар ар-Раади: «Абу Ханифадан илимдүүрөөк эч кимди көрбөдүм, Абу Ханифадан такыбараак эч кимди көрбөдүм» - деп айтты.

✓ Фудайл ибн Ияд: «Абу Ханифа фикх илимин жакшы билген, дүнүйөсү мол, такыба, чөйрөсүнө жакшы мамиле жасаган жана күнү-түнү илим берүүдөн талыкпаган-сабырдуу, аз сүйлөгөн, тек гана адал же арам маселеси келип түшкөндө гана сөзгө кирчү. Мындай учурларда ал дайыма чындыкты көрсөтө билчү. Падышанын (бийликтин) байлыгынан дайыма качкан инсан болчу»-деп айтты.

✓ Хакам ибн Абдулла: «Хадис илими боюнча Суфян ас-Саурий атактуу болчу, бирок Абу Ханифа андан да илимдүүрөөк болчу» - деп айтты.

✓ Суфян ас-Саурийдин энеси каза болгондо Абу Ханифа ага көңүл айтып барат. Ал үйгө кирээр замат Суфян ордунан туруп, аны өз ордуна отургузуп, сыйлайт. Бул окуяга күбө болгон Абу Бакр ибн Аййаш менен Абдулла ибн Идрис ачууланып: «Эмнеге мындай кылдың? Ал өз оюн сүйлөгөн адам эмеспи?»-деп сураганда, Суфян: «Куруп кеткирлер, Абу Ханифа илим жолунда чоң орунга ээ. Илими үчүн турбасам да, жашы менден улуу үчүн турам. Жашы үчүн турбасам да, факих болгондугу үчүн турам. Факих болгондугу үчүн турбасам да, такыбалыгы үчүн турам» - деп жооп берет.

✓ Язид ибн Хаарун: «Абу Ханифа илимдүүбү же ас-Саурийби?»-деген суроого: «Ас-Саурий көптөгөн хадистерди жатка билет, бирок Абу Ханифа фикхке илимдүүрөөк» - деп жооп берген.

✓ Абдулла ибн Мубаарак: «Эгерде сүннөт (хадис) белгилүү болуп, бирок маселе боюнча пикир билдирүүгө муктаждык жаралса, анда Маликтин, Суфйандын жана Абу Ханифанын пикири алынат. Ал эми алардын арасынан Абу Ханифа эң акылдуусу, эң зиреги жана үчөөсүнөн ичинен фикх илимин эң терең билген адам".

✓ Мухаммад ибн Мункадир айткан: Абу Ханифага, Суфянга барат элем. Абу Ханифага барсам кайдан келдиң деп сурады мен Суфяндан десем ал эгер Алкама менен Асвад келишсе да ага муктаж болушмак - дейт эле. Суфянга келсем, ал: «Кайдан келдиң?»- деп сурайт эле. Мен: Абу Ханифанын алдынан десем, ал: «Жер бетиндеги эң мыкты факих аалымдан келипсиң»- дейт эле.

✓ Улуу аалым Абдуллах ибн Мубарак минтип риваят кылган: (ал кезде ал Имам алъ-Авзаийге барып илим үйрөнүп жүргөн. Бир күнү ал-Авзаий өзүнүн шакирттерине мындай дейт:«Абу Ханифага барбагыла. Анткени мен укканым боюнча ал ой жүгүртүү менен өкүм чыгарып, сүннөттү таштап коет экен». Бирок Абдуллах ибн Мубарак ошол эле учурда Имам Абу Ханифадан да илим алып жүргөн жана аны жакындан тааныйт эле. Ал ал-Авзаийдин бул сөзүн уккандан кийин, экинчи күнү анын жамаатына келип, жанына Имам Абу Ханифанын фикхка байланыштуу маселелер жазылган кагаздарын алып келет. Авзаий андан сурайт: «Жаныңда эмне бар?» - деп. Абдуллах: «Фикх маселелери жазылган барактар.»-деп жооп берет.Авзаий :«Аны окучу мага!»-дейт. Абдуллах ибн Мубарак фикх маселелерин окуп берет. Аягына чейин уккандан кийин, Имам ал-Авзаий мындай дейт: «Бул жазган киши - акылдуу жана улуу аалымдардын бири экен». Абдуллах ага мындай жооп кайтарат: «Бул Абу Ханифанын жазганы». Ошондо Имам ал-Авзаий мындай дейт: «Бар да, андан көбүрөөк илим үйрөн!».

✓ Дауд ибн Абдуллах алъ-Хурайбинин сөзү: “Ислам үммөтүнүн ар бир мүчөсү өзүнүн намазында Аллахтан Абу Ханифа үчүн дуба кылууга тийиш. Анткени ал сүннөттөрдү жана фикхты үммөт үчүн сактап калды”.

✓ Имам Абу Юсуфтун (Абу Ханифанын башкы шакирти) сөзү: “Мен Абу Ханифага карама-каршы келген бир маселе боюнча ойлонуп көрсөм, анын көз карашы мени акыретте куткарууга көбүрөөк себепчи болоорун түшүнчүмүн. Ал сахих хадисти менден да жакшы билчү”.

**Абу Ханифанын казы (сот) болуудан баш тартуусу жана халифалардан оолак болуусу**

▪ Риваятка караганда, Куфа шаарынын башчысы Язид ибн Хубайра Абу Ханифага казы (сот) болууну сунуш кылат. Бирок Абу Ханифа андан баш тартат. Муну уккан Язид ачууланып, аны базарга алып чыгарып, ар күнү он камчыдан сабатат. Бул жаза бир айга созулат.

▪ Кийинчерээк халифа Абу Жаъфар ал-Мансур Абу Ханифага казы болууну сунуш кылат, ал тургай буга ант берет. Бирок Абу Ханифа ант менен казы болбой турганын айтат. Ошондо халифанын кызматчысы ага: «Сен халифанын сөзүнө каршы чыкканыңбы?» - деп нааразы болот. Абу Ханифа мындай жооп берет: «Халифа каалаexistence, өзүнүн анты үчүн каффарат (төлөө) кылууга күчү жетет. Бирок мен (калп ант берип, кызматты кабыл алууга) жол таба албайм». Натыйжада ал түрмөгө камалат, ал жакта бир топ убакыт өткөрөт.

▪ Бир жолу халифа ал-Мансур дагы Абу Ханифага казы болууну сунуштайт. Ага жооп кылып, Абу Ханифа мындай дейт: «Мен бул ишке татыктуу эмесмин». Ошондо халифа ачууланып: «Сен калп айтып жатасың!» - дейт. Абу Ханифа болсо сабыр менен, бирок өтө терең жооп кайтарат: «Эгер сен мени

калп айттың деп өкүм кылсаң - демек, мени жараксыз деп өзүң өкүм чыгардың. Кантип сен калп айткан деп эсептеген кишини казы кыласың?» – дейт.

**Далилинин күчтүүлүгү жана зиректиги**

Имам Абу Ханифанын күчтүү далил келтирүү жөндөмү жана акыл-кайраты боюнча сандаган окуялар бар. Анын жообу ар дайым так, логикалык жактан бекем жана далилдүү болчу. Бул өзгөчөлүгү менен ал өз доорундагы аалымдардын арасында өзгөчө айырмаланып турчу.

Имам Маликтин Абу Ханифа жөнүндө айткан сөзү:
«Мен ушундай бир кишини (Абу Ханифаны) көрдүм, эгер ал ушул мамы жөнүндө сөз кылып, аны алтын деп далилдегиси келсе, далилин бекем айтып бермек».

Абу Ханифанын зиректигин жана далил келтирүүдөгү күчүн көрсөткөн окуялардын бири: Бир жолу бир топ атеисттер (Кудайдын бар экенине ишенбегендер) чогулуп, «бүт аалам өзү жаралган, аны жараткан бир күч жок» деп айтып, Имам Абу Ханифа менен баарлашып, аны жеңүүгө белсенип калышат. Алар аны белгилүү бир убакытта чакырышат. Бирок Абу Ханифа жолугушууга кечигет. Алар анын келбей жатышын коркуп калганынан же жеңилгенинен деп ойлошот жана жеңишти жарыялап кетүүгө даяр болушат. Ушул учурда Абу Ханифа кирип келет - кийимдери суу, өзү чарчап калгандай көрүнөт. Алар андан сурашат: «Эмнеге кечигип келдиңиз?». Абу Ханифа мындай дейт: «Мен кайыкта келе жаткам. Бир маалда катуу шамал болуп, кеме толугу менен талкаланды. Мен сууга куладым. Анан бир тактайга жармашып, өлүмгө жакындап калдым. Бир аздан кийин ошол талкаланган кеменин бөлүктөрү кайра өзү жыйналып, баягы кеме өзүнөн өзү бүтүн болуп калды. Мен ага кайра чыгып, жээкке аман жетип келдим. Мына, азыр силердин араңарда отурам, Аллага шүгүр» - дейт. Атеисттер буга күлүп жиберишип:
«Бул акылга сыйбайт! Кеме талкаланып, кайра өзү жыйналып, сени жээкке алып келди дегениңизге ким ишенет?» - дешет.

Ошондо Абу Ханифа аларга мындай деди: «Силер кеменин өзү жыйналып, өзү жээкке келип калды дегенге ишенбей жатасыңар, бирок ошол эле учурда «бул аалам өзү жаралган, аны жараткандын кереги жок, өзү иштеп жатат» - деп айтасыңар». Ошондо атеисттер Абу Ханифанын эмнени айтып жатканын түшүнүштү. Баары тең тообо кылып, Исламды кабыл алышты. Алар бул ааламдын Жаратуучусу - билүүчү жана башкаруучу Кудай бар экенин моюнга алышты.

Бир күнү Имам Абу Ханифа бир кишинин сахаба Усман ибн Аффанга (Аллах андан ыраазы болсун) тил тийгизип, ал тууралуу «ал - жөөт болчу» деп айтканы тууралуу угат. Ошондо Абу Ханифа ошол кишиге өзү барып, ага мындай дейт: Мен сага конок болуп, кыз сурап келдим. Анда тигил киши таң калып: Ирак элинин улуу имамы, өз доорунун аалымы, зыярат кылып, жуучу болуп кош келипсиз!- дейт. Анда Абу Ханифа мындай дейт: Бирок мен өзүм үчүн эмес, жактырган бир досум үчүн кыз сурап келдим. Ал киши: Сиз ал адам тууралуу айтсаңыз эле биз үчүн сыймык. Айтыңыз, кандай адам? Абу Ханифа баштайт: Бул адам түндөрү намаз окуйт. Такыба жана таза адам экенин адамдар көбө

болушкан. Ар түнү Куран окуйт. Уялчаак, бирок максатында бекем, акыйкат үчүн тайманбаган, абдан бай, ошол эле учурда эң көп садака берген адамдардын бири. Тигил киши суктанып: Жетет, эй Имам! Мындай адамды ким кайтармак эле?! – дейт. Ошондо Абу Ханифа мындай дейт: Бирок бир кемчилиги бар... Ал - жөөт. Киши таң калып, ачууланып: Лаа хаула уа лаа куувата иллаа биллаах! Ирактагы улуу имам менин кызымды жөөт адамга бергиси келип жатабы?! - дейт. Ошондо Абу Ханифа токтоо жооп берет: Анда кандайча пайгамбарыбыз ﷺ өзүнүн бир кызын эмес, балким эки кызын тең дал ушул кишиге берип койгон?! Тигил киши дароо эмне болгонун түшүнөт да, өзүнүн катасын моюнга алып: Ушундан кийин Аллахка ант берем, эч качан Усман (Аллах андан ыраазы болсун) тууралуу жаман айтпайм, - дейт. Анан ал Абу Ханифага чын дили менен ыраазычылыгын билдирет.

**Имам Абу Ханифанын фикх маселелериндеги далил келтирүүдөгү күчү**

Имам Абу Ханифанын фикх (Ислам укугу) мектеби – мусулмандын пайдасын (маслахатты), өкүмдүн себебин жана иллатын терең анализдөө менен «мадрасатун-насс» (тексти түз мааниде кабыл алып өкүм чыгаруу) мектебинен айырмаланат. Бул пикир келишпестик (так текстти карманган мектепке болгон оппозициясы) далил жана жүйө жагынан өтө күчтүү болгон. Мисалы, мындай:

Бир жолу Ибн Шубурма менен Имам Абу Ханифага мындай суроо берилет: «Эгерде бир адам алыста жүргөн башка бир кишиге васыят (мурас калтыруу) кылса, ал эми ошол учурда мурас алуучу жок (жок болуп турса) жана эки күбө анын пайдасына күбө берсе - ал васыят жарактуубу?» Ибн Шубрма мындай жооп берет: «Жок, бул адамга васыят болбойт. Себеби васыяттын шарттарынын бири - мурас алуучу ошол учурда ошол жерде болушу керек». Анда Имам Абу Ханифа мындай дейт: «Жок, ал адамга васыят толук жарактуу. Бул - көзү көрбөгөн (сокур) бир адамдын окуясындай. Эгерде бирөө келип анын башын жарса, эки адам бул окуяга күбө болсо, анда биз ошол сокур адамдын башын жарган кишиден өч алабыз, туурабы?».

«Эмесе кандайча эки күбөнүн сөзү менен бирөөнү жазалаганыбыз туура болуп, ошол эле учурда эки күбө васыятка күбө болгондо аны жараксыз деп жатабыз?».

Анда Ибн Шубрама таасирленип, мындай дейт: «Аллах сени ырайымына алсын, эй Абу Ханифа! Сен казы болууга менден да татыктуусуң».

Имам Абу Ханифанын хадистердин улуу аалымы Суфян ибн Уйайна менен болгон окуясы: Бир күнү халифа илимпоздор үчүн илимий жыйын уюштурат жана ага имам Абу Ханифа да катышат. Жыйын жүрүп жатканда, капыстан бир киши кыйкырып кирип келет да: «Менин башыма мүшкүл түштү! Экөөнө тең кыйын болду! Кыздарым да, мен да кыйрадым! Эй аалымдар жамааты, менин кайгым боюнча мага фатва бергиле!» - дейт. Суфян ибн Уйайна ага тынчтануусун талап кылып: «Сабыр кыл, эмне болду, айт?» - дейт. Анда тиги киши айтып баштайт: «Мага эки бир тууган келди: биринин аты - Мухаммад, экинчисиники - Али. Экөө тең кыздарыма үйлөнүүнү суранышты. Мен Фатиманы Мухаммадга, ал эми Сумайяны Алиге никеледим. Бирок үйлөнүү түнүндө Мухаммад Сумайяга, Али болсо Фатимага кирип алыптыр. Кудайга

ант! Мен да, кыздарым да кыйрадык! Эми эмне кылышым керек? Фатва бергиле, Аллах силерге ырайым кылсын!». Мындай татаал маселеге Суфян ибн Уйайна минтип жооп берет: «Эй киши, бул эки эркектин кыздарыңа баруусу – 'ватй-шубха' (жаңылыштык менен же нике түшүнүгү менен болгон жыныстык жакындык), ошондуктан аларга хад жазасы жок. Бирок, биринчи кезекте экөөнү кыздардан ажыратуу керек. Андан соң, кыздар 'ватай-шубха' үчүн үч айыз күтүү менен идда (ажыроо мөөнөтү) күтүшөт. Андан кийин эркектер кыздарга жаңы махр беришет - бул «махрулъ-мисл» (ошол сыяктуу кызга тийиштүү баа). Идда бүткөндөн кийин ар бири ошол өзүнө тиешелүү кыз менен (алгач никеленген кыз менен) кайра үйлөнө алат» - деп. Бул чечимден кийин Имам Абу Ханифа унчукпай уккандан соң, мындай дейт: «Бул маселеде башка пикир айткысы келген барбы?». Бирок бардык аалымдар унчукпай калышат. Бул болсо, алардын Суфяндын пикирине кошулганын билдирет эле. Суфян ибн Уйайна өзүнүн чечимин айтып бүткөндөн кийин, имам Абу Ханифа ойлоно туруп мындай дейт: «Эгер чын эле бул окуя болгон болсо, анда бул өкүм туура эмес, оо, Суфян! Кантип эле бир киши бир убакта эки бир тууган кызга да үйлөнүп, экөөнө тең кирип кетсин?». Суфян жооп берет: «Бул маселеге Куранда да, сүннөттө да башкача чечим жок. «Анда Абу Ханифа аны менен макул болбой мындай дейт: «Жок, бул маселеде башка да чечим бар!». Анан ал кишиге кайрылып: «Эй баланча, Мухаммад менен Алини жана кыздарды бул жакка чакырчы» - дейт. Алар келгенден кийин, имам Абу Ханифа Мухаммаддан сурайт: «Сен Сумайя менен жашагың келеби?». Мухаммад: «Ооба, каалайм» - дейт. Анан Алиден: «Сен Фатима менен жашагың келеби?». Али: «Ооба, каалайм» - дейт. Анда Имам аларга кайрылып, Мухаммадга: «Фатиманы үч талак кылдым деп айт!» - дейт. Мухаммад талакты айтат. Алиге да мындай дейт: «Сумайяга үч талак айт!». Али да талакты айтат. Анан Мухаммадга карап: «Сумайяга үйлөнүү үчүн анын атасынан сура». Атасы макул болот. Анан Алиге айтат: «Фатимага үйлөнүү үчүн анын атасынан сура». Атасы макул болот. Анан Абу Ханифа аларга: «Эми үйлөнүп алгыла!» - дейт. Алар жаңыдан никеге туруп, үйлөнүшөт. Андан кийин Абу Ханифа жыйынтыктап мындай дейт: «Эми мындай болду: Экөөнө тең махрды эки жолу төлөөнүн кереги жок. Кыздар идда (күтүү) күтүшпөйт, анткени аларга кирүү (духул) туура эмес болгон жана бул никеден мурда болгон. Эми бир киши бир учурда эки бир тууган кызга кирген болбойт. Мухаммад менен Али өздөрүнө туура келген кыздар менен гана никеде болушат. Мухаммад Фатиманы талак кылганга чейин ага кирген эмес, ошондуктан Фатимага идда да жок. Ошол сыяктуу эле Али менен Сумайяга да идда жок. Эми биз жаңы нике келишимин түзөбүз: Али - Фатимага, Мухаммад - Сумайяга. Ошондо кыздардын атасы толкунданып айтты: «Аллахка мактоо болсун! Мухаммаддын ﷺ үммөтүндө Абу Ханифа сыяктуу киши бар экен!». Ал эми Абу Ханифанын шакирттери болсо кубанып: “Аллаху Акбар!” – деп, такбир айтышты.

**Имам Абу Ханифа менен имам Авзаийдин намазда рүкү кылууда жана андан көтөрүлгөндө кол көтөрүү маселеси боюнча сүйлөшүүсү:**

Имам Авзаий Абу Ханифага мындай деди: Эмне үчүн силер рукуга барганда жана андан көтөрүлгөндө колуңарды көтөрбөйсүңөр? Абу Ханифа ага мындай деп жооп берди: Анткени бул тууралуу пайгамбарыбыздан ﷺ так, ишенимдүү риваяттар келген эмес. Авзаий айтты: Кандайча так келген эмес?! Мен Зухрийден, ал Салимден, ал болсо Ибну Умардан риваят кылганын уктум. Ал пайгамбарыбыз ﷺ намазды баштаганда, рукуга барганда жана андан көтөрүлгөндө колдорун көтөргөнүн айткан. Абу Ханифа мындай деди: Бизге болсо Хаммад Ибрахимден, ал Алкама жана Асваддан, алар болсо Абдуллах ибн Масъуддан риваят кылышкан. Анда пайгамбарыбыз ﷺ намазды баштаганда гана колун көтөргөн, андан кийин муну кайталаган эмес деп айтылат. Авзаий ага мындай деди: «Мен сага Зухрийден, ал Салимден, ал пайгамбарыбыздан риваят кылды деп айтып жатам, а сен болсо Хаммаддан, Ибрахимден айтып жатасыңбы? Абу Ханифа буга жооп берди: Хаммад Зухрийден да фикх жагынан терең болчу. Ибрахим Салимден көбүрөөк фикх билген. Алкама да фикхта Ибн Умардан кем эмес, болгону Ибн Умар пайгамбарыбыздын ﷺ сахабасы болгон, ага ошол сахабалык артыкчылык берилген. Ал эми Асвад да чоң артыкчылыкка ээ болгон. Абдулла ибн Масъууд болсо фикхта да, кыраатта да жана пайгамбарыбыздын ﷺ сахабасы болуу жагынан да өтө чоң артыкчылыкка ээ эле. Анткени ал жаш кезинен тартып эле пайгамбарыбыздын ﷺ жанында болгон. Муну укканда Авзаий унчукпай калды.

**Кайтыш болуусу:**

Абу Ханифа хижрий боюнча 150-жылынын Ражаб айында дүйнөдөн кайткан. Имам Ибн Маиндин айтуусунда болсо, 151-жылы кайтыш болгон. Айрым башка булактар 153-жылы деп айтышат, бирок эң туурасы - 150-жыл деген пикир.

Ал 80-жылы туулган, ошентип 70 жаш жашаган. Багдадда ага калктын көптүгүнөн улам алты жолу жаназа намазы окулган. Анын кабыры да ошол эле Багдадда жайгашкан. Аллах Өз рахматына алсын.

## Даарат китеби

**Тазалыктын негизги темалары**

1. **Суунун түрлөрү**
2. **Калдык суу**
3. **Истинжа жана даараткана кирип-чыгуунун адеби**
4. **Даарат алуу**
5. **Гусул (чоң даарат) алуу**
6. **Таяммум**
7. **Маасыга масх тартуу**
8. **Айыз, нифас жана истихазанын өкүмдөрү**
9. **Өзгөчө абалдагы адамдын (үзүрлүү) өкүмдөрү**
10. **Нажасат (ыплас нерселер) жана алардан тазалануу**

### Даарат

Ислам – тазалыктын дини.

Чындыгында Ислам дини тазалыкка кызыктырып, ага үндөгөн. Аллах Таала айтат: «Чындыгында, Аллах Таала тообо кылгандарды жана тазалануучуларды жакшы көрөт». (Бакара сүрөсү, 222-аят)

Куттуу хадисте: «Тазалык – ыймандын жарымы»[1] деп айтылган.

Ислам дини тазалыкка чоң маани берген. Андыктан мусулмандарга намаз окуу үчүн даарат алып, беттерин, колдорун жана буттарын жууну буйруган.

Ошондой эле ар кандай учурларда, өзгөчө жума намазы, айт намаздары жана жамаат намаздары сыяктуу жалпы чогулуштарда гусул алууну буйруган. Даарат (طهارة) сөзүнүн лексикалык мааниси: тазалык. Шарияттагы мааниси: нажасаттардан тазалануу

**Тазалыктын бөлүмдөрү**

Шариятта тазалык эки түргө бөлүнөт:

1. Нажасаттан тазалануу (хабастан): Бул заара, заң ж.б. сыяктуу нажас заттардан тазалануу. Кийимде, денеде жана жерде болот.
2. Кичине же чоң дааратттан тазалануу (хадастан): Бул денеге гана тиешелүү. Эгер кичине даарат бузулган болсо[2], даарат менен тазаланат, ал эми чоң даарат бузулган болсо гусул менен тазаланат. Суу жок болсо же колдонууга мүмкүн болбосо, экөөнүн ордуна таяммум кылынат.

---

[1] Муслим (Даарат китеби 1/1)

[2] Кичине хадас (الحدث الأصغر) – мисалы, заара же заң чыгуу сыяктуу абалдар.
Бул абал даарат алуу (وضوء) менен жоюлат. Эгер суу жок болсо же колдонууга мүмкүн болбосо, таяаммум (تيمم) менен жоюлат.Чоң хадас (الحدث الأكبر) – мисалы, жыныстык алакадан кийинки жунуп болуу (الجنابة).
Бул абал гусул алуу (غسل) менен жоюлат. Эгер суу жок болсо же колдонуу мүмкүн эмес болсо, таяаммум менен жоюлат.

**Суунун түрлөрү**

Суу беш түргө бөлүнөт:

***Биринчиден:*** Өзү таза, башканы тазалоочу, колдонуусу макрух болбогон суу. Бул асмандан түшкөн же жерден чыккан ар бир суу. Мисалы, жамгыр суусу, деңиз суусу, кар, мөндүр, кудук суусу. Бул өзүнүн баштапкы абалында калган, б.а. тазалыгын кетирүүчү кандайдыр бир нерсе себептүү үч сыпатынын (түсү, даамы, жыты) бири өзгөрүлбөгөн табийгый суу.

Аллах Таала айтат: «Биз асмандан таза суу түшүрдүк». (Фуркан сүрөсү, 25-аят) Пайгамбарыбыз ﷺ Мадинанын кудуктарынан даарат алган жана ал: «Суу таза, аны эч нерсе булгабайт»[1] - деп айткан. Суунун мындай түрү кичине жана чоң даараттсыздыкты да, нажасатты да кетирет.

* Колдонуусу макрух болбогон дегендин мааниси: Буга оозунун тазалыгы белгисиз болгон мышык ичкен суу кирет. Мындай учурда суу ***макрух танзихий*** ү жеңил макрух} болуп калат.

***Экинчиден:*** Өзү таза, башканы тазалоочу, бирок колдонуусу ***макрух танзихий*** болгон суу.

Бул аз суу болуп, андан мышык, чычкан же токо ичкен болот. Булардын оозунун тазалыгын билбейбиз. Эгер оозу таза экени белгилүү болсо, макрухтук жокко чыгат. Эгер оозу нажас болсо, суу нажас болот. Демек, өкүм оозго байланыштуу.

Бул бөлүктөгү суунун өкүмү - даараттсыздыкты да, нажасатты да кетирет, бирок башка суу бар болсо танзихан макрух. Башка суу жок болсо макрух эмес.

***Үчүнчүдөн:*** Өзү таза, бирок даараттсыздыкты кетирбеген суу. Ал эми нажасатты жууганга болот.

Бул түсү, даамы же жыты таза нерсе менен өзгөргөн суу, же даааратты кетирүү үчүн колдонулган суу. Мисалдары:

1. Чай жалбырагы түшүп, түсү кызыл болуп калган суу.
2. Дарактардын жана мөмөлөрдүн суусу.
3. Денени тазалоодо колдонулган суу, мисалы, даарат алган адамдын дене мүчөлөрүнөн тамчылап аккан суу, же чоң даааратты кетирүү үчүн колдонулган суу, же Аллах Таалага жакындоо максатында денеге колдонулган суу[2].

* Бул сууну күнүмдүк адаттарда колдонсо болот, бирок даарат же гусул сыяктуу ибадаттарда колдонууга болбойт.

---

[1] Абу Дауд (66), Тирмизий (66),Насаий (174/1).

[2] Мисалы: Даараты бар адамдын кайра даарат алуусунан калган суу

Өкүмү: Бул хиссий (көрүнүп турган) нажасатты кетирет, бирок дааратсыздыкты кетирбейт. Башкача айтканда, аны менен тазаланууга болбойт.

Ал эми бираз топурак аралашкан же узак убакыт туруудан өзгөргөн суу менен даарат алууга болот, анткени ал дагы деле ***суу*** деп аталат.

***Төртүнчүдөн:*** Нажас суу.
Бул ичине нажасат түшүп, анын бир сыпатын өзгөрткөн көп суу, же бир сыпаты өзгөрүлбөгөн аз суу.

Өкүмү: Бул дааратсыздыкты да, нажасатты да кетирбейт.

Ал эки бөлүккө бөлүнөт:

***а)*** Агып турган суу: Эгер ага нажасат түшсө жана анын изи көрүнбөсө, каалаган жеринен даарат алса болот; анткени ал нажасат агуу менен калбайт. Эгер нажасат көрүнүп турса, түшкөн жеринен даарат албайт. Эгер көрүнбөсө жана андан даарат алса болот, анткени нажасаттын орду өзгөрүп кетиши мүмкүн.

Эгер чоң дарыяга тарп түшсө, тарп жаткан тараптын ылдый жагынан даарат албайт, бирок башка тараптын ылдый жагынан даарат алат.

***б)*** Токтоп турган суу: Бул аз же көп болот.

Көп суунун өкүмү: Көп суу – 10 чыканакка 10 чыканак же андан көп, б.а., болжол менен узундугу 5 метр, туурасы 5 метр, тереңдиги 20 сантиметр же андан көп болгон төрт бурчтуу көлмөнүн өлчөмүндөгү суу. Бул токтоп турган суу. Эгер агып турса, аз болсо да, көп суунун өкүмүн алат. Өкүмү: бир сыпаты нажас менен өзгөрбөсө. Таза жана тазалоочу болот.

Аз суунун өкүмү: Бул көп суунун чегинен аз болгон суу. Өкүмү: Эгер ага нажасат түшсө, бир сыпаты өзгөрүлбөсө да нажас болот. Негизи, аз суу нажасаттын түшүшү менен нажас болот, ал эми көп суу бир сыпаты өзгөрмөйүнчө нажас болбойт.

***Бешинчиден:*** Тазалыгында шек бар болгон суу.
Бул эшек ичкен суу. Эгер башка суу таппаса, ошол суу менен даарат алып, таяммум да кылат. Шектенүүнүн себеби – эшектин оозу таза же нажас экендигинде аалымдардын далилдердин карама-каршылыгы.

**Кудук сууларынын өкүмдөрү**

- Эгер кудукка нажасат түшүп, анан чыгарылса, анан суусу сорулуп алынса, таза болот.
- Чөлдөгү кудуктарга түшкөн тезек жана кык, эгер көргөн адамга көптөй көрүнбөсө, нажас кылбайт.

- Көгүчкөн менен таранчынын кыгы кудуктун суусун бузбайт, анткени ал нажас эмес.

- Эгер кудукка чычкан же таранчы сыяктуу жаныбар өлсө, 20дан 30га чейин чака суу чыгарылып алынат.

- Көгүчкөн же тоок сыяктуу өлсө, 40тан 60ка чейин чака суу чыгарылып алынат.

***Эгер кудукка төмөнкүлөр өлсө, кудуктун бардык суусу сорулуп алынат:***

- **Адам**. Ибн Аббас жана Ибн Зубайыр (Аллах Таала алардан ыраазы болсун) Замзам кудугуна бир кара киши өлгөндө ушундай өкүм чыгарышкан. Ошондой эле ит жана кой дагы ушундай.
- Эгер жаныбар сууда өлсө жана шишип же чирип кетсе, бардык суу сорулуп алынат.

**Сууга байланыштуу кээ бир өзгөчө өкүмдөр:**

- Жамгыр нажасаттын үстүнөн агып өтсө жана анын изи жок болсо, андан даарат алууга болот.
- Суу жаныбарларынын сууда өлүшү аны бузбайт, мисалы: балык.
- Өлгөн адам сууга түшүп калса, аны нажас кылат, анткени ал өлүм менен нажас болот.

**Кешик**

Аныктамасы: Идиште ичкенден кийин калган суу (адам же жаныбар ичкенден кийин). Анын төрт өкүмү же түрү бар:

Кешиктин түрлөрү:

***Биринчи түрү:*** Таза, тазалоочу, макрух эмес кешик.

Мисалы, адамдын кешиги. (жунуб болсо да, аял этек кири келген болсо да, же мушрик болсо да) Анткени пайгамбарыбыз ﷺ сүт ичип, ашыкчасын оң жагындагы бедуинге берген, ал ичкен, анан Абу Бакр бедуиндин кешигин ичкен.[1]

Пайгамбарыбыз ﷺ Абу Хурайрага кол берүүнү каалаганда, Абу Хурайра: «Мен жунубмун» дейт. Ошондо пайгамбарыбыз ﷺ: «Момун нажас болбойт»[2] деген. Айша (Аллах Таала андан ыраазы болсун) этек кири келген абалында идиштен ичкенде, пайгамбарыбыз ﷺ ага болгон сүйүүсүнөн улам өз оозун анын оозунун ичкен ордуна коюп ичкен[3].

---

[1] Муслим(366),Тирмизий(1278),Дааримий(85/2)

[2] Бухарий (143/7), Муслим(112/2),Абу Дауд(3726),Тирмизий(1893)Ибн Маажах(2425)

[3] Бухарий(385),Муслим(371)

Анткени адамдын денеси мусулман болсун же каапыр болсун таза деп эсептелет. Пайгамбарыбыз ﷺ Сакиф уруусунун элчилерин мечитке кондурган.[1]

* Ошондой эле эти желинүүчү жаныбарлардын кешиги да макрух эмес, бирок *жаллаланын* (ыпылас нерселер менен азыктанган тоок, төө же уй) (5) кешиги макрух.

* Ошондой эле ага турган каны жок жаныбарлардын кешиги да макрух эмес.

***Экинчи түрү:*** Таза, бирок аны колдонуу-макрух танзихий болгон кешик. Эгер башка суу жок болсо, макрух болбойт.

Мисалы, мышыктын же бош жүргөн тоогунун кешиги. Үйдө жашаган айрым жаныбарлар да ушул өкүмгө кирет, мисалы: жылан, чаян, чычкан. Ошондой эле жырткыч канаттуулардын суу кешиктери да ушундай өкүмдө. Себеби, негизинен алардын тумшугу таза деп эсептелет, бирок алар өлүк жегендиктен, алардын суу калдыктарын колдонууга макрух дедик.

***Өкүмү:*** Макрух танзихий болсо да, аны колдонууга болот, дааратсыздыкты кетирет жана нажасатты тазалайт. Бирок бул суу менен биргеликте кадимки таза суу бар болгондо даарат алса, макрух болот, ал эми жок болсо макрух эмес.

**Үчүнчү түрү**: Нажас кешик. Зарыл учурдан башка учурда колдонууга болбойт.

Бул чочконун, иттин жана жырткыч айбандардын кешиги: мисалы, жолборс, гиена, карышкыр. Анткени алардын кешиги шилекейи менен аралашкан, шилекейи этинен пайда болот, алардын эти нажас. Анткени Умар жана Амр ибн Аас (Аллах Таала алардан ыраазы болсун) бир көлмөгө келишкенде, Амр ибн Аас көлмөнүн ээсинен: «Жырткычтар силердин көлмөгө келеби?» - деп сураган. Умар (Аллах Таала андан ыраазы болсун): «Эй көлмөнүн ээси, аны бизге айтпа» -[2] деген. Эгер ага жырткычтардын келгенин айтса, алар аны колдоно албай калмак, ошондуктан ал ага тыюу салган.

**Төртүнчү түрү:** Шектүү кешик. Бул качырдын жана эшектин кешиги.

Шектенүү дегендин мааниси: Бул маселеде таваккуф (***токтоо***) б.а. тазаны нажас кылбайт, нажасты тазалабайт. Суу жок болгондо, талаш-тартыштан чыгуу үчүн аны менен даарат алып, этияттуулук үчүн таяммум да кылат.

Кешиктин өкүмдөрүнө тердин өкүмдөрү да кирет, анткени тер эттен пайда болот. Эгер сууга аралашса, өкүмү кешиги сыяктуу болот.

---

[1] Муслим(30), Абу Дауд(359),Ибн Маажах(43),Насаий(280/1)

[2] Малик, Муватта (1/23,24), Иъла ас-Сунан (1/332,333).

**Айланып жүрүүчү жаныбарлардын кешигинын таблицасы:**

| Жаныбар | Этинин өкүмү | Ичкен суусунун өкүмү | Эскертүүлөр |
|---|---|---|---|
| Үйдөгү мышык | Нажас | Таза, тазалоочу, танзихан макрух | Анткени ал айланып жүрүүчүлөрдөн |
| Үйдүн сыртынан жеген төок | Таза | Таза, тазалоочу, танзихан макрух | Эгер тазалыгына ишенсе, макрухсуз таза болот |
| Жылан жана чычкан | Нажас | Таза, тазалоочу, танзихан макрух | Анткени алар айланып жүрүүчүлөрдөн |
| Жырткыч куштар (бүркүт, шумкар, ителги) | Нажас | Таза, тазалоочу, танзихан макрух | Тоокко окшош, эгер тумшугунун тазалыгына ишенсе, суу макрухсуз таза болот |

## Истинжа[1] жана ажатканага баруу адептери

Истинжа беш жол менен болот:

**Биринчиси**: Важиб. Денеге нажасат жайылбашы үчүн бул жунубдук, этек кир жана нифастан кийин чыга турган жердин нажасатын жуу.
**Экинчиси:** Эгер нажасат чыгуучу жеринен ашып кетсе, аз болсо да, көп болсо да жуу- важиб.
**Үчүнчүсү:** Сүннөт, бул нажасат чыгуучу жеринен ашпаса, аны жуу сүннөт.
**Төртүнчүсү:** Мустахаб, бул заара кылып, бирок заңдабаса, алдын жуу мустахаб.
**Бешинчиси:** Бидаат, бул эки жолдон чоң даарат бузулгандыгы көрүнбөсө, чыккан жел үчүн истинжа кылуу.
Истинжаны таш же анын ордун баса турган нерселер менен кылса болот, аврат ордун таза болгуча сүртөт. Суу менен жуу жакшыраак, анткени ал тазалык жагынан толугураак болот.

**Ажатканага баруу сүннөттөрү жана адептери:**

[1] Алды, артынан чыккан нажасты жуу

1. Каабанын урматы үчүн кыбыла тарапка жүзүн бурбоо жана аны артына салбоо. Хадисте: «Эгер силерден кимдир бирөө ажатканага барса, кыблага жүзүн бурбасын жана артын салбасын, жүзүн чыгышка же батышка бурсун»[1]- деп айтылган.
2. Зааранын чачырандысы тийбеши үчүн туруп заара кылбоо;
3. Адамдардан өзүн тосуу; алардын көзүнчө заара кылбоо же заңдабоо. Пайгамбарыбыз ﷺ барчу жерге барганда алыстачу[2]. Барчу жер дегени – бул заара кылуучу же заңдачу жер.(ажаткана)
4. Жолдо, көлөкөдө же бакчалар жана эс алуучу жайлар сыяктуу коомдук жайларда заара кылбоо же заңдабоо. Анткени Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Эки наалат кылуучудан сактангыла!». Алар: «Эй Аллах Тааланын Элчиси, эки наалат кылуучу эмне?» дешти. Ал: «Адамдардын жолуна же көлөкөсүнө заңдагандар» - деп жооп берди.[3]
5. Ажатканага сол бут менен кирип, киргенде Аллах Таалададан паана тилеп: «Аллахумма инни ауузу бика минал-хубси вал-хабаиси». (Оо, Аллах Таала, мен эркек жиндерден жана ургаачы жиндерден Сага паана тилейм)-деп айтуу.[4]
6. Анан оң бут менен чыгып, «Гуфранака, алхамдулиллахиллази азхаба анни алъ-аза ва аафаани».[5] (Оо, Аллах, Сенин кечириминди сурайм. Зыянды менден кетирип, мени саламат кылган Аллах Таалага мактоолор болсун) - деп айтуу. Айша энебиз (Аллах Таала андан ыраазы болсун) мындай дейт: Пайгамбарыбыз ﷺ ажатканадан чыкканда: «Гуфраанака (Кечириминди сурайм)» - деп айтчу[6].
7. Тазаланууну заара толук токтогонуна ынангандан кийин гана баштоо. Пайгамбарыбыз ﷺ эки мүрзөнүн жанынан өтүп баратып: «Алар азапталууда, бирок чоң күнөө үчүн эмес[7]. Бири ушак ташычу, экинчиси заарасынан тазаланчу эмес[8]» - деген.
8. Сол кол менен истинжа кылуу; хадисте: «Пайгамбарыбыз ﷺ оң колу менен тамактанып, сол колу менен тазаланчу[9]» - деп айтылган.
9. Чыккандан кийин колду самындап жуу; Абу Хурайра (Аллах Таала андан ыраазы болсун) айткан: «Пайгамбарыбыз ﷺ ажатканага барганда, мен ага идишке же челекке суу алып келчүмүн, ал истинжа кылып, анан колун

[1] Бухарий (144) Муслим(Даарат китеби 59/17)
[2] Ибн Маажах (268)
[3] Абу Дауд (Даарат китеби 25/14)
[4] Бухарий (Даарат китеби 142/9)
[5] Ибн Мажа, (Даарат китеби 10/301).
[6]Абу Дауд, (Даарат китеби 17/30).
[7] Б.а. силер үчүн чоң көрүнбөгөн бир иш үчүн азапталууда, бирок Аллах Тааланын алдында ал иш чындыгында чоң (оор күнөө) болуп эсептелет.
[8] Бухарий (216).
[9] Бухарий (153), (5630) Муслим (267)

жерге сүртүп, анан мен ага башка идишке суу алып келчүмүн, ал даарат алчу»[1].

**Истинжанын макрухтары:**

1. Ичинде Аллах Тааланын аты жазылган нерсе менен кирүү макрух; Анас (Аллах Таала андан ыраазы болсун) айткан: «Пайгамбарыбыз ﷺ ажатканага киргенде шакегин чечип койчу» [2] Анткени, пайгамбарыбыздын шакегинде «Мухаммад расулуллах» деген жазуу болгону тастыкталган.
2. Тезек же сөөк менен истинжа кылуу макрух; хадисте: «Тезек жана сөөк менен истинжа кылбагыла, анткени алар силердин жинден болгон бир туугандарыңардын азыгы»[3]- деп айтылган.
3. Ошондой эле ажатканада Аллах Тааланы зикир кылуу макрух, саламга жооп бербөө жана азанчыга жооп бербөө керек; Мухажир ибн Кунфуз (Аллах Таала андан ыраазы болсун) пайгамбарыбызга ﷺ келип, ал заара кылып жатканда салам берген, бирок ал даарат алмайынча жооп берген эмес, анан ага кечирим сурап: «Мен Аллах Тааланы таза болбой туруп эскерүүнү жактырбадым»[4]- деген.
4. Токтоп турган сууга ажатканага баруу макрух; хадисте: «Бириңер агып турбаган тунук сууга заара кылбасын, анан ошол сууда жуунбасын»[5]-деп айтылган.[6]
5. Себепсиз туруп заара кылуу макрух; Айша (Аллах Таала андан ыраазы болсун) айткан: «Ким силерге пайгамбарыбыз ﷺ туруп заара кылган деп айтса, ага ишенбегиле, ал отуруп гана заара кылчу»[7].
6. Аврат жерге же андан чыккан нерсеге кароо - макрух.

## Даарат

Дааратттын (الوضوء) лексикалык мааниси: көрктүүлүк жана тазалык.

Шарияттагы мааниси: Белгилүү болгон дене мүчөлөрүн жуу жана масх тартуу.

***Дааратттын туура болуусунун шарттары:***

1. Даарат мүчөлөрүн толук түрдө суу менен жуу.
2. Дене мүчөсүндө суунун териге жетүүсүнө тоскоол боло турган тоскоолдуктун болбошу, мисалы, май, майлуу зат же боек.

[1] Байхаки (1/106).
[2] Тирмизий, Кийим тууралуу (17/1746).
[3] Тирмизи, Даарат (14/18).
[4] Абу Дауд, Даарат (8/17).
[5] Бухари, Даарат (68/236).
[6] Т.а. заара кылса, ал сууга жуунууга да болбойт.
[7] Тирмизи, Даарат (8/12).

3. Дааратты аны бузуучу нерселердин бири токтогондон кийин гана баштоо. Эки жолдон же дененин кайсы бир бөлүгүнөн бир нерсе чыгып жатканда даарат алуу туура эмес, мисалы, кан, же жарааттан чыккан ириң[1].
4. Даарат алуу учурунда аны бузуучу нерсенин болбошу.

***Дааратгын парздары:***
1.Бетти жуу. 2. Колду чыканакка чейин жуу 3.Баштын төрттөн бир бөлүгүнө масх тартуу 4. Бутту томукка чейин жуу.

Буга далил: Аллах Тааланын сөзү: «Эй ыйман келтиргендер! Намазга турсаңар, жүзүңөрдү жана колдоруңарды чыканакка чейин жуугула, баштарыңарга масх тарткыла жана буттарыңарды томукка чейин жуугула». (Маида сүрөсү, 6-аят)

**Толук түшүндүрмө:**
1. Бетти жуу: Бет узундугу боюнча чачтын башталышынан ээктин астына чейин жана туурасы боюнча эки кулактын жумшак жеринин арасы. Далили – жогорудагы аят.
2. Колду чыканакка чейин жуу: Б.а., чыканактар менен кошо. Бул жерде «إلى» (чейин) деген сөз «مع» (менен кошо) деген мааниде. Далили: Аллах Таала Тааланын: **ولا تأكلوا أموالهم إلى أموالكم (النساء: 2)** «Алардын мал-мүлкүн өз мал-мүлкүңөргө кошуп жебегиле» - (Ниса сүрөсү, 2-аят) деген сөзү, б.а., «өз мал - мүлкүңөр менен кошо, бирге». Ошондой эле: **ويزدكم قوة إلى قوتكم (هود:52)** «Жана күчүңөргө күч кошот» (Худ сүрөсү, 52-аят), б.а., «күчүңөр менен кошо». (Бу аяттарда араб тилиндеги إلى сөзү مع маанисин берүүдө).

Колдун жуула турган жери: алакан, билек жана чыканак.

3. Башка масх тартуу: Масх – бул сууланган колду дене мүчөсүнө сүртүү. Куран аятында баштын масхы жөнүндө жалпы айтылган, ошондуктан имам Малик айткандай, бардыгын камтышы мүмкүн, же имам Шафий айткандай, масх деген атты камтыган бөлүгүн гана камтышы мүмкүн, же Ханафийлер айткандай, кээ бир бөлүгүн гана камтышы мүмкүн. Далили: Мугира ибн Шуъбадан риваят кылынган хадис, пайгамбарыбыз ﷺ маңдайына жана селдесине масх тарткан[2]. Анас (Аллах Таала андан ыраазы болсун) айткан: «Мен пайгамбарыбыздын ﷺ даарат алганын көрдүм, анын үстүндө китрий[3] селде бар эле, колун селденин астына киргизип, башынын алдыңкы бөлүгүнө масх тартты, селдени чечкен жок»[4]. Масх тартууну бир жолудан ашырбоо керек.
4. Бутту томукка чейин жуу: Томуктар – буттун эки капталындагы шишик сөөктөр. Алар буттар менен кошо жуулат. Жабир, Айша, Абу Хурайра, Абдулла ибн Амр жана башкалардан риваят кылынган хадисте, пайгамбарыбыз ﷺ кээ бир адамдардын согончокторуна суу тийбей

[1] Өзгөчө учур катары, заарасы же ириң-сыяктуу суюктугу токтобой агып турган оорулуу адам буга кошулбайт.
[2] Муслим, Даарат, 1/231; Абу Дауд (150), Даарат; Тирмизи (100), Даарат бөлүмдөрү; Насаи, Даарат, 1/65.
[3] Селденин бир түрү
[4] Абу Дауд (147), Даарат; Ибн Мажа (564), Даарат жана анын сүннөттөрү.

калганын көргөндө: «(Жуулбай калган ) Согончокторго тозок азабы бар! Дааратты толук алгыла»[1]- деген.

**Дааратын сүннөттөрү:**

1. **Ниет:** Даарат алуу менен тазалануну же даааратсыздыкты көтөрүүнү ниет кылуу. Ниет кандайча болот? Даарат алаарда ичинен даааратсыздыкты көтөрүүнү, же даарат алууну, же тазаланууну ниет кылуу аркылуу болот. Эгер унутуп калуудан корксо: «Намаз үчүн даарат алууну ниет кылдым», же даааратсыздыкты көтөрүүнү ниет кылдым», же «Тазаланууну ниет кылдым» деп айтууга болот. Ханафий мазхабы боюнча ниет даааратта эки себептүү парз эмес: Биринчиси: Даарат аятында ниетке буйрук берилген эмес. Экинчиси: Алар ибадаттарды максаттарга жана каражаттарга бөлүшкөн. Намаз сыяктуу максаттарда ниет парз, ал эми даарат сыяктуу каражаттарда ниет парз эмес. Пайгамбарыбыз ﷺ минтип айткан: «Амалдар ниеттерге жараша болот[2]».

2. **Тартип:** Парздарды Аллах Таала өз китебинде баштагандай бетти жуудан баштоо жана Аллах Таала аяктагандай аяктоо. Ханафийлердин пикири боюнча бул сүннөт, парз эмес. Анын бир нече себеби бар: Биринчиси: Даарат аятында парздар ***уау***[3] (و) менен бириктирилген, ал эми ***уау*** жөн гана бириктирүүнү билдирет, эгер тартипти каалаcа, ***фа***[4] (ف ) менен бириктирмек. Экинчиси: Али (Аллах Таала андан ыраазы болсун) айткан: «Мен даааратымды толук алсам, кайсы мүчөмдөн баштаганыма маани бербейм»[5]. Ошондой эле, Абдулла ибн Масъуддун (Аллах Таала андан ыраазы болсун): «Колуңуздан мурун бутуңуздан баштасаңыз эч нерсе болбойт»[6] - деген сөзү. Үчүнчүсү: Дааратын мааниси тартипке токтолбойт, тескерисинче, сулуулук жана тазалыкка токтолот.

3. **Тасмия**: Аллах Тааланын атын башталышта айтуу: Анткени пайгамбарыбыз ﷺ муну дайыма жасаган. Ал ﷺ минтип айткан: «Ким даарат алып, Аллах Тааланын атын айтса, анын бардык денеси таза болот, ал эми ким даарат алып, Аллах Тааланын атын айтпаса, анын суу тийген жери гана таза болот»[7].

4. **Колду билекке чейин үч жолу жуу**: Т.а. дааратын башында, анткени алар тазалоочу аспаптар. Усман (Аллах Таала андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздын дааратын сүрөттөп жатып: «Пайгамбарыбызга суу алып келинип, эки колуна үч жолу куюп жууду, анан колун идишке салды»[8]- деген. Уйкудан ойгонгон адамдын колду жуусу тууралуу кабар дагы да бекемделген. Хадисте бул тууралуу мындай айтылат: «Силерден кимдир бирөө уйкусунан ойгонгондо, колун үч жолу жуумайынча идишке салбасын, анткени ал колу

---

[1] Бухарий Даарат китеби (165),Илим китеби (60),Муслим Даарат китеби 241,242)Тирмизий Даарат китеби (41)
[2] Бухарий (вахийдин башталышы 1/1)
[3] Уау-араб тилинде байланыш маанисин берген «жана» сөзү
[4] فاء التعقيب— араб тилинде "فَ" (фа) жалгоосу аркылуу белгиленет жана ал **дароо болууну, ыкчамдыкты** билдирет. Бул жалгоо бир иштин артынан **токтобой**, **узартпай** экинчи иш келгенин көрсөтөт.
[5] Даарақутний (89/1)
[6] Байхакий (87/1)
[7] Даарақутний (73/1) Байхакий (44/1)
[8] Муслим (Даарат китеби 3/3)

кайда жатканын билбейт».[1] Эгер идиш кичине болсо, сол колу менен көтөрүп, оң колуна куят, анан оң колу менен сол колуна куят.

5. **Мисвак колдонуу:** Анткени пайгамбарыбыз ﷺ аны дайыма колдонгон, жана ал ﷺ айткан: «Эгер үммөтүмө оор келбесе, ар бир намазда мисвак колдонууга буйрумакмын»[2].

6. **Оозду жана мурунду үч жолу чайкоо**: Ар бир жолу үчүн жаңы суу алуу керек. Пайгамбарыбыздын ﷺ дааратын сүрөттөгөн Абдулла ибн Зайддын хадисинде мындай деп айтылат: «...Андан соң оозун чайкап, мурунга суу тартып жана мурунду чайкады - мунун баарын үч жолу суу алып аткарды»[3]. Аткарылышы келеркидей: Оозду чайкоодо ооздун бардык жерин суу менен жуу, мурунду чайкоодо – сууну мурундун ичине тартып кайра чыгаруу. Орозо кармабаган адам үчүн оозду жана мурунду толук чайкоо сүннөт.

7. **Баштын жана кулактын бардыгына бир суу менен масх тартуу:** Баштын бир бөлүгүнө масх тартуу парзды жүзөгө ашырат. Бирок бардыгына масх тартуу сүннөт. Кулакка масх тартуунун тартиби: кулактын ички жана сырткы бөлүгүн суу менен сүртүү. Пайгамбарыбыздын ﷺ дааратын сүрөттөгөн Абдулла ибн Зайддын хадисинде: «Башына эки колу менен масх тартты, аларды алдыга жана артка алып келди. Башынын алдынан баштап, мойнуна чейин жеткирди, анан кайра баштаган жерине кайтарды»[4].

8. **Сакалды аралатуу:** т.а. сууланган колдун манжаларын сакалынын ичине киргизип, аны аралатуу. Анткени пайгамбарыбыз ﷺ даарат алганда манжаларын сакалынан тарактын тиштериндей кылып өткөрчү. Усман (Аллах Таала андан ыраазы болсун) айткан: Пайгамбарыбыз ﷺ сакалын тырмоочу[5].

9. **Манжаларды аралатуу**: т.а. кол манжаларын бири-бирине киргизүү, же бут манжаларын сол колунун кичине манжасын, же колунун манжаларынын бут манжаларынын ортосуна киргизүү аркылуу. Пайгамбарыбыздын ﷺ сөзүндө: «Даарат алсаң, дааратты толук ал жана манжалар арасын аралат» -деп айткан.[6].

10. **Үч жолу жуу:** Бир жолу парз, үч жолу сүннөт; хадисте: Пайгамбарыбыз ﷺ үч жолудан даарат алып: «Бул менин дааратым жана менден мурунку пайгамбарыбызлардын даараты» - деген.[7]

11. **Мувалаат (үзгүлтүксүздүк):** Б.а. даараттын амалдарынын ортосунда башка нерсе менен алек болбоо.

12. **Оң жактан баштоо (таяммун):** Пайгамбарыбыз ﷺ мындай дейт: «Аллах Таала бардык нерседе, атүгүл бут кийим кийүүдө жана чач тараганда да оң жактан баштоону жакшы көрөт»[8].

13. **Моюнга масх тартуу:** Абдулла ибн Зайддын жогорудагы хадисинде: «Башына эки колу менен масх тартты... мойнуна чейин жеткирди...» - деп айтылган.

14. **Далк (сүртүү, ышкалоо):** Анын мааниси: колду дене мүчөсүнө сүртүү.

---

[1] Бухарий (Даарат китеби 162, Муслим (Даарат китеби 278)
[2] Бухарий (Жума китеби 887), Муслим (52)
[3] Муслим (Даарат китеби 18/7)
[4] Бухарий (Даарат китеби 185), Муслим (Даарат алуу китеби (18/7)
[5] Тирмизий (Даарат китеби 31)
[6] Абу Дауд (даарат китеби 142-144), Тирмизий (Даарат китеби 788)
[7] Ибн Мажа (Даарат китеби (420), Дарими, Даарат китеби (1/79).
[8] Бухари, Даарат китеби (168), Намаз китеби (426), жана Муслимде көп орундарда айтылган..

**Даараттын адептери[1] :**

1. Алсыз болбосо, даарат алууда башка бирөөнүн жардамын пайдаланбоо.
2. Жерден бийигирээк жайда отуруу.
3. Даарат учурунда кыблага бет алуу.
4. Сууну ысырап кылбоо жана өтө үнөмдөбөө.
5. Суунун мүчөнүн бардык жерине жеткенине ынануу үчүн мүчөлөрдү парз болгон чектен бир аз көбүрөөк жуу.
6. Кеңирээк шакек болсо, кыймылдатуу. (Ал эми тар шакекти суунун кириши үчүн кыймылдатуу парз.)
7. Даараттан кийин туруп, кыблага бет алып, шахада келимесин айтуу жана кабарда (хадисте) келген дубаны окуу: «Аллахумма ижъални минат-таввабина важъални минал-мутатоххириин». (Оо, Аллах Таала, мени тообо кылуучулардан жана тазалануучулардан кыл)[2].
8. Даараттан кийин эки рекет намаз окуу.

**Даараттын өкүмдөрү:**

Даараттын үч өкүмү бар: (парз, важиб жана мандуб).

**(а)** Парз: Төмөнкү учурларда даарат бузулган адам үчүн:

1. Намаз үчүн, (парз намаз болсун, нафил намаз болсун, же жаназа намазы болсун.)
2. Тилават саждасы үчүн.
3. Куранды кармоо үчүн.

**(б)** Важиб: Каабаны айланып таваф кылуу үчүн.

**(в)** Мандуб (мустахаб): Көптөгөн учурларда, анын ичинде:

- Уктаар алдында.
- Уйкудан ойгонгондо.
- Пайдасыз сөздөн кийин.
- Күнөө же ката кылганда.
- Ачууланганда.

Кичине даарат бузулганда тыюу салынган нерселер:

- Намаз.
- Таваф.
- Куранды кармоо.

**Даараттын бузуучу нерселер:**

[1] **Сүннөт менен адабдын айырмасы: Сүннөт** — бул Пайгамбарыбыз ﷺ дайыма кылган амал, аны кээде гана (бир же эки жолу) калтырган.**Адаб** (жакшы жүрүм-турум, этикет) — бул Пайгамбарыбыз ﷺ бир же эки жолу кылып, **үзгүлтүксүз аткарбаган** амал.

[2] Муслим (234), Абу Дауд (169), Тирмизи (55).

1. Эки жолдон чыккан ар бир нерсе: Мисалы, заара, заң, жел, мазий, вадий жана маний. (Мында маний дааратты гана эмес гусулду да важиб кылат) Буга далил Аллах Тааланын сөзү: «Же силерден кимдир бирөө ажатканадан келсе...» (Ниса сүрөсү, 43-аят) деген сөзү, жана пайгамбарыбыздын ﷺ : «Кичине даарат бузулган адамдын намазы даарат алмайынча кабыл болбойт[1]» - деген сөзү.
2. Эки жолдон башка жерден чыккан жана жарааттын башынан аккан нажас: (Мисалы, кан жана ириң) Булар сыртка агуу шарты менен. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Ар бир аккан кандан даарат алуу керек» [2] . Ошондой эле Пайгамбарыбыз ﷺ минтип айткан: «Ким намазында кусса же мурду канаса, намаздан чыгып, даарат алсын»[3].
3. Оозду толтура кусуу: Тамак болобу же кан болобу, өзгөрүлбөсө да. Абу Дарданын хадисинде: «Пайгамбарыбыз ﷺ кусуп, даарат алган»[4]- деп айтылган. Эгер какырык кусса, оозду толтурса да бузулбайт; анткени ичтен чыккан нерсе эске алынат. Ошондой эле тиштен кан чыкса, шилекейден көп болсо же ага тең болсо, даарат бузулат. Демек, мында анын өңү эске алынат.
4. Денеге толук ээлик кыла албаган абалда уктоо – мисалы, жатып уктоо, таянып же жөлөнүп уктоо сыяктуу. Ал эми турган абалда, рүкүдө, саждада же эч нерсеге жөлөнбөй отуруп уктоо дааратты бузбайт. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Арткы тешиктин боосу[5] – көздөр. Андыктан ким уктаса, даарат алсын»[6]. Имам Ахмад өзүнүн Муснадында риваят кылган: Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Жатпастан, саждада уктаган адамга даарат жок. А эгер ал жатса, муундары бошошот»[7].
5. Эс-учун жоготуу, мас болуу жана жинди болуу: Анткени булар сергектикти жок кылууда уйкудан да күчтүү. Уктаган адамды ойготсо ойгонот, ал эми жинди, эс-учун жоготкон жана мас адамдар ойгонбойт.
6. Намазда каткырып күлүү: Дааратты да, намазды да бузат. Риваятта пайгамбарыбыз ﷺ намаз окуп жатканда, көзү алсыз бир бедуин келип, үстүндө камыш тосмо болгон кудукка түшүп кеткенде, артындагылардын кээ бири күлүп жиберген. Пайгамбарыбыз ﷺ намазын бүтүргөндө: «Силерден ким каткырып, күлсө, дааратты да, намазды да кайта окусун»[8]- деди. Ибн Шихабдан риваят кылынган хадисте: «Пайгамбарыбыз ﷺ намазда күлгөн кишиге дааратты жана намазды кайра окууга буйруган[9]».

Каткырып күлүү - бул жанында турган кошунасы укканча күлүү. Өкүмү: даарат да, намаз да бузулат.

---

[1] Бухарий (Даарат китеби 165/2)
[2] Дааракутний (157/1)
[3] Ибн Мажа, Намаз китеби (1221), Абу Дауд, Орозо китеби (2381), Тирмизи, Даарат китеби (87).
[4] Тирмизи, Даарат китеби (87)
[5] Т.а. адам ойгоо абалында жел, нажас сыяктуу нерселердин чыгып кетүүсүн көзөмөлдөй алат. Бирок уктап калса,
дааратты бузулуп калуу ыктымалы бар.
[6] Абу Дауд, Тазалык китеби (203), Ибн Мажа, Тазалык китеби (477).
[7] Ахмад (1/256.)
[8] Абдурразак, Мусаннаф (2/376), Даракутни (1/162,163),Насб ур-Рая (1/47-54).
[9] Байхаки, Сунан Кубра (1/146).

Жөнөкөй күлүү: Өзү гана уккан, башка эч ким укпаган күлүү. Намазды гана бузат.

Жылмаюу: Өзү да, башка да укпаган күлүү. Эч кандай өкүмү жок.

- Аялга тийүү даааратты бузбайт: Айша (Аллах Таала андан ыраазы болсун) риваят кылган: «Пайгамбарыбыз ﷺ аялдарынын кээ бирин өпкөн, анан намаз окуган, даарат алган эмес»[1]. Айша энебиз дагы минтип айткан: «Мен пайгамбарыбыздын ﷺ алдында, кыбыла тарапта уктап жатчумун. Ал сажда кылганда менин бутумду басып коер эле, мен аны жыйнап алчумун. Ал турса, мен кайра сунчумун»[2].
- Ошондой эле жыныс мүчөгө тийүү даааратты бузбайт: Пайгамбарыбыз ﷺ сураган адамга: «Жыныс мүчөгө тийүү менен даарат бузулабы?» дегенде: «Жок, ал сенин бир бөлүгүң гана эмеспи?[3]» - деген. Көптөгөн сахабалар жана табийиндер жыныс мүчөгө тийүү менен даарат бузулбайт деп эсептешкен. Мисалы: Али ибн Аби Талиб, Аммар ибн Ясир, Ибн Масуд, Абу Дарда, Хузайфа ибн Яман жана башкалар. Табийиндерден Саид ибн Мусайяб, Хасан Басри, Суфъян (Аллах Таала аларга ырайым кылсын) да ошондой пикирде болушкан.

**Даараттын макрухтары:**

1. Сууну ысырап кылуу же өтө аз колдонуу.
2. Бетке суу чачуу.
3. Даарат учурунда сүйлөшүү.
4. Даараттын сүннөттөрүнөн бирин таштоо.
5. Мүчөнү үч жолудан ашык жуу, ошондой эле андан азыраак жуу.
6. Нажас жерде даарат алуу.
7. Даарат алууда себепсиз башкалардын жардамын колдонуу.

***Эскертүүлөр:***

- Эгер дааратынын кээ бир бөлүктөрүндө шектенсе, эгер шектенүү адат болуп калбаса, кайрадан алат.
- Эгер даарат алгандыгына анык ынанса, бирок даарат бузулганына шектенсе, даараттуу деп эсептелет. Ал эми даарат бузулганына анык ынанып, бирок даарат алганына шектенсе, дааратсыз деп эсептелет.

## Гусул

***Биринчиден:*** Гусулдун аныктамасы:

---

[1] Абу Дауд, Даарат китеби (69/179).
[2] Бухарий, Намаз китеби (519), Муслим, Намаз китеби (272).
[3] Тирмизи, Тазалык (85), Абу Дауд, Даарат китеби(182), Насаий, Даарат китеби (1/84), Ибн Мажа, Даарат китеби (483).

Гусул: Дененин бардыгын, башынан таманына чейин суу менен жуу.

***Экинчиден:*** Гусулду важиб кылган нерселер. Гусул төмөнкү учурларда важиб болот:

1. Жунубдук: Уйкуда же ойгоо абалда ооруу себептүү эмес, бирок кумардануу менен денеден манийдин[1] чыгышы, Умм Сулайм пайгамбарыбыз ﷺ аял уйкусунда күйөөсү менен жыныстык катнашта болгонун көрсө эмне болоорун сураганда, ал: «Эгер сууну (манийди) көрсө, гусул алсын»[2]- деп жооп берген.

- Эгер (маний) сыртка атып чыкпаса же шахват (дүүлүгүү) менен чыкпаса, мисалы, артына урулса, же бийиктиктен кулап түшсө, же ооруга чалдыккан болсо, даарат важиб болот, гусул важиб болбойт.

- Ким ойгонуп, кийиминде маний же мазий тапса, гусул алуусу керек. Маний тууралуу пайгамбарыбыздын ﷺ: «Ким түш көргөнүн эстесе, бирок сууну (манийди) көрбөсө, ага гусул милдет болбойт. Ал эми ким сууну (манийди) көрсө, бирок түш көргөнүн эстебесе, гусул важиб болот»[3]- деген сөзү далил. Мазий болсо, ал суюлуп калган маний болуп калуусу айкын. Ошондуктан этияттуулук үчүн гусул важиб болот.

- Эгер аял түш көргөнүн эстеп, бирок сууну (манийди) көрбөсө, эгер чалкасынан ойгонсо, гусул важиб болот, анткени ал чыгып, кайра кайтып кеткен болушу мүмкүн. Эгер башка тарабынан ойгонсо, важиб болбойт.

2. Жыныстык катнаш: Эркектин жыныс мүчөсүнүн башынын аялдын алдыңкы же арткы жолуна кириши (маний чыкпаса дагы) Мындай учурда эркекке да, аялга да гусул важиб болот.. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Эгер эки жыныс мүчөсү бириксе жана жыныс мүчөнүн башы көрүнбөй калса, маний түшсө да, түшпөсө да гусул важиб болот»[4].

3. Этек кир же нифас канынын чыгышы: Алар токтогондон кийин гусул важиб болот. Аллах Таала айтат: «Аларга таза болгонго чейин жакындабагыла, таза болгондо, Аллах Таала силерге буйруган жерден жакындагыла». (Бакара сүрөсү, 222-аят)

- Ошондой эле эгер этек киринин күндөрү бүтсө, истихаза болгон аял да гусул алышы керек. Анткени ал этек кир өкүмүндө тазалар сыяктуу болот.

- Ошондой эле төрөгөндөн кийин кан келбесе да гусул важиб болот.

4. Өлүктү жуу: Бирок шейит болсо, аны жуу важиб эмес. Ибн Аббастан риваят кылынган хадисте, бир киши Пайгамбарыбыз ﷺ менен ихрамда баратып, төө аны тээп өлтүргөндө, Пайгамбарыбыз ﷺ : «Аны суу жана сидр менен жуугула»[5]- деген.

---

[1] Эркектик урук

[2] Бухарий, Илим китеби (130), Муслим, Этек кир китеби (313).

[3] Тирмизи, Тазалык (113), Абу Дауд, Тазалык (236), Ибн Мажа, Тазалык (612), Дарими, Даарат (1/195).

[4] Малик, Муватта, Даарат китеби (1/46), Муслим, Этек кир китеби (349-348), Ахмад, Муснад (6/97).

[5] Бухарий (Ихсар (тоскоол болгон учурлар)" жана "Аң уулоонун жазасы тууралуу китеп 1753/32)

5. Каапырдын мусулман болушу: Эгер жунуб болсо.

**Сүннөт болгон гусул:**

1. Жума гусулу: Ибн Умардан риваят кылынган хадисте, пайгамбарыбыз ﷺ: «Силерден ким жумага келсе, гусул алсын»[1]- деген.
2. Эки айт гусулу: Хадисте: «Пайгамбарыбыз ﷺ Жума күнү, Арафа күнү, Орозо айт күнү жана Курман айт күнү гусул алчу[2]» - деп айтылган.

**Мандуб же мустахаб гусул:**

1. Жиндиликтен, эс-учун жоготуудан же мас болуудан өзүнө келген адам үчүн.
2. Жашы балагатка (он беш жашка) жеткен адам үчүн.
3. Арафа күнүнө жана түнүнө даярдануу үчүн, Меккеге кирүү үчүн, зыярат тавафы үчүн, Муздалифада туруу үчүн, Курман айт күнү Минага кирүү алдында жана таш ыргытуу үчүн. Зайд ибн Сабиттин (Аллах андан ыраазы болсун) хадисинде, ал пайгамбарыбыздын ﷺ ихрамга кирүү үчүн кийимдерин чечип, гусул алганын көргөн[3].
4. Күнөөдөн тообо кылгандан кийин.
5. Сапардан кайтып келгенде.
6. Эгер каапыр киши мусулман болгон учурда жунуб болбосо.
7. Денесине нажасат тийип, бирок анын ордун билбей калган адам үчүн.

***Үчүнчүдөн:*** Гусулдун парздары:

1. Оозду чайкоо.
2. Мурунду чайкоо.
3. . Дененин бардыгын бир жолу суу менен жуу. (б.а. дененин бардык жерин жуу.)

Дененин бардык жерин, көздүн ичин кошпогондо, мүмкүн болушунча жуу керек. Ал эми мурундун жана оолдун ичин жуу важиб. Сакалдын жана чачынын түбүнө жана арасына (эгер өрүлбөсө) суу жеткирүү важиб –. Аллах Таала айтат: «Эгер жунуб болсоңор, анда тазалангыла!». (Ниса сүрөсү, 43-аят)

Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Ар бир түктүн астында жунубдук бар, ошондуктан түктөрдү нымдап (суулап), терини тазалагыла»[4]. Буга байланыштуу маселе: Мурунда түк, ооздо тери бар. Умм Салама (Аллах Таала андан ыраазы болсун) айткан: Мен: «Оо, Аллах Тааланын элчиси, мен чачымды өрүп алам, жунубдук гусулу үчүн аны чечишим керекпи?» - деп сурадым. Ал ﷺ: «Жок, башыңа үч ууч суу куюп, анан денеңе суу куюп, тазалансаң жетиштүү

---

[1] Бухари, Жума китеби (877, 849, 919).
[2] Ахмад, Муснад (4/78).
[3] Тирмизи, Ажылык китеби (831), Малик, Муватта (717).

[4] Ат-Тирмизи, Даарат китеби (106), Абу Дауд, Даарат китеби (248), Ибн Мажа,Даарат+++ китеби (597).

болот»[1] - деди. Бул суу чачтын түктөрүнүн түбүнө жеткенде, ал эми жетпесе, өрүлгөн чачты чечүү важиб.

**Гусулдун сүннөттөрү:**

1. Башында ниет кылуу жана **Бисмиллах** айтуу.
2. Анан эки колун үч жолу жуу.
3. Анан аврат жерин жуу.
4. Анан денесиндеги жана аврат жериндеги нажасатты тазалоо. (эгер бар болсо).
5. Анан намаз үчүн даарат алгандай даарат алуу, буттарын жууну гусулун бүткөнгө чейин кечиктирсе болот.
6. Анан башына үч жолу суу куюп, чачын бармактары менен аралатуу.
7. Анан дененин калган бөлүгүнө оң жагынан баштап үч жолу суу куюу.
8. Денени ышкалоо.

Мунун бардыгы Айша (Аллах Таала андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте: «Пайгамбарыбыз ﷺ жунубдук гусул алганда, биринчи колдорун жуучу, анан оң колу менен сол колуна суу куюп, аврат жерин жуучу, анан намаз үчүн даарат алгандай даарат алчу, анан суу алып, манжаларын чачынын түбүнө киргизчү, суу жеткенине ынангандан кийин башына үч ууч суу куюп, анан денесинин калган бөлүгүнө суу төкчү»[2]- деп айтылган.

**Гусулдун адептери:**

1. Кыбыла тарапка кароо, эгер аврат жери жабык болсо, антпесе бет албоо артык.
2. Гусул учурунда сүйлөшпөө.
3. Сууну ысырап кылбоо же өтө аз колдонбоо.
4. Мүмкүн болушунча денесин башкалардын көрүүсүнөн тосуу. Пайгамбарыбыздын ﷺ сөзү боюнча: «Чындыгында, Аллах Таала уялчаак[3], жашырууну жакшы көрөт. Эгер силерден кимдир бирөө гусул алса, жашынсын»[4].

**Чоң даарат бузулганда[5] тыюу салынган нерселер:**

1. Намаз.

---

[1] Ибн Хиббан (8) Муслим (130)
[2] Бухари, Гусул китеби (248, 262, 272).
[3] Б.а. кемчилитерден таза
[4] Абу Дауд, Хамам китеби (2/412).
[5] Б.а. жунуб абалда

2. Куранды кармоо. Аллах Таала айтат: «Аны (Куранды) тазаланган адамдар гана кармайт». (Алъ-Вакиъа сүрөсү, 79-аят) Жеңи менен кармаса эч нерсе болбойт.
3. Куран окуу. (Бирок зикир, бисмилла жана дуба кылууга болот.)
4. Мечитке кирүү, Каабаны айланып таваф кылуу.

**Этек кир жана нифас менен тыюу салынган нерселер:**

- Чоң даарат бузулганда жогорудагы тыюу салынган нерселерге кошумча:
    1. Орозо кармоо.
    2. Жыныстык катнаш.

## Таяммум

Ислам дининин кең пейилдигинин белгилеринен бири, суу жок болгондо же аны колдонууга мүмкүн болбогондо дааратттын жана гусулдун ордуна таяммум кылууга шарияттын жол берүүсү .

Таяммумдун мааниси: Ибадатты аткаруу үчүн таза топуракка ниет кылуу жана аны белгилүү бир тартипте колдонуу, же тагыраак айтканда бетти толугу менен жана колду чыканакка чейин таза топурак менен, тазалануу ниети менен сүртүү.

Сууну колдонууга мүмкүн болбогондо таяммумга уруксат берилет; Аллах Таала Куранда мындай дейт: «Эгер суу таппасаңар, анда таза топурак менен таяммум кылгыла». (Маида сүрөсү, 6-аят) Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Таяммум мусулмандын даараты. Эгер он жылга чейин суу таппаса дагы же даарат бузулмайынча[1]». Хадисте мындай деп айтылат: «Мага менден мурунку эч бир пайгамбарыбызга берилбеген беш нерсе берилди... жана жер мага мечит жана тазалоочу кылынды[2]...».

**Таяммумдун рукндары (парздары):**

Эки алакан менен эки жолу уруу: 1- Бир уруу бет үчүн. 2- Дагы бир жолу уруу колдорду чыканакка чейин сүртүү үчүн.

Анткени Жабир (Аллах Таала андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Таяммум эки жолу уруу: бир уруу бет үчүн жана бир уруу билектерди чыканакка чейин»[3].

**Таяммумдун туура болуусунун шарттары:**

1. Ниет.
2. Таяммумга уруксат берүүчү себептин болушу.

---

[1] Б.а. эгер мусулман таяммум алгандан кийн даараты бузулса, суу таппагандыгы үчүн кайра таяммум алса болот.
[2] Бухари, Таяммум (1/328).
[3] Хаким, Мустадрак (1/180), Хафиз, Талхис (1/56).

3. Масх тартканда бетте же колдо суунун териге жетүүсүнө тоскоол боло турган тоскоолдуктун болбошу, мисалы, май же боек.
4. Жер жынысынан болгон таза нерсе менен таяммум кылуу, мисалы, топурак жана кум сыяктуу.
5. Бетти жана колду толугу менен масх тартуу. (Бирок топуракка оонабайт).

**Таяммумга уруксат берүүчү себептер:**

1. Эгер суу алыс болсо; Аллах Таала: «Эгер суу таппасаңар, анда таяммум кылгыла» - деген сөзү боюнча. Аалымдар суунун алыстыгын жөө басканда жарым саатка жакын, же бир милге (1847 метрге) тең деп эсептешкен.
2. Ошондой эле оору себептүү: т.а. сууну колдонуу ооруну күчөтсө же айыгууну кечиктирсе.
3. Ошондой эле катуу зыяны тийүүсүнөн муздак сууну колдонуудан корксо жана ал сууну ысытууга мүмкүн болбосо.
4. Ошондой эле аны менен суунун ортосунда душман же жырткыч болсо
5. Суунун аздыгынан, өзүнө, же жолдошуна, же жаныбары үчүн чаңкоодон корксо, мисалы, анын суусу аз болуп, аны даараткa колдонсо, чаңкоодон корксо, таяммум кылат.
6. Айт намазынын же жаназа намазынын өтүп кетүүсүнөн коркуу; анткени алардын казасы окулбайт жана ордуна эч нерсе өтпөйт. Мунун сүрөтү: жаназа намазы же айт намазы окулуп жатса, ал эми суу андан алыс болсо, суудан келгиче намаз бүтүп калат, ошондуктан ага ошол жерден таяммум кылып намаз окуса, уруксат берилет.

**Таяммум эмне менен болот?**

Таяммум кылуу жердин курамынан болгон нерселерге болот, мисалы, топурак, кум, таш жана гипс. Аллах Тааланын: «صَعِيدًا طَيِّبًا» (Соъидан тоййибан) деген сөзү боюнча. «Соъид» сөздүк мааниси: жердин үстүнө чыккан нерсе, «Тоййиб»: таза деген мааниде.

**Таяммумдун тартиби:**

Колдорун таза топуракка уруп, анан чаңын күбүп, анан алар менен бетин сүртөт. Анан кайра уруп, чаңын күбүп, ар бир алакан менен экинчи билегинин үстүн жана астын чыканакка чейин сүртөт; Пайгамбарыбыздын ﷺ сөзү боюнча: «Таяммум эки жолу уруу: бир уруу бет үчүн жана бир уруу билектерди чыканакка чейин».

**Таяммумдун сүннөттөрү:**

1. Башында ***Бисмиллах*** айтуу.
2. Тартип, б.а. беттен баштап, анан колдорго өтүү.
3. Оң жактан баштоо.
4. Колдорду алдыга жана артка алып келүү жана чаңын күбүү.

5. Манжаларды ачуу.
6. Суу табылышы мүмкүн деп үмүттөнгөн адам үчүн таяммумду намаздын акыркы убактысына чейин кечиктирүү.

**Таяммумду бузуучу нерселер:**

1. Дааратты бузуучу нерселер бузат; анткени ал анын ордуна келген.
2. Сууга жетүү жана аны колдонуу мүмкүнчүлүгү; Пайгамбарыбыз ﷺ: «Суу табылмайынча топурак мусулмандын тазалоочусу[1]» - деген.

**Таяммумга байланыштуу ар кандай өкүмдөр:**

- Таяммумда ниет кылуу парз. Андыктан таяммум алуу менен даараtсыздыкты көтөрүүнү же намазды дурус кылууну ниет кылат.
- Убакыттын башында ибадатты аткаруу үчүн, убакыттан мурун таяммум кылууга болот.
- Эгер таяммум менен намаз окуп бүткөндөн кийин суу тапса, ал намазды кайра кайтарып окубайт. Эгер намаз учурунда суу тапса, даарат алып, кайра баштайт; анткени таяммум сууну көргөндө бузулат, ошондуктан анын даараты бузулду деп эсептелет.

Бир таяммум менен даарат сыяктуу каалаганча намаз окуса болот. (парз намазды да, нафил намазды да.)

- Суу табылышы мүмкүн деп үмүттөнгөн адамга намазды кечиктирүү мустахаб; (Эки дааратtын толугураагы менен аткаруу үчүн.)
- Эгер даарат алса намаз өтүп кетишинен корксо, жаназа намазын таяммум менен окууга болот. Анткени анын казасы аткарылбайт. Ошондой эле айт намазы да. Эгер сапардагы адам жүгүндөгү сууну унутуп, таяммум менен намаз окуса, аны кайра кайтарып окубайт.
- Эгер денесинин көпчүлүк бөлүгүндө жараат же оору болсо, ал таяммум кылат жана денесинин калган бөлүгүн жуубайт; кичине даарат бузулган адам менен жунуб адам таяммумдун тартибинде бирдей.Пайгамбарыбыз ﷺ Аммар ибн Ясир жунуб болуп, топуракка оонаганда ага: «Сага бет жана эки алакан жетиштүү экенин билбедиң беле?[2]» - деген.
- Этек кир жана нифас өкүмү таяммумда жунубдук сыяктуу.

## Маасыга масх тартуу

Маасы: Бул томукту жапкан бут кийим, адатта териден жасалат.

Анын уруксат берилүүсүнүн негизи - сүннөт. Көптөгөн сахабалардан (Аллах Таала алардан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте, пайгамбарыбыз ﷺ

[1] Абу Дауд (332), Ибн Хиббан (1313), Тирмизи (124), Насаи (1/171).
[2] Бухари, Таяммум китеби (338), Муслим, Этек кир китеби (368). Бухаринин сөзү.

айткан: «Муким адам маасыга бир күн бир түн, ал эми сапардагы адам үч күн үч түн масх тартат»[1].

Хасан Басри айткан: «Мага пайгамбарыбыздын ﷺ жетимиш сахабасы пайгамбарыбыздын маасыга масх тартканын көргөнүн айтышты».

Абу Ханифа айткан: «Ким маасыга масх тартууну четке какса, анын каапыр болуп калуу коркунучу бар. Анткени бул тууралуу дээрлик таватур даражасына жеткен көптөгөн кабарлар келген».

- Гусул важиб болбогон, даарат важиб болгон адамга уруксат берилет; Сафвандын хадисинде айтылган: «Пайгамбарыбыз ﷺ бизге сапарда болгондо маасыбызды үч күн үч түн чечпөөнү буйруган, жунубдук үчүн эмес, заара, заң же уйку үчүн»[2].
- Маасыга масх тартуу – дааратта бутту жуунун ордуна өтөт.
- Маасыга масх тартуу – бул үммөт үчүн жеңилдик катары эркектерге да, аялдарга да, сапарда да, үйдө да уруксат.

**Масхтын шарттары:**

1. Масх тартуучуга болгон шарт: Маасыны толук дааратка кийген болушу керек.
2. Масх тартылуучунун (маасынын) шарты:

- Маасы томуктарды жаап турушу керек.
- Масхты маасынын үстүнө – манжалар менен сызыктарды тартуу аркылуу кылуу керек. Али (Аллах Таала андан ыраазы болсун) мындай дейт: «Эгер дин ойго негизделгенде, маасынын асты үстүнө караганда масх тартууга ылайыктуураак болмок, бирок мен Пайгамбарыбыздын ﷺ маасынын үстүнө гана масх тартканын көрдүм».
- Маасылар таза болушу керек.
- Маасыда буттун кичине манжаларынын үч манжасынын өлчөмүндөй тешик болбошу керек.
- Маасы бутта бекем турушу керек, басканда буттан чыкпашы керек.
- Суунун буттун ичине киришине тоскоол болушу керек.
- Ал маасылар менен болжолу 5 км. же жарым саат.басуу мүмкүн болушу керек Андыктан азыркы күндөгү бизге белгилүү болгон жука байпакка масх тартуу жарабайт.

**Масх тартуунун мөөнөтү:**

**А - Жергиликтүү жашаган адам үчүн (муким):**

---

[1] Бухари, Маасыга масх тартуу бөлүмү (1/58), Муслим, Даарат китеби (276), Тирмизи, Даарат китеби (96), Ибн Мажа, Даарат китеби (478), Ахмад, Муснад (4/239-240), Насаи (1/84), Абу Дауд, Сунан (149).

[2] Ахмад Алъ-Муснадда (4/239-240), Ибн Мажа (478), Алъ-Муснадда Шафиъий (1/33), Абд ар-Раззак Алъ-Мусаннафта (792), Ибн Хузайма Алъ-Сахихте (1/98-99), Алъ-1/1.

Анын мөөнөтү – бир күн, бир түн, башкача айтканда (24 саат). Бул мөөнөт даaарат алып, мунун үстүнө масх тартылчу бут кийим кийгенден кийинки биринчи даарат бузулганада башталат.

Мисалы, адам таң намазында даарат алып, бутун жууп, андан кийин маасысын кийсе, эгерде анын даараты түшкү намазда гана бузулса, анда масх мөөнөтү түшкү намаздан башталат, таң намаздан эмес.

**Б - Мусапыр (сапардагы адам):**

Мусапыр үчүн масх тартууга уруксат – үч күн, үч түн (72 саат). Бул мөөнөттө жергиликтүү адамдагыдай эле биринчи даараттын бузулуусу менен башталат. Мусапыр – 83 км же андан узагыраак сапарга чыккан адам.

- Эгер адам масхты жергиликтүү жашаган жеринде баштап, андан кийин сапарга чыкса – мусапырдын мөөнөтүн толук тартат (3 күн).
- Эгер мусапыр масхты баштап, андан кийин бир жерде көп убакытка калса, жергиликтүү адамдыкындай мөөнөт менен аяктайт (б.а. бир күн, бир түн).

Буга жогоруда айтылган пайгамбарыбыздын ﷺ хадиси далил: «Жергиликтүү адам масхты бир күн, бир түн, мусапыр үч күн, үч түн тартат».

**Масх тартуунун тартиби:**

1. Оң буттагы маасынын алдыңкы тарабына оң колдун суу болгон манжаларын коюу.
2. Сол буттагы маасынын алдыңкы тарабына сол колдун суу болгон манжаларын коюу.
3. Бут манжаларынын уч тарабынан жогору карай (томуктун астына) сүртүү.

**Масхтын парзы (өлчөмү):**

Парз - колдун үч манжасынын узундугунда жана туурасында, сунулган абалда сүртүлүшү керек.

**Масх тартуунун сүннөтү:**

Сүннөт - буттун манжаларынан жогору карай (томукка чейин) тартуу. Эгер тескерисинче (жогорудан төмөн) тартса – туура болот, бирок андай кылуу сүннөткө туура келбейт.

**Масх тартууга байланыштуу айрым өкүмдөр:**

- Эгер бут кийимде үч манжа батчудай чоң тешик болсо – масх жараксыз болот. Эгер азыраак болсо – жарактуу.
- Эгер бут кийим дааратта жуучу жерди (томукту) толук жаппаса – масх жараксыз.

**Масхты бузган нерселер:**

- Масхты дааратты бузган нерселер бузат.

- Маасыны чечүү же бирөөсүн чечүү – масхты бузат.
- Мөөнөт бүтсө – маасыларды чечип, бутту жууш керек.
- Маасыдан бут чыгып кетсе – бул да масхты бузат.
- Мусапыр бир күн, бир түндөн кийин бир жерге токтосо[1] – масх бузулат.
- Жергиликтүү адам масхты баштап, андан кийин сапарга чыкса – мусапырдын мөөнөтү менен улантат.

**Калың байпакка масх тартуу:**

Эгер байпак калың болсо же териден болсо, же таманы бар болсо – масх тартса болот.

Пайгамбарыбыз ﷺ байпакка масх тартканы тууралуу он сахаба риваят кылган. Мугийра бин Шу'ба (Аллах андан ыраазы болсун) риваятына ылайык: "Пайгамбарыбыз ﷺ даарат алып, байпакка жана бут кийимдерине масх тартты."[2]

**Таңгакка масх тартуу:**

**Таңгыч (жабийра) деген эмне?**

Таңгыч (الجبيرة) – бул дарыгер оорулуунун жабыркаган жерине койгон таңгыч, байлоочу кездеме же гипс.

**• Таңгычка масх тартуунун өкүмү:**

Таңгычка масх тартууга уруксат берилет. Себеби пайгамбарыбыз ﷺ Ухуд күнүндө Али (Аллах андан ыраазы болсун) колу сынганда ага масх тартууну буюрган.[3]

**• Масх тартууга уруксат берилген учурлар:**

1. Эгер жууганда же сүрткөндө суу жарага зыянын тийгизсе.
2. Эгер жараны жууш айыгууну кечиктирсе.
3. Эгер суу менен жуу ооруну күчөтсө.

**Таңгычка масх тартуунун мөөнөтү:**

- Бул масх үчүн белгилүү мөөнөт жок.
- Ал даарат бузула турган учурда бузулат.
- Таңгычты кийгизүү учурунда дааарат болуусу талап кылынбайт.
- Эгер жаңы таңгыч коюлса – масх жарактуу бойдон кала берет.
- Таңгыч астындагы жерди жууш талап кылынбайт.
- Эгер таңгыч жараат айыккандыктан алынса – масх токтойт.

---

[1] Т.а 15 күндөн узак мөөнөткө бир жайда жашай турган болсо

[2] Ахмад (муснад 252/4) Абу Дауд (Даарат китеби 159) Тирмизий (Даарат китеби 99) Ибн Маажах (Даарат китеби 559)

[3] Ибн Маажах (Даарат китеби 252/4) Абдураззак (Мусаннаф 623), Даарақутний (Сунан 226/1), Байхакий (Алъ Кубра 228/1)

- Бирок эгер айыкпай туруп түшүп калса – масх бузулбайт, анткени себеп дагы деле бар.

**Эгер таңгыч жаранын четинен ашып кетсе (жарадан чоңураак болсо):**

- Эгер таңгакты чечип, астын жууш зыян келтирсе – баарын сүртөт (масх тартат).
- Эгер зыян келтирбесе – жаранын айланасын жууп, жаранын өзүнө гана масх тартуу керек, таңгычка эмес.

## Хайз, нифас жана истихазанын өкүмдөрү

Хайз (айыз), нифас, (төрөттөн кийинки кан) жана истихаза (оору себептүү узакка созулган кан) маселелерин үйрөнүү абдан маанилүү, анткени буларга байланыштуу көптөгөн ибадат жана шарият өкүмдөрү бар. Мисалы: Даарат, намаз, Куран окуу, орозо, итикаф, ажылык, балакатка жетүү, жыныстык байланыш, талак, идда жана аялдын бойдон таза экенин аныктоо (истибра).

**Хайздын аныктамасы:**
Хайз (айыз) - бул бой жеткен, климакска жете элек аялдын жатынан келип чыккан кан. Бул төрөттөн кийинки кан (нифас) болбошу керек. Ал белгилүү убакытта жана белгилүү өлчөмдө келет. Аллах Таала мындай деген: «Сенден этек кир жөнүндө сурашат. Айткын: «Ал – жагымсыз нерсе. Этек кири келген убагында аялдардан оолак болуп тургула[1]. Алар таза болгонго чейин аларга жакындабагыла». (Бакара сүрөсү, 222-аят)

**Хайздын мөөнөтү:**
Хайздын эң аз мөөнөтү жана эң көп мөөнөтү боюнча так ченем берилген эмес. Бирок атактуу пикирге ылайык: эң азы - үч күн, үч түн, эң көбү - он күн, он түн.
Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Кыз болсо да, жубан болуп күйөөгө тийген болсо да, айыздын эң аз мөөнөтү - үч күн. Эң көп мөөнөтү - он күн. Эгер он күндөн ашса, анда ал истихаза»[2].

**Кош бойлуу аялдын каны:**

Кош бойлуу аялдан келген кан – истихаза, анткени кош бойлуу аял айыз көрбөйт. Себеби жатындын оозу жабылып, айыз каны балага азык болуп калат. Ошондуктан ал кан: намазга, орозого, жыныстык байланышууга тоскоол болбойт.

Пайгамбарыбыз ﷺ истихаза болгон аялга мындай деген: «Хайз каны - кара түстө болуп, аны таанууга болот. Эгер ошондой болсо - намазды токтот. Эгер башкача болсо - даарат алып, намаз оку, анткени ал жөн гана тамырдын каны»[3].

---

[1] Жыныстык катнаш кылбагыла
[2] Даркутни, Сунан (1/219); Хайсами, Мажма' аз-Зауаид (1/281)

**Айыз канын таануу (түстөрү):**

Айыз каны төмөнкү түстөрдө болушу мүмкүн:

1. **Кара** – хадисте: «Хайз каны кара болот...» деп айтылат.
2. **Кызыл** – кан негизинен кызыл түстө болот.
3. **Сары** – сары түстөгү суюктук, ириңге окшош.
4. **Кара-сары** – бул кара менен ак ортосундагы түс, (кир суу сыяктуу.)

Аял бул түстөрдү хайз күндөрүндө көрүп жатса - **хайз** болуп эсептелет. Таза болуу - **таза актык** (нак ак түс) келгенде гана белгилүү болот.

Аялдар Аиша энебизге (Аллах андан ыраазы болсун) пахта (менен канын) көргөзүшчү. Эгер кара-сары кан болсо, ал: «Таза акты көрмөйүнчө ашыкпагыла» - деп айтчу.[1]

**Айыз учурунда аялга арам болгон иштер:**

1. Намаз окуу: Айыз каны аялдан намаз милдети түшөт. Тагыраак айтканда, этек кир учурунда намаз окууга болбойт.
2. Орозо кармоо: Аял айыз учурунда орозо тутпайт, бирок анын казасын кийин кармап берет. Аиша (Аллах андан ыраазы болсун) айткан: «Пайгамбарыбыздын ﷺ доорунда аялдар орозонун казасын өтөшчү, бирок намазды казасын өтөшчү эмес»[2]. Мунун себеби, намаз күн сайын жана ай сайын кайталангандыктан казасын толуктоо оор болгону үчүн, ал эми орозо жылына бир жолу келет. Андыктан анын казасын тутууда оорчулук жок.
3. Жыныстык байланыш. Аллах Таала айткан: «Алар (аялдар) таза болмоюнча жакындабагыла» (Бакара: 222). Бул аятта келген тыюу – арамдыкка далил, демек, этек кир учурунда жыныстык байланыш арам. Андыктан бул ишке уруксат деп эсептеген адам – каапыр болот, анткени бул өкүм Куран жана ***ижма*** менен бекитилген.
- Бирок көйнөктүн үстүнөн жыныстык эмес ырахатка уруксат бар. Ибн Умар (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: «Мен Пайгамбарыбыздан ﷺ этек кирдеги аялдан күйөөсү эмне кылса болот деп сурадым. Ал: "Көйнөктөн өйдө жактарынан" – деп жооп берди». Аиша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: «Пайгамбарыбыз ﷺ мага буюрчу, мен изар[3] кийип алчумун, андан кийин ал мага жакындык кылчу[4], мен ал учурда айыз абалында болчумун»[5].
- Эгер аялдын каны он күндөн аз убакытта токтосо, тазаланмайынча (гусул алмайынча) же бир намаз убактысы өтмөйүнчө ага жыныстык байланыш уруксат эмес.

---

[3] Абу Дауд, Сунан (304); Ибн Хиббан, Сахих (1345); Хаким, Мустадрак (1/174)
[1] Малик, Муватта (1/591); Абдурраззак, Мусаннаф (1159); Бухари (1/356)
[2] Тирмизи, Даарат (94/126)

[3] Белден ылдый жакты жапкан кийим
[4] Б.а. денесине денеси тийчү. (Жыныстык жакындоосуз)
[5] Бухарий, (Хайз бөлүмү (5/295)

- Эгер кан он күндө токтосо, гусулга чейин да уруксат берилет, анткени Аллах Таала айткан: *«...Алар (аялдар) таза болмоюнча...»* (Бакара: 222).
- Эң аз таза болуу мөөнөтү - он беш күн. (Ушундайча Ибрахим ан-Нахаиден риваят кылынган.)

4. Айыз көргөн аялга Куран окууга болбойт: Этек кирдеги аял Куран окуй албайт (айрым мазхабтарда талаштуу маселе болсо да).
5. Мусхафты (Куран китебин) кармоого болбойт. Бирок ажырап турган тышы менен кармоого уруксат бар.
6. Мечитке кирүү – болбойт.
7. Каабаны таваф кылууга болбойт.

**Нифас (төрөттөн кийинки кан):**

**Аныктамасы:**
Нифас – бул аялдан төрөттөн кийин чыккан кан.

**Мөөнөтү:** Көпчүлүк аалымдардын пикиринде, нифастын эң аз мөөнөтү жок. Ал эми эң көп мөөнөтү – кырк күн, кырк түн.

Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Аял төрөттөн кийин кырк күнгө чейин отурат (ибадат кылбайт) Бирок андан мурда таза болсо гана. Эгер кан кырк күндөн ашса –анда ал, - истихаза».

**Истихаза (оору себептүү узакка созулган кан):**

**Аныктамасы:**
Истихаза – аялдан этек кир мөөнөтүнөн кийин келген кан. Мисалы: Кан он күндөн ашса, жана аялдын адаттуу мөөнөтү белгилүү болсо - андан ашканы истихаза жана аял таза күндөрүндө кан көрүп жатса. Ошондой эле 9 жашка чыга элек кыздан кан келсе - бул да истихаза.

Бир нече хадистерде пайгамбарыбыз ﷺ истихаза болгон аялга минтип айткан:

- «Этек кир күндөрүндө намазды ташта, калган күндөрү даарат алып, намаз оку[1]».

- «Кан килемге тамчылап турса да, даарат алып намаз оку»[2].

- «Истихаза болгон аял ар бир намаз убактысында даарат алсын»[3].

Эгер аял балакатка жетип, истихаза болуп жатса, анда анын этек кири ай сайын он күн деп эсептелет, калган күндөрү - истихаза.

**Истихаза аялдын абалы - үзүрлүү (ооруган адамдай):**

[1] Шафиъи, Муснад (1/40), Ахмед (6/83), Муслим (334), Абу Дауд (290), Насаи (1/199)
[2] Ахмад (6/137)
[3] Тирмизи (105/139), Ибн Мажа (128/649)

- Ал намаз окуй алат.
- Орозо кармай алат.
- Жыныстык мамилеге да уруксат.
  Анткени истихазанын каны - хайз каны сыяктуу эмес.

**Ма'зур (Үзүрлүү) адамдын өкүмдөрү**

Ма'зур деп төмөнкү себептери бар адамга айтылат:

- заара кармай албай калуу,
- ичи өтүү (диарея),
- жел чыга берүү
- мурундан дайыма кан агуу,
- жарадан кан токтобой агуу,
- аялдардагы (оруу себептүү) узакка созулган кан келүүсү (истихаза) ж.б.

**Качан үзүрлүү болуусу аныкталат?**

Адамдын үзүрлүү болуусу төмөнкү шарт менен аныкталат:

Адамдын үзүрү намаздын толук бир парз убактысында үзгүлтүксүз уланган болсо гана, анын үзүрлүү болуусу баштапкы иретте аныкталат. Эгер андай үзгүлтүксүз улануу болбосо, анда ал адам үзүрлүү болуп эсептелбейт». **Мисал:** Эгер бир адамдын заарасы бешим намазы башталгандан тартып убакыт чыгып кеткенге чейин токтобосо - үзүрлүү болот. Анын заарасынын тамчылап түшүүсү толук бир намаз убактысына чейин токтобой турган болсо, ал үзүрлүү болуп кала берет. Эгерде заарасынын агышы бешим намазынын убактысынын башталышынан аягына чейин уланса – анда ал узурлуу болуп эсептелет. Андан кийин аср намазынын убагында толук эмес, бир аз убакытка гана токтоп калса да, бир эле жолу болсо да – ал (адам) үзүрлүүлүгүн уланта берет».

Демек, үзүрлүү адам – бул, ар бир намаздын убактысы өтүп бараткында өзүндө болгон (оору же үзгүлтүксүз чыккан нерсе сыяктуу) дааратсыздыгы дайыма болуп турган адам.»

**Үзүрлүүнүн өкүмү:**

Ар бир парз намаз үчүн жаңы даарат алат. Андан соң, ошол даарат менен каалаганча парз жана нафил намаздарды окуй берет. Анткени, пайгамбарыбыз ﷺ минтип айткан: «Истихаза болгон аял ар бир намаз убактысы үчүн даарат алат». Ошондой эле, Харижа ибн Зайддын риваятында минтип айтылат: «Зайд карыганда заара кармай албай калды. Колунан келишинче дарылап жүрчү. Бирок андан токтобосо, даарат алып, намаз окучу.[1]»

[1] (Байхакий, алъ-Кубра, 1/357)

Убакыт чыккандан кийин ал даарат жараксыз болуп калат, жана кийинки намаз үчүн жаңы даарат алуу керек болот.

**Үзүрлүү адам эмнелерди кылышы керек?**

Үзүрлүү адам өзүнүн абалын оңдоп, ошол үзүрдү кетирүүсү, эгер ага күчү жетпесе, күчүнүн жетишинче азайтуусу керек.

- Эгер байлоо же жараатты тосуп турган тангыч ал нерсенин (нажастын) агып туруусун токтото турган же азайта турган болсо, анда бул чараларды көрүшү милдет.
- Эгер тик туруп намаз окуу зааранын чыгышын күчөтсө – отурган абалда окуу керек.
- Эгер руку же сажда кылуу нажасаттын агуусуна алып келсе, ишарат менен намаз окуйт (мисалы, башты ийүү менен).

**Эскертүү:**

- Үзүр себептүү кийимге тийген нерсени жуу милдеттүү эмес, эгер ал намаз арасында нажас болбоосуна кепил болсо..
- Үзүрлүү күндөрүндө окуган намаздарын кайра окуу (каза кылуу) керек эмес, анткени алар дурус намаз болуп эсептелет.

## Нажасат жана аны тазалоо

**Нажасаттын аныктамасы:**

Нажасат – бул булганыч нерсе, андан мусулман адам андан тазаланып, денесине, кийимине же намаз окуй турган жерине тийсе, жуу керек болот.

**Куранда Аллах Таалах Таала айтат:**

«Кийимиңди тазала». *(Сура «Муддаттир», 4-аят)*

«Чындыгында, Аллах Таалах тообо кылуучуларды жана тазалангандарды жакшы көрөт». *(Бакара сүрөсү: 222-аят)*

**Нажасаттын түрлөрү:**

1. **Оор нажасат (الغليظة)** – бардык аалымдар нажасат экенине макул болушкан.
2. **Жеңил нажасат (الخفيفة)** – аалымдар арасында нажасаттыгына талаш бар болгон нерселер.
3. **Материалдык нажасат (حسية)** – заара, кан сыяктуу көрүнүп турган булганыч.
4. **Маанилик нажасат (معنوية)** – *жунуб* болуу сыяктуу көрүнбөгөн нерселер.

**Аз өлчөмдөгү нажасат тууралуу:**

Ислам аалымдарынын ижмагы (жалпы макулдугу) менен, **өтө аз** өлчөмдөгү нажасат кечирилет. Мисалы: көзгө көрүнбөгөн өлчөмдө, чиркейдин жана бүргөнүн каны.

## Оор нажасаттар

1. **Арак (الخمر):**

Аллах Таала Куранда мындай дейт: «Арак, кумар, (сыйынуу үчүн) кадалган таштар[1] жана жаанын огу менен төлгө тартуу – шайтандын ыплас иштери. Андан сактангыла!!». *(Маида: 90)*

2. **Агып турган кан (الدم المسفوح):**

Ар кандай жаныбардын союлганда агып чыккан каны. Аллах Таала мындай дейт: «...кан жана чочконун этинен башка арам кылынган нерсени таппадым, анткени булар чынында эле ыплас жана булганыч». (Анъаам сүрөсү: 145) - Муруздагандан кийин эттин ичинде калган кан буга кирбейт.

3. **Адамдын денесинен чыккан нерселер:**

Заң, заара, кусунду, ириң, уруктук жана кан сыяктуу нерселер. Пайгамбарыбыз ﷺ Аммар бин Ясирге (Аллах андан ыраазы болсун) айткан: «Кийим беш нерседен жуулат: заара, заң, кусунду, уруктук (маний) жана кан»[2] Ошондой эле уруктук (маний) тууралуу Пайгамбарыбыз ﷺ Аиша энебизге минтип айткан: «Эгер уруктук нымдуу болсо, жууп кой; кургак болсо, ушалап сал»[3].Демек, уруктук нажасатка кирет. Андыктан ным болсо, жууш керек. Кургап калса ушалап кетирүү жарайт. Ошондой эле, айыз жана нифас кандары да нажасатка кирет.

4. **Чочко жана андан чыккан шилекей сыяктуу бардык нерселер нажасат:**

Аллах Таала айткан: «Чочконун эти - бул нажасат». *(Ан'ам сүрөсү: 145)*

5. **Жырткычтар жана чычкан сыяктуу эти желбей турган жаныбарлардын заарасы, кыгы жана шилекейи нажасат.** Пайгамбарыбыз ﷺ кык тууралуу: «Ал – нажасат[4]» - деген.

6. **Каны бар өлүк жаныбар:** Аллах Таала мындай деген: «Силерге өлүк арам кылынды». *(Маида сүрөсү: 3)* Бирок өлгөн жаныбардан кылы (түгү) менен сөөгү таза деп эсептелет. Хадисте пайгамбарыбыз ﷺ Саубанга кызы

[1] Сөлөкөттөр
[2] Даракутний (Сунан 127/1), Зайлаъий (Насбур Роя 210-211/1)
[3] Бухарий (230), Муслим (288,289)
[4] Бухарий (156), Тирмизий (17)

Фатимага тарамыштан жасалган шуру, сөөктөн болгон билерик алып берүүсүн буйруган.[1]

7. **Тоок, өрдөктүн, каз жана башка жерге кык таштаган таза жаныбардын кыгы нажасат.**
8. **Эти желе турган жаныбардын тезеги:** имам Абу Ханифанын пикири боюнча: оор нажасат. Ал эми имам Абу Юсуф жана имам Мухаммаддын пикири боюнча женил нажасат. Анын себеби, элдин көпчүлүгүндө кездешкен, жалпылашкан кыйынчылык болгондуктан, жана көчөлөрдө көп кездешкендиктен, андан сактануу дээрлик мүмкүн болбогондугу үчүн. Ошондой эле пайгамбарыбыз ﷺ истинжа үчүн эки ташты алып, мал кыгын ыргытып жиберди да: «Бул – нажас» - деп айткан[2]».

**Жеңил нажасат:**

**- Жалпы эти желген малдын заарасы:** Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Заарадан тазалангыла, анткени көпчүлүк кабыр азабы ошондон болот[3]». Анастын (Аллах андан ыраазы болсун) айтымында, кээ бир адамдар Мадина шаарында ооруга чалдыкканда, Пайгамбарыбыз ﷺ аларга төөлөрдүн сүтүн жана заарасын ичүүнү буйруган.[4]Бул эки хадистин бири-бирине каршы келүүсү себептүү, имам Абу Ханифа мындай нажасатты жеңил нажасат катары эсептеген.

**- Жапайы канаттуулардын кыгы:** Жырткыч куштардын кыгында маселе бар. Абада учуп жүргөн, эти желбеген куштардын кыктары - нажас. Ал эми үй шартында багылган жана эти желинүүчү куштардын кыктары - таза[5]. Мусулмандар бул боюнча бир пикирде. Анткени алардын кыктары нажас болгондо, мечиттерде, айрыкча алъ-Харам мечитинде көгүчкөндөрдүн жүрүүсүнө уруксат бермек эмес, тескерисинче аларды чыгарып салышмак.

**Нажастардын кечирилген өлчөмдөрү:**

1. **Оор нажастар:** Бир дирхам салмактагы өлчөм же алакандын көңдөйчөсүнүн өлчөмүндөй болсо кечирилет.
2. **Жеңил нажастар:** Толук кийимдин же дененин төрттөн бир бөлүгүнөн аз өлчөм кечиримдүү.

**Маселелер:**

- Эгер маасыга денеси[6] бар кык жа тезек сыятуу нажас тийип кургап калса, аны жерге сүртүү менен жарактуу болот.

---

[1] Абу Дауд (4213/21)
[2] Бухарий (Даарат китеби 155/20)
[3] Даракутний (128/1)
[4] Бухарий (медицина китеби 5362/6)
[5] Тооктукунан башкасы
[6] Б.а. кандайдыр бир формада болгон

- Арак жана заара сыяктуу нымдуу нажасты жуу менен менен гана жарактуу болот. Себеби пайгамбарыбыз ﷺ минтип айткан: «Эгерде силердин бириңердин маасысына же бут кийимине зыян тийсе[1], аларды жерге сүртсүн жана аны менен намаз окусун. Бул алар үчүн тазалык болот[2]».
- Кылыч жана күзгүнү сүртүү жетиштүү, анткени алар катуу заттар болгондугу үчүн нажас аларга сиңбейт. Ошондуктан нажасты анда сүртүү менен тазаланат.
- Эгер жерге нажас тийип, бирок изи калбаса, анда ал жерге намаз окууга болот.
- Нажасты суу менен тазалоого болот. Мында эч кандай талаш жок. Пайгамбарыбыз ﷺ хадисинде минтип айткан: «...Андан кийин аны суу менен жууп кой». Эгерде нажас көзгө көрүнсө, аны толук тазалап кетирүү керек, ал эми кетирүү кыйын болгондуктан изи калып калса, зыян кылбайт. Анткени пайгамбарыбыз ﷺ айыз каны тууралуу «Аны жууп кой. Калып калган изи сага зыян кылбайт» - деген.
- Көзгө көрүнбөгөн нажас болсо, көңүлдө таза болду деген ишеним үстөмдүү болгуча жуу керек. Көңүлгө ар түрдүү азгырык пикирлерден арылуу үчүн үч же жети жолу жууйт. Ар бир жууганда сыгуу кажет.
- Ар бир тери ашатуу менен таза болот. Пайгамбарыбыз ﷺ: «Кайсы тери ашатылса, таза боло[3]» - деген. Бирок адамдын териси урматтуу болгондугу үчүн аны кордоп, кайсыл бир бөлүгүнөн пайдалануу арам болуп саналат.
- Ит жана чочконун териси нажас болуп, аларды ашатуу менен тазаланбайт. Ошондой эле алардын ар бир бөлүгү да нажас болуп эсептелет.

---

[1] Б.а. нажас тийсе
[2] Ахмад: Муснад (3/20), Абу Дауд (650), Ибн Хузайманын тууралашы (1017).
[3] Тирмизий (Кийимдер бөлүмү 1728/4)

**Төмөндө нажасаттын түрлөрү, кечиримдүү өлчөмдөрү жана аны кантип кетирүү (тазалоо) керектиги тууралуу жадыбалды көрсөтөбүз:**

| **Нажас болгон зат** | **Түрү** | **Кечиримдүү өлчөмү** | **Тазалоо жолу** |
|---|---|---|---|
| Кан жана ириң | Оор нажас | Алакандын ички чуңкурчасынан азыраак өлчөмдө | Кийимде болсо: 1-Көзгө көрүнгөн нажасты бир жолу жууш менен болсо да кетирсе жетиштүү болот. 1- "Эгер нажас идишке тийсе, анда ал үч жолу жуулуп, ар бир жолу сыгылып тазаланат. Ал эми көз менен көрүнбөгөн нажас болсо, (мисалы, заара) ага суу куюлуп, таза болгондугуна болгон ою үстөмдүк кылса, таза деп эсептелет. Денеде болсо: Эгер нажас көзгө көрүнүп турса, ал жуулуп, көрүнгөн нажас толук кеткенден кийин тазаланат. Ал эми көзгө көрүнбөгөн нажас болсо, анда |
| Адамдын заарасы<br><br>Адамдын заңы | Оор нажас<br><br>Оор нажас | Алакандын ички чуңкурчасынын көлөмүнчө<br>Дирхамдын көлөмүнчө (намаз үчүн) | |
| Кусунду | Оор нажас | Алакандын ички чуңкурчасынан азыраак өлчөмдө | |
| Заара чачырандысы | Оор нажас | Ийненин учтарындай болгон аз көлөмдө | |
| Эти желе тургандын заңы<br>Эти желбей тургандын заңы | Оор нажас<br><br>Оор нажас | Дирхамдан азыраак көлөмдө<br><br>Дирхамдан азыраак көлөмдө | |

<table>
<tr><td></td><td></td><td></td><td>тазалыгына болгон ойдун үстөмдүү болуусу менен аныкталат.</td></tr>
<tr><td>Эти желе тургандын заарасы<br><br>Эти желбей тургандын заарасы</td><td>Жеңил нажас<br><br><br><br>Оор нажас</td><td>Кийимдин же дененин төрттөн бир бөлүгүнчөлк көлөмдө<br>Дирхамдан азыраак көлөмдө</td><td rowspan="3">Орунда болсо:<br>Жер болсо, ага үч жолу суу куюлуп, ар бир жолу кургатылса, тазаланат.<br>-Жумшак же кумдуу жер — ага бир жолу суу куюлса эле жетиштүү, ал кургаса таза болот”.<br>-Бул жерлерде намаз окулса болот,бирок алардан таяммум кылынбайт”.</td></tr>
<tr><td>Эти желбей турган куштун кыгы (бүркүт, карга)</td><td>Жеңил нажас</td><td>Кийимдин же дененин төрттөн бир бөлүгүнчөлк көлөмдө</td></tr>
<tr><td>Эти желе турган куштун кыгы (көгүчкөн, чымчык)</td><td>Таза</td><td>Жалпылай кечиримдүү</td></tr>
</table>

## Азан жана намаз китеби

- **Азан жана иқамат**
- **Намаз: аныктамасы, андагы даанышмандык, өкүмү жана парз болуусунун башталышы**
- **Намаздын шарттары , парздары, важиптери жана сүннөттөрү**
- **Пайгамбарыбыз ﷺ намазды кандай окуган**
- **Намаздын убакыттары**
- **Каза болгон намаздарды окуу**
- **Жамаат менен намаз окуу**
- **Намаздагы адептер**
- **Намаздагы макрухтар**
- **Намазды бузуучу амалдар**
- **Нафил намаздар**
- **Унутуу (сахв) саждасы жана тилават саждасы**
- **Жума намазы**
- **Эки айт намаздары**
- **Мусапырдын намазы**
- **Ооруган адамдын намазы**
- **Жаназа маселелери**
- **Намазды бүтүрүү**

### Азандын түшүндүрмөсү

**Лексикалык мааниси**: Жарыя же кулактандыруу.

**Шарияттагы мааниси:** «Намаздын кирген убактысын сүннөттө келгендей белгилүү сөздөр менен жана өзгөчө сапатта жарыя кылуу».

### Азандын өкүмү

Азан эркектер үчүн ар бир намазда бекемделген сүннөт. Пайгамбарыбыз ﷺ: "Намаз убактысы келгенде силерден бирөөңөр азан айтып, улууңар имам болсун[1]"- деп айткан. Кээбир риваяттарда азан айтуу важиптей күчтүү делинет. Имам Мухаммад: "Эгер элдер азанды таштоо үчүн чогулушса, мен алар менен урушаар элем"-деп айткан. Азан менен икамат жамаат үчүн да, жалгыз окуучуга да сүннөт. Нафил намаздар үчүн азан айтылбайт. Каза намаздар үчүн азан айтуу сүннөт. Аялдарга азан менен икамат айтуу макрух. Пайгамбарыбыз ﷺ "хандак" согушунда намаздары каза болгондо Билалга азан айтууну буйурган. Андан кийин икамат айтып бешимди, андан кийин икамат айтып асырды, андан кийин икамат айтып шамды, андан кийин икамат айтып куптанды окуду[2].

### Азандын сөздөрү:

Аллаху акбар - 4 жолу.
Ашхаду ан лаа илааха иллаллох – 2 жолу.
Ашхаду анна Мухаммадар-расуулуллах – 2 жолу.
Хаййа алас-салаах, хаййа алас-салаах.
Хаййа алал-фалаах, хаййа алал-фалаах.

---

[1] Бухарийден азан бөлүмүндө (17/ 602).

[2] Тирмизиден намаз бөлүмүндө ( 132/179).

Аллаху акбар, Алааху акбар.

Лаа илааха иллаллох.

Абдуллах ибн Зайд ибн Абди Раббихи (разияллаху анху) көктөн түшүрүлгөн азанды түшүндө көрүп айтып берди. Анын түшүн Умар (разияллаху анху) жана башка сахабалар да тастыкташты. Ошондо Пайгамбарыбыз ﷺ ага айтты: «Бул чыныгы (туура) түш экен. Аны Билалга айт, анткени анын үнү сенден бийигирээк жана узунураак. Ага азанды айтып чакырууну буюр!».[1] Багымдат намазында Хаййа алал фалах –деп айткандан кийин (Ассалаату хайрун минан наум) - деген сөз 2 жолу кошулуп айтылат. Хадисте пайгамбарыбыз ﷺ Билалга: “Эй Билал, таңкы намазда тасвиб [2] кыл, бирок башка намаздарда тасвиб кылба[3]!”- деп айткан.

**Икамат кандай айтылат?**

Икамат азан сыяктуу айтылат, бирок анда “***Хаййа алал фалах”*** деп айтылгандан кийин ***“Код кооматис-солаах”*** - деген сөз 2 жолу кошулуп айтылат.

Хадисте мындай деп айтылат: пайгамбарыбыз ﷺ мага азанды 17 сөз менен, икаматты 19 сөз менен үйрөттү[4]“.

**Азандын шарттары:**

1- Намаз убактысынын кирүүсү.
2- Арап тилинде болуусу.
3- Азан чакыруучу (муаззин) акыл-эси толук болуусу.
4- Ираттүүлүк жана үзгүлтүксүздүк.

**Азандын сүннөттөрү:**

1- Эркек адам болуусу.
2- Азан айтып жатканда туруп айтуусу жана үнүнүн бийик болуусу.
3- Даараттуу болуп кыбылага бет алуусу.
4- Азан учурунда сүйлөбөөсү.
5- Азанды жай жана токтоо, ал эми иқаманы ылдамыраак айтуу. Анткени пайгамбарыбыз ﷺ Билалга: “Азан чакырганда жай айт, икамат айтканда ылдам айт![5]” - деген.
6- Азан сөздөрүн тартип менен айтуусу.
7- Такыба болуусу. Анткени азанчы - аманат алган киши.
8- “Хаййа алас-салаах” жана “Хаййа алал фалаах”- дегенде жүзүн оңго жана солго буруусу. Бирок, ошол мезгилде буттары ордунда болуусу керек. Билал (Аллах андан ыраазы болсун) ушундай кылган.
9- Бизге “Хаййа алас-салаах” жана “Хаййа алал фалаах”- дегенде (Лаа хавла ва лаа куввата илла биллах) - деп айтуу, ошондой эле багымдат намазында “Ассолатуу хойрум-минан наум” -дегенден кийин “Садакта ва барарта”- деп айтуу сүннөт.

---

[1] Бухарий (пенделердин иштери 34-35), Тирмизий (189), Абу Дауд (499)
[2] Т.а «Ас солату хойрун минан наум» (Уйкудан намаз жакшыраак) –деп айтуу
[3] Тирмизий (715), Ахмад (Муснад 14/6)
[4] Муслимден намаз бөлүмүндө (379) Тирмизиден намаз бөлүмүндө (192) Абу Дауд (502)
[5] Тирмизиден намаз бөлүмүндө (195,196)

10- Ошондой эле Азандан кийин ушул дубаны окуу сүннөт. Себеби азандан кийинки дуба кайтарылбайт. Бул дуба: “Аллахумма рабба хаазихид даъватит тааммати вас-салаатил кааиммати, аати саййидана Мухаммадан ал-васийлата вал фадийлата, вабъасху макааман махмууданил лазии ваъадтаху [1] “.(Мааниси: Оо, ушул толук чакыруунун (азан) жана ордуна тургузулган намаздын ээси болгон Аллах! Мухаммадга (с.а.в) васийла (бейиштеги эң жогорку даража) жана артыкчылыкты (фазийла) бер. Ага Сен убада кылган ***макам махмудду*** (макталган даражаны) насип кыл.”

**Азандын макрүхтөрү**:

1- Обонго салуу жана узакка созуу.
2- Жунуб болгон кишиге азан жана икамат айтуу макрух тахримий[2].
3- Дааратсыз адамдын азан айтуусу макрух, себеби азан зикир жана дуба болуп саналат.
4- Акылсыз адамдын азаны айтуусу. Көпчүлүк аалымдар: “Негизинен дурус эмес” - деп айтышкан.
5- Аял кишинин жана бузуку кишинин азан айтуусу макрух.
6- Азан мезгилинде саламга алик алуу менен болсо да,сүйлөө макрух.
7- Азанчынын же намаз окуучунун азандан кийин намаз аяктамайынча мечиттен чыгуусу макрух.

## Намаз бөлүмү

Аныктамасы:

**Лексикалык мааниси:** Намаз - (араб.***Солатун***) бул дуба. Бул жөнүндө Аллах Таала:

**وصل عليهم إن صلاتك سكن لهم”    (التوبة: 103 )** “Аларга дуба кыл. Албетте сенин дубаң алар үчүн бейпилдик болот”- деп айткан. (Тообо-103). Ошондой эле ырайым жана береке маанисинде келет .

**Шариаттагы мааниси**: Такбир менен башталып салам менен бүтүүчү белгилүү сөздөр жана кыймылдар болуп саналат.

**Намаздын ичиндеги даанышмандуулуктар**:

Намаз диндин тиреги жана ал күнөөнүн кечирилүүсүнө себеп болот. Намаз бул - тартип, биригүү жана мусулмандардын сабын жана алардын жүрөктөрүн бириктирет. Ал пенделердин напсисин тазалайт. Ошондой эле пендени дүйнөдө Аллах Таалага жакын кылат жана акыретте бейишке кирүүсүнө себеп болот. Ошондой эле намаз ээсин күнөөлөрдөн сактайт. Аллах Таала бул жөнүндө: “Намаз окугун. Албетте намаз бузукулук жана жаман иштерден тосот”-деп айткан. (Анкабут сүрөсү :45-аят) Намаз - ар бир пайгамбарыбызга түшүрүлгөн шариаттан орун алган, ансыз шариат толук болбойт. Бирок Пайгамбарыбыз

[1] Муслим (Намаз бөлүмү 386), Абу Дауд (525), Тирмизий (Намаз бөлүмү 210)
[2] Арамга жакын

Мухаммадга ﷺ өзгөчө ыйгарылган нерсе - беш убак намаздын толук жыйындысы болуп саналат. Анткени мындай толук формада намаз башка эч бир пайгамбарыбызга берилген эмес.

**Намаздын өкүмү:**

Намаз ар бир мусулман эркек жана аялга парз. Аллах Таала Куранда: "Намаз окугула албетте намаз момундарга өз убактысында парз болду"- деген. (Ниса-10) Ошондой эле "Бардык намаздарга өзгөчө орто намазга бекем болгула"- деген. (Бакара-238).

Пайгамбарыбыз ﷺ намазды Ислам түркүктөрүнөн экинчи түркүк кылган.

Чындыгында өзүнүн ыйык хадисинде мындай деп айткан: "Ислам беш нерсенин үстүнө курулган:Бир Аллах Тааладан башка Кудай жок жана Мухаммад (с а в) анын чыныгы элчиси экендигине күбөлүк берүү, намаз окуу, зекет берүү,орозо кармоо жана ажыга баруу"[1].

- Бир күндө беш убак намаз окуу парз. (Багымдат, бешим, асир, шам, куптан).
- Витр намазы ваажып. (милдет)
- Алардан башкалары сүннөт. Бир киши Пайгамбарыбыздан ﷺ намаз тууралуу сураганда: "Күнү- түнү беш убак намаз"- деген. Ал киши: Мага алардан башкалары милдетпи? - деп сураганда, пайгамбарыбыз ﷺ: "Жок, бирок нафил катары гана[2]" - деген.
- Балагатка жеткен акылдуу кишиге намаз окуу парз, ал эми жаш балдарга көнүгүү катары буйрулат.

**Намаздын парз болуусу:**

Намаз Меккеде парз болгон. Алгачкы пайгамбарыбызлык башталган мезгилде күн чыгаар алдында эки рекет жана күн батаарда эки рекет намаз окулган. Кийин Исра-Мираж окуясынан кийин беш убак намаз окуу парз болгон. Алардын ар бири эки рекеттен турган, мындан сырткары шам намазы үч ракаат бойдон калган. Кийин сапар намаз ошол бойдон (эки ракаат) калтырылды, ал эми өз журтунда жүргөн адамдарга намаз рекеттери көбөйтүлдү - мунун ичинде багымдат (фажр) намаз мурдагы бойдон калды.

**Намаздын шарттары:**

1. Чоң жана кичи ааратсыздыктан таза болуусу. Аллах Таала Куранда мындай деген: "Эй, момундар! Намазга турган кезде жүзүңөрдү жана колуңарды чыканактарына чейин жуугула. Башыңарды (суу менен) сылагыла[3]. Бутуңарды

[1] Бухарий (ыйман китеби 8/2), Муслим (Ыйман китеби 21/2)
[2] Муслим (Ыйман китеби 8/2)
[3] Масх тарткыла

томуктарына чейин жуугула. Эгерде булганыч[1] болуп калсаңар, толук тазалангыла[2]". (Маида сүрөсү:5-аят)

2. Дененин, кийимдин, орундун нажас нерселерден таза болуусу. Аллах Таала: "Кийимиңди тазала!"- деп буйруган. (Муддассир сүрөсү 4-аят) Дагы бир аятта Аллах Таала мындай дейт: "Менин үйүмдү айлануучулар[3] менен анда тургандар жана намаз окуучулар үчүн тазалагыла". (Бакара сүрөсү 125-аят)

3. Авратты тери өңүн көрсөтпөгөн жана аны тар формада болгобогон кийим менен жабуу зарыл. Эркек кишинин уяттуу жери киндиктен тизесине чейин ал эми аялдардын жүзү, эки алаканы жана таманынан башка бардык жери аврат (уяттуу) болуп эсептелет. Аллах Таала: "Эй, Адамдын урпактары! Ибадатка[4] эң кооз кийимиңерди кийгиле."-деген. (Аъраф сүрөсү:31-аят) Бул жерде кооз дегендеги максат, Абдуллах бин Масъуд айткандай, уяттуу жерлердин жабык болуусу. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: Айыз көргөн аялга баш кийимсиз (жоолуксуз) намаз жок (т.а. жарабайт)[5]. Төрт жашка чейинки балада аврат эсептелбейт, андан кийин он жашка чейин анын авраты жеңил деп эсептелет".

4. Кыблага бет алуусу. Аллах Таала "Кайсы тарапка чыксаң да, жүзүңдү ыйык Кааба тарапка бургун! Эй момундар каерде болсоңор да жүзүңөрдү ошол тарапка бургула"- деп айткан. (Бакара-125 Бараа ибни Малик риваят кылат: "Биз Пайгамбарыбыз ﷺ менен бирге байтул-Мукаддасты карап 16 же 17 ай намаз окудук· Андан кийин Кааба тарапка бурулдук[6]".

5. Убакыттын кирүүсү. Аллах Таала: "Албетте намаз момундарга өз убактысында парз болду" - деген. (Ниса-10) Андыктан парз намазды убактысынан мурда аткаруу дурус эмес.

6. Бардык намазда ниеттин болуусу. Ибадаттар ниетсиз кабыл болбойт. Тил менен айтып ниет кылуусу мустахаб.

Аллах Таала Куранда айткан: "Аларга чыныгы динди таза, бекем кармап, бир гана Аллага сыйынууга жана намаз окуп, зекетти (тиешелүү) орундарга берүүгө буйрук кылынды". (Баййина сүрөсү:5) Хадисте мындай деп айтылат: "Бардык амалдар ниеттерге байланыштуу[7]".

7. "Аллаху акбар" – деген тахрима сөзү. Хадисте мындай деп айтылат: "Намаздын ачкычы -тазалык, тахримасы[8] -Аллаху акбар, ал эми тахлили[9] -салам".[10]

**Эскертүү:** Шарттар (намаздын шарттары) намазга чейин талап кылынат, жана алар намаз бүткөнгө чейин уланышы керек. Намаздын туура болушу ошол шарттарга байланыштуу.

---

[1] Толук дааратсыздык абалы: Түшүркъүп айалы менен кошулуу, же аялдын төрөт, этек кир сыяктуу абалдары ("жунуп" – б.а. "булганыч" абалдар деп эсептелет).

[2] Бой даарат (гусул даарат) алгыла

[3] Аллага сыйынуучулар

[4] Намазга, же Каабаны айланганда

[5] Ахмад (Муснад 6/150,218,259), Абу Дауд (Намаз бөлүмү 641), Тирмизий (Намаз бөлүмү 337)

[6] Муслим (Мечиттер жана намаз орундары 2/12)

[7] Бухарий (Вахийдин башталдышы 1), Муслим (жетекчилик бөлүмү 1907)

[8] Тахрима: Намазга киргенде бардык намазга тиешеси жок иштер арам болот. Т.а. токтотулат.

[9] Тахлил: Салам берип намаз аяктаганда, ага адаттагы иш-аракеттерди жасоо адал болот. Б.а. уруксат болот.

[10] Ахмад (Муснад (1/123,129), Абу Дауд (Даарат бөлүмү 61), Тирмизий (Даарат бөлүмү 3)

**Намаздын рүкүндөрү[1]:**

**1-Кыям:** Намазда күчү жетсе туруу керек. Эгер күчү жетпесе анда ал нерсе мойнунан түшөт. Буга далил, Аллах Таала мындай деген: "Аллах Таала үчүн моюн сунган абалда тургула". (Бакара:238).

Бул парз намаздарда. Ал эми нафил намаздарда турууга күчү жетсе да отуруп окуусу дурус болот. Айша энебиз айткан: Пайгамбарыбыз ﷺ узун түн бою туруп жана түн бою отуруп намаз окуйт эле. Эгер туруп окуса, туруп руку кылаар эле. Эгер отуруп окуса, отуруп руку кылаар эле"[2].

Айша энебиз дагы бир риваятта мындай деген: Пайгамбарыбыз ﷺ намазда отуруп, кыраат кылып окуйт эле. 30, 40 аят калганда туруп окуйт эле. Андан кийин руку сажда кылат эле. Экинчи рекетте да дал ушул сыяктуу кылаар эле[3]. Эгер нафил окуучу үзүрсүз болуп туруп, отуруп намаз окуса, туруп окуучунун жарым сообун алат. Бул жөнүндө Абдуллах ибн Амрдан риваят. Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: "Отуруп окуучунун намазы- намаздын жарымы[4] (б.а. жарым сообун алат").

2- **Кыраат**:Бир аяттын көлөмүнчө болсо да кыраат кылуу. Аллах Таала мындай дейт: "Курандан силерге жеңил болгон нерселерди окугула". (Муззаммил 20).

Абу Хурайра риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ: "Кыраат кылмайынча намаз болбойт[5]"- деп айткан. Кыраат окуу кошумча рүкүн болуп саналат. Анткени ал имамга уюган кишиге зарыл эмес. Ал эми имамга руку кылууга жетишкен кишиге кыраат кылуу көпчүлүк аалымдардын пикири боюнча моюнунан түшөт.

3- **Руку:** Аллах Таала мындай деген: "Эй ыйман келтиргендер! Руку жана сажда кылгыла". (Хаж сүрөсү:77)

4- **Сажда** Аллах Таала: "Эй ыйман келтиргендер! Руку жана сажда кылгыла"- деген. (Хаж сүрөсү:77) Пайгамбарыбыз ﷺ: "7 мүчөгө сажда кылууга буйрулдум"- деген. Алар:

**1-** Жүз,
**2-** эки кол,
**3-** эки тизе,
**4-** эки таман.[6] (Сажда эки жолу кылынат жанан анын кайталануусу рүкүн болуп саналат.)
**5-** Акыркы каадага отуруу.

Хадисте минтип айтылат: "Эгер башыңды акырка саждадан көтөрүп, ташахуд көлөмүнчө отурсаң чындыгында намазың бүттү"[7]. Бул рүкүндөрдүн дурус болушу үчүн аалымдар төмөнкү үч шартты клюшат.

**1-** Тартип,
**2-** сергектик(ойгоо болуу) менен аткаруу,

---

[1] Рүкүн: парз, түркүк
[2] Бухарий (Намазды кыскартуу 19/1066)
[3] Бухарий (Намазды кыскартуу 20/1068)
[4] Муслим (Мусапырлар намазы 16/120)
[5] Муслим (Намаз китеби 396)
[6] Бухарий (Азан бөлүмү 810), Муслим (Намаз бөлүмү 490)
[7] Абу Дауд (Намаз бөлүмү 182/970), Тирмизий, Даракутний «ас Сунан» китеби, Тахавий «Маъааний алъ Асар» китеби, Насбур Роях китебин кара: (2/62,63)

**3-** намаздын сыпаттарын билүү,

**4-** эскертүү: Рүкүн намаздын ичинде болот. Андыктан анын бирөөсүн таштоо менен намаз бузулат.

**Намаздагы важип амалдар:**

1- Фатиха сүрөсүн жана Курандан бир аз аяттарды окуу. Бул - Убада бин Сомиттин (Аллах андан ыраазы болсун) ушул хадисине таянып айтылат: «Ким Фатиха китебин окубаса - анын намазы жок[1]» - деген. Бул хадис намаздын толук эместигин (накыс экенин) билдирет, жокко чыгарылышын эмес, анткени бул - ахад хадис. Андыктан ал Курандагы: "Курандан силерге жеңил болгон нерселерди окугула" (Музаммил сүрөсү, 20-аят) - деген аятты жокко чыгара албайт. Ошондуктан, Фатиханы окуу важиб деп айтылат. Фатиха сүрөсүн башка сүрөдөн мурда окуу керек, анткени бул - пайгамбарыбыздын ﷺ дайыма жасаган амалы. Парз намаздын алгачкы эки ракаатында Фатиханы окуу - важиб. Калган эки ракаатта болсо - намаз окуучунун ыктыярында, кааласа окуса болот, унчукпай турса да болот. Ал эми витр жана сүннөт намаздарда Фатиханы ар бир рекетте окуу - важиб. Бул - Абу Саид (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадиске негизделет: «Бизге Фатиха жана колубуздан келгенин окуу буйрулду».[2] Бул буйрук важибдикти билдирет.

2- "Намаз кыймылдарында тыныгуу (пауза)сактоо. Бир аърабий киши мечитке кирип, намазын тез окуганда, пайгамбарыбыз ﷺ ал кишиге: " Тур намаз оку! Анткени сен намаз окуган жоксуң.... кийин руку кыл ар бир дене мүчөлөрүндө тыныгуу болмоюнча[3]» - деген.

3- Чеке менен мурундун саждада жерге тийүүсү. Буга далил пайгамбарыбыз ﷺ: "Жети мүчө менен сажда кылууга буйрулдум"- деген .

4- Ташахуд көлөмүнчө биринчи каадага отуруу. Ал парз, важип, нафил намаздарда важиб болуп саналат. Буга далил пайгамбарыбыз ﷺ: "Пайгамбарыбыз 3 рекетке туруп, тасбих айтып экинчисиге кайткан жок".[4] Эгер отуруу парз болгондо, ага кайтаар эле.

5- Ар бир отурууда ташахудду окуу, себеби ибни Масуд: "Ташахуд бизге буюурула электе биз Аллах Таалага, андан кийин Жабраил, Микаил периштелерине салам берээр элек. Пайгамбарыбыз ﷺ бизге кайрылып, минтип айткыла деди: "Аттахияту лиллаахи вассалаваату, ват тайибаату, ассалааму алейка айуханнабиййу ва рахматуллаахи ва баракаатуху. Ассалааму алайна ва алаа ибаадиллаахис-саалихиин. Ашхаду ан лаа илааха иллАллах Таалаахy ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расуулуху"[5].

6- Кечикпестен үчүнчү рекетке туруу. Эгер бир рүкүн көлөмүнчө кечиктирсе сажда сахва милдет болот. Мунун себеби, кыямды (тик туруу) кечиктиргендиги үчүн.

---

[1] Бухарий (азан бөлүмү 756), Муслим (Намаз китеби 394)
[2] Абу Дауд (Намаз 136/818)
[3] Ахмад (Муснад 5/322); Абу Дауд (822), Тирмизий (Намаз 226/302)
[4] Абу Дауд (сунан 1036), Аль Хаким (Мустадрак 1/325), Насбур Роя (2/168,169)
[5] Бухарий (Уруксат суроо 6230), Муслим (Намаз 402)

7- 2 жолу намаздын аягында “Ассалааму алейкум ва рахматуллахи ва баракаатуху” деп айтуу.
8- Багымдат, шам, куптан намаздарында имам кыраатты жарыя окуусу.
9- Бешим менен аср намазында купуя (ичинен) окуу.

Эскертүү: Ким важибдердин бирин унутуп калса, аны сахв саждасын кылуу менен оңдойт.

**Намаздын сүннөттөрү**

1. Такбиратулъ-Ихрамда (намазды баштаганда) эркектер кулактын жумшак учтарына чейин, бирок кулакка тийгизбей, колдорун көтөрүшөт. Аялдар болсо ийиндеринин деңгээлине чейин көтөрүшөт. Бул - Бараа ибн Аазиб (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган келерки хадиске таянып жасалат: “Пайгамбарыбыз ﷺ намазды баштаганда такбир айтып, колдорун кулагынын деңгээлине чейин көтөрчү”[1].
2. Имамга уюган адам намаздын бардык кыймыл - аракетинде имамды ээрчүүсү.
3. Намазда турган учурда оң колду сол колдун үстүнө коюу сүннөт. Эркек киши колдорун киндиктин астына “тахлик” менен (оң колунун баш бармагы жана чыпалагы менен сол колунун билегин байлоо) коёт. Аял болсо колдорун төшүнө коюп, эки чыканагын өзүнө тартып жаба кармайт. Бирок тахлик кылбайт. Бул амал төмөнкү хадиске негизделет: “Үч нерсе пайгамбарыбыздын сүннөттөрүнөн: ооз ачууну кечиктирбестен кылуу, ооз бекитүүнү (акыркы убактысына чейин) кечиктирүү жана намазда оң колду сол колдун үстүнө киндиктен төмөн коюу”.[2] Аял киши эки колун көкүрөгүнө коет. Бул анын денесин көөбүрөөк жаап туруусуна ылайыктуураак болот.
4. Кириш дубасын (Сана) окуу, хадисте пайгамбарыбыз ﷺ намазга киришкенде мындай деп айтаар эле:“Субхаанака алаахумма ва бихамдика ва табаара касмука ва та- ъаала жаддука ва лаа илааха гайрук”.[3]
5. Биринчи рекетте фатихадан алдын ичинен ***ауузуну*** окуу. Аллах Таала Куранда мындай деген: “Эгер Куран окусаң, куулган шайтандын жамандыгынан Аллах Тааланын жардамы менен сактан”. (Нахл сүрөөсү 198-аят). ***Аузуу*** санадан кийин айтылат.
6. Бардык рекеттерде “бисмиллахир рохманир рохиим” сөзүн купуя айтуу. Анас ибн Малик айтат: “Мен пайгамбарыбыздын, Абу Бакирдин, Умардын аркасынан намаз окуганмын. Алар ***бисмиллах*** сөзүн жарыя айтчу эмес эле”.[4]
7. Фатихадан кийин “Амиин” деп купуя айтуу. Бул жөнүндө хадисте: “Эгер имам “Амин” десе силер да “Амин” дегиле, себеби периштелер “Амин” дешет. Кимдин “Амин” деген сөзү периштелердин “Амин” деген сөзүнө

[1] Бухарий (Курратул айнайн 11-бет) Ахмад (Муснад 4/318), Абу Дауд( Намаз 726)
[2] Ахмад( Муснад 1/110), Абу Дауд (756), Даракутний (Сунан 1/186)
[3] Абу Дауд (Намаз" бөлүмүндө 776), Тирмизи (Намаз бөлүмүндө 243), Ибн Мажа (806), Даркутни ( 1-том, 299-бет)
[4] Бухарий (Азан бөлүмү 780), Муслим (Намаз бөлүмү 410)

төп келсе, анын өткөнкү жана кийинки күнөөлөрү кечирилет[1]. Ваил ибн Хажардын риваятында мындай дейт: “Албетте пайгамбарыбыз ﷺ “Амин”ди купуя айткан[2]”.

8. Рукугө барганда такбир айтуу. Рукудан туруп баратканда: “Самиаллоху лиман хамидах” деп айтат. Тик турганда имамга ээрчиген жана жалгыз окуган адам: “Раббана лакал хамд” - деп айтат. Пайгамбарыбыз ﷺ: “Эгер имам: “Самиаллоху лиман хамидах”- деп айтса, силер: “Роббана лакал хамд”[3]- деп айткыла деген. Бул жерде айта кетүү ылайыктуу болгон нерсе - Абу Ханифа (р.х.) мазхабы боюнча, кол көтөрүү (такбирде) - сүннөт болуп саналат жана ал тек гана “ихрам такбиринде” (намазды баштоодо) гана жасалат. Себеби, Ибн Масъуд (р.а.)дан риваят кылынган хадисте мындай деп айтылган: «Пайгамбарыбыз ﷺ намаз баштаганда гана колун көтөрчү, андан кийин кайтып көтөргөн эмес[4]». Ошондой эле башка бир хадисте мындай айтылган: «Пайгамбарыбыз ﷺ кээ бир сахабаларын рукуга барганда жана рукудан чыкканда колдорун көтөрүп жаткандарын көрүп, мындай деди: “Эмнеге мен силерди колуңарды көтөрүп жатканыңарды көрүп жатам? Бул күнгө күйгөн жылкынын куйругу сыяктуу көрүнүп жатат. Намазда тынч болгула!”[5].
9. Имамдын такбирди, ***Самиаллоху*** сөзүн жана саламды жарыя айтуусу.
10. Рүкүдө жонун түз кароо. Абу Хурайра менен Айша энебизден риваят: “Пайгамбарыбыз ﷺ эгер рүкү кылса жонун түз кармаар эле. Эгер жонуна суусу бар идиш коюлса ал бекем тураар эле”[6].

---

[1] Малик (Муватта , Намаз бөлүмү 1/87), Бухарий (Азан 780), Муслим (Намаз 41)

[2] Имам Ахмад — "Муснад" аттуу хадис жыйнагында (4-том, 316-бет); Имам Хаким — "Мустадрак" жыйнагында (2-том, 232-бет), жана ал хадисти "шейхайндин (Бухари жана Муслимдин) шарттарына ылайык сахих" деп баалаган;
Имам Заха́би — бул баага макул болгон; Имам Байхакы — "Сунан" аттуу китебинде (2-том, 57-бет); Имам Табарани — "Му‘жам алъ-Кабир" жыйнагында (2-том, 112-бет).

[3] Бухарий (Азан: 51), Муслим (Намаз 77/81)

[4] Бул хадисти ал-Хариси Абу Мухаммад ал-Бухари "Жами‘ ал-Масанид" (1-том, 355-бет) аттуу жыйнагында риваят кылган. Риваяттагы бардык рови (хадис жеткирүүчүлөр) — ишенимдүү (ثقات). Кененирээк кара: "Иълау ас-Сунан" (3-том, 58-бет).

[5] Бул хадистерди **Имам Муслим** ("Салат" китебинде, хадис №430), **Абу Дауд** (хадис №661 жана 1000), жана **Имам Ахмад** (Муснад, 5-том, 101 жана 107-беттерде) риваят кылышкан.
Бул маселе **"И‘ляу ас-Сунан"** (3/59) китебинде кеңири түшүндүрүлгөн. Анда **имам Абу Ханифа менен имам ал-Авза‘и**нин ортосунда болгон диалог келтирилет. Мына ошол сүйлөшүүнүн тексти:
**Авза‘и Абу Ханифага:** Эмнеге силер рукууга барганда жана андан чыкканыңарда кол көтөрбөйсүңөр?
**Абу Ханифа:** Анткени, бул тууралуу пайгамбарыбыздан (с.а.в.) ишенимдүү (сахих) кабар келген эмес.
**Авза‘и:** Кантип ишенимдүү эмес? Менин устазым аз-Зухрий, ал Салимден, ал Ибн Умардан риваят кылат. Ибн Умардан: «Пайгамбарыбыз (с.а.в.) намаз баштаганда, рукууга киргенде жана чыкканда колун көтөрчү» деп айтылган.
**Абу Ханифа:** Ал эми бизге Хаммад Ибрагимден, ал болсо Аалкама жана ал-Асвад аркылуу Абдуллах ибн Масъуддан риваят кылат: «Пайгамбарыбыз (с.а.в.) намаз баштаганда гана колун көтөрчү, башка учурларда көтөрчү эмес».
**Авза‘и:** Сен мага Зухрийден Салим аркылуу пайгамбарыбыздан айтып жатам десең, сен болсо Хаммад менен Ибрагимди айтып жатасыңбы?
**Абу Ханифа:** Хаммад — Зухрийден да илимдүү, Ибрахим — Салимден да фикхта жогору, Аалкама — Ибн Умардан төмөн эмес, Ибн Умар сахаба болгону менен, Аалкаманын илими терең. Ал-Асвад да улуу илим ээси. Ал эми Абдуллах ибн Масъуд болсо — фикх, кыраат, жана пайгамбарыбызга болгон узак коштоосу боюнча Ибн Умардан да артык.
**Муну уккан соң Авза‘и унчукпай калды.**

[6] Ахмад (Муснад 1/83),Ибн Маажах (Намаз :869)

11. Рукуда колдорду тизеге коюу. Хадисте мындай деп айтылат: “Эгер руку кылсаң эки колуңду тизеңдин үстүнө коюп, манжаларыңдын арасын бошот”[1].
12. Рукудө ***Субхаана рабиял Азиим*** деп айтуу. Хадисте: Аллах Тааланын: فسبح باسم ربك العظيم “Улуу Эгеңдин ысымын даңазада!”-деген сөзү түшкөн мезгилде Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деди:: “Аны силер рукуңарда айткыла”- деди. Аллах Таала: سبح اسم ربك الأعلى “Улуу Эгеңдин ысмын аруула!”- деген аят түшүргөндө пайгамбарыбыз ﷺ: “Аны силер саждада айткыла”- деген.
13. Сажда кылган кезде эки тизени, андан кийин эки колду, андан кийин жүзүн коюу. Хадисте мындай деп айтылат: “Пайгамбарыбыз ﷺ сажда кылса эки тизесин колунан мурун коет эле. Эгер саждадан баш көтөрсө эки колун тизесинен мурун көтөрөөр эле[2]”.
14. Саждада эки колун эки кулактын тушуна коюу, манжаларын кыбла тарапка буруу, пайгамбарыбыз ﷺ сажда кылса эки колун кулактын тушуна коер эле”.[3] Абу Хумайд Ас-Саъиди (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: “Пайгамбарыбыз ﷺ сажда кылганда колдорун жерге жая баспай да, катуу кыспай койчу жана бутунун манжаларын кыбыла тарап бура турчу”[4].
15. Курсакты эки сандан, эки чыканакты эки капталынан алыс коюу. Саждада аялдар эркектердин тескерисинче кылышат.
16. Эркек киши сол бутуна отуруп, оң бутун түз коюусу. Аялдардын ташахудда сол жамбашына отуруусу. Айша энебизден риваят: “Пайгамбарыбыз ﷺ эгер отурса сол бутун төшөп, анын үстүнө отуруп оң бутун түз кылар эле”[5].
17. Каадада отурган мезгилде оң колун оң санына, сол колун сол санына коюу. Хадисте: “Пайгамбарыбыз ﷺ эгер отурса оң чыканагын оң санынын үстүнө коер эле[6]” - деп айтылат.
18. Ташахудда сөөмөйдү “Ашхаду ан лаа”- дегенде көтөрүп, “ИллАллах”- дегенде түшүрүү.
19. Парз намаздарда 3-4 рекеттерде фатиханы окуу.
20. Акыркы ташаххуддан кийин ***Ибрахим*** салаваттарын окуу.
21. Сүннөттө келген дубаларды кылуу.
22. Салам бергенде оң жана сол тарапка кароо.

## Пайгамбарыбыз Мухаммаддын ﷺ намазы кандай болгон?

Эгер сен пайгамбарыбыз ﷺ окугандай намаз окугун келсе, төмөнкүлөрдү аткар:

---

[1] Муслим (Сахих:771), Абу Дауд (Сунан: 1414)
[2] Тирмизий (Намаз:269),Ахмад(Муснад:2/381), Даримий (Сунан:840)
[3] Хадистин башкы бөлүгүн **Имам Муслим** өзүнүн намаз китебинде: 401 риваят кылган, ал эми калган бөлүгүн **Абдурраззак** өзүнүн "Мусаннаф" аттуу жыйнагында келтирген. Караңыз: **"Шарх Ма‘ани ал-Аасар"** (1/151).
[4] Бухарий (Намаздын сыпаты:61/794)
[5] Бул хадис **Сахих Муслимдеги** риваяттан үзүндү. Мазмуну төмөнкүдөй: «Пайгамбарыбыз ﷺ намазды такбир менен баштачу... жана анда мындай деп айтылат: Ал сол бутун жая отуруп, оң бутун тик тургузчу. Ошондой эле, “Шайтан отурушу” деп аталган түрдө отурууга тыюу салчу». Шилтеме: **"Насб ар-Рая"** (1/418–41
[6] Муслим (Мечиттер: 579), Абу Дауд (Намаз: 989), Насаий (Сахв; 3/37)

- Намазды баштаганда эки колуңду эки кулагыңдын жумшагынын тушуна көтөрүп, "Аллаху акбар!"- деп такбир айт. Бул "**ихрам такбири"** деп аталат.
- Андан кийин киндиктин астына оң колуңду сол колуңдун үстүнө коюп, дуба оку. (Субхаанака Аллахумма ва бихамдика ва табаара касмука ва Таала жаддука ва лаа илааха гайрук).
- Андан кийин ичиңен: "Ауузу биллаахи минаш-шайтоонир рожиим, бисмиллаахир-рохмаанир рахиим"- деп фатиха сүрөсүн, андан кийин сага жеңил болгон сүрөлөрдөн бир кошуп багымдатта үн чыгарып оку. Шамдын жана куптандын алгачкы эки рекетинде, үн чыгар. Жума, эки айт намаз, таравих жана Рамазан айында витир намазындарын жарыя оку.
- Андан кийин "Аллаху акбар" деп эки колду тизеге коюп, кыса кармап, аркаң (бүкүрөйбөстөн) тегиз болгон абалда, башыңды ылдый ийбестен рүкү кыл. Көздөрүң тамандардын үстүнө карасын. Андан кийин: Субхаана раббиял Азиим деп 3 жолу айт.(Андан ашырсаң зыяны жок)
- Андан кийин "Самиаллоху лиман хамидах, роббанаа лакал хамд" -деп рүкүдөн туруп түздөн.
- Андан кийин "Аллаху акбар"-деп тизеңди, андан соң колуңду, анан чекеңди жана мурдуңду саждага кой. Бутуңдун, эки колуңдун манжаларын кыбылага бет алдырып, 3 жолу саждада: "Субхаана раббиял аълаа"-деп айт.
- Андан соң, "Аллаху акбар" деп башыңды көтөрүп сол бутуңа отур. Бул учурда эки колуңду эки саныңдын үстүнө, тизелериңдин тушуна кой
- Андан кийин сажда кылып, кайрадан башыңды көтөр. Ошентип биринчи рекетти бүтүргөн болосуң. Экинчи рекетти да ушул сыяктуу кыласың.
- 2-рекеттен кийин отуруп, аттахияттуну оку! Ал мындай: "Аттахияту лиллаахи вассалаваату ват-таййибаату, Ассалааму алайка аюхан-набию ва рахматуллахи ва баракатуху, Ассалааму алайна ва ала ибадиллахис-соолихиина ашхаду аллаа илааха иллАллоху, ва ашхаду анна Мухаммадан абдуху ва расулуху".
- "Ашхаду аллаа илааха"-дегенде сөөмөйүңдү көтөрүп, "иллаллоху" дегенде түшүр. Андан кийин 3-рекетке тур.
- Акыркы каадада аттахиятудан кийин: "Аллохумма солли алаа Мухаммадин ва алаа аали Мухаммадин камаа соллайта алаа Иброхима ва алаа аали Иброхима, Иннака хамийдум мажийд. Аллохумма баарик алаа Мухаммадин ва алаа аали Мухаммадин камаа баарокта алаа Ибрахима ва алаа аали Ибрахима иннака хамидун мажид". Бул Ибрахимия Салаваты деп аталат.
- Андан кийин сүннөттө келген дубаларды кыл. Алардан бири келерки Куран аяттары:

  -"Раббана аатина фид-дуня хасанатан-ва вил аахироти хасанатан ва кинаа азабан-наар"

  - "Роббанаа лаа тузиг кулуубанаа баъда из хадайтанаа вахаб ланаа мин ладунка рохматан , иннака антал Ваххааб".

- “Аллохумма иннаа наъуузу бика мин азааби жаханнам, ва наъуузу бика мин азаабил кобр,, ва наъуузу бика мин фитнатил масийхид дажжаал, ва наъуузу бика мин фитнатил махйаа вал мамаат”.

- Андан соң оңго жана солго: “Ассалааму алайкум ва рохматуллохи”- деп салам бер.

**Намаздын убакыттары**

Аллах Таала: “Чындыгында намаз белгиленген убакыттарда парз кылынды”- деп буюрган. (Ниса сүрөсү: 103-аят)

1. **Багымдат:** Убактысы чын таңдын киришинен күн чыкканга чейин. Абдуллах ибн Амр бин Аас мындай риваят кылат: Пайгамбарыбыздан ﷺ намаздардын убактылары тууралуу суралганда, ал минтип айтты: “Таң намазынын убактысы - күндүн биринчи нурлары (чыгышы) көрүнгөнгө чейин”[1]. Ибн Умардан риваят кылынган хадисте, Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: “Багымдаттын убактысы күн чыкканга чейин”[2]. Жер агарганга чейин намазды биразга кечиктирүү мустахаб. Рафии ибн Хадиж пайгамбарыбыз ﷺ минтип айтып жатканын уктум деди: “Багымдатты жарытып окугула! Анткени анын сообу улуу”[3].
2. **Бешим:** Түш оогандон баштап, ар бир нерсенин көлөкөсү 2 эсе чоңойгонго чейин. Абу Хурайрадан пайгамбарыбыз ﷺ айтты: “Бешимдин алгачкы убактысы түш оогондон кийин жана анын акыркы убактысы аср убактысы киргенде”[4]. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деп айтты: “Силердин (үммөт катары) мисалыңар, силерден мурун өткөн үммөттөрдүн мисалы сыяктуу. Ал бир кишинин жумушчуларды жалдаганына окшош. Ал: 'Ким мага таңдан түшкө чейин бир кийрат (сыйлык)үчүн иштейт?” - деди. Жөөттөр келип иштешти. Андан кийин ал: “Ким мага түштөн асрга чейин бир кийратка иштейт? - деди. Христиандар келип иштешти. Анан ал: 'Ким мага асрдан күн батканга чейин иштейт? - деди. Силер (мусулмандар) келдиңер жана иштедиңер. Силердин ишиңер аз болду, бирок акыңар (сыйлыгыңар) эң көп болду”.[5] Ошентип, бул хадис аср намазынын убактысы бешим бешим намазына караганда кыскараак экендигине далил болот.Ал эми бул убакыттын кыска болуусу, ар бир нерсенин көлөкөсү өзү менен барабар (же эки эсе) болгондо гана жүзөгө ашат.
3. **Аср (дигер)** убактысы. Ар бир нерсенин көлөкөсү 2 эсе чоңойгондон кийин күн батканга чейин. Пайгамбарыбыздан ﷺ риваят кылынган хадисте мындай деп айтылат: “Ким күн батаардан алдын асрдын бир

---

[1] Муслим (Мечиттер жанан намаз орундары: 30/174)
[2] Муслим (Мечиттер: 621), Ахмад (Муснад:2/213,210,223), Ибн Аби Шейба(1/319)
[3] Тирмизий (Намаз: 117/154)
[4] Бул — таңкы намаздын убактысы жөнүндө хадистин бир бөлүгү. Аны Имам Ибн Хиббан толук түрдө Сахих жыйнагында 1473- номер менен риваят кылган. Абдулла ибн Умар (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: "Бешим (зухр) намазынын убактысы — күн чак түштөн өткөндө башталат жана адамдын көлөкөсү өзүнүн боюна тең болгонго чейин уланат; Аср намазынын убактысы — күн сары тарта баштаганга чейин;
Иша (куптан) намазынын убактысы — түн жарымына чейин; Фажр (таң) намазынын убактысы — күн чыкканга чейин."
[5] Бухарий (Куран пазилеттери( 2269,5021,2268,7533)Тирмизий(2871), Ахмад( Муснад:2/6,111)

рекетине жетишсе, ал киши (ага) жеткен болот”. [1] Ибн Умардан, ал пайгамбарыбыздан ﷺ минтип риваят кылат: “Ким асрды каза кылса, ал киши үй-бүлөсүн, малын жоготкон сыяктуу болот”[2]. Күн саргайып же түсү өзгөрмөйүнчө аср намазын кечеңдетүү мустахаб (жакшы көрүлгөн амал) болуп саналат, анткени пайгамбарыбыздан ﷺ мындай риваят кылынган: «Аср намазынын убактысы - күн саргайганга чейин[3]».

4. **Шам**дын убактысы күн баткандан баштап, кызыл шоола кеткенге чейин. Ибн Умардан: Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: “Шамдын убактысы кызыл шоола жок болгонго чейин”[4].
5. **Куптан**дын убактысы кызыл шоола кеткенден баштап багымдатка чейин. Буга абалкы бапта Абу Хурарйрадан риваят кылынган хадис негиз болот: “Куптан намазынын алгачкы убактысы кызыл шоола жок болгондон баштап, анын акыркы мезгили таң атканга чейин”. Аллах Таала мындай дейт: “Түш оогондон кийин түн утурлап намазга жыгыл”. (Исра сүрөсү: 78-аят) Мында шам намазынын убактысынын аягы катары “гасакты” белгилеген, ал эми гасак – көк асмандагы кызгылт жарык (шафак) толук жоголгондон кийинки караңгылык. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деп айткан: «Шам намазынын акыркы убактысы - шапактын нуру жоголмоюнча”.

**Өткөн намаздардын казасын өтөө**

Парз намаздарды өз убагында окуу милдет. Пайгамбарыбыздан ﷺ “Амалдардын кайсынысы абзел?”- деп суралганда, пайгамбарыбыз ﷺ “Өз убагында окулган намаз [5]“,- деп жооп берген. Ким намазды үзүр-себепсиз каза кылса чоң күнөөкөр болот.

Эгерде бир намаздын убактысы чыгып, башка намаздын убактысы кирсе, анда мусулманга келерки нерселер милдеттүү болот:

1. Каза болгон намаздарды окуу. Буга далил пайгамбарыбыздын ﷺ ушул хадиси: “Ким намазды (окубай) уктап калса же унутуп калса, эстеген учурда же ойгонгондо аны окуп алсын. Анык убактысы - дал ошол учур[6]». Дагы минтип айтты: «Силер (намаздын) кайсы бөлүгүнө жетсеңер ошол бөлүгүн окугула, ал эми өткөрүп жибергениңерди - кийин каза кылып окугула[7]”.
2. Эгер муслмандын каза намаздары чогулса же беш намазга жетсе, же андан азыраак болсо, ал киши тартип менен окуу керек.
3. Эгер каза болгон намаздары алтоодон ашса, ага тартиби менен окуу милдет болбойт.
4. Каза намазды тыюу салынган жана макуру болгон убакыттардан сырткары бардык убакта окууса дурус болот.

---

[1] Муслим(Мечиттер:608), Абу Дауд(намаз:412)Ибн Хузейма (Сахих 9984)
[2] Бухарий (Убакыттар:552), Муслим (Мечиттер 626), Малик (Муватта:1/11,12)
[3] Муслим( Мечиттер: 13/173)
[4] Муслим (Сахих. 612)
[5] Ибн Хузайма — өзүнүн «Сахих» аттуу китебинде (хадис №327)Ибн Хиббан — «Сахих Ибн Хиббан» (хадистер №1475 жана 1476) Имам аль-Хаким — «Мустадрак» аттуу жыйнагында (1/88-бет) жана имам аз-Захаби бул хадистин сахих экенин кубаттап макул болгон.
[6] Бухарий (убакыттар:552), Муслим (Мечиттер:684), Тирмизий (Намаз:178), Абу Дауд (Намаз:442)
[7] Муслим (Мечиттер: 602), Малик(Муватта:1/68-69), Тирмизий(Намаз:329)

5. Эгер каза намаздары көп болсо, казага ниет кылганда аныктап айтуу керек. Мисалы: “Окуй элек акыркы бешим намазынын парзын окууну ниет кылдым”- деген сыяктуу.

**Жамаат менен окулган намаз**

Жамаат намазынын артыкчылыгы:

Ислам дини коомчулуктун-жалпылыктын дини, жалгыздык менен бөлүнүүнүн дини эмес. Ошондуктан мечитке “жаами” (топтоочу) деп айтылат. Жамаат менен болгон намаз жалгыз окулган намаздан артык. Бул сөздү Аллах Тааланын төмөнкү сөздөрү ырастайт: “ Рүкү кылуучулар менен рүкү кылгыла”. (Бакара :43) Бул аятта Аллах Таала руку кылгандар менен бирге руку кылууну буйруганын көрөбүз. Бул болсо руку учурунда башкалар менен кошо бирге болууну билдирет. Демек, бул - жамаат менен намаз окууну буйруган буйрук болот.

Пайгамбарыбыз ﷺ хадисте мындай дейт: “Жамаат менен окулган намаз жалгыз окулган намаздан 27 эсе артык[1]”. Дагы башка бир риваятта “25 эсе[2]“,- деп айтылат. Ошондой эле, пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Элге намаз окутсун деп бир адамга буйрук берип, өзүм намазга келбей калган адамдарга барууну, анан алардын үйлөрүн өрттөп жиберүүнү ойлодум”[3].

**Жамаат намазы кантип ишке ашат жана анын өкүмү эмне?**

Жамаат намазы имам менен биргеликте (эркекпи, аялбы, жаш балабы) бирөө же андан көбүрөөк адам менен ишке ашат. Пайгамбарыбыз ﷺ хадисте мындай дейт: “Эки жана андан көп киши - жамаат[4]“- деген. Жамаат - бул сөз “жыйналуу” (биригүү) маанисинен алынган. Ал эми жыйын (жамаат) болушу үчүн эң аз дегенде эки адам керек. Бул адам имам менен кошо болгон бир эркек, аял же акыл-эси бар бала болсо да айырмасы жок.
Анткени пайгамбарыбыз ﷺ жалпы түрдө эки адамды жамаат деп атаган.

**Имам болуунун шарттары**

1. Балакатка жетүүсү.
2. Эркек болуусу, хунаса (эки жыныстуу киши) жана аялдардын эркектер тобу менен окуусу дурус эмес. Аялдардын аялдарга имам болуп окуусу дурус, бирок макүрү. Эгер имам болсо, алдыга чыкпай, ортодо туруп окуйт. Айша энебиздин риваятында, ал аср намазында аялдарга имам болуп, алардын ортосунда турган[5].
3. Имамдын фатиха менен сүрөлөрдү окуганды жакшы билүүсү.

---

[1] Бухарий (Азан:645),Муслим (Мечиттер:650)
[2] Муслим (Мечиттер: 649)
[3] Бухарий (Азан:644), Муслим(Мечиттерр:650)
[4] Ахмад (Муснад:5/254-269),Ибн Маажах(Сунан: 312), Хаким( Мустадрак 4/334)
[5] Даркутни "Сунан" (1/404) китебинде риваят кылган. Имам Бейхакий да "Сунан" (1/408) жыйнагында келтирген.
Имам Нававий "Хулассада" (الخلاصة) хадистин иснадын (тыянак берүүчүлөр чынбы же жокпу деген жагын) сахих (так, ишенимдүү) деп баалаган. Ошондой эле, "И'лаа ас-Сунан" (4/215) китебинде да бул хадиске шилтеме берилет.

4. Мурдунан токтобой кан агуусу, заарасын кармай албоосу сыяктуу үзүрлөрдөн саламат болуусу.
5. Имам маъмун (өзү да масбук болуп уюучу ) абалында болбоосу.
6. Уюган кишинин имамдан алдына чыкпоосу, тескерисинче бираз болсо да артта болуусу.
7. Уюган кишинин имамды ээрчүүсү. Эгер аркасында аялдар болсо аларды ниет кылуу имамга милдет.
8. Имамдын намаз даражасы уюган адамдын намаз даражасынан төмөн болбошу керек. Мисалы: Уюган киши парз, ал эми имам нафл намазын окуусу сыяктуу.
9. Имам менен уюучунун намаздары шайкеш келүүсү. Андаыктан бешим окуй турган адам аср намазын окуган имамга ээрчий албайт.
10. Имам менен ага уюучунун арасын аялдардын сабы бөлүп турбоосу керек.
11. Имам менен уючунун ортосунда дарыя, дубал же көчө бөлүп турбоосу керек.

**Имам болууга ким акылуу?**

**<u>Мечитте:</u>**

1. Султан (падыша) Абу Масъуд алъ-Ансари (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Бир адам башка бирөөнүн үйүндө же бийлигинде турган кезде, анын уруксатысыз ага имам болбошу керек. Ошондой эле, анын урматтуу (ардак) ордуна уруксаты жок отурбашы керек»[1].
2. Казы.
3. Райондун имамы. Нафи'ден риваят: «Мадинанын бир тарабына караштуу мечитте намазга икамат айтылды. Ал мечиттин имамы Ибн Умардын кулу (азат кылынган кулу) эле. Бул үндү уккан Ибн Умар (Аллах андан ыраазы болсун) мечитке келип, жамаат менен намаз окумакчы болду. Мечиттин имамы: Жүр, сен имам болуп намаз оку!- деп сунуштады. Ибн Умар ага мындай деп жооп берди: Бул сенин мечитиң, андыктан менден көбүрөөк укукка ээсиң (имам болууга). Ошентип, ошол имам намаз окуду[2]».

**<u>Үйдө:</u>**

1) Үйдүн жашоочусу. (Намазга илимдүүрөгүн чыгаруусу мустахаб)

**<u>Мечит менен үйдөн сырткары:</u>**

1. Намаз өкүмдөрүн жакшыраак билген адам.
2. Аллах Тааланын китебин жакшыраак окуган адам. Тагыраак айтканда тажвид өкүмдөрүн жакшы билген адам.
3. Күмөндүү иштерден сактанган такыба адам.
4. Жашы улуурак болуусу.

---

[1] Муслим ( Мечиттер 53/290)

[2] Байхакий (Алъ Кубра 3-том 126-бет)

5. Мүнөзү жакшыраактар, андан соң келбети сулуураагы, андан кийин үнү жакшы болгондор. Абдуллах ибн Масуд риваят кылат: Пайгамбарыбыз ﷺ "Адамдарга куранды мыкты окуучу кишилер имам болот, эгер алар бул нерседе тең болушса сүннөттү жакшы билгени, эгер анда да тең болушса, хижрага биринчи көчкөнү, эгер анда да тең болушса, анда жашы улуурагы, эгер анда да тең болушса мүнөзү жакшысы, анда да тең болушса жүзү сулуураагы болгону"[1]. "Куран ээлери - бул Алланын эли жана Анын өзгөчө жакындары»[2] - деп, пайгамбарыбыз ﷺ айтканын риваят кылышкан. Ошондой эле, улууларды алдыга өткөрүү жөнүндө: «Улуулар, улуулар!» - деп айткан. Адамдын өзүнөн жакшыраак адам бар болсо да, ага имам болууга уруксат берилет. Бирок, ким бир топко имам болуп, алар аны жактырышпаса же жек көрүшсө - анда ага имам болуу макрух болуп саналат.

**Парзга кантип жетишесиң?**

1. Имам менен жамаат намазын өтөөчү адам, парз намазга кандайдыр бир бөлүгүнө жетсе - ал намазды имам менен кошо өтөдү деп эсептелет, ал тургай салам беришинен бир ирмем мурун жетсе да.
2. Рүкүгө же кыямга жетүү менен рекетке жетишесиң.
3. Эгер парз намаз башталса сүннөттү окубай, парзга жетишүү милдет.
4. Эгер намаз (жамаат менен) башталса, ал киши болсо сүннөт намазын окуп жатса, жана ал экинчи рекетине жеткен болсо - анда ал сүннөтүн толук окуп бүтүрүп, андан соң имамга кошулат. Бирок эгер бул таңкы намаздын сүннөтү болсо, жана ал адам имамдын салам беришине чейин жетишерин билсе - анда ал сүннөттү толук окуйт, андан кийин имамга кошулат. Анткени таңкы намаздын сүннөтү эң күчтүү (муаккад) сүннөттөрдөн болуп эсептелет.

**Саптардын тартиби**

1. Жалгыз уюган киши имамдын оң жагына турат.
2. Эркектер имамдын артына турушат.
3. Эгер аял жалгыз болсо, же эркектер жок аялдар гана болсо, имамдын артында турушат.
4. Имамдын артында эркектер, анан балдар, андан кийин аялдар катары менен турушат. Муну Анас ибн Маликтин (Аллах андан ыраазы болсун) мындай деп айткан хадиси далилдейт: "Пайгамбарыбыз ﷺ мени жана жетим баланы өзүнүн артына, ал эми менин энем Умму Сулаймды биздин артыбызга тургузду"[3]. Ошондой эле пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: "Эркектердин эң жакшы саптары - алды жактагы саптар, эң жаманы - акыркы саптар; аялдардын эң жакшы саптары - акыркы саптар, эң жаманы - алды жактагы саптар".[4] Имамга ээрчүүчү эркек үчүн турган эң жакшы орду - имамга эң жакын болгон орун.

[1] Муслим (Мечиттер 673), Тирмизий (Намаз 235),Абу Дауд( Намаз 584), Ахмад (Муснад 5/282)
[2] Бул хадистин кээ бир бөлүгүн Ибн Маажах келтирген (215), Ахмад (Муснад 3/127,242), Насаий (Куран пазилеттери 3329)
[3] Малик (уватта 1/153),Бухарий (Намаз 380), Муслим (Мечиттер 658)
[4] Муслим (Намаз 440)

Айшадан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынат: «Пайгамбарыбыз ﷺ бардык иште оң тарапты жактырчу»[1]. Ошондуктан, жалгыз имамга уюган киши имамдын оң тарабында турат.

Эгерде сапка турушса, бир-бирине тыгыз турушуп, ийиндерин түздөшөт[2]жана буттарын теңдешет[3]. Кандайдыр бир себеп болбосо, буттарын ашыкча ачып жайып жиберүү же бири-бирине тийгизип коюу да туура эмес[4].

**Эскертүү:**

**1.** Имам саптын ортосунда турат жана саптагылардан бир метрдей (3 зира) алдыда болушу керек – бул сүннөт.
**2.** Эгерде бир эркек киши сапта жалгыз турса, намазы жарактуу болот. Эгерде сапта ага жеткидей бош орун болсо, намазы жарактуу болот, бирок макрух деп эсептелет. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: "Саптын артында жалгыз турган адамдын намазы жок".[5] (Бул хадистен тыюу салуу эмес, макрух деп түшүнүлөт.)
**3.** Имамдын артында тургандар – урматтуу, илимдүү адамдар болушу мустахаб.
**4.** Намаз окуп жаткан адамдын алдында сүтра (тосмо) коюусу сүннөт – бул башкалардын өтүп кетүүсүн жеңилдетет.

**Качан жамаат намазы милдет болбойт?**

Пайгамбарыбызﷺ жамаат менен намаз окууга үндөгөн, ошондуктан ага дайым аракет кылуу керек. Бирок кээ бир себептерден улам жамаатка катышпоого шариятта уруксат берилгендигин аалымдар келеркидей атап өткөн:.
1. Жаан көп жааса.
2. Каттуу суукта.
3. Ооруу же оорулууну карап калган болсо.
4. Залымдан же бир кооптуу жагдайдан корксо.

---

[1] Бухарий (Тамактар 5380), Муслим (Даарат 268),,Тирмизий (Намаз 608)

[2] Абу Дауддун намаз бөлүмүндөгү келтирген хадиси да муну кубаттайт.(Саптарды түздөө 662)Ибн Хузейма( 1543)

[3] Ал эми буттарды теңдөө (сапта турарда буттарды түз коюу) жөнүндө, Ибн Хиббан өзүнүн «Сахих» китебинде 2176-чы номур менен риваят кылат: Нуъман бин Башир (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (Ага Аллахтын салам-салаваты болсун) бизге жүзүн буруп мындай деди: "Саптарыңарды түздөгүлө! (Үч жолу кайталады) Кудайга ант болсун! Саптарыңарды түздөбөсөңөр, Аллах жүрөктөрүңөрдү карама-каршы кылып коёт."

[4] Ханафи мазхабы боюнча: Буттардын ортосундагы аралык төрт бармак туурасында болушу керек. Эгер андан көбөйүп же азайып кетсе — макрух (жакшы эмес) болуп эсептелет. Шафиъи мазхабы боюнча:Буттарды бир карыш (шамамен 20 см) аралыкта ачуу сунуш кылынат. Андан ашып кетүү же так бириктирип алуу — макрух.
Малики мазхабы боюнча: Буттарды ажыратуу — мустахаб (жакшы көрүнүш), бирок суннөт эмес. Алардын пикиринде эң туурасы — орточо абал: буттарды көп да ажыратпоо, көп да жабыштырбоо, элдин адатындагы сылык формада болуусу. Ханбали мазхабы бул маселе боюнча маликиттерге кошулат, бирок алар үчүн ал суннөт же мустахаб деп бөлүнбөйт – экөө тең туура деп эсептелет. (Булак: «Төрт мазхаб фикхы» Намаз сүннөттөрү боюнча бап. (1/259,260)

[5] Имам Ахмад "Муснад" аттуу китебинде (4/23, 302-бет); Ибн Мажа "Икама" бөлүмүндө (хадис №1003); Хадистин риуаят кылуучулары (жеткиргендер) жөнүндө «Заваид» аттуу түшүндүрмөдө: «бардыгы ишенимдүү (тыйган) адамдар» деп бааланган; Ибн Хузайма өзүнүн "Сахих" хадис жыйнагында бул хадисти так (сахих) деп эсептеген (хадис №1569); Ибн Хиббан да "Сахих" китебинде бул хадисти келтирген (хадис №2202 жана 22023).

5. Шал оорусу сыяктуу алсыз болсо.

**Муктадий (намазда имамдын артынан эрчигендер)дин өкүмү**

Муктадий үч түрдүү болот:

1. **Мудрик**. Бул имам менен такбир тахримадан баштап намазды толук бүтүргөн адамга айтылат.
2. **Лаахик.** Бул имам менен такбир-тахрима чогу кирген бирок уктап калуу, байкабай калуу же даараты бузулган сыяктуу кээбир себептерден улам намаздын кээ бир бөлүгү же болбосо толук бойдон окуй албай калган адамга айтылат. Анын өкүмү төмөндөгүчө: Эгер намазды толуктоого мүмкүнчүлүк табылса, толуктап, анан имамга ээрчийт. Эгер жамаат намазы өтүп кетүүсүнөн корксо, анда имамга эрчип, андан соң калып кеткен рекеттерин толуктап коет.
3. **Масбук.** Ал намаздын кээ бир рекеттерине жетишпей калган адамга айтылат. Бул намазда имамга эрчип намаздын акырында өткөзүп жиберген рекеттерин толуктап коет. Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) Пайгамбарыбыздан ﷺ риваят кылган хадисинде мындай деп айтылган: “Сиздер кайсыл бир намазга жетишкен болсоңор аны окугула, кайсы бир намаздарга жетишпей калсаңар толуктап койгула”[1].

- ***Масбухдун өкүмдөрү:*** Эгер адам имам менен намаздын башынан эмес, ортосунан же акырынан кирсе, анда имам менен бирге окуган бөлүгү - анын намазынын акыркы бөлүгү деп эсептелет. Башкача айтканда, Куран окуу жагынан имам менен окуганы - акыркы бөлүк. Отуруу жагынан кийин өзү толуктаганы - башкы бөлүк болуп саналат.
- ***Масбук өзүнүн калтырган бөлүгүн жалгыз өзү окуйт, бирок үч жагдайда мындай болбойт:***

1. Ага башка бир имамга уюп окууга болбойт.
2. Ага да эч ким уюп окуй албайт.
3. Эгерде имам салам берүүгө үлгүрө электе, масбук өзүнүн калтырып кеткен бөлүгүн окууга турса, анан ошол учурда имам сажда-сахуга (жаңылыштык үчүн жыткан сажда) барып калса - масбук ага кошулат, Бирок бир гана шарт менен: эгер ал өзүнүн кошулуп окуган рекетинде сажда кылып бүтө элек болсо. Эгер масбук ошол рекетти сажда менен “бүтүрүп” койгон болсо, анда имам менен кошо сажда-сахуга жыгылбайт, тескерисинче, өз намазын улантат жана акырында сажда-саху жасап, анан салам берет. Эгерде ал имам менен сажда-сахуга жыгылып алса, бирок анын рекети буга чейин сажда менен “бүткөн” болсо - анда анын намазы бузулат.

**Кошумча маселелер:**

- Жамаат менен намаз окууда негизги нерсе - уюган адам өзүнүн имамына ээрчиши. Себеби, имам ошол үчүн коюлган. (аны ээрчиш үчүн) Бул тууралуу Абу Хурайрадан (разияллоху анху) риваят кылынат, ал пайгамбарыбыздан ﷺ

[1] Абу Дауд (Намаз 55/572)

мындай дегенин айтып берген: «Чындыгында имам - ага ээрчиш үчүн коюлган».[1]
- Кимде-ким имамды рукуда (ийилген абалда) тапса, ошол учурда өзү тик абалда такбир тахрима айтып, имам рукудан башын көтөрө электе рукуга кошулса - анда ал бир рекетке жетишкен болот. Бул Абу Хурайрадан (разияллоху анху) риваят кылынган хадиске таянып айтылат, анда Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Ким имам боюн түзөй электе бир рекетке жетишсе, анда ал намазга жетишти».[2]"
- Эгер имам намаз учурунда муктадий (имамга уюган адам) адамдан озуп кетсе, анда бул жагдай имамга ээрчүү парз болгондуктан төмөнкүчө каралат: Эгер имам сүннөт амалды аткарып озуп кетсе, муктадий ал сүннөттү таштап, имамга ээрчиши керек; Эгер имам парз (парз) амалды аткарып озуп кетсе, анда муктадий ошол парзды толук бүтүрмөйүнчө ээрчибейт.
- Эгер имам салам бергенде муктадий али акыркы аттахияттуну окуп бүтө элек болсо, анда ал аттахиятуну бүтүрүп андан кийин салам берет. Анткени акыркы отурууда аттахиятуну окуу - важиб. Ошондой эле имамга ээрчүү да важиб болуп саналат. Бул эки важибди бир учурда аткаруу мүмкүн болбогон учурда, алардын бирин кечиктирип, экөөнү тең аткаруу, алардын бирөөсүн таптакыр калтыруудан артык. Эгерде имам муктадий салам бергиче (тахиятты окуп бүтө электе) даааратын бузса анда муктадийдин намазы бузулат. Бирок эгер аттахиятуну бүтүргөн соң, салам бергиче имамдын даараты бузулса, анда муктадийдин намазы бузулбайт.
- Эгерде имам салам берип койсо, ал эми муктадий али намаздын акырында Ибрахим дуасын (салауаттарын) окуп жатса, анда муктадий имамга ээрчип салам берет. Анткени намаздын акырында Пайгамбарыбызга ﷺ салават айтуусу - сүннөт.
- Эгер муктадий да, имам да аттахияттуну окуп бүтүп, бирок муктадий имамдан мурун салам берсе – бул макрух иш болот, анткени ал учурда имамга ээрчүү талап кылынат. Ошентсе да, экөөнүн тең намазы туура (бузулбайт).
- Эгер имам үчүнчү рекетке туруп кетсе, ал эми муктадий биринчи ташаххудду бүтүрө элек болсо - ташаххудду бүтүрөт, анан имамга ээрчип улантат. Себеби, ээрчүү мүмкүн болуп жатат.
- Эгер имам рукуудан башын көтөрүп койсо, ал эми муктадий үч жолу «субхана раббиял ʿазым» деп айтууну бүтө элек болсо - имамга ээрчийт, тасбихти бүтүрбөйт, анткени тасбих суннат болуп эсептелет.
- Эгер имам жаңылыштык менен бир сажда же рукууну көбөйтүп койсо - муктадий аны менен бирге кылбайт, аны күтөт, анан имам сажда ас-сахв (унутуу саждасын) кылганда, муктадий да ага ээрчийт.
- Эгер имам акыркы отуруудан кийин жаңылыш туруп кетсе - муктадий аны менен бирге турбайт, отуруп калат жана «субханаллах» деп айтат. Эгер имам эстеп калып сажда кылганга чейин отурууга кайтып келсе - муктадий имам менен бирге салам берет жана имам унутуу үчүн сажда саху кылат. Эгер имам

[1] Муслим (Намаз 20/89)
[2] Даракутний (1/346)

ашыкча рекетке сажда кылганга чейин эстебей койсо - муктадий өз алдынча салам берет.
- Эгер имам акыркы отуруудан мурун жаңылыш туруп кетсе, муктадий ага ээрчибейт, өзү отуруп калат жана үч жолу «субханаллах» деп айтат. Эгер имам эстеп, отурууга кайтып келсе - муктадий ага ээрчийт. Эгер эстебей туруп кетсе жана сажда кылса - анда имамдын намазы бузулат, анткени ал акыркы каада менен ташаххудду таштап койду. Ошондой эле муктадийдин да намазы бузулат, анткени имамдын намазы бузулса, муктадийдин да намазы бузулат.
- Эгер имам акыркы ташаххуд өлчөмүндө отурган соң атайылап дааратты бузса же каткырып күлүп койсо - Масбук адамдын намазы дурус болбойт. Ал эми толук намазга жетишкен адамдын (мудрик) намазы жарактуу болот, бирок макрух болот, анткени ал намаздан саламсыз чыккан болот. Масбук болсо, анын намазы али бүтө элек болгондуктан, бузулуу анын намазына да таасир берет.

## Намаздагы адептер

Адеп - бул пайгамбарыбыз ﷺ бир же эки жолу жасап, бирок дайыма кылбаган амалы. Мисалы намаздагы тасбихтерди көбүрөөк айтуу сыяктуу. Адеп - сүннөттү толуктоо үчүн шариятта белгиленген амал болуп, мустахаб (жакшы көрүлгөн) амалдардан болуп саналат. Намаздагы адептерге төмөнкүлөр кирет:

**1.** Эркек адам кол көтөрүп такбир айтканда колдорун жеңдеринен чыгарып турушу - бул кыймыл өзүн төмөн алууга жакыныраак. Бирок суук же башка зарылчылык болсо, чыгарбай койсо да болот. Ал эми аялдар алакандарын жабышат. Себеби колду чыгаруудан улам билектери ачылып калышы мүмкүн.

**2.** Намаз окуп жаткан адамдын назары тик турганда сажда кылуучу жерге, рукуда тамандардын үстүңкү тарабына, саждада мурдунун учуна, отурганда тизелердин арасына жан салам берип жатканда ийиндерге караш керек. Бул адептерди сактоодо Умар ибн Хаттабдын (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздан ﷺ риваят кылган келерки хадисине көңүл буруу зарыл: “Аллахты көрүп жаткандай ибадат кыл. Эгер аны көрбөсөң, ал сени көрүп жатканын бил”.[1]

**3.** Колунан келгенче жөтөлдү жана кекирикти токтотууга аракет кылуу.

**4.** Эстегенде оозду жабуу. Эгер мүмкүн болбосо, колу же жеңи менен жабуу. Бул тууралуу Абу Хурайрадан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: “Намазда эстөө - шайтандан. Кимде-ким эстесе, колунан келишинче аны бассын”.[2]

**5.** Азанчы: “Хаййа алал фалаах”- деген учурда имам жана жамаат турушат, анткени бул - ибадатка чакыруу буйругу болгондуктан ага жооп берүү керек.

**6.** Имам «Код коматис-солах» (Намаз башталды) дегенде намазды баштоосу керек.

---

[1] Муслим (Ыйман 1/1)
[2] Тирмизий (Намаз 273/370)

**7.** Намаз окуган киши үчүн өзүнүн алдына “сутра” (тосмо) коюусу мустахаб. Бул тууралуу Абдул Малик ибн Рабий ибн Сабра, атасынан, ал өзүнүн атасынан риваят кылат: Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: “Силердин бирөөңөр намаз окуганда, намазы үчүн жебе менен болсо да, сутра коюп алсын[1]». Сутра коюунун хикматы (пайдасы):

А) Намаз окуган кишинин көзүн аны алаксыта турган нерселерден тосуп, көңүлүн топтоп, хушуъ (берилүү) пайда кылат.

Б) Эл өткөндө алардын жолун тосуп калбаш үчүн, сутра койсо, элге тоскоол болбой өтүп кете алышат. Бул тууралуу Абу Хурайрадан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ айтты: “Силерден ким намаз окуса, баш жагына бир нерсе тосуп койсун, эгер таба албаса, таякча орнотсун, эгер таяк да болбосо, жерге сызык тартсын, андан кийин анын алдында ким өтсө да зыяны жок”.[2]

**Намаздагы макрух иштер**

Макрух[3] - аны кылуунун ордуна кылбаганы артык болгон амал.
Намаз макрух тахримий менен окулса (катуу тыйылган деңгээлде макрух болсо), ал намазды кайра окуу - важиб. Эгер макрух танзихий (жеңилирээк макрух) менен окулса, анда кайра окуу мустахаб.

Пайгамбарыбыздын ﷺ “Бир намаздан кийин ошол эле намазды окуба!” -деген хадиси, шектенүү, (васваса) себебинен кайра-кайра окууну тыйган деп түшүндүрүлөт, макрух болгону үчүн эмес. Намаздагы макрух иштер төмөнкүлөр:

**1-** Намаздагы бир важиб же сүннөттү атайын таштоо макрух болуп эсептелет. Мисалы: Намазда имамга ээрчүү - бул важиб. Эгерде намаз окуп жаткан киши имамдан озуп кетсе, анда бул - макрух тахримий (катуу тыюу салынган макрух) болот. Анткени бул тууарсында пайгамбарыбыз ﷺ катуу эскерткен. Абу Хурайрадан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынат: Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Силердин кимде-ким башын имамдан мурда көтөрүп жатса, Аллах анын башын эшектин башындай кылып коюусунан же келбетин эшектин келбетиндей кылып коюусунан коркпойбу![4]».

**2-** Намаз учурунда кийими же манжалары менен ойноо макрух боолуп эсептелет. Анткени мындай аракет көңүл топтоого (хушууга) каршы келет. Хушуу - бул жүрөктүн Аллага бурулушу, мүчөлөрдүн тынч болушу жана намаздын парздарына көңүл буруу дегенди билдирет. Абу Хурайрадан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынат: Аллахтын элчиси ﷺ бир кишинин намазда сакалын кармалап, жатканын көрүп: «Анын жүрөгү хушуу[5] кылса, денеси да хушуу кылмак[6]» - деди.

**3-** Намазда мойнун буруп, айланып кароо макрух. Аиша энебиз (Аллах андан ыраазы болсун) мындай деди: Мен Аллахтын элчисинен ﷺ намаздагы бурулуу

---

[1] Ахмад (Муснад 3/404)
[2] Абу Дауд (Намаз 103/689)
[3] Макрух; Жактырылбаган ишке айтылат.
[4] Бухарий (Жамаат жана имам 25/659)
[5] Хушуу-багынуу, ардактоо,өзүн төмөн алуу кыяпаты
[6] Фатхул кабир 3-том, 44-бет

тууралуу сурадым, ал айтты: «Бул-пенденин намазынан шайтан уурдап алган уурулук[1]».

**4-** Мечитте түкүрүү – толугу менен макрух иш. (Бет аарчу колдонуу керек)
Анас ибн Малик (Аллах андан ыраазы болсун) мындай деди: Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «Мечитте түкүрүү - күнөө. Анын каффараты - аны көмүп коюу»[2].

**5-**Сол бутун жаткырып, оң бутун типтик коюу сүннөттөрүн таштоо макрух. Ошондой эле, ит отургандай отуруу жана буттарын кайчылаштырып отуруу макрух иш болуп эсептелет. Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) мындай дейт: Пайгамбарыбыз ﷺ мени үч нерседен кайтарды: Намазда бурулуудан, ит отургандай отуруудан (Икъаа) жана короз сыяктуу (чокугандай) шаша-шаша сажда кылуудан[3]».

**6-**Билектерди жерге жаюу (саждада) макрух болуп эсептелет. Айша энебиздин (Аллах андан ыраазы болсун) айтуусу боюнча: Пайгамбарыбыз ﷺ "Шайтан отургандай[4]» отуруудан, жана жырткыч жаныбардай эки колун жая салып сажда кылуудан тыяр эле[5]».

**7-** Саламга жаңсоо же ишарат менен алик алып, жооп кайтаруу.

**8-** Окууну (Куранды) тик турган абалдан башка учурда окуу макрух эсептелет. Мисалы: Руку же саждада турган абалда Куран окуу, же бир рукундан экинчи рукунга көчүп жаткан учурда зикирлерди айтуу.

**9 -** Экинчи рекетти биринчисинен узун кылуу макрух.

**10 -** Парз намазда бир эле сүрөнү бир рекетте же эки рекетте кайталоо макрух.
Ал эми нафил (кошумча) намазда: кайталаса болот, анткени нафил намаздарда кенендик бар.

**11-** Куранды тартиби менен окубай, тескери окуу макрух. Себеби, Ибн Масъуд (разияллаху анху) айткан: «Кимде-ким Куранды тескери тартипте окуса - ал өзү да тескери адам». Мисалы: Биринчи рекетте «Кул аъузу би Роббин нас» сүрөсүн окуп, экинчи рекетте кайра ошол эле сүрөнү же андан мурунку сүрөнү (мисалы, «Фалак» же «Бакара») окуу - макрух болуп эсептелет.

**12 -** Саждада турганда бутунун бармактарын кыбыладан башка тарапка буруу макрух.

**13-** Намазда оозун ачып эстөө макрух. Андыктан күчү жетишинче эстөөсүн басуусу керек. Себеби, Абу Хурайрадан (Аллах андан ыраазы болсун) келген хадисте пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Аллах чүчкүрүүнү жакшы көрөт, ал эми эстөөнү жаман көрөт. Эгер кимдир бирөө чүчкүрүп, "алъхамдулиллах" десе, аны уккан ар бир мусулман ага "ярхамукаллах" (Аллах сага ырайым кылсын) деп жооп берүүсү керек. Эстөө болсо шайтандан. Андыктан мүмкүн болушунча кармангыла. Эгер адам эстеп: "оох" деп койсо, шайтан андан күлөт[6]».

**14 -** Намаз учурунда көздү жумуу макрух. Ибн Аббастан (Аллах ал экөөсүнөн ыраазы болсун)) риваят кылынган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай деп

---
[1] Бухарий (Намаздын сыпаттары 11/718)
[2] Бухарий (Мечиттер 5/405)
[3] Имам Ахмад (Муснад 2/265)
[4] Б.а. эки тамандарын тике кылып, ага жамбашын жаздап отуруу
[5] Муслим (Намаз 46/240)
[6] Бухарий (Адеп 125/5869)

айткан: «Силерден ким намазда турса, көзүн жумбасын[1]». Бирок кээ бир учурларда - мисалы, ызы-чуудан алыс болуу максатында көздү жумган болсо, анда мубах.

**15 -** Намаз учурунда асман тарапка карап коюу макрух болуп саналат, атүгүл кунут дубасы учурунда болсо да. Анас бин Маликтен (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте, пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Кээ бир адамдар эмнеге намаз окуп жатып көздөрүн асман тарапка көтөрүшөт? - Бул тууралуу Аллахтын элчиси ﷺ катуу айтты да, анан мындай деди: "Алар бул адатын токтотпосо, көздөрүнүн көрүүсүнөн сөзсүз айрылып калышат[2]!"».

**16 -** Заарасын, заңын жана желин кысып кармап турган абалда намаз окуу макрух.

Бул тууралуу Абу Умама (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте «Аллахтын элчиси ﷺ кишинин заарасы келип турган абалда адамга намаз окуусуна тыюу салган[3]». Ошондой эле Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтымында пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: "Тамак даяр болуп турган учурда жана заара менен заң кыстап жатканда намаз жок[4]".

Мындай абалдарда окулган намаз кайра окулушу керек. Бирок,эгер жамаат менен намазды өткөрүп жиберүү же убакыт чыгып кетүү коркунучу бар болсо, анда бул абалдарда да намаз окууга жол берилет.

## Намазды бузуучу иштер

Намазды бузган иштер - бул намаздын ичиндеги туура эмес иштер, алардын айынан намаз жараксыз болуп калат, жана аны ошол убакыттын ичинде кайрадан окуу же убакыт өтүп кеткен болсо каза кылуу милдеттүү болуп калат. Намазды бузган иштер төмөнкүлөр:

- Сүйлөө. Буга түшүнүксүз болсо да эки тамга айтуу же түшүнүктүү болгон бир тамга айтуу кирет. Мейли ал сөздү унутуп айткан болсун, атайылап же жаңылыштык менен сүйлөгөн болсун, намазды бузат. Абдуллах ибн Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) мындай деп айтат: «Биз намаз окуп жаткан пайгамбарыбызга ﷺ салам берип койчубуз, ал бизге жооп берчү. Бирок биз Нажаши (Хабашы падышасы) тараптан кайтып келгенибизден кийин салам берсек, жооп бербей койду. Биз: "Оо, Аллахтын элчиси, мурда бизге жооп берчүсүңүз, азырчы?" – дедик. Ал айтты: "Намазда адам толугу менен алек болот (бошобойт)[5]"- деп жооп берди.
- Көп жана тынымсыз кыймыл. Ошондой эле ал кыймыл намаздагы кыймылдарга окшошпогон болсо (мисалы, ойноо, көйнөктү түздөө, орун которуу ж.б.). Бирок, эгер ал кыймыл намаздагыга окшош болсо, мисалы кошумча руку кылып алса, анда намаз бузулбайт, бул фикхта кечиримдүү деп эсептелет. Айрым аалымдар "көп кыймыл" дегенди артынан үч ирет катарынан кыймылдоо деп түшүндүрүшкөн.

---

[1] Мажмаъуз Заваид 2-том, 83-бет
[2] Бухарий (Намаз сыпаты 10/717)
[3] Ибн Маажах (Даарат 114/617)
[4] Муслим (Мечиттер жана намаз орундары 16/67)
[5] Муслим (Мечиттер жана намаз орундары 7/34)

- Көкүрөктү (денени) кыбыладан толугу менен буруу. Эгер даараты бузулуу себептүү болсо, намаз бузулбайт[1].
- Жеп, ичүү. Мейли унутуп же атайылап болсун, айырмасы жок. Эгер тиштердин арасында калган кичине нерсени жутуп алса, намазы бузулбайт. Бирок эгер ал нокоттун көлөмүнөн чоңураак болсо, бузулат.
- Таяммум кылган адам намаз учурунда суу тапса, анда намазын кайра окушу керек. Ошондой эле, намаз учурунда жарасы айыгып, таңгыч түшүп калса, Үзүрү бар адамдын үзүрү намаз бүткөнгө чейин токтоп калса, бут кийимге масх тартуу мөөнөтү бүтсө же акыркы каадада ташаххуд көлөмүнчө отуруудан мурда масх тартылган маасы чечилип калса, жылаңач адам уят жерин жаба турган кийим тапса жана руку жана саждага жөндөмсүз адам намаз учурунда калыбына келсе (жөндөмдүү болуп калса):
- Эгер намазда жатып алып окуп жатса, бирок намаз бүткөнчө руку жана сажда кылууга жөндөмдүү болуп калса, намазын жаңыдан окушу керек.
- Мурун калтырылып кеткен намазы эсине түшсө. Негизи каза болгон намаздар бешөөдөн аша элек болсо, тартиби менен окулат.Ал эми алты же андан көп намаз калып кеткен болсо, анда тартип менен окуу милдеттүү болбой калат.
- Намаз окулуп жаткан учурунда күндүн чыгышы же чак түштөн ооп кетиши: Тагыраак айтканда, таң намазын окуп жаткан учурда күн чыгып кетсе,же айт намазы убагында күн чак түштөн ооп калса. же жума намазын окуп жатканда аср намаздын убактысы кирип калса.
- Уят жердин (авраттын) намаздагы бир парзды аткарганчалык убактыча ачылып калуусу, же намазга тоскоол боло турган нажас нерсенин тийүүсү. Бирок эгер уят жери ачылаары менен дароо жаап койсо, же нажас нерсе дароо алынса жана изи калбаса, намаз бузулбайт.
- Катуу каткырып күлүү: Эгер намазда катуу үн менен күлсө, жана бул күлкү намаз окуган адамга угулса, анда намаз бузулат. Анткени Жабир (Аллах андан ыраазы болсун) айтымында, пайгамбарыбыз ﷺ минтип айткан: “Жөн гана жылмаюу намазды бузбайт бирок каткырып катуу күлүү бузат[2]”.
- Имамдан озуп кетүү жана аны менен бир парзды чогуу аткарбай калуу: Эгер имамга уюган адам имамдан мурда рукуга барып, анан имам рукуга келгенге чейин кайра туруп кетсе жана имам менен бирге ошол парзды аткарбаса, намазы бузулат.

## Нафилдер

Нафил намаздарынын аныктамасы:

Нафил намаздар - бул парз намаздардан тышкары, аткаруу талап кылынып, бирок кескин түрдө милдеттендирилбеген ибадаттар.

***Нафил намаздардын хикматы (даанышмандыгы, пайдасы) :***

[1] Намазды буза турган иштерди жасабай, даарат алып келип токтогон жерден улантат.
[2] Мажмауз Завааид 1-том, 82-бет

Парз намаздардагы кемчиликтерди толуктоо үчүн. Бул тууралуу Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) кабарлап мындай дейт: Мен Аллахтын элчисинин ﷺ мындай дегенин уктум: «Кыямат күнүндө пенденин иш-аракетинен эң биринчи суралганы - анын намазы болот. Эгер намазы жакшы болсо, ал кутулат жана ийгиликке жетет. Эгер намазы бузук болсо, ал зыянга учурайт. Эгерде парз намаздарда кемчилик болсо, анда Аллах Таала мындай дейт: "Пендемде нафилдери (кошумча намаздар) барбы?". Ошондо нафил намаздар менен парздардагы кемчиликтер толукталат. Калган амалдар да ушул тартипте каралат[1]".

Аллах Таалага жакындоо үчүн. Бул тууралуу Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) билдирген хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Аллах Таала айткан: "Ким Менин бир досума (авлияга) душмандык кылса, Мен ага согуш жарыялайм. Пендем Мен буйрук кылган парз иштерден артык Мен жактырган эч нерсе менен Мага жакындай албайт. (Пендем) Мен аны сүйүп калганга чейин ал нафил ибадаттар аркылуу Мага жакындай берет. Эгер Мен аны сүйүп калсам - Мен анын угуп жаткан кулагы, көрүп жаткан көзү, кармап жаткан колу, басып жаткан буту болом. Эгер Менден бир нерсе сураса - сөзсүз берем. Эгер Менден коргонуу сураса - сөзсүз коргойм. Кулум өлүмдү жаман көргөндөй, Мен да ага кыйынчылык келтирүүнү жаман көрөм"[2].

**Нафил намаздардын түрлөрү**

1. Белгиленген сүннөттөр (Раватиб): Бул - парз намаздар менен тыгыз байланган нафил намаздар. Алар парз намаздардан мурун же кийин окулат жана экиге бөлүнөт: Бекем сүннөттөр (сунна муаккада): б) Бекем эмес сүннөттөр (сунна гойру муаккада):

2. Парздарга байланбаган нафилдер (гойру роватиб):
Бул намаздар парздар менен байланышсыз, каалаган убакта өз алдынча окулуучу нафилдер.

***Биринчиден:*** Белгиленген бекем сүннөттөр: Төмөндө жадыбалда баяндалат:

| **Нафил** | **Өкүмү** | **Рекеттердин саны** |
|---|---|---|
| Багымдаттан мурда | Бекемделген сүннөт | Парздан мурда 2 рекет |
| Бешимден мурда | Бекемделген сүннөт | Парздан мурда 4 рекет |
| Бешимден кийин | Бекемделген сүннөт | Парздан кийин 2 рекет |
| Шамдан кийин | Бекемделген сүннөт | 2 рекет |
| Куптандан кийин | Бекемделген сүннөт | 2 рекет |
| Жумадан мурда | Бекемделген сүннөт | 4 рекет |
| Жумадан кийин | Бекемделген сүннөт | 4 рекет |

**Сүннөт намаздардын далилдери:**

[1] Тирмизий (Намаз 305/413)
[2] Бухарий (Жумшактык 38/6137)

Умму Хабиба (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте, пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Кимде-ким күнү-түн он эки рекет сүннөт намазды дайыма окуса, Аллах ага бейиштен бир үй курат. (Алар):Багымдаттан мурун 2 рекет, бешимден мурун 4 рекет, бешимден кийин  кийин 2 рекет, шамдан кийин 2 рекет жана куптандан кийин 2 рекет.[1]»

Пайгамбарыбыз ﷺ бул сүннөттөрдү дайыма окуган: Бул - алардын бекем сүннөт экенин көрсөтөт. Ал кээде гана жүйөлүү себептерден улам таштаган.

Багымдаттын сүннөтү - эң бекем сүннөт: Аиша энебизден (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Багымдат намазынын эки рекети (сүннөтү) дүйнөдөн жана андагы нерселерден да артык[2]». Багымдаттын сүннөтү – сүннөттөрдүн ичиндеги эң күчтүүсү. Анткени, анын пазилети тууралуу көп айтылган.

Бешим намазынын алдындагы төрт рекет: Көптөгөн сахабалардан риваят кылынган хадисте: «Пайгамбарыбыз ﷺ күн чак түштөн оогондо төрт рекет намаз окучу[3]» - деп айтылат.

Бешим намазынын алдындагы жана кийинки сүннөттөр тууралуу Умму Хабиба (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылгын хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Кимде-ким бешимден мурун 4 рекет жана андан кийин 4 рекет намаз окууну (үзгүлтүксүз) сактаса, Аллах аны тозок отуна арам кылат[4]».

Шамдан кийинки эки рекет сүннөт намаз тууралуу Ибн Аббас (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте: «Пайгамбарыбыз ﷺ шамдан кийинки эки рекет намазда узак окучу. Анча убакта мечиттеги эл тарай баштайт эле[5]».

Куптан намазынан кийинки төрт рекет нафил намаз тууралуу Ибн Умарга (Аллах андан ыраазы болсун) ***мавкуф*** жана пайгамбарыбызга таандык (***марфуъ***) кылып айтылган риваятта мындай деп айтылат: «Кимде-ким куптан намазынан кийин төрт рекет окуса, ага Кадыр кечеси  сыяктуу сооп берилет[6]».

Жумадан мурда окулуучу сүннөт 4 рекет болуп саналат. Ибн Аббастын (Аллах андан ыраазы болсун) риваятында: Пайгамбарыбыз ﷺ жума намазына чейин 4 рекет намаз окучу жана бул рекеттердин ортосунда (жуп кылып же салам менен) бөлчү эмес[7]».

Жумадан кийинки сүннөт дагы 4 рекет болуп саналат. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деп айткан: «Жума намазынан кийин 4 рекет намаз окугула. Эгер шашылыш иш чыкса, анда 2 рекетти мечитте, 2 рекетти кайтканыңда оку[8]!».

***Экинчиден:*** Бекемделбеген (мустахаб) нафил намаздар:

---

[1] Муслим (мусапырлардын намазы 103), Ахмад (Муснад 6/426)

[2] Муслим (Мусапырлардын намазы 725), Тирмизий (Намаз 416), Ахмад (Муснад 6/50-51)

[3] Муслим (Сахихте Аиша энебизден 730)

[4] Абу Дауд (Намаз 296/1269)

[5] Абу Дауд (Намаз 304/1301)

[6] Даракутнинин "Сунан" аттуу жыйнагында сахих (ишенимдүү) сенед менен келген.  Ат-Табарани "Аль-Аусатта" бул хадисти Барра жана Анастан  да риваят кылган. "Таълик алъ мугний алаа Даракутний" аттуу шархта да хадистин сахих экендиги белгиленген.

[7] Ибн Маажах (Намазды тургузуу 94/1129)

[8] Муслим (Жума 881),Ахмад (Муснад 2/499), Абу Дауд (Намаз 1131)

| Нафил | Өкүмү | Рекеттердин саны |
|---|---|---|
| Асрдан мурда | Бекемделбеген сүннөт | Парздан мурда 4 рекет |
| Куптандан кийин | Бекемделбеген сүннөт | Парздан мурда 4 рекет |
| Куптандан кийинки 2 рекет (бекемделген сүннөткө кошумча) | Бекемделбеген сүннөт | Бекемделген 2 рекет сүннөттө кийин |
| Шамдан кийин | Бекемделбеген сүннөт | Парздан кийин 6 рекет |

***Буга далилдер***:

Аср намазынан мурун - 4 рекет: Умардын уулу (Аллах ал экөөсүнөн ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай деп айткан: «Аср намазынан мурда 4 рекет окуган адамга Аллах ырайым кылсын[1]».

Куптан намазынан мурда 4 рекет. Абдуллах бин Мигфал алъ Музаний риваят кылган хадистеги пайгамбарыбыздын жалпылай айткан ушул сөзү: «Ар бир эки азандын (б.а. Азан жана коомат) ортосунда намаз бар, -деп үч ирет айтып, соңунда ким каалаcа деди[2]». Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: «Пайгамбарыбыз ﷺ куптан  намазынан мурун 4 рекет, андан кийин да 4 рекет окуп, анан жатчу[3]».

Куптан намазынан кийин бекемделген (муаккад) сүннөттөн кийин 2 рекет: Барраа ибн Аазиб (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай деп айткан: «Ким бешимден мурда 4 рекет окуса, ал түнү ошол рекет тахажжуд намазын окугандай болот. Ал эми ким аны (4 рекетти) куптан  намазынан кийин окуса, ал Кадыр кечесинде ошолорду окуган сыяктуу болот[4]».

Шам намазынан кийин 6 рекет. Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Ким шам намазынан кийин алты рекет  намаз окуса жана алардын ортосунда жаман сөз сүйлөбөсө, ага он эки жылдык ибадаттын сообу жазылат».[5]

**Белгиленбеген нафил намаздар**

**Биринчиден: Жамаат менен окулбай турган намаздар**

| | Нафил намаз | Кандай окулат | Далили |
|---|---|---|---|
| **1** | Мечит акысы (Тахиятул | Мечитке киргенде макрух эмес убакта 2 | Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Силерден бириңер мечитке кирсе, 2 рекет окумайынча отурбасын[6]». |

[1] Ибн Хузейма( Сахих 1193),,Ибн Хиббан (Сахих 2453), Тирмизий (Намаз 430),
[2] Муслим (Мусапырлар намазы 56/304),
[3] «Хашияту Тахавий алаа Марокил Фалах» 382-бет
[4] Бул хадисти Даркутни "Сунан" китебинде (2/87) сахих санад менен риваят кылган. Ошондой эле бул хадисти Табарани "Алъ-Аусат" аттуу китебинде Барраа жана Анастан риваят кылган. Хадисти толук түшүндүрмө менен "Алъ-Мугни шархы" китебинен караңыз.
[5] Тирмизий (Намаз 312/435)
[6] Бухарий (нафил ибадаттар 1/1110)

| | | | |
|---|---|---|---|
| | масжид) | рекет окуу | |
| **2** | Даарат сүннөтү | Даарат алгандан кийин 2 рекет окулат | Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Кимде-ким даарат алып, дааратын жакшы кылып алгандан кийин туруп, эки рекет намазды жүрөгүн жана жүзүн Аллахка буруп окуса, ал адамга бейиш важиб болот[2]». |
| **3** | Духа сүннөтү | Эки рекеттен баштап он эки рекетке чейин окулат. Бул намаз күн найза бою көтөрүлгөндөн баштап, күн чак түшкө келүүсүнөн мурда окулат. Төрт рекеттен аз болбогону жакшыраак. | Айша (Аллах андан ыраазы болсун) мындай дейт: "Аллахтын элчиси ﷺ духа намазын төрт рекет кылып окучу, анан Аллах каалаганча (кошумча) рекеттерди окуй берчү[3]". |
| **4** | Түнкү намаз | Эки-эки рекеттен. 8 рекеттен аз болбогону жакшыраак. | Аллахтын элчиси ﷺ айтты: «Парздан кийинки эң жакшы намаз-түнкү намаз[4]». |
| **5** | Кажет намазы | 2 же 4 рекет. Бир салам менен 12 рекет окулат деп да айтылган. | Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: "Кимде-ким Аллага болгон бир муктаждыгы же адамзаттан (кимдир бирөөгө) болгон муктаждыгы болсо, анда ал жакшылап даарат алып, андан кийин эки рекет намаз окусун. Анан Аллахты мактап, пайгамбарыбызга салават айтсын, андан соң мындай десин: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу эч ким жок. Ал – Халим (жумшак), Карим (берешен). Арштын Эгеси болгон Аллах – кемчиликтен ыйык. Бардык мактоо – ааламдардын Эгеси Аллахка таандык. Сенден ырайымыңды |

[2] Муслим (Даарат 6/17)
[3] Муслим (Мусапырлар намазы 13/79)
[4] Муслим (Орозо 38/22)

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | талап кылуучу себептерди, кечиримиңе жеткирүүчү жолдорду, бардык жакшылыктардан насипти жана бардык күнөөлөрдөн амандык сурайм.<br>Ээ Жараткан! Менин бир да күнөөмдү кечирилбей калтырба, менин бир да кайгымды чечилбей калтырба, Сен ыраазы болгон муктаждыктарыбызды орундат, оо Мээримдүүлөрдүн Мээримдүүсү![1]». |

**Жамаат менен окулбаган, белгиленбеген нафил намаздар**

| | Нафил намаз | Кантип окулат | Далили |
|---|---|---|---|
| 6 | Истихара намазы | 2 рекет. Андан кийин дуба кылынат. | Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Эгер силерден бириңер бир иш кылууну ойлосо, парздан тышкары болгон эки рекет (нафил) намазын окусун. Андан соң минтип айтсын: Оо Аллахым! Мен сенин илимиң менен сенден жакшылык сурайм. Сенин кудуретиң менен сенден күч кубат сурайм. Сенин улук пазилетиң менен сураймын. Сен кудуреттүүсүң мен кудуреттүү эмесмин. Сен бардык нерсени билүүчүсүң, мен билүүчү эмесмин. Сен бардык кайыптарды билүүчүсүң. Оо Аллахым, эгер ушул ишти (мухтаждыгын айтат) мен үчүн динимде, жашоомдо жана ишимдин акыбетинде, учурда же келечегинде, жакшы экендигин билсең, ага менин кудуретимди |

[1] Тирмизий (Намаз 348/479)

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | жеткир жана аны мен үчүн жеңилдет. Андан соң аны мен үчүн берекелүү кыл. Эгер бул иш мен үчүн динимде, жашоомдо жана ишимдин акыбетинде, учурда же келечегинде, жаман экендигин билсең, аны менден, мени андан бургун. Кайда болсом да мага жакшылыкты насип кыла гөр. Андан соң мени ал жакшылык менен ыраазы кылгын. Андан соң муктаждыгын атын атайт [1] ». (Бухарий) |
| 7 | Тасбих намазы | Бул намаз төрт ракөттөн турат, бир салам менен же эки салам менен окулушу мүмкүн. Ар бир рекетте жалпы 300 жолу төмөнкү зикир айтылат: «Субханаллах, вал-хамду лиллах, ва ла илаха иллаллах, валлаху акбар». Кээ бир риваяттарда буларга дагы төмөнкү зикир кошулат: «Ва ла хаула ва ла куввата илла биллах». Бул зикир ар бир рекетте 75 жолу айтылат төмөнкү | Аббас (Аллах андан ыраазы болсун) мындай дейт: Аллахтын элчиси ﷺ мага айтты: "Оо, агам! Сага белек кылбайынбы? Сага пайдалуу нерсе көрсөтпөйүнбү? Сага жакшылык кылбайынбы?". Мен: «Ооба, оо, Аллахтын элчиси!» -дедим. Ал айтты: «Анда төрт рекет намаз оку. Ар бир рекетте Фатиха сүрөсүн жана дагы бир сүрө оку. Кыраат бүткөн соң, рукуга чейин: *Субханаллах, вал-хамду лиллах, ва ла илаха иллаллах, валлаху акбар» - деп* 15 жолу айт [2]. *Хадис*<br><br>Бул хадистин уландысында намаздын ар бир бөлүгүндө (рукуда, саждада ж.б.) бул зикирди канча жолу айтуу |

[1] Бухарий (Нафилдин түрлөрү 1/1109)

[2] Тирмизий (Намаз 482), Абу Дауд (Намаз 1297), Ибн Маажах (1386)

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | тартип менен: Санадан кийин 15 жолу, кырааттан кийин 10 жолу, рукуда 10 жолу, рукудан турганда 10 жолу, ар бир эки саждада 10 жолудан, эки сажда ортосунда 10 жолу. | керектиги айтылат. |

***Экинчиден: Белгиленбеген, бирок жамаат менен окула турган нафил намаздар***

1-Таравих намазы

Рамазан айында ибадатка туруунун пазилети:

Абу Хурайрадан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадис: Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Ким Рамазанды ыйман менен жана сооп үмүтү менен түнкү ибадат (таравих) менен өткөрсө, мурдагы күнөлөрү кечирилет[2]».

Абдуррахман ал-Каринин риваятында мындай деп айтылат: “Мен Умар ибн алъ-Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) менен бир Рамазан түнү мечитке чыктым. Карасак, эл ар кайсы жакта өз-өзүнчө намаз окуп жатышыптыр: бирөө өзү жалгыз окуйт, бирөө окуп, бир нече киши ага ээрчип окушат. Ошондо Умар айтты: “Эгер буларды бир Куран окуган имамдын артында жамаат кылып чогултсам жакшы болот го” - деп чечим чыгарып, баарына Убай ибн Каабды (Аллах андан ыраазы болсун) имам кылып дайындады. Кийинки түнү биз дагы чыктык. Эл Убайдын артында жамаат менен намаз окуп жатышыптыр. Ошондо Умар айтты: “Бул кандай гана жакшы бидъат (жаңы жакшы салт) болду![3]”.

Аиша (Аллах андан ыраазы болсун) мындай деп айткан: «Бир түнү түн ортосунда пайгамбарыбыз ﷺ мечитке чыгып, намаз окуду. Айрым эркектер келип, анын артында намаз окушту. Эртеси күнү эл бул тууралуу сүйлөп калды. Экинчи түнү эл көбүрөөк чогулуп, дагы анын артында намаз окушту. Үчүнчү түнү эл дагы көбөйдү. Пайгамбарыбыз ﷺ чыгып намаз окуду, алар да анын артында намаз окушту. Төртүнчү түнү мечит элге батпай калды. Бирок пайгамбарыбыз таңкы намазга гана чыкты. Таңкы намаздан кийин элге карап, мындай деди: «Силердин ордуңар мага жашыруун болгон жок. Бирок мен бул намаз силерге парз болуп калбасын деп корктум, анткени кийин аткара албай калышыңар мүмкүн[4]».

---

[2] Бухарий (Таравих намазы 2006,2009)
[3] Бухарий (Таравих намазы 2010)
[4] Бухарий (Таравих намазы 2012)

Ибн Шихабдын айтымында пайгамбарыбыз ﷺ дүйнөдөн кайтканга чейин бул намаз (таравих) жамаат менен дайыма окулбай турган абалда калды. Андан кийин Абу Бакрдын халифалык мезгилигинде жана Умардын халифалык мезгилинин башында да ушундай болду.[1](Аллах ал экөөсүнөн ыраазы болсун)”.

***Өкүмү жана убактысы:***

Таравих намазы - эркектер менен аялдар үчүн бекем сүннөт (сүннөтү-муаккада) болуп эсептелет. Бул намазды жамаат менен окуу сүннөт. Айрым аалымдар аны **«суннату айн» (**ар бир адам аткаруучу сүннөт**)** - деген. Тагыраак айтканда, «Эгер таравихти бир жамаат окуса, ошол жамаатка ал киши кошулбаса, жамааттын намазы бул кишинин моюнунан кутулдурбайт[2]“ - деп да айтышкан. Анын убактысы куптан намазынан кийин башталып, таң атканга чейин уланат.

Таравих намазынын окулуш тартиби: Таравих намазы - түнкү намаз сыяктуу: экиден экиден же төрттөн төрттөн окуса болот. Бирок ар төрт рекеттен кийин кыскача тыныгуу (эс алуу) кылынат. Таравих намазында Рамазан айынын акыркы түнүндө аяктай тургандай кылып Куранды толук (хатм) окуу сүннөт болуп саналат. Бирок эгерде жамаатка (элге) кыйынчылык болсо, анда алардын абалын эске алуу жакшыраак болот. Бирок өтө тездик менен окуп, намазды бузуп коюудан сактануу керек.

**Таравих намазынын рекеттеринин саны:**

Таравих намазы витр менен кошо жалпы жыйырма үч рекет. Мындай болуусу Умар ибн Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) Рамазан айында элди ушунча рекет менен жамаат кылып окутканы тууралуу риваятка негизделген[3].
“Таравих” деп аталуусунун себеби, анткени сахабалар ар төрт рекеттен кийин эс алышчу. (“Таравих” деген сөз арабча “эс алуу, жеңилденүү” деген маанини берет.) Ар төрт рекеттен кийин болгон эс алуу учурунда (тарвиха) жеке өзү намаз окуу менен алек болбостон, анын ордуна ***эс алуу*** мааниси жүзөгө ашуу үчүн зикр,тасбих (Субханаллах), тахлил (Ла илаха иллаллах) деп айтуу же илим угуу менен алектенүүсү туура болот[4].

Умар ибн Хаттабтын (Аллах андан ыраазы болсун) иш-аракети бул намаздын 20 рекет экенин анык көрсөтөт. Анткени ал элди акырында мечитке жыйнап, 20 рекетке топтогон. Сахабалар да бул ишке макул болушкан. Алардан кийин келген туура жолдогу халифалар да буга каршы болгон жок. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Менин сүннөтүмдү жана туура жолдогу халифалардын сүннөтүн бекем кармагыла. Аны тиштериңер менен бекем тиштегиле[5]!».

---

[1] Бухарий (Таравих намазы, Рамазанда ибадатка туруунун пазилети бөлүмү)
[2] «Алъ Фикх алаал Мазахиб алъ Арбаъа» китебин кара. (1/340)
[3] Малик (Муватта 1/115), Байхакий ж-а башкалар сахих иснад менен риваят кылган (2/496)
[4] «Алъ Фикх алаал Мазахиб алъ Арбаъа» китебин кара. (1/143)
[5] Абу Дауд (Сүннөт китеби 4583), Тирмизий (Илим китеби 2815)

Имам Абу Ханифага (Аллах аны ырайым кылсын) Умар ибн Хаттабтын бул иши жөнүндө суроо берилгенде ал мындай деген: «Таравих - бекем сүннөт. Умар муну өз ою менен чыгарган эмес. Бул боюнча ал пайгамбарыбыздан ﷺ калган негизге жана далилге таянган. Ал эч кандай бидъат (динге кошумча) киргизген эмес».

## 2-Истиска (жамгыр тилөө) намазы

Истиска - Аллах Тааладан кечирим тилеп, Аны мактап, даңазалап, жаан суроо. Бул ибадат Куран, сүннөт жана үммөттүн бир пикирине (ижма) ылайык шариятта жоболонгон. Аллах Таала айтты: «Эгер, чындыгында, айылдардын тургундары ыйман келтиришкенде, такыба болушканда Биз аларга берекелерди асмандан жана жерден да ачмакпыз (жибермекчибиз). Бирок (аяттарды) жалганга чыгарышты. Аларды өздөрү кылган күнөөсүнөн улам алдык[1]. *(Аъраф сүрөсү, 96-аят)* Анас ибн Маликтен (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте мындай деп айтылат: «Пайгамбарыбыз ﷺ истиска кылып, жаан тилөө үчүн колдорун көтөрүп, алаканын ылдый каратып асман тарапка ишарат кылды[2]».

## Истиска кандайча аткарылат:

Истиска - бул Аллахтан жаан тилөө менен дуба кылуу жана истигфар (кечирим суроо), ошондой эле бүткүл эл менен чогуу талаага чыгуу.

Истиска намазын окуу - шариятта жоболонгон, бирок бул бекем сүннөт эмес.

Далили: Халифа Умар ибн Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) - пайгамбарыбыздын ﷺ сүннөтүнө эң катуу карманган сахабалардын бири болгон. Бирок анын истискада намаз окубаганы айтылат. Бул анын сүннөт эместигине ишара. Ибн Аббастан (Аллах андан жана анын атасынан ыраазы болсун) риваят кылынат: Пайгамбарыбыз ﷺ жамгыр тилөө үчүн сыртка чыкты. Ал жөнөкөй, токтоо жана кичипейил абалда чыккан. Ал элдин намазга чыкчу аянтына келгенде, силер окуду деп жаткандардай хутба окуган жок. Ал токтобой дуба кылып, жалбарып, такбир айтып турду. Андан соң, эки рекет намаз окуду - бул Курман айт же Орозо айттагыдай намаз болду[3]». Башкача айтканда, ал намазды азансыз жана икаматсыз үн чыгарып окуду.

Имам кыбыла тарапты карап туруп, дуба учурунда колун көтөрөт, анткени Умайр аттуу сахаба баяндайт: «Мен пайгамбарыбызды ﷺ Завра аймагына жакын зайтун таштарынын жанында истиска кылып жатканда көрдүм. Ал тик

[1] жазаладык
[2] Муслим (Истиска 1/6)
[3] Тирмизий (Намаз 395/558)

туруп, дуба кылып жатты. Колун көтөргөн, бирок колдору башынан ашып кеткен эмес –жүзү тарапка карата көтөрүлгөн эле[1]».

Анас ибн Малик (Аллах андан ыраазы болсун) мындай дейт: «Пайгамбарыбыз ﷺ эч бир дубада колун көтөрчү эмес, бир гана жаан тилегенде (истискада) көтөрчү. Ал колун ушунчалык көтөрчү, анын колтук астындагы агарган териси көрүнүп калчу[2]». Бул учурда эл отуруп, пайгамбарыбыз ﷺ кылып жаткан дубасына “амин” дешчү.

Дубаны сүннөттөгүдөй кылганы жакшыраак: пайгамбарыбыз ﷺ мындай деп дуба кылган: “Аллахым! Бизге жаан жибер - жеңил, көп, берекелүү, пайдалуу жана зыянсыз, кечиктирбестен, тез арада![3]».

**Кусуф (күн тутулуусу) жана Хусуф (ай тутулуусу) намазы**

Бул намаздын өкүмү-сүннөт

Кусуф жана Хусуф намазынын тартиби: Кадимки нафил намаз сыяктуу бир руку жана эки сажда менен. эки рекет окулат. Бул тууралуу Кабиса алъ-Хилали (Аллах андан ыраазы болсун) мындай деп айтат. Пайгамбарыбыздын ﷺ доорунда күн тутулду. Ал коркуп, чапанын сүйрөп чыгып келди. Ошол күнү мен да Мадинада болчумун. Ал эки рекет намаз окуду жана анда өтө узак туруп, андан соң кайтты. Ошондо күн да кайра ачылды. Анан мындай деди: «Бул аят-белгилер - Аллах Тааланын коркутуусу. Эгер муну көрсөңөр, анда намаз окугула - албетте, жакын убакта окуган парз намазга окшогондой болсун[4]!»

Тартиби боюнча эреже: Жамаат менен окулат. Азан да, икамат да айтылбайт. «Намаз жамаат менен окулат!» - деп элге кабар берилет. Намазды имам да, эл да үндү чыгарбастан (жашыруун) окушат.

Бул намазда узак туруп окуу, руку жана сажданы узартуу - сүннөт болуп эсептелет. Себеби Самура ибн Жундуб (Аллах андан ыраазы болсун) узун бир хадисте мындай дейт: «Биз пайгамбарыбыз ﷺ элге чыгып келатканда жолугуп калдык. Ал бизге имамдык кылып, бардык намаздардан узагыраак түрдө турду. Анын үнү угулбайт эле. Андан соң руку кылды - бул да ага чейин болгон рукулардан узагыраак болду. Андан кийин сажда кылды - бул сажда да мурункулардан узак болду Үнү дагы угулбады. Андан кийин экинчи рекетке өтүп, ошол эле амалдарды кайталады[5]».

---

[1] Абу Дауд (Намаз 260/1168)
[2] Абу Дауд (Намаз 260/1170)
[3] Абу Дауд (Намаз 260/1169)
[4]Абу Дауд (Намаз 262/1185)

[5] Хаким (Мустадрак 1-том, 30-бет)

Имам намаз бүткөндөн кийин элди карап, күн (же ай) ачылганга чейин кыбыла тарапта дуба кылууну улантат. Эгер адам жалгыз окуса, анда намаздан кийин кыбыла тарапты карап отуруп алып дуба кылат.

Ал эми хусуф намазын ар дайым жеке өз үйлөрүндө окушат. Анткени пайгамбарыбыз ﷺ ал үчүн (хусуф) адамдарды топтогон эмес.

**Нафил намаз окуу макрух болгон убакыттар:**

1- Таң намазынын убактысы киргенден кийин. Бирок таңкы сүннөт намазы гана болот.

2- Таңкы парз намазынан кийин күн чыгууга чейин. Атүгүл сүннөт намазы да кайра окулбайт.

3- Күн жаңы чыгып жатканда, тактап айтканда найза бою көтөрүлгөнгө чейин. Болжол менен күн чыккан соң жарым сааттан кийин.

4- Чак түштө. Күн асмандын так ортосунда туруп калган кезде.

5- Аср намазынан кийин күн батканга чейин.

6- Жума күнү имам минбарга хутба айтууга чыккан учурда.

7-Азанчы парз намазга икамат айтып баштаганда. Бир гана багымдат намазынын сүннөтүн ган окууга уруксат.

8- Айт намазынан мурун же кийин мечитте намаз окуу.

9- Парз намаздын убактысы өтүп бараткан учурда.

10- Кишинин даараты кыстап турган учурда.

**Парз намаздар окулбай турган убакыттар:**

Парз намаз, жаназа намазы, жана аят саждасы төмөнкү учурларда окулбайт. Эгер намаз убактысы өтүп кетсе - каза кылуу керек:

1. Күн чыккан учурдан тартып, көтөрүлгөнчө чейин.
2. Күн так ортодо туруп, чак түштөн ооп кеткиче.
3. Кечинде күн кызарып батып жаткан убакта (толук батканга чейин).

Аср намазы гана кечинде күн кызарып калган учурга туура келсе, макрух тахримий иретинде окуса болот.

**Эскертүү:**

1. Жалпы нафил (кошумча) намаздар: Күндүзү - ар төрт рекеттен кийин салам берилет. Түн ичинде - ар эки рекеттен кийин салам берилет.
2. Витр намазы: Куптан намазынын кийин окулат. Ал үч рекеттен турат, бирок шам намазынан айырмаланып, үчүнчү рекетте Фатиха жана кыска сүрө окулгандан кийин кулактарынын тушуна чейин кол көтөрүп такбир айтылат да рукудан мурда кунут дубасы окулат. Эгер унутуп койсо - сажда саху (ката саждасы) кылынат.
3. Жаназа намазы жана тилават саждасы: Эгер булар парз намаз жараксыз болгон макрух убакытта келип калса - окула берет, жарактуу болот. Бирок эгер алар ошол убакыттардан мурда келген болуп, атайылап **кечиктирилип** ошол убакыттарга калтырылса, анда аларды аткаруу **жараксыз** жана ишке ашпайт.
4. Автоунаа же учакта нафил намаз: Кайсы багытта болбосун - автоунаада же учакта ишарат менен нафил намаз окуса болот. Мусапыр болсо да, же кайсы бир муктаждык менен өз шаарынан чыгып кеткен болсо да.
5. Нафил намазды отуруп окуу: Отурган абалда окуса болот, бирок ага жарым сооп берилет.
6. Эгер адам өз ыктыяры менен нафил намазын бузуп койсо, Ал нафил намазды кайрадан окуу - важип болот.

## Саху (унутуу) саждасы

Сажда саху - бул намазда унутуу же жаңылуу себептүү, намаздын акырында милдет болгон эки сажда кылуу болуп саналат.

Далили: Мугийра ибн Шуъба (Аллах андан ыраазы болсун) баяндайт: «Пайгамбарыбыз ﷺ экинчи рекеттен кийин унутуп туруп үчүнчү рекетке өтүп кетти. Сахабалар “Субханаллах” деп эскертишти, бирок ал отурган жок. Дагы тасбих айтышты эле, отурган жок. Акыры намаз бүткөндө, сажда сахв кылды.[1]».

## Сажда сахунун себептери:

1. Намазда унутуп, бир рукунду унутуп кечиктирүү же эрте кылуу. Мисалдар: Кырааттан кийин рукуну кечиктирүү. Бир рукун өлчөмүнчө экинчи рекетке турууну кечиктиирүү. (Тагыраак айтканда 3 тасбих көлөмүнчө кечиктирүү)

2. Намаздагы важиптердин бирин тунутуп таштап коюу же аны эрте кылуу, же кечиктирүү. Мисалы: Фатиха сүрөсүн окубай калтырып коюу, фатихадан кийин кошумча сүрө окууну таштап коюу, алгачкы кааданы таштап коюу, эки ташаххуддун бирин таштап коюу, витр намазында кунут дубасын калтырып коюу, имам кыраатты купуя окуй турган жерде жарыя окуп койсо, же жарыя окуй турган жерде купуя окуп койсо,мындай абалдарда сахв саждасын кылуу важип болот.

## Эскертүү:

[1] Абу Дауд (Намаз 1036), Ибну Маажах( Намазды тургузуу 1208)Хаким (Мустадрак 1/325)

Эгерде бирөө төрт рекеттик парз намаз окуп жатып, төртүнчү рекеттин каадасынан кийин жаңылып бешинчиге туруп кетсе, жана ошол бешинчи рекетти толук окуп бүткөндө гана мунун ашыкча экенин түшүнсө, анда дагы бир рекетти кошуп алты рекет кылып окуйт. Андан соң сахв саждасын кылат. Бул алты рекеттин төртөөсү - парз катары эсептелет. Ал эми калган 2 рекети - нафил катары эсептелет. Бул окулган намаз толук жана жарактуу болот.

**Сажда саху өкүмү жана сыпаты:**

- Сажда саху - важип болуп эсептелет.
- Сыпаты: Намаз бүткөндө, бир жолу оң тарапка салам айтат. Андан соң эки важип түрдө сажда кылат. Саждадан кийин кайра ташаххуд окуп, анан кайра салам берет.

**Сажда саху жасалбай турган (милдеттен түшүп калуучу) кээ бир учурлар:**

- Намаз окуп жаткан учурда күн чыгып калса;
- Аср намазынан кийин күн кызарып батып жаткан учурда;
- Жума же айт намазында имам жаңылып кетсе — имамга сажда сахв кылуу туура келбейт, анткени эл көп болгондуктан адаштыруу коркунучу бар;
- Имамга жамаат менен намаз окуп жаткан киши жаңылып кетсе - (б.а. жамааттагы киши өзү ката кетирсе, сажда кылбайт) Бирок эгерде имам сажда сахв кылса, жамааттагылар өздөрү жаңылып кетпесе да имамга ээрчип сажда кылышат;
- Эгер бир киши сажда саху кылууну унутса, анда ал адамдан сажда сахв кылуу мойнунан түшөт.

**Намазда шектенүү**

Намаз окуп жаткан адам намаз ичинде шектенсе, анда кайра башынан окуйт. Айрыкча намазда алгачкы жолу шектенүү пайда болгон болсо. Ал эми намазында шектенүү адатка айланып калган болсо, ага көңүл бурбастан, ою кайсыга үстөмдүүлүк кылса намазын ошого негиздеп уланта берет.

Буга далил: Ибн Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) Пайгамбарыбыздан ﷺ мындай деп айтканын риваят кылат: «Силердин бириңер намаз окуп жатып, канча рекет окуганына шектенсе, анда намазды башынан кайрадан баштасын[1]» Ошондой эле бул хадисти Абдуллах ибн Аббас, Абдуллах ибн Умар жана Абдуллах ибн Амр ибн Аас (Аллах алардан ыраазы болсун) да риваят кылышкан.

Эгер намаз окуп жаткан киши канча рекет окуганына шектенсе - үч рекетпи же эки рекетпи - жана бул күмөн анын оюнда тең болуп, бир тарабы басымдуу болбосо, анда ал азыраак сандагыга таянышы керек. Бул учурда эки рекетке таянып, ар бир акыркы рекет деп ойлогон рекетинен кийин ташаххуд окуп

[1] Бухарий (Намаз 401), Муслим (Мечитттер 572)

отурушу керек. Себеби парз болгон акыркы кааданы таштап койбошу үчүн. Ошондой эле унутуудан (катадан) улам сажда сахв кылат. Мунун далили: Абдуллах ибн Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздан ﷺ мындай дегенин риваят кылат: «Силердин бириңер намазда шектенип калса - үч рекет окудубу же төрт рекетпи - анда туурасына жакын деп ойлогон жагын тандап, ошол боюнча улантсын[1]». Кимде-ким намазда канча рекет окуганын ойлонуп, үч жолу «Субханаллах» дегенче убакыт өткөрсө, анда унутуудан улам сажда (саху) кылат.

Пайгамбарыбыз ﷺ унутуудан улам (сажда саху) сажда кылган беш учур бар:

1. Эки рекеттен кийин отурбастан туруп кеткенинде - бул Абдуллах ибн Бухайна (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте айтылган[2].
2. Эки рекеттен кийин салам бергенинде - бул Зулъ Ядайн (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте келген.[3]
3. Үч рекеттен кийин салам бергенинде - бул Имран ибн Хусайн (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте айтылган.[4]
4. Беш рекет намаз окуп койгонунда - бул Ибн Масъуд(Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте айтылган.[5]
5. Күмөн саноодон улам сажда кылуусу - бул Абу Саид ал-Худри (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте келген[6].

**Тилават (Куран окуудагы) сажда кылуунун өкүмү:**

Тилават саждасы - Куран окуган адамга да, уккан адамга да важиб (милдеттүү) болуп саналат. Мында уккан адам Куранды угууга атайын ниет кылсын же кылбасын - айырмасы жок.

Анын важиб болушунун шарттары: Мусулман болуу, акыл-эстүү болуу, Балагатка жашы жеткен болуу жана дааратту болуу.

Важиб экендигинин далили: Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздан ﷺ мындай хадисти риваят кылган: «Адам баласы сажда аятын окуп, сажда кылганда, шайтан четке чыгып ыйлайт да мындай дейт: Адам баласына сажда кылуу буйрулду - ал сажда кылды, ошондуктан ага бейиш берилет. Мага да сажда кылуу буйрулган, бирок мен сажда кылган жокмун - ошондуктан мен үчүн тозок бар[7]». Ошондой эле Аллах Таала сажда кылбаган бир коомду сындап, мимнтип айткан: «Аларга Куран окулганда, сажда кылышпайт». (Иншикак сүрөсү, 21-аят) Бул сындоо важиб (милдеттүү нерсе) ташталган учурда гана болот.

---

[1] Ахмад (Муснад 1/204-205), АбуДауд (Сунан 1033), Ибн Хузейма (2/111)
[2] Бухарий (1224), Муслим (570),
[3] Бухарий 6051), Муслим (573)
[4] Тирмизий (359), Абу Дауд (1039), Ибн Хиббан( 536)
[5] Бухарий (401), Муслим( 572)
[6] Муслим (571), Малик (Муватта 62)
[7] Муслим (Ыйман 81), Ахмад (Муснад 2/443)

**Сажда тилаваттын важиб болуу себеби:**

Бул эки нерсенин биринен улам важиб болот: Куранды окуу жана аны угуу. Андыктан, өзү керең болсо да,куранды окуган болсо, жана окуй албай, бирок уккан болсо, тага илават саждасы важиб болот. Аллах Таала мындай дейт: «Биздин аяттарыбызга ыйман келтиргендер – алар ага эскертип айтылганда, сажда кылып жыгылышат». (Сажда сүрөсү, 15-аят)

**Тилават саждасынын убактысы:**

- Тар убакыт (дароо кылуу): Эгер намазда сажда аятын окуса, дароо сажда кылат.

- Кеңири убакыт: Эгер намаздан тышкары окуса, анда өмүрүнүн аягына чейин сажда кылуу милдеттүү бойдон калат.

- Ал эми эгер намазда окуп жатып, тилават саждасын ошол жеринде унутуп өткөрүп жиберсе, анда сажда сахв кылуу важиб болот.

**Сүрөнүн ортосундагы жана аягындагы сажда аяттарынын ортосунда айырма бар:**

- Эгер сажда аяты сүрөнүн ортосунда болсо, анда дароо сажда кылуу важиб болот. Эгер адам сажда кылбай туруп ниет менен руку кылса, анда жетиштүү болот (б.а. руку сажданын ордуна өтөт).

- Эгер сажда аяты сүрөнүн аягында болсо, анда адам рукуда сажда ниетин кылса, бул жетиштүү болот. Ошондой эле тилават саждасын кылып туруп кайра туруп, андан кийин кааласа Куран окуп, анан рукуга өтсө да болот, же дароо рукуга өтсө да болот. Бул жерде адамга тандоо берилет.

**Эскертүүлөр:**

- Эгер адам сажда аятын бир отурумда (бир мажлисте) жаттап алуу үчүн кайталап окуса, бир эле жолу сажда кылуу жетиштүү болот. Бирок эгер мажлис (отурум) өзгөрсө, анда ар бир мажлис үчүн өзүнчө сажда кылуу талап кылынат.
- Тилава саждасы важиб болуп эсептелет. Аны Куран окуп жаткан адамдын оозунан укса да, же радиодон (медия каражатынан) укса да айырмасы жок. Бирок, эгер сажда аятын кичине бала же акылы жок адам (жинди) окуп жатса, аны угуп жаткан адамга сажда важиб болбойт.

**Тилават саждасы кандай кылынат:**

Тилават саждасы - эки такбирдин ортосундагы бир сажда болуп саналат. Ошондой эле эки жолу туруу (кыям) дагы мустахаб.

Аткаруу тартиби мындай: Сажда кылуу милдет болгон адам туруп турат жана колун көтөрбөстөн “Аллаху акбар” деп такбир айтып, жерге жыгылып бир сажда кылат. Андан соң “Аллаху акбар” деп башын көтөрүп, кайра тик турат - бул мустахаб амал болуп саналат. Бул саждадан кийин ташаххуд окуу жана салам берүү жок.

**Тилават саждаларынын орундары**

| | **Сүрөнүн аталышы** | **Аят номери** | **пара** | **Куран китебиндеги бет номери** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аърааф | 206 | 9 | 176 |
| 2 | Раъд | 15 | 13 | 251 |
| 3 | Нахл | 49 | 14 | 272 |
| 4 | Исра | 109 | 15 | 293 |
| 5 | Маръям | 58 | 16 | 309 |
| 6 | Хажж | 18 | 17 | 334 |
| 7 | Фуркан | 60 | 19 | 365 |
| 8 | Намл | 24 | 19 | 379 |
| 9 | Сажда | 15 | 21 | 416 |
| 10 | Сад | 24 | 23 | 454 |
| 11 | Фуссилат | 37 | 24 | 480 |
| 12 | Нажм | 62 | 27 | 528 |
| 13 | Иншикак | 21 | 30 | 589 |
| 14 | Алак | 19 | 30 | 597 |

## Жума намазы

Жума намазынын убактысы жана өкүмү:

Жума күнү жума намазына азан айтылгандан кийин, ар бир милдеттүү мусулман адамга (акыл-эси жайында болгон, баллагатка жеткен жана эркек кишиге) ишин, соода-сатыгын таштап, хутбаны укканга жана жума намазын окуганга барышы парз болот. Жума намазы - эки рекеттен турат.

Жума намазынын өкүмү: Бул - фард айн (ар бир жеке адамга милдеттүү парз). Бул төмөнкү далилдер менен бекемделет: Аллах Таала айтат: «Эй ыйман келтиргендер! Жума күнү намазга чакырылсаңар, анда Аллахты эстөөгө шашкыла!». (Жума сүрөсү, 9-аят) Ибн Умар (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Ким жума намазын жеңил көрүп үч жолу таштаса, Аллах анын жүрөгүн мөөрлөп коет[1]».

[1] Имам Ахмад – «Муснад» (3/424),Абу Дауд – Салат (намаз) китебинде, хадис №1052,Тирмизий – Жума намазын себепсиз таштоо жөнүндө бабта,Насааий – Жума китебинде (3/88),Ибн Маажа – Суннанында, хадис №1126. Бул хадисти ал-Буусайрий сахих деп баалаган.

Пайгамбарыбыздын ﷺ мындай деп айткандыгы риваят кылынат: «Акыйкатта, Аллах Таала ушул менин турган жеримде, ушул айымда, ушул жылымда силерге жума намазын парз кылды. Кимде-ким аны менин тирүүмдө же менин өлүмүмдөн кийин аны жеңил көрүп, андан баш тартып, анын акысын тоготпой таштаса, анын адилеттүү болсун же залым болсун, имамы бар болгон болсо, анда Аллах анын биримдигин бузсун жана ишине береке бербесин. Билип алгыла! Анын намазы жок[1]! Билип алгыла! Анын зекети жок! Билип алгыла! Анын ажылыгы жок! Билип алгыла! Анын орозосу да жок! - Тек Аллахка тооба кылса гана (кутулат). Ким тооба кылса, Аллах анын тообосун кабыл алат[2]».

**Жума намазынын сүннөттөрү:**

Жума намазына келген адам үчүн намаздын алдында төрт рекет, андан кийин да төрт рекет нафил намаз окуу – сүннөт болуп эсептелет. Бул жөнүндө Тирмизий риваят кылган хадисте мындай деп айтылат: Абдуллах ибн Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) жума намазынан мурун төрт рекет, жума намазынан кийин да төрт рекет окучу. Бул намаздар бекемделген (муаккада) сүннөттөрдүн катарына кирет.

**Жума намазынын парз болушунун шарттары:**

Жума намазынын парз болуу шарттары эки түргө бөлүнөт: Түздөн-түз намаз окуй турган адамга байланыштуу шарттар жана башка себептерге байланыштуу шарттар.

**Биринчи түрү:** Намаз окуган адамга байланыштуу шарттар:

1-Эркиндик (эркин адам болуу): Андыктан азат эмес адамга жума намазы парз эмес.

2-Эркек болуу: Андыктан аялдарга жума намазы парз эмес, анткени аларга жамаат менен окулуучу намаз да, жума намазы да милдеттүү эмес. Бирок эгер аял мечитке барып, жума намазын окуса, анда анын намазы туура болуп, парз намаз ордун аткарган болот.

3-Акыл-эстүү болуу: Жиндиге (акылынан ажыраган адамга) жума намазы парз эмес.

4-Балагатка жеткен болуусу. Андыктан жашы жетпегенге жума намазы парз эмес. Бирок аларды мечитке алып барып, жума намазына үйрөтүү – зарыл. Анткени балагатка жеткен болуу жана акылдуулук – намаздын өзү үчүн негизги шарттар, ошондуктан жума намазы үчүн да ал шарттардын болушу андан да маанилүүрөөк.

---

[1] Б.а. аталган амалдарды кабыл кылбайт деген мааниде.
[2] Ибн Маажах (Сунан: Намазды тургузуу жана андагы сүннөт/ жуманын парз болуусу тууралуу бап 1081)

5. Саламаттык (ден соолукта болуу): Ооруган адамга жума намазы парз эмес, анткени ал мечитке келе албайт же ага келүү оор болушу мүмкүн.

6. Көрүү (көзү көрүшү): Сокур адамга жума парз эмес – бул ага жеңилдик болсун үчүн. Бирок эгер анын жетелеп бара турган адамы болсо, анда парз болот.

7. Коопсуздук: Жума намазы парз болушу үчүн коопсуздук шарт болушу керек.

8. Бир жерде туруктуу жашаган адам болуу: Сапарда жүргөн адамга жума парз эмес. Анткени сапардагы адам жума намаз үчүн шаарга кирип, имам менен жамаатты күтүүгө туура келет, бул болсо сапарды кечиктирет.

***Жогоруда жума намазы милдет болбойт деген адамдарга карата далил:***

Жабир (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыз ﷺ мындай дегенин риваят кылган: Ким Аллахка жана акырет күнүнө ишенсе, ага жума намазы милдеттүү. Бирок сапардагы адамга, кулдарга, балдарга, аялдарга жана оорулууларга парз эмес. Ким жума намазын оюн-зоок же соода үчүн таштаса, Аллах да ага муктаж эмес. Анткени Аллах Өзү Бай жана мактоого Татыктуу[1]!».

Эгерде жума намазы парз эмес адамдар - мисалы: аял, бала, оорулуу же сапардагы адам - жума намазын окуса, анын намазы туура болуп саналат жана бешим намазынын ордуна өтөт.

**Экинчиден: Намаз окуган адамдан тышкары шарттар**

Жума намазы парз болушу үчүн намаз окуган адамдын өзү менен гана чектелбестен, айлана-чөйрөдө да белгилүү шарттар болушу керек.

**1.** Жума намазы атайын шарттарга жооп берген шаарда же кыштакта окулуусу керек. Тактап айтканда, бул жер “миср” (шаар) статусуна ээ болушу керек. Анын белгилери: Башкаруучу (эмир) же казы (сот) болушу, Туруктуу үйлөр жана көчөлөр болушу, жолдор жана коомдук керектөөлөр (муктаждыктар) үчүн шарттар болушу керек. Эгер бул шарттар жок болсо, анда жума намазы парз болбойт жана ал жерде жума эмес, бешим намазы окулат.

Буга далил: Ибн Аббас (Аллах андан ыраазы болсун) мындай дегени риваят кылынган: «Исламда Мадинадагы жума намазынан кийин алгачкы жума намазы Жуасада окулган. Ал - Бахрейн аймагындагы Абдул-Кайс уруусуна таандык бир айыл эле[2]». Бул жерде “айыл (قرية )” деген сөз менен эмне

---

[1] Даркутний – Сунан аттуу хадистер жыйнагында (2/3),Байхакий – Сунан алъ-Кубра аттуу китебинде (3/184). Ошондой эле бул маселе тууралуу башка хадистер да бар, алардын ичинде:Абу Дауддун Сунанында – кулдар жана аялдар үчүн жума намазы тууралуу риваят,Хаким – Мустадрак аттуу китебинде (1/288), жанаЗахабий бул хадисти шейхайн (Бухарий жана Муслим) коюп кеткен шарттарга ылайык таким (сахих) деп бекиткен. Толук маалымат үчүн «Насб ар-Рая» (2/198–199) китебине караңыз.

[2] Бухарий (Намаз китеби 892)

айтылууда? “Айыл” деген сөздүн мааниси бул жерде “шаарча” же “калктуу жер” деген мааниде колдонулган. Бул маани Курандагы төмөнкү аяттардан да байкалат: «Биз барган айылдан сурап көр». (Юсуф: 82) Бул аятта “айыл” деп айтылган жер – Мисир (Египет) болуп эсептелет. Дагы бир аятта мындай деп айтылат: «Канча айылдар сенин айылыңан (Меккеден) күчтүүрөөк эле, биз аларды жок кылдык». (Мухаммад: 13) Бул аятта «сенин айылың» -деп Мекке айтылып жатат. Демек, Мисир жана Мекке айыл эмес шаар болуп саналат.

**2.** Хутба (жумадагы насаат) окуган адам –падыша же анын өкүлү болушу керек

Башкача айтканда: Жума намазын жана хутбаны (насаатты) өткөрө турган жооптуу адам болушу керек. Буга далил: Мурдагы хадисте айтылган: «...анын адилеттүү болсун же залым болсун, имамы бар болгон болсо...». Хадисте жума намазын таштаган адамга карата катуу эскертүүнү имамдын болуусуна шарттаган.

**3.** Жума намазы үчүн убакыт кириши шарт. Жума намазы – бешим намазынын убактысына туш келиши керек. Пайгамбарыбыз ﷺ Мадинага Мусаб бин Умайрды жөнөткөндө, ага мындай деген: «Күн чак түштөн оогондо, эл менен жума намазын оку[1]!».

**4.** Хутба (жумадагы насаат) – жума намазынын шарты болуп саналат. Далил: Аллах Таала Куранда мындай деген: «Аллахты эстөөгө шашылгыла!». (Жума сүрөсү: 9-аят)

Умардан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте мындай деп айткан: «Сапар намазы, Орозо айт намазы, Курман айт намазы жана жума намазы - эки гана рекет, жана булар толук намаз болуп эсептелет, кыскартылган эмес. Мунун баары силердин пайгамбарыбызыңар ﷺ аркылуу бекитилген[2]». Жума күнү намаздан мурда эки хутба (насаат) окулат. Хутбада тасбих айтуу жана мактоо сыяктуу Аллах Тааланы ыкылас менен зикир кылуу шарт кылынат. Ошондой эле, Курандан аят окуу жана пайгамбарыбыздын ﷺ хадистерин келтирүү жана аны менен биргеликте элди такыбалыкка (Аллахтан коркууга) чакырылуусу сүннөт болуп эсептелет.

**5.** Жума намазы жамаат менен окулушу керек. Жалгыз адам (имамсыз) жума окуса жараксыз болот. Минималдуу жамаат саны: үчтөн жогору эркек болушу керек жана булар акыл-эси бар, ажырата билген адамдар болушу шарт. Далилдер: Риваятта келгендей: «Пайгамбарыбыз ﷺ хутба окуп жатканда, соода кербени келип, элдин көбү ошол жакка кетип калган. Ал эми пайгамбарыбыз ﷺ менен 12 гана киши калган - алардын ичинде: Абу Бакр, Умар, Усман, Али ж.б.

[1] Иълаус Сунан (8/45) Ат Талхис алъ хабир (1/133)
[2] Ахмад (Муснад 1/37), Насаий ( Мужтаба/Жума намазы 3/111,118), Ибн Маажах( Сунан/Намаз 1063,1064) Ибн Хиббан (2783)

болгон. Ошого карабастан, пайгамбарыбыз ﷺ жума намазын ошол 12 адам менен өткөргөн[1]».

Дагы бир риваятта Мусаб бин Умайр Мадинада 12 киши менен жума намазын өткөргөндүгү айтылат. Демек, үч адамдан баштап жамаат деп эсептелет - андан көп болушу шарт кылынбайт.

***Жума намазын жетишүү (катышуу) тууралуу:***

Эгер адам имам салам берүүдөн мурда жума намазынын кайсы бир бөлүгүнө жетсе, ал жума намазына жетишкен болот.

**Жума күнүндөгү сүннөттөр:**

1. Гусул алуу (толук жуунуу) 2. Жыттуу атырдан себинүү. 3. Эң жакшы кийимдерин кийиүү. 4. Намазага эртерээк баруу. 5. Кахф сүрөсүн окуу. 6. Пайгамбарыбызга ﷺ салават-саламды көбүрөөк айтуу. 7. Дуба кылуу. Анткени жума күнү кабыл болуучу бир саат бар. 8. Тырмактарды кыскартуу.

***Жума күнүндөгү макрух тахримий (арамга жакын макрух) болгон иштер:***

- Адамдардын моюндарынан аттап өтүү.
- Хутба айтылып жатканда сүйлөшүү.
- Хутба айтылып жатканда нафил намаз окуу.

## АЙТ НАМАЗЫ

**Айт намаздарынын шарттары:**

Мусулмандардын жылына эки майрамы бар: Орозо айт жана Курбан айт.
Ал эки айт намазынын шарты жума намазына эле окшош. Бир гана эки нерседе айырмаланат:

1. Эки айт хутбасы сүннөт ал эми намазы важип.
2. Айт намазынын хутбасы жума намазынан айырмаланып, намаздан кийин айтылат.

**Айт намаздарынын важип экендигинин далили:**

Аллах Таала таала (Каусар) сүрөсүнүн 2-аятында: «Андыктан Роббиң үчүн намаз окугун жана (жандык) союп-курбандык кылгын!» - деп айтты. Тафсирде: Айт намазын оку жана курбандык чал-деп, милдеттүү экенин баяндайт.

Аллах Таала (Бакара) сүрөсүндө: «Силерди туура жолго баштагандыгына такбир айтып, Аллах Тааланы Улуулагыла» - дейт. Такбир айтуудан максат-айт намазын окуу - деп айтылат.

[1] Бухарий (Жума 936 дагы башка орундарда айтылган хадис номерлери: 2058,2064,4899), Муслим (Намаз 1307)),

Айт намазы азансыз жана икааматсыз жамаат менен эки рекет окулат. Ушул абалда окулуусун Ибну Аббас (Андан Аллах Таала ыраазы болсун!) тастыктап: «Аллах Тааланын элчисинин ﷺ, Абу Бакрдын, Умардын жана Усмандын (Алардан Аллах Таала ыраазы болсун!) артынан уюп намаз окуганымда, хутбадан мурда азансыз жана икааматсыз намаз окушту[1]» - деп айтат.

Ошондой эле намазга киришүү такбиринен сырткары үч такбир айтылуусу важип жана бул намаздын хутбасы намаздан кийин окулат. Ибну Умар (Аллах Таала ал экөөсүнөн ыраазы болсун!): «Аллах Тааланын элчисинин ﷺ, Абу Бакрдын жана Умардын (Алардан Аллах Таала ыраазы болсун!) артынан уюп намаз окуганымда, Хутбадан мурда намаз окучу эле[2]» - деп айтты.

Имам Орозо айт хутбасында садака-фитирдин өкүмдөрү, ал эми Курбан айт хутбасында курбандык чалуунун өкүмдөрүн, айт күндөрүнүн такбир-ташриктарын жамаатка баяндап берүүсү керек.

**Айт намаздарынын сыпаты:**

Имам намазга киришүү үчүн такбир айтат. Андан соң санаа дубасын окуйт да кошумча үч такбир айтат. Андан соң «**Аъуузуну**» жана «**Бисмиллани**» купуя айтат да «**Фатиха**» сүрөсү менен кошо бир сүрөнү жарыя окуйт. Андан соң рүкүгө барат жана парз намаздарында аткарылуучу амалдарды улантат.

Экинчи рекет биринчиге окшош. Бир гана кошумча такбирлер «**Фатиха**га» ээргешип окулуучу сүрөдөн кийин айтылат.

Биринчи рекетте «**Аълаа**», ал эми экинчи рекетте «**Гаашия**» сүрөсүн окуу жакшыраак.

**Айт намаздарынын убактысы:**

Күн бир же эки найза бою көтөрүлгөндөн ооганга чейин. Пайгамбарыбыздын ﷺ сахабасы Абдуллах бин Буср айтымында: Ал айт күндөрүнүн биринде (Орозо айт же Курман айт) эл менен бирге чыкты. Имам кечиккенин көрүп таң калып айтты: «Биз мындай убакта намазыбызды бүтүрчүбүз» - деп айтты. Бул убакыт «тасбих убактысы» эле (б.а. духа намазынын убагы). Табаранийдин риваятында: «Бул болсо духа тасбихинин убагы болчу» - деп келет[3].

**Жума жана Айт намаздарынын хикматы:**

Мусулмандар чогулуп, жакшылык жана Аллах жолунда бири-бирин жакшы көрүүнүн үстүндө бириккендиги, ошондой эле душман көзүнө айбат көрүнүүсү үчүн Аллах Таала жума жана эки айт намаздарын ар бир мусулман пендесине милдеттүү кылып койду.

---

[1] Муслим (Эки айт намазы 887)

[2] Бухарий (Эки айт 351), Муслим (Эки айт 890)

[3] Абу Дауд (Сунан 1135), Ибн Маажах (Сунан 1317), Алъ Хаким Бухарийдин шартына ылайык (Мустадрак 1/295)

Айт күндөрүндө тууган-туушкандар ортосунда байланыш орундалып, кедей-кембагалдардын маанайы ачылат жана мусулмандар Аллах Тааланын Ырайымына жана Берешендигине курсан болушат.

Аллах Таала бул жөнүндө: **«(*эй Мухаммад) айткын*: «Аллах Тааланын Берешендик-Жоомарттыгы (Ислам) жана Ырайым-Мээрими (Куран) менен-мына ушул (нээмат) менен кубанышсын. (Анткени) бул алар жыйнай турган байлыктардан абзелирээк»** - деп айтты. (Юнус сүрөсү: 58)

**Айт күнү эмне амалдарды аткаруу мустахаб:**
**Такбир айтуу:**

Намаз окуучу: «Аллаху Акбар, Аллаху Акбар, Аллах Акбар, Лаа илааха иллАллах ва Аллаху Акбар, Аллах Акбар ва лиллахил хамд[1]» - деп айтат.

Эгер кааласа: «Аллах Акбару кабиира, валхамду лиллахи касиира, ва субхаанАллахи букратав ва асиила, лаа илааха иллАллах вахдах, садака ваъдаху ва насара ъабдаху, ва хазамал ахзаба вахдаху, лаа илааха иллАллаху ва лаа наъбуду илла иййаах, мухлисиина лахуд-диин ва лау карихал каафируун. Аллахумма солли ъалаа сайидинаа Мухаммад, ва ъалаа аали саййидинаа Мухаммад ва ъалаа асхааби саййидинаа Мухаммад ва ъалаа зуррияти саййидинаа Мухаммад ва саллама таслииман касииран[2]» - деп айтса да болот.

Ушул, жогоруда баяндалган Курбан айтта Арафа күнүнүн таңкы намазынан баштап, майрамдын төртүнчү күнкү дигер намазына чейин-жамаат менен-айтылат.

Ал эми Орозо айтта болсо, айт болор күнү түндөн баштап, айт намазынын хутбасы окулганга чейин жалгыз-жалгыз - айтылат.

***Орозо айтта:***

- ✓ Сивак[3] колдонуп, оозун тазалоо;
- ✓ Гусул[4] кылуу;
- ✓ Эң жакшы кийимин кийүү;
- ✓ Атыр себинүү;
- ✓ Айт намазга чыгаар астынан бир аз таттуулардан ооз тийүү;
- ✓ Орозо питирин-айт намазы окулганга чейин-берүү.

***Курбан айтта жогорудагылар менен кошо:***

- ✓ Айт намазы окулуучу жайга жеткенче такбир айтып баруу;
- ✓ Эгер кааласа үйдөн чыраарда бир аз тамактанса болот. Бирок өз курбандыгынан ооз тийүү үчүн эч нерседен дам татпай туруусу дурус.

---

[1] Алла Улуу, Алла Улуу, Алла Улуу, Алладан башка теңир жок. Алла Улуу жана Ага мактоо болсун!

[2] Алла улуулардын Улуусу, Аллага көптөгөн мактоолор, эрте таңда жана кечинде да Алла Ыйык, Бир Алладан башка теңир жок, убадасын чындыкка ашырып, пендесин жеңишке жеткирди жана топторду жалгыз өзү жеңилүүгө дуушар кылды. Алладан башка теңир жок жана Андан башкага кулчулук кылбайбыз. Чыныгы ыклас менен Аллага кулчулук кылабыз, каапырлар жактырбаса да дин Алланыкы. Эй Алла мырзабыз Мухаммадты, Анын үй-бүлөсүн, Анын сахабаларын(жоро-жолдош) жана Анын коомун ырайым кыл! Аларга Алланын көптөгөн саламы болсун!

[3] Тиш тазалагыч чөп

[4] Толук жуунуу

# МУСАПЫР НАМАЗЫ

**Мусапырдын өкүмү:**

1. Рамазан айында оозун ачууга болот;
2. Жума жана айт намаздарынан, ошондой эле курбандык чалуу милдетинен бошотулат;
3. Төрт рекеттүү намаздарды кыскартып окуусу лаазым.

**Кыскартылуучу намаздар жана анын өкүмү:**

Парз намаздардын төрт рекеттүүсү гана кыскартылат: Бешим, дигер жана куптан намаздары эки рекеттен окулат. Ал эми таңкы жана шам намаздары ошол бойдон эле окулат.

Мусапыр киши аталган намаздарды кыскартып окуусу ваажип. Эгер толук бойдон окуса намзы дурус боло берет, бирок өзү күнөөкөр болот.

Умар *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун!)*: «Пайгамбарыбыз ﷺ айтуусу боюнча: «Сапар намазы - эки рекет, жана жума намазы да эки рекет - булар кыскартылган эмес, толук намаз болуп эсептелет. Бул - силердин пайгамбарыңар Мухаммаддын ﷺ айткан буйругу менен[1]“» - деп айтты.

Имраан бин Хусайн *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун!)*: «Пайгамбарыбыз ﷺ сапарга чыккан кезинде шам намаздан башкасын эки рекеттен окучу[2]» - деп айтты.

**Кыскартуунун шарттары:**

1. Сапардын аралыгы үч күн-үч түн жол (б.а.83 км.) болуусу керек. Кимде-ким ушул же мындан да алысыраак аралыкка сапар тартууга ниеттенсе-сапары жеңил же оор болгонуна карабастан-жашаган жердин акыркы конушунан өтөр замат кыскартып окуйт. Анткени кыскартуу кыйынчылыкка эмес, балким сапарга чыгуусуна негизделген.
2. Сапардын башталышы. Адам сапарга чыккан болуп эсептелиши үчүн төмөнкү шарттар керек: Ал өзүнүн жашаган жеринен чыгуусу керек. Жашаган жеринин чегин, жана шаарга тиешелүү болгон аймак (мисалы: ат майданы же мейит коюлуучу жай) бүткөн чекке чейин чыгуусу зарыл.
3. Сапарга чыгууну ниет кылуусу.
4. Намаз окууда мусапыр мусапырга эргешет. Ал эми жергиликтүү тургунга эргешип окуган учурда намазын толук бойдон окуйт. Бирок намаз убактысы өтүп кеткенден кийин эргешүүсү дурус эмес. Мусапыр адамга жөнөкөй тургун эргешип намаз окуусу дурус.

Абдулладан *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* Умар бир Хаттаб *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* Меккеге келген кезинде Мекке элине имам болуп, эки рекет окучу да: «**Эй Мекке эли, намазыңарды толуктагыла, анткени биз мусапырбыз**» - деп айтчу. Тургундар болсо, имам салам бергенден кийин

---

[1] Ахмад (Муснад 1/37), Насаий (Эки айт жана жума намазы 3/180-199), Ибн Маажах (намазды тургузуу 1063-1064), Ибн Хиббан (Сахих 2783)

[2] Ахмад (Муснад 4/430),, Абу Дауд (Сунан 1229), Тирмизий (Намаз баптары 545)

туруп, жалгыз-жагыз ар кимиси өзүнчө үнүн чыгарбастан окуп, намазын толуктайт. Бирок аларга башкалар уюп окууга болбойт.

**Кыскартуунун башы жана акыры:**

✓ Өзү жашаган жердин акыркы конуштарынан өткөндөн тартып, ниет кылган жерине жеткенче кыскартып окуйт;

✓ Ниет кылган жерде он беш күндөн аз турууну ниеттенсе кыскартып окуйт. Ал эми он беш күн же андан көбүрөөк турууну ниет кылса, ал учурда кыскартып окубайт;

✓ Өз мекенине кайтып келе жаткан кезинде-жашаган жериндеги үйлөр көрүнмөйүнчө-кыскартып окуй берет. Алгачкы үйдү көрүү замат толук окуй баштайт;

✓ Эгер үч күн-үч түн жүрбөй туруп, кайра мекенине кайтса, үйгө кайтуу ниети менен алгачкы ниети бузулуп, толук окуй баштайт;

✓ Мусапыр кезинде төрөлгөн мекенинен өтсө, жашоону ниеттенбесе деле-намазын толук окуйт. Ал эми убактылуу жашаган мекенинен өтүп калса, он беш күн турууну ниеттенмейинче кыскартып окуй берет.

## Оорулуу адамдын намазы

Ислам оңой жана жеңилдиктин дини катары орулуу адамдын абалына карай мүмкүнчүлүгүнө жараша намаз өкүмдөрүн жеңилдеткен.

**Ооруу адам намазынын өкүмдөрү:**

1. Эгер туруп окууга кудурети жетпесе, ал учурда отуруп окуйт жана рүкү-сажда кылат;
2. Эгер рүкү-сажда кыла албаса, муну имаа-ишаарат менен жасайт. Сажданы рүкүдөн ылдыйыраак кылат. Бирок сажда кылуу үчүн жүзүнө туштап бир нерсени бийигирээк кылып койуп албайт.

Далил: Имраан бин Хусайн *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* айтты: «Ооруган кезимде пайгамбарыбыз ﷺ мага зыярат кылууга келип: «Туруп намаз оку. Эгер ага кудуретиң жетпесе, отуруп оку. Отуруп окууга да алсыз болсоң, ал учурда башың менен имаа-ишаарат кылып, капталдап жаткан абалда оку» - деп айтты.[1]

Али *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* айтты: Оорулуунун намазы жөнүндө пайгамбарыбыз ﷺ: «Эгер сажда кыла албаса саждасын рүкүдөн бир аз ылдыйыраак кылган абалда башы менен имаа-ишаарат кылып окуйт[2]»-деп айтты.

[1] Бухарий (Намазды кыскартуу тууралуу 1117), Тирмизий (Намаз 372)
[2] Баазар (риваят кылуучулары сахих риваят кылуучулар «Мажмауз Завааид» 1/201), «Иълаус Сунан» китебин караңыз 1/171)

3. Эгер отуруп окууга алсыз болсо, чалкалап жатып, эки бутун кыбла тарапка сунуп, башын бийигирээк көтөрүп, кыблага караган абалда окуйт. Далил: Пайгамбарыбыз ﷺ оорулууну кабар алып келип, аны ушул абалда намаз окуп жатканын көрүп: «Эгер жерге сажда кыла алсаң-сажда кыл. Ал эми ага кудуретиң жетпесе, башың менен-имаа-ишарат кылып оку[1]» - деп айтты. Дагы бир риваятта Абдуллах ибн Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) ооруп жаткан бир тууганынын үйүнө кирет. Аны намаз окуп жатканда көрөт - ал саждада маңдайын коюу үчүн бир боо мисвакты жогору көтөрүп ага сажда кылып жаткан болот. Ошондо ибн Масъуд анын колундагыны алып, мындай дейт: «Бул - шайтандын силерге көрсөткөн нерсе![2]».

4. Эгер башы менен имаа-ишарат кылп окуганга да алсыз болсо, ал учурда көзү менен да, кирпиги менен да жана жүрөгү менен да имаа-ишарат кылбастан намазын кечиктирип турат. Далил: пайгамбарыбыз ﷺ бизге баш менен имаа-ишаарат кылып окууга гана уруксат берген жана анын ордун эч бир мүчө ээлей албайт. Башка мүчө менен деле имаа-ишарат кылуу дурус болсо, пайгамбарыбыз ﷺ кабар берип, айтмак.

Сак-саламат адам намазын туруп окуп жатып ооруп калса, калганын отурган абалда-рүкү-сажда кылып-улантат. Эгер отуруп улантууга алсыз болсо, башы менен имаа-ишарат кылып, же ага да алсыз болсо, жөлөнгөн абалда окуйт. Ушунун тескерисинче ооруу отуруп окуп жатып, сакайып кетсе, намазын туруп улантат.

Оорулуу адам өзүн жоготуп, беш убакыт намазын окуй албай, өткөрүп жиберсе, сакайган кезинде казасын окуйт. Ал эми андан көп болсо, каза кылып окубайт.

## ЖАНАЗА

**«Жаназа»** - бул маркумду акыркы сапарга узатуу жөрөлгөсү. Ага маркумду жуунтуу (жуу), кепинге ороо жана көмүү сыяктуу иш-аракеттер кирет.

**Ажал астында турган инсанга карата кылуу сүннөт болгон иштер:**

1. Оң жамбашы же арты менен, кыблага карай алгыдай бир аз башын көтөрүп, жаткыруу керек. Абу Катада (Аллах андан ыраазы болсун) мындай деп айткан: Пайгамбарыбыз ﷺ Мадинага келгенде **Бараа ибн Маърур** жөнүндө сурады. Ага:

   - Ал каза болду жана өзүнүн мал-мүлкүнүн үчтөн бирин сага, эй Аллахтын элчиси, мураска калтырды. Ошондой эле өлүм алдында жатканда жүзүн кыбыла тарапка буруну керээз кылды, - деп жооп беришти. Ошондо пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Ал фитирага (таза табиятка) ылайык иш кылды. Бирок мен анын үчтөн бирин уулуна кайтарып бердим[3]» - деди.

---

[1] Баззаар (риваят кылуучулары сахих риваят кылуучулар «Мажмауз Завааид» 1/201), «Иълаус Сунан» китебин караңыз 1/178)

[2] Табараний (Алъ Кабир китеби. Риваят кылуучулар ишеничтүү. «Мажмауз Завааид» китебинде айтылган.

[3] Байхакий 3-том 384-бет

2. Күбөлүк берүү келимесин айтып туруу; Пайгамбарыбыз ﷺ: «**Өлүктөрүңөргө «Лаа илааха иллАллах»ты айтып тургула**[1]»-деп айтты.
3. Үй-бүлөсү жана кошуналары кирип, акысын өтөп, Аллах Таалага болгон ой-үмүтү жакшы болуусу үчүн ага Аллах Тааланын ырайымдуулугун, сыйын, ырайым кылып, күнөөлөрүн кечирүүсүн эстетип туруусу, ошондой эле суу берип туруусу абзел. Анткени өлүм төшөгүндө жаткан инсан тез-тез чаңкайт.
4. Баш тарабынан «Ясиин» сүрөсүн окуп туруу керек.
5. Периштелер катышкандыктан анын алдынан толук жуунуу важип болгон (жунуп же этек кири келген аял сыяктуу) инсандарды чыгаруу.

**Кайтыш болгонудан кийин эмне кылуу абзел:**

1. Анын астында: «Салаамун ъалал мурсалиин, вал-хамду лиллахи раббил ъааламиин, лимисли хааза фал-яъмалул аамилуун, ваъдун гайру макзуубу[2]»-деп айтылуусу.
2. Ээгин ээнирээк кездеме менен башынын үстүнөн байлоо.
3. Көзүн жумдуруп: «Бисмилла ва ъалаа миллати расуулиллах, Аллахумма яссир ъалайхи амраху, ва саххил ъалайхи маа баъдаху, ва асъидху биликааика, важъал маа хаража илайхи хайран миммаа хаража ъанху[3]»-деп айтуу. Шаддад ибн Аус риваят кылган хадисте Аллах Тааланын элчиси ﷺ: «Эгер бирөө кайтыш болсо, көзүн жумгула. Анткени көз жанды (рух) ээрчийт жана жакшы сөз айткыла. Анткени, периштелер үй ээсинин айтканына «Аамиин![4]» - деп айтышат[5]» - деди.
4. Маркумду бир кездеме менен жабуу. Айшанын (Аллах андан ыраазы болсун) айтканы боюнча: «Пайгамбарыбыз ﷺ каза болгондо, аны бир хибара (жибек аралаш кездеме) менен жаптык[6]».
5. Эки колун жанына коюу (көкүрөгүнө коюу дурус эмес).
6. Жууганга жана кепинге орогонго оңой болуусу үчүн муундарын жазуу.
7. Анын жаназасын окуучулардын саны көбөйүүсү үчүн жана жакындары жана достору акыларын өтөөсү үчүн кайтыш болгондугун элге жарыялоого болот. Анас ибн Малик (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте: Пайгамбарыбыз ﷺ Зейд, Жафар жана Ибн Раваха шейит болушканын элге алардын кабары келе электе эле кабарлады[7]».
8. Мейитке урмат катары, аны көмүүгө тезирээк даярдоо. Пайгамбарыбыздан ﷺ: «Шашылгыла (маркумду жерге берүүдө), анткени мусулман адамдын сөөгү өз үй-бүлөсүнүн ичинде (узак убакыт) кармалышы жарашпайт[8]».

---

[1] Тирмизий (Жаназалар 7/976)
[2] Элчилерге салам, ааламдар роббуна мактоолор, амал кылуучулар ушундай кылышсын, бул жалган эмес убада!
[3] Алланын ысмы менен. Алланын элчисинин коомунан. Эй Алла, анын ишин жеңил, акырын оңой кылып, Өзүңө жолугуусу менен бактылуу, чыгып кеткенинен(дүнүйө) киргенин(акырет) жакшы кыл!
[4] Эй Алла, кабыл кыл!
[5] Ибн Маажах (Жаназалар 6/1455)
[6] Муслим (Жаназалар 6/1455)
[7] Бухарий (Казаттар 42/4014)
[8] Абу Дауд (Жаназалар 38/3159)

**Кайтыш болгон адамдын акысы:**

1. Ар бир кайтыш болгон мусулман жуулуп, кепинделүүсү жана жаназасы окулуп, көмүлүүсү керек.

2. Ал эми шейит болуп кайтыш болгон болсо, жуулбастан-каны менен-кепинделет:

Аллах Тааланын элчиси ﷺ Ухуд согушу болгон күнү: «Мен аларга күбөмүн. Аларды каны менен кепиндегиле, андыктан кыямат күнү шейиттин жаракаты кан түсүндө, ал эми жыты миск (атыр) жытында болот[1]» - деп айтты.

- Эгер ага жунуб (гусул важиб болгон) абалда шейит болсо, Абу Ханифанын айтуусу боюнча Ухуд согушу күнү шейит болгон Ханзаланы *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* эки periште жуугандай эле жуулуусу керек. Ал эми Имам Мухамад менен Имам Юсуфтун айтуусу боюнча, жунуб абалда болсо деле жуулбастан кепинделет.

- Ар бир кайтыш болгон момун-мусулманга жаназа намазы окулганындай эле, шейитке да жаназа намазы окулат.

Ибн Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган узун хадисте Аллах Тааланын элчиси ﷺ Ухуд согушунда шейит болгон Хамзага *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* жаназа намазын окуйт. Ал учурда кайтыш болгон бир ансар (Мадиналык) кишини алып келишип, Хамзанын жанына коюшканда экинчи жолу жаназа намазын окуйт. Ансарды алып кетишет да, Хамзаны ордунда калтырышат. Дагы бир кайтыш болгон кишини алып келишип, Хамзанын жанына койгондо, үчүнчү жолу жаназа намазын окуйт. Аны алып кетип, Хамза өз ордунда калат. Ошентип ошол күнү Хамзага 70 жолу жаназа намаз окулду[2]».

**Өлүктү жуу:**

1. Адам баласы толук өлгөндүгү анык болгондон кийин жагымсыз жытын кетирүү үчүн жыттуу нерсе менен бууланган тактайдын үстүнө бети менен буттары кыбланы караган абалда жаткырылат[3].

2. Авратын[4] жапкан соң, кийими чечилет.

3. Анын авраты колго чүпүрөк оролгон же кол кап кийген абалда, авраты жабылган кездеменин астынан жуулат. Ал учурда жуучу-мусулман пенденин мойнундагы парзын өтөө ниетинде болуусу керек.

4. Жөнөкөй эле даарат алдырат. Бир гана оозу менен мурдуна суу алдырбастан, сылап эле коет. Ал эми жунуп же этек кири келген абалда болсо, оозу-мурдуна суу алдырат.

5. Сидр (лотос кошулган, жылуу сууну анын үстүнө куят; Ибн Аббас (Аллах ал экөөнөн ыраазы болсун) риваят кылат: Пайгамбарыбыз ﷺ төөсү тебелеп

---

[1] Байхакий (4-том, 11-бет)

[2] Ахмад (Муснад 1-том, 463-бет)

[3] Кээ бир аалымдардын айтуусу боюнча кабырдагындай жаткырылат.

[4] Уяттуу жери

өлтүргөн адам жөнүндө айтты: «Аны суу жана сидр (лотос дарагынын жалбырагы) менен жуугула[1]».
6. Чачын жууп, жыттуу нерсе менен майлайт.
7. Сол жагы менен жаткырылып, оң жагынан баштап жууйт. Анткени оң тараптан баштоо-сүннөт. Андан кийин оң жагы менен жаткырып, сол тарабын жууйт.

Пайгамбарыбыз ﷺ Умму Утаййанын кызы кайтыш болгондо: «Оң тарабынан даарат алдырып, жууй баштагыла[2]» - деп айтат.
8. Өлүктү сөйөнтүп отургузуп, ичиндеги чыгындыларды чыгаруу үчүн этияттап курсагын сылайт. Эгер жуунтуруу кыйын болсо, үстүнөн кайра-кайра суу куят. Толук-тазалап жуунтуруп болгондон кийин арчып, тырмактарын албастан эле кепиндей баштайт.

**Өлүктү кимдер жуусу керек:**

Өлүктү үй-бүлөсүнүн эң жакын адамдары жуусу керек. Андай адам табылбаса, аманатка кыянат кылбаган, такыба инсан жууйт.

Аллах Тааланын элчиси ﷺ: «Өлүктөрүңөрдү аманатка кыянат кылбаган, ишеничке ээ болгонуңар жуусун![3]» - деп айтты.

Аялды аял жууйт. Эгер аял каза болуп, жанында махрам (нике жүрбөгөн туугандык байланышы бар эркектер) гана болсо, анда аны таяммум кылышат Аны күйөөсү жууй албайт, себеби өлгөндөн кийин ал күйөөсүнө арам болуп калат (никелик байланыш токтойт).

Эгер зарылчылык болсо эркекти аялы жууйт, жана ал аял идда мөөнөтүндө болсо, ал тургай ражий (кайтарылуучу талак) абалында болсо да.

Эгер эркек аялдардын арасында өлүп калса, алар аны жабылган кездеме аркылуу таяммум кылышат.

Баланын (жыныстык каалоо курагына жете электердин) денесинде аврат өкүмү толук колдонулбайт, ошондуктан аны эркек да, аял да жууй алат.

**Эмне нерсе менен кепинделүүсү керек:**

Кепин төрт түргө бөлүнөт:

***1. Толук-сүннөт кепин:***

-Камис (Моюнунан кадамына чейин)
-Изар (башынан таманына чейин);
-Лифаафа (башынан таманына чейинки узундуктан бир аз байлай алгыдай ашыгыраак болуусу керек;
Аталып өткөн кепин-эркек киши жума жана айт майрамдарында кие турган кездемелерден болуусу абзел.

Пайгамбарыбыз ﷺ: «Силердин бирөөңөр кайтыш болгон бир тууганын кепиндесе, анын кепинин жакшыраак кылсын»[4] - деген.

Пайгамбарыбыз үч ак кездеме менен кепинделген. Айша энебиздин *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* айтуусу боюнча пайгамбарыбыз ﷺ сахулия[5]

[1] Муслим (Ажылык 14/93)
[2] Муслим (Жаназалар 112/43)
[3] Ибн Маажах (Жаназалар 8/1461)
[4] Муслим (Жаназалар 15/49)

түрүндөгү пахтадан жасалган үч кездеме менен кепинделди. Алардын ичинде көйнөк да, чалма да болгон жок эле[1]».

- **Аялды кепиндөөдө** жогорудагыга кошумча төмөнкүлөр кошулат:
  - **Химар** (баш кийим) - жүзүн жана башын жабуу үчүн.
  - **Хирка** - көкүрөктөн санга чейин жаап туруусу үчүн.

Ошентип, аялдын кепини төмөнкүлөрдөн турат:

1. **Дир'** - көйнөк (камис) моюндан таманга чейин.
2. **Изар** - Баштан таманга чейин.
3. **Химар** - баш жана жүздү жабуучу жоолук.
4. **Хирка** - көкүрөктү байлоо үчүн.
5. **Лифафа** - сырткы орогуч кездеме.

**Лейла бинт Кааиф ас-Сакавийя (Аллах андан ыраазы болсун)** айтат: «Мен пайгамбарыбыздын кызы Умму Кулсум (Аллах андан ыраазы болсун) каза болгондо аны жууган аялдардын бири болдум. Пайгамбарыбыз ﷺ бизге алгач **хирканы** андан кийин **дир'ди**, анан **химарды**, анан **мүлхафаны** (чоң орогучту) берди. Андан кийин аны дагы бир кездемеге ородук. Пайгамбарыбыз ﷺ эшиктин алдында отуруп, анын кепинин өзүбүзгө бирден берип турду[2]».

***Жетиштүү кепин:***

Мал-мүлкү аз болуп, мураскору көбөйгөн кезде:

Эркектер изар жана лифаафа менен, ал эми аялдар изар, лифаафа жана химар менен кепинделет. Мейитке селде кийгизүү маселеси боюнча туурасы - макрух экендиги. Анткени ал Пайгамбарыбыздын  кепининде болгон эмес.

***2. Зарылчылык кепини:***

Эркек киши да, аял да бир аз болсо деле жабык боло турган нерсе менен кепинделет: Хамза *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* бир эле кездеме мене кепинделген. Мус'аб ибн Умайр (Аллах андан ыраазы болсун) каза болгондо, аны кепиндей турган бир гана немира (сызыктуу жүн кездеме) табылды. Биз аны башына жапсак, буту ачылып калчу, бутуна жапсак, башы ачылып калчу. Ошондо пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Аны баш жагынан жапкыла, бут жагына болсо изхир (жыпар жыттуу чөп) салгыла[3]!» - деди.

- Жаш уул бала бир, ал эми кыз бала эки кездеме менен кепинделет. Түшүп калган бала болсо, кепинделбестен, жөнөкөй эле чүпүрөкө оролуп көмүлөт.

**Жаназа намазы:**

Жаназа намазы парз кифаая[4]. Аны кээ бир адамдар өтөсө, башкалардын мойнунан ал жоопкерчилик бошотулат.

Анын парз (кифаая) экендигине пайгамбарыбыздын ﷺ: «Такыба болобу же күнөөкөр болобу, ар бир кайтыш болгон адамга жаназа намазын окугула[5]» - деген сөзү далил.

Ошондой эле жаназа намазына пайгамбарыбыз ﷺ анын сахабалары бекем көңүл бөлгөндүгү жана азыркы күнүбүзгө чейин окулуп келе жаткандыгы,

---

[5] Йемендин *Сахул* деген жеринен чыккан, таза жана жогорку сапаттагы кездеме.
[1] Муслим (Жаназалар 13/45)
[2] Абу Дауд (Жаназалар 36/3157)
[3] Муслим (Жаназалар 13/44)
[4] Жетиштүү болгон парз
[5] Абу Дауд (Намаз 595,2533), Байхакий (Сунан Кубро 3/121)

анын парз (кифая) экендигине чоң далил боло алат. Андыктан жалпы аалымдар(ижмаъ) да анын парз(кифаая) экендигине такалат.

**Жаназа намаздын шарттары:**

1. Жаназа намазын окучу инсанда кадимки намаздагы шарттардын бар болуусу керек: Ниет, авратын жабуу, чоң жана кичине дааратсыздыктан таза болуу, кийими жана орду таза болуусу жана кыбла тарапка жүздөнүүсү шарт. Бир гана убактысы гана өзгөчөлөнөт. Мейит кайсыл убакта даярдалган болсо, ошол убакта окулат.
2. Кайтыш болгон инсан мусулман, (толук жуунуу же таяммум менен) таза, мусулмандар алдына, жерге коюлуусу жана денеси же анын көпчүлүк бөлүгү бар болусу керек.

Жаназа намазын өтөө үчүн жамаат талап кылынбайт[1]. Жамаат жок болуп, бир эркек же аял окуган болсо, жетиштүү.

**Жаназа намаздын парздары:**

1. Кыям[2];
2. Төрт такбир;

Ушул экөөсүнөн башкасы сүннөт амалдар.

**Жаназа намазынын окулуу тартиби:**

Имам кайтыш болгон адамдын көкүрөгүнүн тушуна туруп, төр жолу такбир айтат: Биринчи такбирден кийин «**Санаа**», экинчи такбирден кийин «**Салаваат**» окуп, үчүнчү такбирден кийин кайтыш болгон адамга дуба кылат да төртүнчү такбирден кийин оң жана сол жагына салам берет. Биринчи такбирден башкасында колун көтөрбөйт. Ал эми «**Фатиха**» сүрөсүн болсо дуба ниети менен окуса болот.

***Жаназа намазына кечигип кошулган адамдын намазы:***

Эгер жаназа намазына кечигип келип калса, имамдын такбир айтуусун күтөт. Ал такбир айткан кезде такбир айтып кошулат да, салам бергенде өзүнчө калган такбирлерди толуктайт. (Эгер калып калган табирлерди толуктаганга чейин эл өлүктү көтөрүп жөнөсө, жеткен жеринен салам берип, калганын каза кылып, улантпайт).

**Жаназа намазында окулуучу дубалар:**

Ауф бин Маалик *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* айтты: «Аллах Тааланын элчиси ﷺ жаназа намазын окуган кезде окуган ушул дубасын: «Аллахуммагфир лаху вархамху, ва ъаафихи ваъфу ъанху, ва акрим нузулаху, ва вассиъ мадхалаху, вагсилху бил мааи вас-салжи вал-баради, ва наккихи минал-хатаая камаа наккайтас-саубал абяда минад-данаси. Ва абдилху дааран хайран мин даарихи, ва ахлан хайран мин ахлихи, ва заужан хайран мин заужихи, ва аъзихи мин ъазаабил кабри ва мин ъазаабин-наари[3]» жаттап алдым да, атүгүл ошол өлүк мен болсом экен - деп үмүт кылдым[4]».

---

[1] Бирок жаназада жамааттын көп болуусу жакшыраак

[2] Тике туру

[3] Эй Алла, анын күнөөлөрүн кечирип, ырайым кыл, аны кечирип, конушун сыйлап, кирээр жерин кеңейт! Аны суу, кар жана мөндүр менен жууп ак кийимди кирден таза кылганыңдай күнөөлөрдөн арылт! Ага

Абу Хурайра *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* айтты: «Пайгамбарыбыз ﷺ бир жаназа намазын окуп: «Аллахуммагфир ли хаййинаа ва маййитинаа, ва сагииринаа ва кабииринаа, ва закаринаа ва унсаанаа, ва шаахидинаа ва гааибинаа. Аллахумма ман ахйайтаху миннаа фа-ахйихи ъалал ислаам, ва ман таваффайтаху миннаа фа-тавафаху ъалал иймаан. Аллахумма ла тахримнаа ажраху ва лаа тафтиннаа баъдаху[1]» - деп дуба кылды».

## НАМАЗДАН СОҢКУ ДУБАЛАР

**Намаздын акырында окулуучу кээ бир зикирлер[2]:**

1. Саубан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллах Тааланын элчиси ﷺ намаздан кайтар астында үч жолу истигфар [3] айтып: «Аллахумма Антас Салааму ва минкас Салааму, табааракта йаа зал-Жалаали вал-Икраами!» - деп айтчу. *Хадис жеткирүүчүлөрдүн бири Аузаайден: Истигфар кандайча болот-деп суралганда: «Астагфируллах, астагфируллах» деп айтылат - деп жооп берет[4].*
2. Мугийра бин Шуъбадан (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыз ﷺ намаз окуп бүтүп, салам бергенден кийин: «Лаа илааха иллАллаху вахдаху лаа шариика лаху, лахул мулку ва лахул хамду, ва хува ъалаа кулли шайин кадиир. Аллахумма лаа мааниъа лима аътайта, ва лаа муътия лима манаъта, ва лаа янфаъ зал жадди минкал жадду[5]»-деп айтчу.
3. Абу Хурайрадан (Аллах андан ыраазы болсун) Аллах Тааланын элчиси ﷺ: «Кимде-ким ар бир намаз артынан 33 жолу Аллах Тааланы ыйыктап, 33 жолу Аллах Таалага мактоо айтып жана 33 жолу Аллах Тааланы улуктап, андан соң жүзүнчү жолкусунда «Лаа илааха иллАллах Таалааху вахдаху лаа шариика лаху, лахул мулку ва лахул хамду, ва хува ъалаа кулли шайин кадиир» деп окуса, күнөөлөрү деңиз көөгүндөй көп болсо деле кечирилет[6]» - деп айтты.
4. Фудала бин Убайдуллах (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ: «Кайсы бириңер намазын окуп бүтсө, Аллах Тааланы мактоо айтып, даңазаласын. Андан соң пайгамбарыбызга салават айтсын. Андан соң каалаган нерсесин тилеп дуба кылсын[7]» - деп айтты.

---

үйүнөн жакшыраак турак-жай, үй-бүлөсүнөн жакшыраак үй-бүлө жана аялынан жакшыраак аял берип, аны кабыр жана тозок азабынан сакта!

[4] Муслим (Жаназа китеби, намазда мейитке дуба кылуу бабы -30)

[1] Эй Алла, тирүү-өлүгүбүздү да, кичине-чоңубузду да, эркек-ургачыбызды да, ушул жерде барыбызды жана жогубузду да кечир! Эй лла, бизден жаратканыңды Ислам жолунда жарат, ал эми жанын алганыңды ыйман жолунда ал! Эй Алла, бизди анын сообунан куру калтырба жана андан кийин балээге дуушар кылба!

[2] Эстөө (м.а. Алланы эстөө)

[3] Алладан кечирим суроо

[4] Муслим (Мечиттер 591)

[5] Бухарий (Азан 844),, Муслим (Мечиттер жана намаз орундары 593) Мааниси: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Ал жалгыз, Анын шериги жок. Ага бийлик таандык, мактоо да Ага таандык, Ал бардык нерсеге кудуреттүү. Оо Аллах, Сен бергениңди эч ким токтото албайт, Сен тыйганыңды эч ким бере албайт, даража ээсиннин даражасы Сенин алдында пайда бербейт.»

[6] Муслим (Мечиттер жана намаз орундары 597)

[7] Ибн Санний (Күн түнү амал кылуу тууралуу бөлүм 112)

5. Абу Умамадан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ. «Кимде-ким ар бир парз намаздын артынан «Аятал-Курсийди» окуса, бейишке кирүүсүнө өлүмдөн башка эч нерсе тоскоол боло албайт[1]» - деп айтты.
6. Убай ибн Кааб (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз ﷺ мага: "Эй Абу Мунзир, сенде болгон Аллахтын Китебиндеги эң улуу аят кайсы экенин билесиңби?" - деп сурады. Мен: "Аллах - Андан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Ал Тирүү, Түбөлүктүү (Аятул Курси)" - деп жооп бердим. Ошондо ал ﷺ менин көкүрөгүмдү акырын урду да: «Илимин кут болсун, эй Абул Мунзир[2]» - деди.

**Намаздан кийин бийик үн менен зикир айтуу:**

Пайгамбарыбыз ﷺ доорунда намаздан кийин үндү бийик көтөрүп, дуба кылуу бар болчу. Ага далил:

Ибну Аббас *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* айтты: «Пайгамбарыбыз ﷺ намаз окуп бүткөнүн-такбир айтканынан билчү элек».

Ибну Аббастын кызматкери Абу Маъбаддан. Ага Ибн Аббас минтип кабарлаган: «Намаздан кийин үндү бийик көтөрүп, зикир кылуу пайгамбарыбыздын ﷺ доорунда да бар болчу, андыктан сахабалар парз намаздарын окуп кайтканда-зикир айтканын-укчу элем»[3] - деп айтты.

**Намаздын бүтүү убактысы парз намаздан кийинби же сүннөт намазынан кийинби?**

Аалымдар арасында-зикир парз намаздан же сүннөт намаздан кийин айтылуусу керек экендиги - талаш маселе. Ал эми Имам Абу Ханифанын ушул маселе жөнүндө ою төмөнкүдөй:

Ханафий мазхабында парз намаз менен сүннөт намаздын ортосун «Аллаххумма Антас Салааму ва минкас Салааму, табааракта йаа зал-Жалаали вал-Икраами!» - деп айтуудан артык кечиктирүү макрүх.

Айша энебиз *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* айтты: пайгамбарыбыз ﷺ салам берегенден кийин: «Аллахумма Антас Салааму ва минкас Салааму, табааракта йаа зал-Жалаали вал-Икраами!» - дегенден артык узакка отурбачу эле[4]». Алар (аалымдар) айтышты: «Зикирлер тууралуу келген хадистер бул маселеге каршы келбейт; анткени сүннөттөр - парздардын кошумчалары болуп саналат, алар ага бөтөн нерсе эмес". Ошондой эле дагы минтип айтышты: «Сүннөттөрдү окуп бүткөндөн кийин калган зикирлерди келтирүү мустахаб (жакшы) болуп саналат[5]».

---

[1] Насаий (6340)
[2] Муслим (Сахих 180), Абу Дауд (Сунан 1460)
[3] Муслим (Мечиттер жана намаз оруңдары бөлүмү 583), Алъ Мугний китебин кара: 1/327)
[4] Муслим (Мечиттер тууралуу 592), Ибн Аби Шейба (Муснаф 1/302-304), Ахмад (Муснад 6/62), Абу Дауд (Намаз 1512), Насаий (Сахв тууралуу 3/69), Ибн Маажах (Икамат 924), Таялисий (1558)
[5] Толук маалымат алуу үчүн караңыз: *«Алъ-Фикх ала-л-мазахиб алъ-арбаа»* (Төрт мазхаб боюнча фикх китеби), "Намаздан кийинки зикир жана намазды жыйынтыктоо" бөлүмү, 1-том, 330-бет. Ошондой эле *«Бадаи' ас-Санаи'»*, 1-том, 393-бет.

# Орозо жана иътикаф китеби

1. Орозо жана анын артыкчылыгы
2. Орозонун түрлөрү
3. Рамазан айынын орозосу
4. Орозонун парздары жана шарттары
5. Рамазан айынын башталышын аныктоо
6. Орозону бузган нерселер
7. Орозодо макрух болгон иштер
8. Орозодогу мустахаб иштер
9. Орозодо мубах (уруксат) болгон иштер
10. Орозону бузууга шарият уруксат берген себептер
11. Тыюу салынган орозо түрлөрү
12. Нафил (кошумча) орозо
13. Орозону бузбай турган жана казасы же каффараты талап кылынбаган абалдар
14. Иътикаф (мечитте өзүнчө ибадатка кирүү)

## ОРОЗО

Сөзмө-сөз которууда: Орозо - бир нерседен тыйылуу. Эгер адам баласы сүйлөөдөн өзүн тыйса-сүйлөөдөн орозо тутуучу - деп аталат. Аллах Таала айтты: «...Мен Рахман[1] жолунда орозо[2] тутууну назир[3] кылганмын,...» (б.а. бул аятта сүйлөөдөн орозо кармаганы айтылууда). ( *Мариям: 26*.)

Ал эми шарият негизинде: Орозо таң аткандан күн батканга чейин оозду ачуучу[4] нерселерден тыйылуу.

**Орозонун артыкчылыгы:**

Орозонун жана орозо тутуучулардын пазилети жөнүндө көптөгөн далилдер келтирилген. Алардын кээ бирин атай кетсек:

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллах Тааланын элчиси ﷺ айтты: «Аллах Таала таала: «(*Адам баласынын туткан орозосунан башка жалпы амалы өзү үчүн. Ал эми орозосу мен үчүн жана мен ага сыйлыгын Өзүм берем*). Орозо калкан, андыктан силердин бирөөңөр орозо тутса, жаман иш жасабасын, жаман сөз сүйлөбөсүн. Эгер аны бирөө тилдесе же ага каршы күрөшсө: «Мен орозомун...» - деп жооп берсин[5]» -деп айтты.

Абдуллах ибн Амр (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ: «Кыямат күнү Куран менен орозо пендеге шапаат кылат. Орозо: «*Эй Роббим, күндүзү тамак-ашын, кызыгуусун тыйдым, андыктан мени ага шапаатчы кыл*!» - деп айтса, Куран: «*Эй Роббим, мен аны түнкү*

[1] Алланын ысым-сыпаттарынын бири (Мээримдүү)
[2] Сөз сүйлөөдөн өзүмдү тыйдым
[3] Шерт
[4] Ичүү, жеш жана жыныстык катнаш кылуу
[5] Бухарий (Орозо китеби 1894,1904)

*уйкусун тыйдым, андыктан мени ага шапаатчы кыл*!» - деп айтат. Анда Аллах Тааланын буйругу менен экөөсү да шапаат кылышат[1]» - деп айтты.

Абу Умама (Аллах андан ыраазы болсун) Пайгамбарыбыз ﷺ: «Кимде-ким бир күн Аллах Таала ыраазычылыгы үчүн орозо тутса, Аллах Таала аны менен тозок ортосун асман менен жер аралыгындай чуңкур (алыстык) кылат[2]» - деп айтты.

Абу Саид аль-Худрий (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Кайсы бир пенде Аллах Таала ыраазычылыгы үчүн бир күн орозо кармаса, Аллах Таала аны менен тозок аралыгын жетимиш жыл алыстатат»[3] - деп айтты.

Сахл бин Саъд (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ: «Бейиште бир эшик бар. Ал «ар-Раййан» деп аталат. Кыямат күнү: «*Орозо тутуучулар кайда*?» - деп айтылат. Орозо тутучулардын акыркысы кирээр заматта ал эшик жабылат[4]» - деп айтты.

**Орозонун бөлүктөрү:**

***Орозо үч бөлүккө бөлүнөт:***

1. ***Парз орозо*****:** Парз орозо эки бөлүккө бөлүнөт:

Парзу айн[5]:

Анын белгилүү мөөнөтү бар. Ал Аллах Таала тараптан белгиленген. Мисалы: «Рамазан» айнын орозосу. Же болбосо убакытты пенде өзү белгилесе, мисалы: бир адам белгилүү бир күндө орозо кармап берүүнү нээт кылып (нэзир кылып) ант берсе.

Карыз парз:

Анын белгиленген мөөнөтү жок. Мисалы: Рамазан айынын орозосунун казасы, кафаарат[6] жана назр орозосу.

***2. Важиб орозо:***

Буга баштап киришип койгон нафил орозо кирет. Мунун далили: Орозо тутуу ибаадат. Ошондуктан Аллах Тааланын: «Амалыңарды бузбагыла[7]» - деген аятынын негизинде аны бузуу арам.

Анас (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ Умму Сулаймдыкына келгенинде, Ага курма менен май алып келди. Анда пайгамбарыбыз ﷺ: «Курманы да, майды да өз ордуна кой, мен орозомун[8]» - деп айтты.

Пайгамбарыбыз ﷺ жубайы Айша менен Хафса *(Ал экөөсүнөн Аллах Таала ыраазы болсун )*- эрте таңда нафил орозо кармап, белек кылынган тамак менен ооздорун ачып алышат. Пайгамбарыбыз ﷺ келгенде Хафса: «*Эй Аллах Тааланын элчиси, Айша экөөбүз нафил орозо туткан болчубуз. Белекке тамак*

---

[1] Ахмад (6626), Хаким (Мустадрак 1/554)
[2] Тирмизий (Сунан 563)
[3] Муслим (Орозо 1153)
[4] Муслим (Орозо бөлүмү 1152)
[5] Ар бир момун-мусулманга тийиштүү
[6] Айып
[7] Мухаммад сүрөсү: 33)
[8] Бухарий (Орозо китеби 3/53), Ахмад (Муснад 3/188)

*берилгенден жеп алдык*» - деп айтат. Анда пайгамбарыбыз ﷺ. «Ордуна бир күн орозо туткула»[1]- деп айтат.

Ибн Аббас менен ибн Умар*(Ал экөөсүнөн Аллах Таала ыраазы болсун)* экөөсү бузулган напил орозо милдеттүү болуп калаарын айтышкан[2].

**3-Нафил орозо:**

Бул - пайгамбарыбыз ﷺ кызыктырып, кармоого үндөгөн, бирок парз кылынбаган орозо. Жылдын бардык күндөрүндө тутууга болот, бирок эки айт күндөрү сыяктуу орозо тутуу тыюу салынган күндөрдөн башка учурларда гана:Мисалы: Арафа күнү (ажыга барбаган адам үчүн ), Ашура күнү жана ар бир айда үч күн**.**

**Рамазан айынын орозосу**

Рамазан айы-хижрий жыл эсебинин шаъбаан жана шавваал айынын ортосунда келген - улуу ай. Жакшылыкты үмүт эткен ар бир пенде үчүн жакшылык эшиктери ачылып, шайтандар чынжырланат. Бул ай жакшылык-берекенин жана алгачкы он күнү ырайымдуулук, ортоңку он күнү кечиримдүүлүк, ал эми акыркы он күнү тозоктон азат болуу айы. Ушул айда аткарылган напил ибадат парзга тете. Ал эми бир парз амал жетимиш парздын сообуна тете болот. Андагы береке жана сооптон бир гана зыян тартуучулар кур калышат.

Аллах Таала таала айтты: «Рамазан айы, бул айда адамдар үчүн туура жол болуп жана хидаят менен фуркандын ачык-айкын аяттары болуп Куран түшүрүлгөн». (Бакара:184)

**Өкүмү:**

Рамазан айынын орозосу ар бир балагатка жеткен, орозо тутууга кудурети жеткен пендеге парз болуп саналат.

**Качан парз болду?**

Хижрий жыл эсебинин шаъбаан айынын үчүндө-дүйшөмбү күнү-парз кылынды. Ошондой эле, орозо мурунку коомдордо да, пайгамбарыбызды ﷺ жалганга чыгарган ошол замандагы Китеп ээлеринде да, бар экендиги белгилүү болчу.

Аллах Таала таала айтты: «Эй момундар, силерден мурунку өткөндөргө парз кылынганы сыяктуу, силерге да такыбаа болушуңар үчүн саналуу күндөрдө орозо кармоо парз кылынды...». (Бакара: 183) Бирок орозо кармоонун парз болушу буга чейин (мурдагы шариаттарда) белгиленген эмес эле.

---

[1] Малик (Муватта , Намаз китеби напилдин казасы тууралуу бап 203-бет)

[2] *Ат-Тахави* «Маани ал-асар» китебинде (2/111) келтирген.Нафил орозону баштагандан кийин аны бузса, **аны казы кылып тутуу керек** деген пикир — **ханафилер** жана аларга кошулган аалымдардын пикири.Ал эми башка айрым аалымдар:— **Нафил орозо кармап жаткан адамга орозосун бузууга болот**, жана ага казы кармоо **милдет эмес** деп айтышкан.Далили — Пайгамбарыбыз ﷺ айткан хадис:«Нафил орозо кармаган адам — өзү өзүнүн кожоюну: кааласа орозо кармайт, кааласа бузат.»(Ахмад, алъ-Байхакий, алъ-Хаким риваяты)Бул пикирди кармаган аалымдар: Имам **Ахмад ибн Ханбал**.**Суфъян ат-Таври,**Имам **аш-Шафи'и**,**Исхак ибн Рахавейх**

Ошондуктан, Ислам үммөтү орозонун шарият негизинде мурунку үммөттөр менен окшош, бирок айрыкча Рамазан айындагы орозонун парз болушу - Ислам үммөтүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүк болуп эсептелет.

**Орозо парз экендигинин далили:**
Рамазан айында орозо тутуу парз экендигине Кураан, Сүннөт жана Ижмааъ[1] далил.

1. ***Курани Каримден далил*:**

Аллах Таала айтты: «Эй момундар, силерден мурунку өткөндөргө парз кылынганы сыяктуу, силерге да такыбаа болушуңар үчүн саналуу күндөрдө орозо кармоо парз кылынды».

Аллах Таала айтты: «Рамазан айы, бул айда адамдар үчүн туура жол болуп жана хидаят менен фуркандын ачык-айкын аяттары болуп Куран түшүрүлгөн. Демек, силерден ким бул айга күбө болсо, орозо тутсун!». (Бакара :185)

2. ***Таза сүннөттөн*:**

Аллах Тааланын элчиси ﷺ айтты:
«Ислам беш нерсенин негизинде куралган: Аллах Тааладан башка кудай жок жана Мухаммад Анын элчиси деп күбөлүк келтирүү, намаз өтөө, зекет берүү, Рамазанда орозо тутуу жана жолго мүмкүнчүлүгү болсо, хажга баруу[2]».

Пайгамбарыбыз ﷺ коштошуу ажылыгында: «Роббиңерге сыйынгыла, беш убакыт намазыңарды окугула, Рамазан айында орозо туткула, Роббиңердин үйүнө ажылык кылгыла, мал-мүлкүңөрдүн зекетин ыраазы болгон абалда бергиле, Роббиңердин бейишине киресиңер[3]» - деп айтты.

Талха бин Убайдуллах (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте мындай деп айтылат: «Бир киши пайгамбарыбыздан ﷺ: «Эй Аллах Тааланын элчиси, Аллах Таала кайсы айда орозо тутууну мага парз кылганын айт» - деп сураганда, Аллах Тааланын элчиси ﷺ: «Рамазан айы» - деп жооп берди. Анда ал: «Андан башка эч нерсе жокпу?» - деп сураганда, «Жок, бир гана кошумча нафил орозо тутсаң болот[4]» - деп жооп берди.

3. ***Ижмааъдан*:**

Мусулман үммөтү Рамазан айынын парз жана ал Исламдын негиздеринин бири экендигине бир добушка (ижмаъ) келген. Андыктан кимде-ким анын парз экендигин моюнга албаса каапыр жана мусулманчылыктан чыккан деп эсептелет.

**Рамазан айынын пазилети[5]:**

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллах Тааланын элчиси ﷺ: «Рамазан айында бейиш эшиктери ачылып, тозок эшиктери жабылат жана шайтандар чынжырланат[6]» - деп айтты.

---

[1] Жалпы аалымдардын бир добушка келүүсү
[2] Бухарий (Ыйман китеби 8), Муслим (Ыйман китеби 16)
[3] Ибн Хиббан (Сахих 795), Ахмад (Муснад 5/251), Тирмизий (2/516)
[4] Бухарий (1792), Муслим (11)
[5] Артыкчылыгы

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллах Тааланын элчиси ﷺ: «Кимде-ким Рамазан айынын орозосун ыймандуулук жана үмүт менен тутса, өткөн күнөөлөрү кечирилет[1]» - деп айтты.

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ. «Беш убакыт намаз, жума кийинки жумага чейин жана Рамазан кийинки Рамазанга чейин эгер чоң күнөөлөрдөн четтесе бири-биринин ортосундагы күнөөлөргө[2] каффарат (кечирилет) болот[3]» - деп айтты.

**Рамазанда үзүрсүз орозо тутпоонун кесепети:**

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ: «Кимде-ким Рамазан айынын бир күнүн үзүрсүз жана оору-сыркоосуз соо абалда орозосуз өткөрсө, өмүр бою туткан орозосу да анын ордуна өтпөйт[4]» -деп айтты. Ибн Масъуд да ушундай дееп айткан.[5]

**Орозонун хикматы, сыры жана пайдалары:**

Рамазан айынын орозосун Аллах Таала парз кылганын жана ибаадат экенин ар бир мусулман жакшы билүүсү зарыл. Андыктан мусулман Аллах Тааланын буйругуна моюн сунуу менен аны өтөөсү керек. Башка ибаадаттар сыяктуу эле орозонун да кээ бир белгилүү жана белгисиз бойдон калган сыр, пайдалары бар:

1. Орозо-момун пенденин жүрөгүндө-Аллах Тааланын көзөмөлүндө экендигин эске салып, ойготот. Орозо адам күндүзү ачкачылык-чаңкоо сезимин тартып, напсиси тамак-ашка азгырат. Бирок орозо, Аллах Тааланын буйругун аткарып жатканын сезип, өзүн ал нерселерден тыят. Ошентип анын жүрөгүнөн Аллах Тааланын көзөмөлү орун алат.
2. Жыл айларынын арасынан Рамазан айы - **ыйык ай**. Андыктан Аллах Таала пендеси ушул айды моюн сунуу ибаадат менен өтөөсүн каалайт. Ал эми ал нерсе курсак толо, акыл тамак-аш менен алек болуп турган кезде орундалуусу кыйын. Ошол себептен-ар бир пенде ушул ыйык айды ибаадат жана милдеттерди аткаруу менен өткөрүүсү үчүн орозо тутуу парз кылынган.
3. Эгер адам баласы ар дайым курсагы ток жүрсө, анда таш боордуулук жана текебирлик сыпаты пайда боло баштайт. Ал эми орозо аны боорукерлике жана жумшак сезимге тарбиялайт.
4. Ислам жоболорунун бири-бул мусулмандар арасында мээримдүүлүк жана боорукерлик өкүм сүрүү. Ачкачылык жана чаңкоону көбүрөөк сезген кедейдин абалын баштан өткөрмөйүнчө, бай адам кедей-кембагалдарга мээримдүү жана боорукер болуусу кыйын. Орозо бай адам кедейдин сезимин түшүнө билүүсүнө эң зор өбөлгө. Ошону менен эле бирге орозо бай адамдын напсинде кедей-кембагалдарга болгон мээримдүүлүк жана боорукерлик сезимин туудурат.

---

[6] Бухарий (Орозо 1899), Муслим (Орозо 1079)

[1] Бухарий (Орозо 1901)

[2] Чоң күнөөлөрдөн башкасына

[3] Муслим (Даарат 233)

[4] Бухарий (Орозо 1935)

[5] Саид ибн ал-Мусаййиб, аш-Ша‘би, Ибн Жубайр, Ибрахим, Катада жана Хаммад айтышты:"Бир күндү өткөрүп жиберсе, анын ордуна бир күн орозо тутат."Караңыз: Имам аль-Бухари, «Китаб ас-Саум».

5. Өз напсин тамак, ичимдик жана жыныстык катнашуудан тыя билсе, Аллах Тааланын берген нематтарына шүгүр кылууну алып келет. Өзүн тыйуу менен ал нерселердин кадыр-баркына жетет. Андыктан жоготкондо гана нематтын кадырын билет. Орозо ушул дөөлөттөргө шүгүр кылуу сезимин жаратат. Аллах Таала Куранда : **«...шүгүр кылууңар үчүн...» -** деп айткан**.** (Бакара: 52)

6. Орозо - такыба болууга себеп. Адам баласы - Аллах Тааланын ыраазычылыгын үмүт этип, Анын азабынан коркуп, өзүн адал нерселерден тыя алса, ал учурда напсин арам нерселерден тыйуусу жеңилирээк эмеспи?! Ал эми орозо- арам нерселерден арылуунун бирден-бир себеби болуп эсептелет.

Аллах Таала Куранда: «...**такыбаа болушуңар үчүн...» -** деп айткан. (Бакара: 183)

7. Ошондой эле дарыгерлер атап өткөн-орозонун көптөгөн-пайдаларын эстен чыгарбообуз керек. Ал эми бул китепте анын ден-соолукка байланыштуу пайдаларын атоого орун тардык кылат.

**Орозо парздары:**

Орозонун бир гана парзы бар. Ал да болсо ооз ачуучу нерселерден сак болуу. Андыктан Рамазан айынын түндөлөрү ичүү, тамактануу жана жыныстык катнашууну Аллах Таала мубах[1] амалдардан кылды: «Силерге орозо түндөрү аялдарыңарга кошулуу адал кылынды...Эми алар менен (орозо түндөрү) кошула бергиле жана Аллах Таала силер үчүн *(бешенеңерге)* жазган нерсени *(перзент)* тилек кылгыла! Дагы тээ таңда ак жип кара жиптен айра тааныла турган убакытка чейин[2] жеп-иче бергиле».(Бакара:187)

Ал эми Рамазан айынын күнүдүзгү күнү болсо, ал нерселерден тыйып койду: «Кийин кечке чейин орозону кемчиликсиз кылып кармагыла!». (Бакара:187)

Жогоруда аталган аяттардын негизинде орозонун парзы- бул ар бир орозо тутуучу пенде-жеп-ичиштен жана жыныстык катнашуудан-тыйылуусу керек.

**Орозонун шарттары**

***Биринчи****:* Орозо тутуу кимдерге важип:

Кайсы бир пендеде төмөнкү шарттар бар болсо, орозо тутуусу важип болуп эептелет:

1. Мусулман болуусу(каапырларга ваажип эмес);
2. Акыл-эстүү болуусу(жинди болгон абалда ваажип эмес);
3. Балагатка[3] жеткен болуусу(жакшы жаманды ажыратып турса деле-балагатка жете элек балага ваажип эмес;)

*Далил:* Пайгамбарыбыз ﷺ. «Калем[4] үч пендеден алынып салынды: балакатка жете элек бала, эсине келе элек акылдан тайган жана ойгоно элек уктоочу[5]» - деп айтты.

Бирок балагатка жете элек болсо деле, баланы жаш кезинен эле-эгер тута алса-орозого көнүктүрүү абзел.

---

[1] ыктыярдуу(аткарса да, аткарбаса да күнөөкөр болбойт)

[2] Эрте менен түндүн караңгылыгынан таң аткандагы жарыктык айырмаланганга чейин

[3] Кыздар 9-12 жашында , балдар 12-15 жашында балагатка жетет.

[4] Амал китепчесине аткарбагандыгы тууралуу жазылбайт.

[5] Абу Дауд (4403), Тирмизий жана Хатиб Тибризий «Мишкатул Масабих» 2/3287)

Муавваз кызы ар-Рабииъ: «Аллах Тааланын элчиси ﷺ «Ашура» таңында Ансарлар жашаган айылга элчи жиберип: «Кимде-ким орозо болсо, орозосун улантсын. Ал эми кимде-ким орозо эмес болсо, орозо тутсун» - деп айтты. Анда орозо тутуп, жаш балдарыбызды да орозо туттурчу элек. Мечитке барып, алардын астына жүндөн ойунчук берип койчубуз. Эгер ач калып ыйласа, тамак берип койчу элек[1]» - деп айтат.

***Экинчи:*** Орозону өтөө шарттары:

Жогоруда атап өткөн шарттар менен кошо төмөнкү шарттар да бар болуусу керек:

Сак-саламат болуусу (Ооруу адамга ваажип эмес. Бирок сакайгандан кийин казасын тутуп берет);

Туруктуу жашоочу болуусу (Сапарда жүргөн адамга ваажип эмес. Сапарынан кайтып келгенде каза орозо тутат);

*Далил:* Аллах Таала: «Эми силерден кимдир-бирөө ооруп калса же сапарда болсо, анда(орозо кармай албаган күндөрүнүн) санагын башка күндөрдө кармайт» -деп айтты. (Бакара:184)

Жогорудагы Аллах Таала тааланын аяты Ислам дини -жеңил дин экендигин да баяндайт. Ошонун негизинде кимде-ким Рамазан айында ооруп калса же сапарга чыкса, ага орозо тутуу ваажип эмес. Балким сапардан кайтып келген кезде 1күнүнө 1күн (каза) орозо тутат.

***Үчүнчү:*** Орозонун дурус болуу шарттары:

Төмөнкү шарттар орундалган учурда орозо дурус болуп эсептелет:

1. **Этек кир жана нифастан[2] таза болуу** (Ушулардын орозо тутуусу дурус эмес. Казасын тутушат);

Далил: Бир аял Аиша энебизге (Аллах андан ыраазы болсун) келип сурады: «Эмне үчүн айызы келген аял орозосун каза кылат, бирок намазын каза кылбайт?» Аиша (Аллах андан ыраазы болсун) ага мындай деп жооп берди: «Сен *харурий*синңби[3]? Мухаммад ﷺ доорунда аялдар ушундай кылышчу» - деп жооп берди. Аишанын (Аллах андан ыраазы болсун) бул фатвасы сахабаларга жеткен жана эч ким каршы пикир айтпаган. Ошондуктан бул - сахабалардын **ижмасы** (бир пикирге келишүүсү) болуп эсептелет.

2. **Ниет**; Бир ибаадаттан экинчи бир ибаадатты ажыратып туруучу - бул ниет. Андыктан Рамазан айынын орозосу да ибаадат болгондуктан ниетсиз дурус болбойт.

Аллах Таала таала: «Аларга чыныгы динди ыкылас менен, бекем кармап, бир гана Аллага сыйынууга жана намаз окуп, зекетти (тиешелүү) орундарга берүүгө буйрук кылынды. (Баййина:5)

---

[1] Бухарий (Орозо 1960), Муслим (Орозо 1136)

[2] Төрөттөн кийин келүүчү кан.

[3] Харурия — харижиттердин бир бутагы, алар Ирактагы Куфа шаарына жакын жайгашкан **Харура** деген жердин атынан аталып калган. Момундардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) суроочу аялга: *«Сен харижиттер сыяктуу болбо»* деп эскерткен.

Момун-мусулмандар башчысы Убар бин ал-Хаттаб: «***Аллах Тааланын элчиси*** ﷺ «Албетте амалдар ниеттер менен, албетте ар бир адам эмнени ниет кылса, ошонусуна ээ болот...» - *деп айтканын уктум*»[1]- деп айтты.

Жалпы аалымдардын[2] айтуусу боюнча - Рамазандын ар бир күнүнө өзүнчө ниет кылуу шарт кылынат;

Инсан орозо тутаарын жүрөгүндө билүүсү керек. Ал эми ниетти тили менен айтса да болот. Анткени тил менен айтуу жүрөккө көмөктөш болот.

**Ниет кылуунун убактысы:**

Күн сайын күн баткандан баштап, эртеси күндүн жарымына чейин. Саарлык кылуу да ниет ордуна өтөт. Кандай орозо болсо деле таң атаар астында же түндөсү ниет кылуу абзел.

Күн баткандан кийин эртеси күндүн жарымына чейин ниет кылуу дурус экендигинин далили:

Ибну Аббас *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* айтты: «Аллах Тааланын элчиси ﷺ орозого ниеттенбестен таң аттырып, андан кийин ниет кылчу эле».

Айша *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* айтты: «*Аллах Тааланын элчиси* ﷺ *үйүнө келип*: «Түшкү тамак барбы?» - *деп сурачу. Анда*: «Жок» - *деп жооп беришсе*, «Орозомун»-*деп айтчу*»[3]. Парз орозо болобу, напил орозо болобу күн чак түштөн оой элекке чейин ниет кылуу дурус экендигин Али, Ибну Масъууд, Ибну Аббас, Абу Талха *(Алардан Аллах Таала ыраазы болсун!)* өз сөздөрүндө тастыкташат.

**Рамазан айынын аныкталышы**

Рамазан айы эки нерсе аркылуу белгилүү болот: (Бул Шаъбан айынын 29 да болот[4].)

1. Асман ачык болсо, жаңы чыккан айды көрүү;
2. Асман бүркөө болуп, айды көрүү мүмкүн болбосо, Шаъбан айы 30 күн толукталат;

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ «Ай көрүп орозо туткула жана ачкыла. Эгер күн бүркөө болсо, Шаъбан айын 30 күнгө толуктагыла[5]» - деп айтты.

Абдуллах бин Умар (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллах Тааланын элчиси ﷺ Рамазан жөнүндө: «Жаны чыккан айды көрмөйүнчө орозо тутпагыла жаны аны көрмөйүнчө ооз ачпагыла. Эгер күн бүркөө болсо, эсептегиле»[6]- деп айтты.

---

[1] Бухарий (Вахийдин башталышы жана Ыйман бөлүмү 1/7,15) Муслим (Башчылык 1907)

[2] Имам Малик: «Жалпы барысына бир эле ниет жетиштүү»-деп айтат. Ал эми калган имамдар: «Бир күндүн орозосун бузса-жалпы баарысын эмес, балким ошол эле күндүн орозосу бузулат. Ар бир күн өзүнчө ибаадат болгондуктан өзүнчө ниет кылуу керек»-деп айтат. Ошондуктан көпчүлүк аалымдардын айткан пикирине амал кылынат.

[3] Муслим(1154), Тирмизий(Орозо 733), Абу Дауд (Орозо 2455), Ахмад (Муснад 6/207)

[4] Азыр көптөгөн аалымдар Рамазан айын жана башка араб айларын аныктоодо астрономиялык эсептөөлөрдү колдонууга өтүштү."

[5] Бухарий (Орозо 1909),, Муслим (Орозо 1081)

[6] Бухарий (Орозо 1907)

*** Аллах Тааланын элчиси ﷺ «Шаъбан айы 29күн. Бирок жаңы чыккан айды көрмөйүнчө орозо тутпагыла. Эгер күн бүркөө болсо, 30күн толуктагыла»- деп айтты.

Жаңы чыккан айды бир адилеттүү[1] көрсө деле жетиштүү. Ал эми көбүрөөк адам көрсө жакшыраак болот.

Келеркидей айтылган сөз дагы бар: «Рамазан айынын жаңы айын көрүүдө күбө жалган айтууга шектелбейт. Ал эми Шаууал айынын жаңы айында күбө шектелет, анткени ал өзүнө орозону токтотууну каалашы мүмкүн. Ошондуктан, Шаууал айында бир эле адамдын күбөлүгү Рамазан айындагыдай жетиштүү деп эсептелбейт[2]».

Абу Хурайра *(Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* айтты: Бир киши Аллах Тааланын элчисине ﷺ келип: «Жаңы чыккан айды көрдүм» - деп айтат. Анда Аллах Тааланын элчиси ﷺ: «*Аллах Тааладан башка кудай жок жана Мухаммад Аллах Тааланын элчиси экендигине күбөлүк келтиресиңби?*» - деп сурайт. Ал киши: «Ооба» -деп жооп берет. Ал учурда пайгамбарыбыз ﷺ: «*Эй Билал, туруп эл-журтка жар сал, эртең орозо тутсун[3]*»-деп айтат.

Рамазандын жаңы чыккан айын бир адам көрсө жетиштүү болсо, ал эми жалпы аалымдардын айтусу боюнча, Шаввалдын жаңы чыккан айын бир адамдын көрүүсү жетиштүү болбойт. Балким жаңы чыккан айды көргөндүгүнө эки адилеттүү күбө келтирүүсү керек.

Ибну Умар жана Ибну Аббас (*Алардан Аллах Таала ыраазы болсун!)* айтты: «Аллах Тааланын элчиси ﷺ Рамазандын жаңы чыккан айына бир күбө жетишээрлик экендигине уруксат берип, Шаввалдын жаңы чыккан айына эки күбө талап кылчу[4]».

**Кээ бир талаш маселелер**

Ханафий мазхабында жана көптөгөн аалымдардын ою боюнча өлкө эли жаңы чыккан айды көрүүсү менен (башка өлкөлөрдүн эли көрбөсө деле) орозо тута башташат[5].

Курайб айтты: «Шам өлкөсүнө барып, жума кечеси Рамазандын жаңы чыккан айын көрдүм. Ай акырында Мадинага келсем, ибну Аббас (*Андан Аллах Таала ыраазы болсун)*: «Жаңы чыккан айды качан көрдүңөр?» - деп сурады. Жума кечесинде көрдүк- деп жооп бердим. Ал менден: «Өз көзүң менен көрдүңбү» - деп сурады. Мен: Ооба, эл-журт да көрүп орозо кармашты, Муаавия (*Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* да орозо кармады - деп жооп бердим. Анда ал:

---

[1] Парз амалдарды өтөгөн, чоң күнөөлөрдөн алыс болуп, кичине күнөөлөрдү жасабаган, ишеними, баскан-турганы туура жана салых-таква(Алладан корккон) мусулман.

[2] Бадаиус Санааиъ китеби 2/222,223)

[3] Абу Дауд (Орозо 2340), Тирмизий (Орозо 691),Ибну Маажах (Орозо 1652), Ибн Хузейма (Сахих 192), Ибн Хиббан 3446)

[4] Даракутний Сунан . «Насбур Роя» китебиин караңыз: 2/444

[5] Бул — Икрима, Касым ибн Мухаммад, Салим, Исхак жана (шафийлердин ичиндеги) туура көрүлгөн пикир ээлеринин көз карашы. Ал эми көпчүлүк аалымдардын, ошондой эле маликиттер менен ханбалиттердин пикири боюнча: ай көрүүдө мейкиндик айырмачылыгына (мутлаъ айырмасына) маани берилбейт. Кайсы бир шаардагы адамдар жаңы айды көрсө, орозо бардык шаарлардагы адамдарга парз болот. Мунун себеби Пайгамбарыбызыбыз ﷺ айткан хадисте: «Айды көргөнүңөрдө орозо туткула, жана аны көргөнүңөрдө орозону бүтүргүлө» — деп жалпы үммөткө кайрылган. Демек, үммөттүн каердеги болбосун бирөөнүн айды көрүшү — бардыгы үчүн көрүү болуп эсептелет."

«Биз жаңы чыккан айды ишемби күнү көргөнүбүз үчүн дагы эле 30 күн толук болмойунча же Шаввалдын жаңы чыккан айын көрмөйүнчө орозо тутуп жатабыз» -деп айтты. Муавиянын көргөнү, орозо тутканы сага жетиштүү эмеспи?! - деп сурадым. Ал: «Жок, балким Аллах Тааланын элчисине ﷺ: «Жаңы айды көрүп орозо туткула жана аны көрүп ооз ачкыла» деп буйурган[1]» - деп жооп берди.

Эгер өлкөлөр арасы алыс болсо, ар бир өлкө өзүнчө жаңы чыккан айды көрүүсү керек. Ал эми жакын-кошуна-болсо, ал учурда биринин көргөнү жетиштүү болуп, бири-биринен айырмаланбоосу керек.

**Орозону бузуучу нерселер**

***Орозону бузуучу нерселер эки бөлүккө бөлүнөт:***

1. Орозону бузуп, каза менен бирге кафаарат да ваажип болот;
2. Орозону бузуп, жалгыз каза гана ваажип болот;

*Түшүндүрмө:*

Каза: Орозосун бузгандыгы үчүн бир күнүнө бир күн орозо тутуу;

Кафаарат: Үч жазанын бири:

1. Кул азат кылуу;
2. Удаа эки ай орозо тутуу;
3. Алтымыш мискинди[2] тамактандыруу.

***Биринчи бөлүгү*:** Орозо бузулуп, каза жана кафаарат ваажип болуусу.

**1. Атайлап жеп-ичүү.** Риваятта пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Ким Рамазан айында атайылап (шаръий себепсиз) оозун ачса, ага зихар кылгандын өкүмү (каффарасы) тиешелүү болот». Ал эми зихардын каффарасы - Куранда келеркидей айтылган: «Өзүнүн аялын [3] окшоштургандар кийин айткан сөздөрүнөн кайтышса, айткан сөздөрү үчүн адегенде бир кулду азаттыкка чыгарып, андан соң гана өз түгөйүнө кошулууга акылуу. Алла силердин эмне кылганыңардан кабардар. Кимде-ким (бир) кулду азат кыла албаса, анда аялы менен кошулганга чейин эки ай бою үзгүлтүксүз орозо тутууга тийиш! Ал эми ким муну да аткара албаса, анда алтымыш жардыны тойгузсун! Бул Алла менен Анын элчисине ишенүүңөр үчүн; ушул Алланын чектери. Каапырлар үчүн зор азап бар».(Мужадала:3-4)

Орозо учурунда атайылап жеп же ичкен адамга казаны (кайра тутуусу) жана каффарасы парз экенине дагы бир далил - жыныстык катнашка кыяс кылуу. Себеби, жыныстык катнаш орозону шаръий себепсиз бузгандыктан каффара талап кылынат. Ошол сыяктуу эле, жеп-ичүү да орозону шаръий себепсиз бузат. Демек, эгер жыныстык катнашта каффара талап кылынса, анда жеп-ичүүдө да каффара талап кылынат.

[1] Бул хадисти Муслим (№1087) риваят кылган, аны ошондой эле Ахмад жана Тирмизи да риваят кылган. Тирмизи мындай деген: «Бул — хасан, сахих жана гараиб хадис. Илимуй аалымдардын амал кылуусу ушул хадиске негизделген, башкача айтканда, ар бир шаар өзүнүн ай көрүүсүнө таянат»."

[2] Жеп-ичкенге эч бир каражаты жок инсан.

[3] Энесине.

Андан соң, жыныстык катнашта каффара орозону бузуу ишинен тыюу (эскертүү) үчүн парз кылынган болсо, жеп-ичүүдө да ошондой.

Дагы, жыныстык катнаш менен адам жыныстык каалоосун канааттандырса, жеп же ичүү менен ачтык же суусоо каалоосун канааттандырат. Демек, бул эки иштин ортосундагы кыяс (окшоштук тарабын салыштыруу) ачык көрүнүп турат".

2. **Аялы менен атайылап кошулуу.** Абу Хурайра (*Андан Аллах Таала ыраазы болсун)* айтты: Бир киши пайгамбарыбызга ﷺ келип: «*Курудум жана куруттум*» - деп айтат. Анда пайгамбарыбыз ﷺ: «Эмне болду?» - деп сурады. Ал: «*Рамазандын күндүзгү күнү аялыма кошулуп алдым*» - деп жооп берди. Пайгамбарыбыз ﷺ: «Бир кул азат кыл!» - деп айтты. Ал: «*Кул азат кылууга кудуретим жетпейт*» - деди. Пайгамбарыбыз ﷺ: «Эки ай үзгүлтүксүз орозо тут» - деди. Ал: «Ага да кудуретим жетпейт» - деп айтты. Пайгамбарыбыз ﷺ: «Алтымыш мискинге тамак бер» - дегенде: «Ага каражат таба албаймын» - деп айтты. Анда пайгамбарыбыз ﷺ: «Бери отур» - деди. Отурган кезде пайгамбарыбыз ﷺ чоң бир идиште курма алып келип: «Ушуну алып, садака кыл!» - деп айтат. Ал: «Бизден да кедейлергеби?» - деп сураганда, пайгамбарыбыз ﷺ жылмайып: «үй-бүлөңө[1]» - деп жооп берди.

Атайлап жеп-ичсе жана аялы менен кошулса, үзгүлтүксүз орозо тутуу ваажип болот. Анткени, Аллах Таала: «...**үзгүлтүксүз эки ай орозо тутуу (милдети) бар**» -деп айткан.

***Жыныстык байланыш кылган аялга кафаарат важиб болобу?***

Жыныстык катнашта аялга каффаранын парз болушу маселесинде аалымдар арасында талаш болгон. Туурараак пикир боюнча, аялга каффара парз болбойт, эгерде ал күйөөсүнө өз ыктыяры менен (макул болуп) кошулбаса".

**Каффара парз болушунун шарттары:**

1. Рамазан орозосун туткан, акыл-эси толук, шарият боюнча милдеттүү болгон адам түн ичинде ниет кылган болушу керек. Эгер түн ичинде ниет кылбаса, ага каффара важиб болбойт.
2. Орозону бузууга уруксат берген себеп - сапар же оору - пайда болбоого тийиш. Эгер оору пайда болгондон кийин ооз ачса, уруксат. Бирок сапарга чыга электе ооз ачса, анын мойнунан каффара түшпөйт.
3. Өз ыктыяры менен болушу керек, мажбурланбашы керек.
4. Атайылап болушу керек. Эгер унутуп же жаңылыш ооз ачса, ага каффара важиб болбойт[2].

**Далил:** Абу Хурайра (разияллаху анху) пайгамбарыбыз ﷺ мындай деп айтканын риваят кылат: «Эгер кимдир бирөө орозо учурунда унутуп жеп же ичип алса, орозосун улантсын. Анткени Аллах Таала аны Өзү тамактандырып, ичирди[3]».

---

[1] Бухарий (Орозо 1936), «Адаб» китеби 6087) Ант каффараты бөлүмү 6709,6710)

[2] «Төрт мазхаб фикхи» китебин караңыз 1/560)

[3] Бухарий (Орозо 1933), «Анттар жана назирлер» китеби 6669), Муслим (орозо 1155)

***Экинчи бөлүк:* Орозо бузулуп, каза орозо гана важиб болуусу**

1. Азык катары адам жебей турган (ун, көп туз[1]) нерсени жеп алуу;
2. Кусуу: Эгер кусуу атайын болбосо, эч нерсе талап кылынбайт. Бул тууралуу Абу Саид алъ-Худрий (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Үч нерсе орозону бузбайт: кусуу, хижама (кан алдыруу) жана түшүркөө[2]».

Дагы Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Ким орозо учурунда өзүнөн-өзү (эрксиз) кусса, ага каза парз эмес. Ал эми ким атайылап кусса, анда каза кылсын[3]».

3. Айыз жана нифас: Эгер аял этек кири (айыз) келсе же нифас болсо, анын орозосу бузулат, күн батканга аз калса да, буга жогоруда эскертилген Айшанын (Аллах андан ыраазы болсун)) хадиси далил: «Бир аял андан сурады: “Эмне үчүн хайыздагы аял орозонун казасын кармайт...хадис[4]». Бул пикир аалымдардын ижмасы менен, эч ким ага каршы чыккан эмес.
4. Өбүшүү же тийүү себебинен манинин түшүшү, ал эми ойлонуу, кароо же түшүркөө себебинен түшсө орозо бузулбайт.
5. Эгер орозо кармаган адам таң ата элек же күн баткан деп ойлоп жеп же ичип же жыныстык катнаш кылса, бирок анын ою туура эмес болуп чыкса, анда ага каза важиб болот. Бул төрт имамдын жана көпчүлүк аалымдардын пикири.

**Рамазанда орозосу бузулган адамдын өкүмү**

Рамазанда орозосу бузулган адамга ыйык айдын урмат-сыйы үчүн калган күнүн толуктап кармоосу важиб болот, Ал эми Рамазандан башка убакта орозосу бузулган адамга ошол күнү толуктап кармоо важиб эмес.

**Орозонун макрухтары**

Орозо кармаган адамга макрух болгон нерселер:

- Тамактын же суусундуктун даамын татуу. Бирок зарылдык болгондо гана, уруксат. Мисалы, аял күйөөсүнүн жаман мүнөзү бар болуп, андан корксо, тамактын даамын татса болот. Ошондой эле ашпозчуга да уруксат.
- Үзүрсүз бир нерсени чайноо. Бирок эгер аял баласы тамак чайнай албаса, ага чайнап берсе болот.
- Жубайын өбүү же денесин тийгизүү. Эгер аны менен жыныстык катнашка барбоого өзүнө ишене албаса, андай учурда макрух болот. Эгер коркунуч жок болсо, макрух эмес.
- Шилекейди оозго чогултуп анан жутуу.
- Орозо тутуудан алсыратат деп ойлогон иштерди кылуу.

---

[1] Орозо туткан адам атайлап аз өлчөдө туз жеши менен каза да, кафаарат да важиб болот.
[2] Тирмизий (орозо 719), «Насбу Роя» китебин караңыз: 2/446-448)
[3] "Ахмад *алъ-Муснадда* (2/498), алъ-Бухари *ат-Тарих алъ-Кабирде* (1/91–92), Абу Дауд *ас-Соум китебинде* (№2380), Тирмизи *ас-Соум китебинде* (№720), Ибн Хиббан (№3518) риваят кылган. Ибн Хузайма (№1960) аны сахих деп баалаган. Ал эми Ибн Мажа *ас-Сиям китебинде* (№1676) риваят кылган. Бул ошондой эле *Тухфат алъ-Ашраф* (10/354) китебинде да келтирилген."

[4] Муслим (Айыз бөлүмү: 335)

**Орозо кармаган киши үчүн мустахаб болгон иштер:**

Орозо кармаган адамга төмөнкү нерселер мустахаб болот:

1. Сухур: (саарлык) б.а. түнкү саарлыкта жеген нерсе. Буга далил: Анас бин Маликтен (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынат, пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Саарлык кылгыла, анткени сарлыкта береке бар[1]». Саарлык аз тамак менен да, көп тамак менен да, жадагалса суу менен да болот. Анткени пайгамбарыбыз ﷺ минтип айткан: «Бир ууртам суу менен болсо да саарлык кылгыла[2]». Саарлыктын убактысы түндүн акыркы жарымында башталат, канчалык кечиктирилсе ошончолук жакшы. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Менин үммөтүм ооз ачууну тездетсе жана саарлыкты кечиктирсе, дайыма жакшылыкта болот[3]».
2. Ооз ачууну күндүн батканына ынангандан кийин жана намаздан мурун тездетүү: Буга далил: Сахл бин Сааддан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынат, пайгамбарыбыз ﷺ айтты: "Адамдар ооз ачууну тездетсе, дайыма жакшылыкта болот.[4]». Ооз ачууну жаңы курма менен, андан кийин кургак курма менен, андан кийин таттуу нерсе менен, андан кийин суу менен кылуу сүйүктүү, жана үч же андан көп так сан менен ооз ачуу сүйүктүү, буга далил: «Пайгамбарыбыз ﷺ намаз окуганга чейин жаңы курмалар менен ооз аччу, эгер жаңы курмалар болбосо, кургак курмалар менен, эгер алар да болбосо, бир нече ууртам суу менен иччү, анткени ал тазалоочу[5]».

3. Тилди ашыкча сөздөрдөн тыюу (кармоо): Ал эми тилди арам нерселерден тыюу (гыйбат жана ушак сыяктуу) мусулманга ар дайым милдеттүү, буга далил: Абу Хурайрадан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынат, пайгамбарыбыз ﷺ айтты: "Ким жалган сөздү жана ага амал кылууну таштабаса, Аллах анын тамагын жана суусун ташташына муктаж эмес.[6]» Ошондой эле Пайгамбарыбыздын ﷺ ушул сөзү: «Качан силердин бириңердин орозо кармаган күнү болсо, жаман сөз сүйлөбөсүн жана кыйкырбасын. Эгер кимдир бирөө аны сөгүп же урушса, анда ал: "Мен орозо кармаган кишимин» - десин[7].
4. Ооз ачкандан кийин дароо сүннөттө келген дубаны кылуу: Буга пайгамбарыбыздын ﷺ ушул сөзү далил: "Орозо кармаган адамдын ооз ачканда жоопсуз кайтарылбай турган дубасы бар[8]» жана пайгамбарыбыздын ﷺ дагы ушул сөзү: "Үч адамдын дубасы кайтарылбайт: орозо кармагандын ооз ачканда, адилеттүү имамдын, жана зулумга учурагандын дубасы[9]».

➢ Орозонун дубаларынан: (Аллахумма лака сумту, ва 'ала ризкика афтарту, Аллахумма такаббал минни иннака Антас-Сами'ул-'Алим[10]). (Захабаз-зама',

---

[1] Бухарий (Орозо 19233), Муслим (Орозо 1095)
[2] Ибн Хиббан (884)
[3] Ахмад (Муснад 5/147)
[4] Бухарий (Орозо 1957), Муслим (Орозо 1098)
[5] Тирмизий (Жаамиъ 696), Абу Дауд (Сунан 2356)
[6] Бухари, Орозо китеби (1903).
[7] Бухари, Орозо китеби (1904), Муслим, Орозо китеби (1151).
[8] Ибн Мажа, Орозо китеби (1753).
[9] Тир Тирмизи (807), айткан: "(Сахих)".
мизи, Орозо китеби (3595), Ибн Мажа, Орозо китеби (1752), Ибн Хиббан (2408) сахих деп тапкан.
[10] Ибн ас-Сунни "Амалъ алъ-Йаум валъ-Лайла" китебинде (481), Ибн алъ-Кайим "Зад алъ-Маад" китебинде (2/51).

вабталлатил-урук, ва сабатал-ажру иншаАллах [1] ). (Алхамдулиллях аллази а'анани фасумту ва разакани фаафтарту[2]). Абдулла бин Умар (Аллах андан ыраазы болсун) ооз ачканда минтип айтчу: (Аллахумма инни ас'алука бирахматика аллати васи'ат кулла шай'ин ан тагфира ли). Эгер адам бир элде ооз ачса, аларга ушул дуба менен дуба кылуу сүннөт: пайгамбарыбыз ﷺ айтты: “Силерде орозо кармагандар ооз ачсын, жана тамагыңарды такыбалар жесин, жана периштелер силерге салават айтсын»[3].

5. Садаканы көбөйтүү жана туугандарга, кедейлерге, мискиндерге жакшылык кылуу, жана орозо кармагандарга ооз ачыруу: пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Ким орозо кармаган адамды ооз ачтырса, ага анын сообунча сооп болот, орозо кармагандын сообунан эч нерсе азайбайт»[4]. Анастан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынат, айтылды: “Оо, Аллахтын Элчиси! Кайсы садака эң жакшы?”. Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: “Рамазандагы садака»[5].

6. Убакытты илим, Куран окуу, зикр, жана пайгамбарыбызга ﷺ салават айтуу менен өткөрүү: Буга Ибн Аббастан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынат, ал айтты: (Пайгамбарыбыз ﷺ жакшылыкта адамдардын эң жоомарты болчу, жана ал эң жоомарт болгон убактысы Рамазанда Рамазан айынын ар бир түнүндө Жабраил (алейхис салам) ага (пайгамбарыбызга ﷺ) жолугуп турчу, Рамазан бүткөнгө чейин. Ал (Жабраил) пайгамбарыбызга ﷺ Куранды сунуш кылчу. Жабраил (алейхис салам) ага жолуккан кезде пайгамбарыбыз ﷺ абдан жоомарт болуп калчу».

7. Рамазандын акыркы он күнүндө ибадатты көбүрөөк кылууга тырышуу: Айша энебизден (радияллаху анха) риваят кылынат, ал айтты: (Пайгамбарыбыз ﷺ акыркы он күнгө[6] киргенде белин бекем байлачу, түнүн тирилтчү жана үй-бүлөсүн ойготчу[7]».

8. Иътикаф: Ибн Умар жана Айшадан (радияллаху анхума) риваят кылынат, алар (Пайгамбарыбыз ﷺ Рамазандын акыркы он күнүндө иътикаф кылчу[8]» - деп айтышкан.

## Орозонун мубахтары

Орозо кармаган адамга төмөнкү иштер мубах (уруксат):

1. Гусул алуу, сууга түшүү жана сууга чумкуу: Буга далил: Айша жана Умму Саламадан (Аллах ал экөөсүнөн ыраазы болсун) риваят кылынат, алар: (Пайгамбарыбызга ﷺ таң атканда ал жубайлары менен жунуп абалында болчу, анан гусул алып орозо кармачу[9]»-деп айтышкан..

---

[1] бу Дауд (2357), Ибн ас-Сунни (479), Даракутни (240), Хаким (1/422) Шейхайндын шартына ылайык сахих деп тапкан.

[2] Ибн ас-Сунни "Амалъ алъ-Йаум валъ-Лайла" китебинде (480).

[3] Абу Дауд, Тамактар китеби (3854), Ибн Мажа, Орозо китеби (1747), Ибн Хиббан "Сахих" китебинде (5272).

[4] Тирмизи (807), айткан: "(Сахих)".

[5] Тирмизи (663).

[6] Он күн» деген — Рамазан айынын акыркы он күнү. Бул хадис көп ибадат кылууну туюнткан кыянат сөз. Аны алъ-Бухари *ас-Соум* китебинде (№2024) риваят кылган."

[7] Бухарий (итикаф2025,2025)

[8] Бухарий (Орозо 1926)

[9] Бул — көпчүлүк аалымдардын, ошондой эле шафийлердин, Хасан, Нахаи, Аузаи, Ато, Абу Ханифа жана Абу Саурдун пикири. Бул пикирге Ибн Шубрума менен Ибн Абу Лайла гана каршы болушкан.

○ Эгер орозо кармаган адамдын ичине суу кокусунан кирип кетсе, анын орозосу туура боло берет.

2. Сурма сүртүү, көз тамчылатуу жана ушул сыяктуу көзгө кирген нерселер: Анын даамын тамагында сезсе да, сезбесе да; анткени көз ичке өтүүчү жол эмес[1]

3. Инъекция: Жалпысынан, тамактануу үчүн болсун же дарылоо үчүн болсун, кан тамырга болсун же тери астына болсун, анткени ал ичке жетсе да, кадимки жол менен жетпейт.

4. Хижама[2] (кан алдыруу): Буга далил: Ибн Аббастан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте: Пайгамбарыбыз ﷺ орозо кармап жатып хижама кылдырган[3]. Эгер хижама орозо кармаганды алсыратса, анда ал макрух болот, Сабит алъ-Бунани Анаска (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: Пайгамбарыбыз ﷺ доорунда силер орозо кармаганга хижаманы жактырбайт беленңер? – деп сураганда, ал: "Жок, бирок алсыздыкка алып келсе гана[4]», - деп жооп берген.

5. Оозду жана мурунду чайкоо: Бирок өтө ашыкча кетүү макрух, анткени Пайгамбарыбыз ﷺ Лакит бин Сабрага минтип айткан: «Оозду жана мурунду чайкоодо абдан жеткире жуу, бирок орозо кармаган болсоң ашыкча кетпе![5]».

6. Сактанууга мүмкүн болбогон нерселер: Мисалы, шилекейди жана жолдо учкан чаңды жутуу.

**Орозону бузууга уруксат берүүчү себептер:**

Орозо кармаган адамга ооз ачууга уруксат берүүчү көптөгөн үзүрлөр (себептер) бар:

1. Ооруу: Орозо кармоо менен оорунун күчөшүнөн коркуу, же орозо кармоо менен айыгуунун кечигишинен коркуу, же орозо кармоо себебинен өтө катуу чарчоо болсо, анда ага ооз ачууга болот, жана мындай учурларда орозо кармоо макрух болот; Аллах Тааланын сөзү боюнча: «Силерден ким (орозо мезгилинде) ооруп калса, же сапарга аттанса – анда ал күндөрдүн[6] ордуна башка күндөрдө толуктап берет». (Бакара: 184)

2. Сапар: Сапарга чыккан адамга ооз ачууга болот. Анын шарты: Намазды кыскартууга уруксат берген аралыкта болушу керек, жана шарты менен таң аткандан мурун сапарга чыгышы керек. Эгер таң аткандан кийин сапарга чыкса, ага ооз ачуу арам, бирок ооз ачса, ага каза гана тиешелүү, каффарат милдет болбойт. Сапарга чыккан адамга орозо кармоо муустахаб. Бул, Аллах

---

[1] Бул — ханафий мазхабындагы имам Абу Юсуф менен Мухаммад ибн алъ-Хасан, ошондой эле имам Шафи'и (рахимахуллах)дын пикири. Айрым аалымдар болсо, эгер инъекция азыктандыруу үчүн болсо, анда ал кадимки табигый жол аркылуу кирбесе да, орозону бузат деп эсептешет. Ал эми имам Абу Ханифанын пикири боюнча: эгер орозо туткан адамдын ичине (ашказанга) кандайдыр бир нерсе киргени анык болсо, ал кадимки табигый жол менен болбосо да, орозо бузулат.

[2] Хижама: башынан кан алуу

[3] Бухарий (Орозо китеби 1939,1938)

[4] Бухарий (Орозо китеби 1940)

[5] Ахмад (Муснад: 4/33), Тирмизий (Орозо китеби: 788), Абу Дауд (Даарат китеби: 142,143), Ибн Хиббан (159)

[6] Б.а. орозодон кийин болсо да башка күндөрдө орозону сөзсүз тутуу буйрулду

Тааланын ушул сөзү ылайык: “Жана орозо кармооңор силер үчүн жакшыраак” (Бакара: 184) Бирок эгер чарчаса, анда ооз ачуу жакшыраак.

3. Кош бойлуу жана эмизген аялдын орозодон зыян көрүүдөн коркуусу: Эгер кош бойлуу же эмизген аял өзүнө жана баласына же экөөнө тең зыян жетүүдөн корксо, анда аларга ооз ачууга уруксат берилет жана алар мүмкүнчүлүгү болгондо фидиясыз[1] жана каза күндөрүндө үзгүлтүксүз тутуу шарт кылынбаган абалда казасын кармоого милдеттүү. Буга пайгамбарыбыздан ﷺ риваят кылынган ушул хадиси далил: пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Чындыгында Аллах сапарга чыкканга намаздын жарымын, ал эми кош бойлууга жана эмизгенге орозо тутуу милдетин түшүрдү[2]».

4. Айыз жана нифас: Эгер аял этек кири келсе же нифас болсо, ага ооз ачуу важиб жана орозо кармоо арам, эгер орозо кармаса, орозосу жараксыз, жана ага казасын кармоо важиб.

5. Оор жумуштун ээси: Эгер адам катуу ачка болсо же катуу суусаса жана ал себептүү орозо кармай албаса жана орозосун улантса өзүнө зыян келтирсе, ага ооз ачууга болот.

6. Улгайган адам: Бардык жыл мезгилдеринде орозо кармай албаган улгайган киши (буга айыгууга үмүтү жок оорулуу да кирет) ооз ачат жана ар бир күнү үчүн бир кедейди тамактандыруу фидиясы важиб болот. Эгер Рамазанда орозо кармоого кудурети жетпей, бирок башка убакта казасын кармоого кудурети жетсе, анда ал убакта казасын кармоосу важиб.

## Тыюу салынган орозо

Адам - Аллахтын кулу, жана адам Аллах каалагандай ибадат кылууга милдеттүү. Андыктан орозо менен да, ооз ачуу менен да ага ибадат кылышы керек, жана ал адамдын урааны дайыма: ***«Уктук жана баш ийдик, кечир бизди, оо, Раббибиз жана Сага кайтуу бар»*** болуусу керек.

Тыюу салынган орозо пайда жана максат үчүн тыюу салынган, төмөндө ошол тыюу салынган орозолордун кээ бирлерин атап өтөбүз:

1. Жума күндү өзгөчөлөп, орозо кармоо: Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Силердин эч кимиңер жума күндү орозо кармабасын. Бирок андан бир күн мурун же андан бир күн кийин орозо кармасын[3]».

---

[1] Фидья — бир күн орозо тутпаган адам үчүн бир муктажды тамактандыруу. Ал (муктажга) бир муд берет, башкача айтканда, бул ошол өлкөдөгү эл көп жеген негизги азыктан болжол менен 600 граммга барабар."**

[2] Бул хадисти) Ахмад *аль-Муснадда* (4/347; 5/29) риваят кылган, ошондой эле Тирмизи *ас-Соум* китебинде (№715) риваят кылып, аны «хасан хадис» деп баалаган. Ибн Мажа *ас-Соум* китебинде, *«Кош бойлуу жана эмизүүчү аялдын ооз ачышы»* деген бабда (№1666) риваят кылган. Абу Дауд да *ас-Соум* китебинде (№2408) риваят кылган."

[3] Бухари, Орозо китеби (1985), Муслим, Орозо китеби (1144).

2. Ишемби күндү өзгөчөлөп орозо кармоо: Пайгамбарыбыздан ﷺ риваят кылынган хадисте, ал минтип айтты: «Ишемби күндү орозо кармабагыла, силерге парз кылынгандан башка[1]».

- Ошондой эле жекшемби күндү да өзгөчөлөп орозо кармоо макрух; анткени иудейлер ишемби күндү, христиандар жекшемби күндү улуу тутушат.

- Бирок ишемби менен жекшембини чогуу орозо кармоо макрух эмес; анткени эч ким аларды чогуу улуу тутпайт.

3. Орозо айт жана Курман айт күндөрү орозо кармоо: Буга Абу Убайд, Ибн Азхардын кулунан риваят кылынат, ал минтип айтты: «Умар бин алъ-Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) менен бирге айтта болдум, ал айтты: «Бул эки күн пайгамбарыбыз ﷺ орозо кармоого тыюу салган күндөр, биринчиси орозоңордон ооз ачкан күнүңөр, экинчиси курмандыгыңардан жеген күнүңөр[2]». Ошондой эле, Абу Саидден (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте минтип, айтты: «Пайгамбарыбыз ﷺ Орозо айт жана Курман айт күндөрү орозо кармоого тыюу салган[3]...».

4. Зул-Хижжанын үч Ташрик күндөрүндө орозо кармоо: Булар Курман айт күнүнөн кийинки үч күн, алардын орозосун арам болуусуна далил: Кааб бин Маликтен риваят кылынат, ал айтты: пайгамбарыбыз ﷺ мени жана Аус бин алъ-Хадасанды Ташрик күндөрүндө жиберди, минтип кайрылып айтты: «Бейишке ыймандуу гана кирет. Мина күндөрү жеп-ичүү күндөрү[4]».

- Амр бин алъ-Аастан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынат, ал айтты: «Бул күндөр пайгамбарыбыз ﷺ бизге ооз ачууга буйрук кылган жана орозо кармоого тыюу салган күндөр[5]». Имам Малик: «Булар - ташрик күндөрү», -деп айткан.

5. Шек күнү орозо кармоо: Бул Рамазандан бир күн мурун же Шаабандын акыркы күнү. Бул күндөрү нафил менен парз ортосунда эки анжы ниет менен орозо кармоо макрух. Пайгамбарыбыздын ﷺ сөзү боюнча: «Ким адамдар шек кылган күндө орозо кармаса, Абул Касимге (пайгамбарыбызга) каршы чыккан болот[6]».

6. Үзгүлтүксүз орозо. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай дегендиги риваят кылынган: «Ким өмүр бою (үзгүлтүксүз) орозо тутса, аны орозо кармады деген болбойт[7]». Абу Саид алъ-Худрий (Аллах андан ыраазы болсун) да мындай деп риваят кылат: «Пайгамбарыбыз ﷺ узакка созулган (үзүлбөгөн) орозодон тыйды[8]». Үзгүлтүксүз орозосунун мааниси – жылдын ар бир күнүндө түнү менен ооз ачпай кармоо деп айтылган. Мындай орозо макрух, анткени бул адамды парздар менен милдеттерди аткарууга алсыз кылат, зарыл болгон иш-

---

[1] Тирмизи, Орозо китеби (744) айткан: "(Хасан хадис)", Ахмад "Муснад" китебинде (4/189, 6/368), Абу Дауд "Сунан" китебинде (2421).
[2] Бухари, Орозо китеби (1990).
[3] Бухари, Орозо китеби (1991).

[4] Муслим, Орозо китеби (1142).
[5] Абу Дауд, Орозо китеби (2418).
[6] Абу Дауд, Орозо китеби (2334), Тирмизи, Орозо китеби (686) айткан: "(Хасан сахих)".
[7] Бухарий (Орозо китеби 1977), Муслим (Орозо китеби 1159)
[8] Ахмад (Муснад :2/62), Ибн Хиббан (3578)

аракеттерден токтотот. Ушуга байланыштуу риваятта минтип айтылат: «Пайгамбарыбыз ﷺ үзгүлтүксүз орозосун тыюу салганда, адамдар: «Сен өзүң болсо үзгүлтүксүз орозо кармайсың го, о Аллахтын элчиси?» – деп сурашты. Ошондо пайгамбарыбыз ﷺ: «Мен силердей эмесмин. Мен түнү Раббимдин алдында болом, Ал мени тамактандырат жана суусунумду кандырат[1]» – деп жооп берди.

**Кошумча (татаввуъ-нафил) орозо**

Бул - сүннөт орозого кирет. «Татаввуъ» деген сөз Аллах Таалага парз болбогон кошумча ибадаттар аркылуу жакындоо деген маанини билдирет. Орозо - ибадаттардын жана Аллага жакындатуучу амалдардын эң жакшыларынан экендиги талашсыз. Абу Саид алъ-Худрий (Аллах андан ыраазы болсун) мындай деген: «Мен Аллахтын элчисинен ﷺ уктум: "Ким Аллах жолунда бир күн орозо кармаса, Аллах Таала анын жүзүн тозоктон жетимиш жылга алыстатат[2]».

**Сүннөт орозонун шариятта буюрулуусунун хикматы (пайдасы)**:

Аллахка көбүрөөк ибадат кылуу жана жакындоо болуп саналат. Ар бир ибадат адамды Раббисине жакындатат. Момун адам ар дайым жакшылыкка жана сооп иштерге шашылышы керек, ошондо анын абалы оңолот жана жашоосу түзөлөт. Биз сүннөт болгон орозонун түрлөрү тууралуу кыскача маалымат беребиз.

Биз билишибиз керек болгон нерсе Аллахтын элчиси ﷺ кээде ушунчалык көп орозо тутар эле. Ошондо адамдар: **«Ал ооз ачпайт окшойт»**, - дешчү. Кээде болсо көп күндөрдү ооз ачык өткөрүп, адамдар: **«Ал орозо кармабайт окшойт»**, - дешчү. Ал Рамазандан башка эч бир айда толук бир ай орозо кармаган эмес, бирок Шаабан айында башка айларга салыштырмалуу көбүрөөк орозо тутчу.[3]

**1 – Арафа күнү орозо**

Бул - Зул-хижжа айынын тогузунчу күнү жана ал орозо **ажыга барбаган** адамдар үчүн сүннөт болуп эсептелет. Абу Катада (Аллах андан ыраазы болсун) ривают кылган хадисте Аллахтын элчисинен ﷺ Арафа күнү орозо тууралуу сурашканда, ал мындай деген: **«Ал өткөн жана кийинки бир жылдын (кичинекей) күнөөлөрүн кечирүүгө себеп болот[4]».** Арафа күнү эң жакшы күндөрдүн бири болуп саналат. Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: **«Арафа күнүндөй Аллах Тааланын тозоктон кулдарын көп куткарган күнү жок [5] »**. Ал эми ажылар үчүн Арафа күнү орозо тутуу сүннөт эмес.

---

[1] Бухарий (Үмүт кылуу бөлүмү: 7241); Муслим (Орозо китеби:2104), Ахмад
[2] Бухарий (Сахих китеби 2685), Муслим (Орозо китеби:1153)
[3] Бухарий (Орозо китеби:1971), Муслим (Орозо китеби:1156), Малик (Муватта китеби: 1/309)
[4] Муслим (Сахих китеби 1162)
[5] Муслим (Сахих китеби 1338)

Тескерисинче, пайгамбарыбызга ﷺ ээрчип жана ошол күнү дуба кылууга күчтүү болушу үчүн аларга ооз ачуу сүннөт.

**2- Ашура күнү орозо:**

“Ашура” - мухаррам айынын **онунчу күнү**, ал эми “Тасуа” - анын **тогузунчу күнү**. Экөөнү тең орозо тутуунун мустахаб экенине далил - Ибн Аббас (разияллаху анху) риваят кылган хадис:*«Аллахтын элчиси ﷺ Ашура күнү орозо тутту жана аны тутууну буюрду»*[1]. Ошондой эле Абу Катада (разияллаху анху) риваят кылган хадис бар, анда пайгамбарыбыздан ﷺ Ашура күнүнүн орозосу тууралуу суралганда, ал: «Өткөн жылдагы күнөөлөрдү өчүрөт[2]» -деген.

Ибн Аббас (разияллаху анху) риваят кылган дагы бир хадисте: *«Аллахтын элчиси ﷺ: «Эгер кийинки жылга жетсем, тогузунчу күнү да орозо тутам*[3]*» - деди».* Бирок пайгамбарыбыз ﷺ ошол жылга жетпей каза болду.

Бул жерде **Тасуа** жана **Ашура орозосунун чогуу тутулуусу** эки себеп менен түшүндүрүлүүдө:

**1.** Ай башында ката кетирүү ыктымалынан сактануу - ай көрүүдө жаңылышып, онунчу күн деп ойлоп, чындыгында тогузунчу күн болушу мүмкүн.
**2.** Яхудийлерден айырмалануу - алар тек гана онунчу күнү орозо туткан.

**3.** Дүйшөмбү жана бейшемби күндөрү орозо тутуу: Мунун далили - Айша (разияллаху анха) риваят кылган келерки хадис: «Аллахтын элчиси ﷺ дүйшөмбү жана бейшемби күндөрү орозо тутууга өзгөчө көңүл буруучу эле[4]» .

Абу Хурайра (разияллаху анху) риваят кылган хадис: «Амалдар (сооптор жана жазалар) дүйшөмбү жана бейшемби күндөрү көрсөтүлөт. Менин амалым мага орозо туткан абалымда көрсөтүлүүсүн жактырам [5] ». Абу Катада (разияллаху анху) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыздан ﷺ дүйшөмбү күнкү орозо тууралуу сурашканда, ал минтип айтты: **«Ал күнү мен төрөлгөм жана ал күнү мага (алгачкы) вахий түшүрүлгөн[6]».**

**4 - Ар бир айда үч күн орозо тутуу:**

Эң жакшысы - бул күндөр ай толгон түндөргө туура келиши, тактап айтканда, ар бир айдын 13-, 14- жана 15-күндөрү. Бул күндөр «ак түндөр» деп аталат, анткени айдын жарыгы ошол түндөрдө толук болуп, айлана жарык болуп турат. Бул орозонун мустахаб экенине далил болгон хадистер: Абу Хурайра (разияллаху анху) айтат: «Досум (пайгамбарыбыз ﷺ) мага үч нерсени

---

[1] Бухарий (Сахихкитеби:1900), Муслим (Орозо китеби: 1130)
[2] Муслим (Орозо китеби: 1162)
[3] Муслим (Орозо китеби: 1134)

[4] Тирмизий(Сунан китеби: 745), Ахмад (Муснад (6/288), Абу Дауд(Сунан китеби: 2437), Насаий (4/205)
[5] Тирмизий (Сунан китеби: 747)
[6] Муслим (Орозо китеби: 1160)

осуят кылды: Ар бири айда үч күн орозо тутууну, Духа намазынын эки рекетин окууну жана уктаардан мурун витир намазын окууну[1]». Абу Катада (разияллаху анху) риваят кылган хадис: «Айдын ар биринен үч күн орозо тутуу - бүт жыл бою орозо тутканга тете[2]». Абу Зарр (разияллаху анху) айтат: «Эгер айдын ичинен үч күн орозо тутсаң, 13-, 14- жана 15-күндөрдү тут[3]». Катада ибн Милхан (разияллаху анху) айтат: «Аллахтын элчиси ﷺ бизге ай толгон түндөрдө орозо тутууну буюрчу: 13-, 14- жана 15-күндөрү», жана айтты: «Бул орозо бүт жылдык орозого тете[4]».
*Бирок **Зулхижжа айынын 13-күнү** өзгөчө учур болуп саналат, анткени ал *ташрик күндөрүнүн* бири, ал күндөрдө орозо тутуу тыйылган.

**5 - Шаввал айынан алты күн орозо тутуу:**

Эң жакшысы - бул алты күндү ай ичинде бөлүп тутуу, айттан кийин дароо эмес. Мисалы, ар бир жумада эки күндөн тутуу сыяктуу. Бул тууралуу Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: *«Ким Рамазан айын орозо менен өткөрүп, андан кийин Шаввал айынан алты күн орозо тутса, бир жыл орозо туткандай болот[5]».*

**6 - Бир күн орозо, бир күн ооз ачуу:**

Бул - мустахаб орозолордун эң мыкты түрү, ал - Дауд пайгамбарыбыздын (алейхис салам) орозосу. Пайгамбарыбыз ﷺ минтип айткан: *«Дауд пайгамбарыбыздын орозосун тут, ал бир күн орозо тутуп, бир күн ооз аччу[6]».* Абдуллах ибн Амр ибн алъ-Ас (разияллаху анху) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: *«Аллахка эң сүйкүмдүү орозо - Дауд пайгамбарыбыздын орозосу[7]».*

**7 – Шаабан айынын айрым күндөрүндө орозо тутуу:**

Бул тууралуу далил: Имран ибн Хусайн (разияллаху анху) риваят кылган хадис: Пайгамбарыбыз ﷺ андан (Имрандан) сурады: *«Бул айдын (Шаабандын)* ***сарар*** [8] *күндөрүнөн (орозодон) бир нерсе туттуңбу?».* Ал: «Жок»,- деди. Ошондо пайгамбарыбыз ﷺ ага: *«Анда Рамазан бүткөндөн кийин анын ордуна эки күн орозо тут[9]»* - деди.

Аалымдардын түшүндүрмөсү боюнча, бул хадис: эгер Шаабан айынан айрым күндөрдү орозо тутпай калсаң, Рамазан бүткөн соң анын ордун толуктоо үчүн эки күн орозо тут деген маанини билдирет.

**8 - Мухаррам айында орозо тутуу:**

[1] Бухарий (Орозо китеби: 1981), Муслим (Сахих китеби: 721)
[2] Муслим (Орозо китеби: 1162)
[3] Тирмизий (Сунан китеби: 761) хасан хадис
[4] Абу Дауд (Сунан китеби:2449)
[5] Муслим (Орозо китеби:1164), Ахмад( Муснад (5/ 417,419), Абу Дауд (Сунан китеби: 2433)
[6] Бухарий (орозо китеби: 1979)
[7] Бухарий (Тахажжуд бөлүмү:Саарлыкта уктаган адам тууралуу бап: 3/14), Муслим (Орозо китеби: 1159)
[8] Сарар-Шаъбан айынын башы же ортосу.
[9] Муслим (Орозо китеби: Шаъбан айынын орозосу: 1161)

Бул ай - *төрт ыйык айдын* бири. Анын орозосунун фазилети тууралуу Абу Хурайра (разияллаху анху) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: *«Рамазандан кийинки эң жакшы орозо - Аллахтын айы Мухаррам айындагы орозо. Парз намаздан кийинки эң жакшы намаз - түнкү намаз*[1]*»*.

**Орозону бузбай турган жана эч нерсе талап кылынбаган учурлар:**

1. **Унутуп жеп-ичүү же жыныстык мамиледе болуу:**

Абу Хурайра (разияллаху анху) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ айтты: *«Ким орозо учурунда унутуп жеп же ичип алса, орозосун улантсын. Аны Аллах тамактандырды жана ичирди»*.

Эгер бирөөнүн унутуп жеп жатканын көрүп, анын орозо кармаганын билсе, жана ал адам орозону кечке чейин толук тутууга күчү жете турган адам болсо, ага эскертиш керек. Эскертпей коюу **макрух тахримий (арамга жакын макрух)**. Бирок алсыз, күч-кубаты жоктугун байкаса, ошол учурда ага боорукерлик кылып, ырыскысын кеспеши үчүн, эскертпей коюу жакшыраак. Бул - жаш болсун, кары болсун, баарына тиешелүү.

2. **Түшүркөө:** **:**

Бул орозону бузбайт, анткени ал - адамдын каалоосуз болгон нерсе. Ибн Аббас (разияллаху анхума) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ минтип айтты: *«Үч нерсе орозону бузбайт: кусуу, хижама (кан алдыруу) жана түшүркөө»*.

3. **Карап же ойлонуп урук түшүрүү :**

Аялга карап же ойлонуп, бирок түздөн-түз аракет кылбай урук түшүүсү орозону бузбайт. Ошондой эле өбүү да орозону бузбайт. Айша (разияллаху анха) айткан: *«Пайгамбарыбыз ﷺ орозо туткан кезде өпчү жана аялдары менен жакын мамиледе болчу. Ал силерге караганда өзүн бекем кармай алган киши эле»*.

4. **Тиштин ортосунда калган азык:**

Эгер тиштин ортосунда калган тамактын көлөмү *нокоттун данынан* кичине болсо, аны жутуу орозону бузбайт.

5. **Түтүн тамакка кирип кетүү:**

Эгер адам атайылап эмес, күчү жетпеген түрдө түтүн жутуп алса, орозо бузулбайт.

6. **Жол чаңы, чымын же дарынын даамы:**

Жол чаңы, чымын оозго кирип кетсе же мурда колдонулган дарынын даамы тамакта калса, бул орозону бузбайт, анткени андан толук сактануу кыйын.

---

[1] Муслим (Орозо китеби: 1163)

## Итикаф

Тилдик мааниси: Бир нерсеге токтолуп туруу, ага бекем болуу.

Шаръий мааниси: Белгилүү тартип менен ибадат үчүн мечитте калуу.

Итикафтын шариятта бар экендигине далилдер:

Анын негизги шаръий далили: Аллах Тааланын сөзү: **«Силер мечиттерде итикафта турган кездериңде алар менен жыныстык мамиледе болбогула»**. (Бакара сүрөсү, 187-аят)

Айша (разияллаху анха) риваят кылат: (Пайгамбарыбыз ﷺ Рамазан айынын акыркы он күнүндө итикафта болор эле. Андан кийин анын аялдары да итикафта болушар эле» [1].

Абдуллах ибн Умар (разияллаху анхума) айтат: «Аллахтын элчиси ﷺ Рамазан айынын акыркы он күнүндө итикафта болор эле[2]».

Итикаф - Исламдан мурда да болгон ибадаттардын бири болуп саналат. Буга далил Аллах Тааланын ушул сөзү: **«Биз Ибрахим менен Исмаилге: Менин үйүмдү таваф кылуучулар, итикафта туруучулар, рүкү жана сажда кылуучулар үчүн тазала».** (Бакара сүрөсү, 125-аят)

**Этикафтын шариятта белгиленишиндеги даанышмандык:**

Мусулман адамга кээде өзүнө адатта адал болгон каалоолордон баш тартып, өзүн Аллах Таалага моюн сунууга багыштап, ибадат менен алек болуусу зарыл. Мындай кылуу менен анын жан дүйнөсү Аллахты сүйүүгө, Анын ыраазылыгын өзүнүнү напсинин кумарларынан жана каалоо-тилектеринен жогору коюуга көнөт.

Ошондуктан итикаф шариятта белгиленген. Анткени ал напсини тарбиялоонун, дүнүйөгө берилип кетүүдөн сактанууга үйрөтүүнүн, адал нерселерден да убактылуу баш тартуунун жана күнөөдөн үстөм болууга жетелөөнүн бир куралы болуп саналат.

**Итикафтын өкүмү**

Итикаф үч түрдүү өкүмгө ээ:

1. **Важиб** - бул назир кылынган итикаф. Ким итикаф кылууну назир кылса, ага итикафкылуу важиб болот. Ибн Умардын (ллах андан ыраазы болсун) риваят кылууусу боюнча, Умар ибн Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздан ﷺ минтип сурады: Жахилия доорунда мен Масжидул

[1] Бухарий (Итикаф2026), Муслим (Итикаф1172)
[2] Бухарий (Итикаф2026), Муслим (Итикаф1172)

Харамда бир түн итикаф кылам деп назир кылгам, – деди. Ошондо Пайгамбарыбыз: ﷺ «Назириңди аткар![1]» - деди.

2. **Сүннөт кифая** - Рамазан айынын акыркы он күнүндө бекем түрдө аткарылуучу итикаф. Бул акыркы он күндө **Лейлатул-Кадрды** издөө үчүн жасалат. Ал түн - жылдагы эң жакшы түн болуп саналат. Аллах Таала айтты: ***«Кадр кечеси миң айдан да кайырлуу»***. (Кадр сүрөсү, 3-аят) Башкача айтканда, ал түндөгү амал миң айдагы амалдан да жакшы. Аалымдардын көпчүлүгү Кадр кечеси Рамазан айынын акыркы он күнүндө болот дешкен.

3. **Мустахаб** - Мындай итикаф Рамазандан башка убактарда да аткарылат. Анын эң аз мөөнөтү - бир кыска учур (бир аз убакыт).

## Итикафтын шарттары

Итикафтын шарттары эки түрдүү болот:

1. Итикафка отурган адамга байланышкан шарттар.
2. Итикаф кылынуучу жайга байланышкан шарттар.

## Биринчи түрү – Адамга байланышкан шарттар:

1. **Ислам**: Капыр адамдын итикафы туура эмес.
2. **Акыл-эс жана айырмалоо жөндөмү**: Акыл-эсинен ажыраган адам жана айырмалай албаган кичинекей бала итикаф кыла албайт. Бирок айырмалай алган бала (мумаййиз) итикаф кыла алат.
3. **Жунуб, хайз жана нифастан таза болуу**: Бул абалдардагы адамдар мечитке кирүүгө тыюу салынгандыктан, итикаф да жараксыз болот.
4. **Ниет кылуу**: Себеби ибадат ниетсиз туура болбойт.
5. **Орозо**: Важиб (парз) итикафтын туура болушу үчүн орозо шарты коюлат. Имам Малик риваят кылгандай, Касим ибн Мухаммад жана Нафиъ экөөсү: «Орозосуз итикаф жок[2]» - деп айтышкан. Ошондой эле Айша энебизден (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ: «Орозосуз итикаф жок[3]» - деген.

Бул маселе боюнча аалымдардын ортосунда ихтилаф (талаш) бар. Бирок сахабалардын бир бөлүгү - Ибн Аббас, Айша, Ибн Умар жана Али ибн Абу Талиб (анын бир сөзүндө), алардан кийин Имам Малик жана Ауза‘и - орозону итикафтын шарты деп көрүшкөн.[4]

## Экинчиден : Итикаф өткөрүлүүчү жайга байланышкан шарттар:

[1] Бухарий (Итикаф 2032)
[2] Имам Малик — *«Ал-Муатта»* китебинде, *Итикаф* бөлүмүндө «Итикафтын туура болушу үчүн зарыл болгон нерселер» деген бабта, 209-бет.

[3] Абу Дауд — *«Ас-Саум»* китебинде (2473-хадис), Алъ-Байхаки — *«Ас-Сунан алъ-Кубра»* (4/317), ад-Дарукутни — *«Ас-Саум»* (2/199). Айтылган хадис айрым аалымдар тарабынан Аиша (р.а.) сөзү катары токтотулган (маукф). Караңыз: *«ат-Талик алъ-Мугни»* (2/199).
[4] Караңыз: «Зад алъ-Маад» (2/83), шейх Шуаиб алъ-Арнаут жана Абдулкадыр алъ-Арнауттун тактоосу менен.

1. **Мечитте болуусу керек**: үйдө иътикаф кылуу жарабайт. Аллах Таала айткан: *«...силер мечиттерде итикафта болуп турганда...».* (Бакара: 187) Бул аятта **«мечиттерде итикаф»** деп так айтылган.

2. **Эркек үчүн шарт**: мечит **жамаат мечити** болушу керек, башкача айтканда, анда имам жана азанчы болуп, беш убак намаз жамаат менен окулушу шарт. Бул Хузайфанын (Аллах андан ыраазы болсун) риваятына таянып айтылган. Ал мындай деген: «Пайгамбарыбыз ﷺ: *«Итикаф - имамы жана азанчысы бар ар бир мечитте болот»* - деп айтты[1]».

**Аял үчүн**: Абу Ханифа (Аллах ага ырайым кылсын) аялдын жамаат мечитинде итикаф кылуусуна уруксат берген. Ошондой эле, эгер ал өзү жашаган жердеги мечитте итикаф кылса жакшы, бирок **үйүндөгү намаз окуй турган бөлмөдө** (намазкана) итикаф кылуусу эң жакшы, деп айткан. Бул пайгамбарыбыз ﷺ айткан келерки хадиске негизделет: «Аялдын үйүндөгү мечитинде (намазканасында) окуган намазы үйүнүн короосундагы намазынан артык, ал эми короосундагы намазы айылындагы мечиттеги намазынан артык[2]».

**Итикафтын парздары**:

**1.** Мечитте калуу. **2.** Мечит болуусу. **3.** Итикаф кылуучу адам.

**Итикафты бузган нерселер:**

1. **Жыныстык катнаш**: эгерде маний чыкпаса да, атайылап же унутуп, күндүз же түнү кылынса, итикаф бузулат.
2. **Исламдан чыгуу (ридда)**: итикафта жүргөн киши динден чыкса, итикафы жараксыз болот.
3. **Эс-учун жоготуу:** бир нече күнгө созулса; ошондой эле жинди болуу да ушуга кирет.
4. **Айыз же төрөттөн кийинки кан (нифас)**: эгер аял важиб итикаф учурунда болсо, итикафы токтойт.
5. **Мечиттен чыгуу**:

- **Биринчи абал:** Эгер итикаф **важиб** болсо, эч себепсиз мечиттен чыгуу жарабайт. Күнү-түнү, атайылап же унутуп чыкса да бузулат. Бирок **шаръий себептер** менен чыгууга уруксат: Ал себептер үч түргө бөлүнөт:

**1. Табигый себептер:** даарат бузган муктаждык (ажатканага баруу), түшүркөп, жунуп болуу. Анткени, мечитте гусул ала албайт. Бул учурда сыртта керектүү убакыттан ашыкча калбоо шарт.

**2. Шаръий себептер:** эгер итикаф кылып жаткан мечитте жума намазы окулбаса, башка жума окулган мечитке чыгуу. Келерки аят буга далил: ***«Эй***

[1] Абу Дауд — *Сунан* (2473), ан-Насаи — *Сунан* (1363), ад-Даркутни — *Сунан* (2/201), ал-Байхаки — *Сунан* (4/315).

[2] Абу Дауд (Намаз: 570), ал-Хаким — *алъ-Мустадрак* (1/209) жана ал: *(Бул хадис «шейхтердин» шарттарына ылайык сахих, бирок алар экөө (алъ-Бухари менен Муслим) чыгарышкан эмес-деген).*

***ыйман келтиргендер! Жума күнү намазга азан айтылганда, Аллахты эскерүүгө шашылгыла…».*** (Жума: 10). Намаз бүткөндөн кийин ал мечитте көпкө калбай, эң көп дегенде 4 же 6 рекет убакыт калууга уруксат.
**3. Зарыл себептер:** өмүрүнө же мүлкүнө коркунуч туулса, же мечит бузулуп калса, башка мечитке итикаф ниети менен дароо көчүү. **Далил:** Айша энебиз: (Аллах андан ыраазы болсун) *«Пайгамбарыбыз ﷺ итикаф учурунда түнү да, күнү да, адамдык муктаждыктан башка себеп менен чыкчу эмес[1]».*

**4. Экинчи абал:** Эгер итикаф **нафил** болсо, негизсиз чыга берсе да болот. Чыккандан кийин кайра мечитке келип, итикаф ниет кылса, сообун алат.

**Итикафта макрух болгон иштер:**

1. Аллахка жакындоо үчүн **үнсүз отурууну (сумт)** ибадат деп эсептөө. Бирок тилди жамандыктан сактоо же ой жүгүртүү максатында унчукпай отуруу – сүннөт.
2. Мечитке товар алып келип сатуу же соода кылуу.

**Итикафтын адептери:**

1. Жакшылык жөнүндө гана сүйлөө.
2. Мүмкүн болсо эң жакшы мечитти тандоо.
3. Куран окуу, хадистерди үйрөнүү, илим алуу жана зикр менен алектенүү.

[1] Бухарий (Этикаф: 2029), Муслим (Айыз бөлүмү: 279)

# Зекет

- Зекеттин аныктамасы жана өкүмү
- Зекет берүүдөн баш тартууга катуу эскертүү
- Зекеттин максаттары жана таасирлери
- Нисаптын мааниси жана анын шарттары
- Зекетти туура аткаруу шарттары
- Зекет берилүүчү түрлөр
- Зекеттин сарптала турган жерлери
- Битир (фитир) садакасы

**Бисмиллахир рахманир рахиим**

## Кириш сөз

Ислам дини – бири бирине жардам берүү, көмөктөшүү дини. Албетте Ислам – толук, жетиктүү жана жалпы түзүм. Инсан бул жер жүзүндө бактылуу жашоо сүрүш үчүн Аллах Таала Таала аны Ислам менен улуу, урматтуу кылды. Инсандын бактылуулугу биринчиден өзүнүн ким экенин билүүсү, б. а. ал, бардык кемчиликсиз, улуу сыпаттардын ээси болгон жалгыз Аллах Тааланын кулу, пендеси экенин билүүсү. Андан кийин мына ошол улуу зат – Аллах Таалага кулчулук кылуу үчүн анын алдында жакшы, ылайыктуу жашоо мүмкүнчүлүгү табылып туруусу керек. Жакшы жашоо мүмкүнчүлүктөрү өз ара бири бирине жардам көмөк көрсөтүү аркылуу гана ишке ашат. Эгер инсандардын арасында мындай жакшы сапаттар болбосо, албетте анын ордуна зулумдук жана бири бирине үстөмдүк кылууга окшогон терс көрүнүштөр толуп кетеринде шек жок.

Демек, Ислам бул – мыйзам, мына ушул мыйзам аркылуу инсандын эң негизги, зарыл муктаждыктары, анын табиятына ылайык болгон абалда жана анын каалоосун кандыра турган абалда орундалат.

Ал мыйзам инсандын муктаждыктарын аткаруда эң биринчи анын акыйда – ишенимин оңдойт, андан кийин анын жаратылышка, жашоого болгон көз карашын, андан кийин кулк-мүнөзүн оңдойт. Кийин анын кармаган жолун тартипке салып, жашоосун жеңилдете турган эрежелерди түзүп берет.

Зекет берүү өкүмү – инсандын жашоосун жеңилдетүүчү, талабын аткаруучу, коомчулукка жана жеке инсанга моралдык жана материалдык жактан колдой турган эреже-шарттарынын бири болуп эсептелет. Себеби зекет берүүнүн бирден бир вазыйпасы – инсан өзүнүн жекече кирешесин көзөмөлгө алуу менен биргеликте, башкалардын акысын жебөөсү жана ошол кирешесин коомчулуктагы муктаж адамдарга тең бөлүүшүүсү. Пайгамбарыбыздын мына бул сөзүнө көңүл буралы, ал сахабаларды ар кайсы шаарларга, коомдорго жөнөтүп жатып мындай деген: **"Аларды бир Аллах Тааладан башка Кудай жок жана мен Аллах Тааланын элчиси экениме күбөлүк берүүгө чакыр... Эгер алар, ошол нерсеге моюн сунушса, Аллах Таала аларга садака – зекет**

**берүүнү парз кылганын, ал зекет бай кишилерден алынып, кедейлерге берилээрин үйрөт".** *(1. Алъ-Бухари: Алъ-сахих 1331, Муслим Ас-сахих 19. ж. б.)*

Мына ушундайча Ислам шарияты инсанга өз ишин башкарууда жана жашоонун оордугун көтөрүүдө бардык жоопкерчиликти жүктөп койбойт. Балким ал, адамдардын өз ара бири-бирине жардамдашуусун, кыйынчылыкты тең көтөрүүсүн милдеттендирүүчү мыйзам эрежелерди түзүп койгон. Айтылган маанилер келерки зекет өкүмдөрүн баяндап жатканыбызда толугу менен түшүнүктүү жана айкын болот. Анткени зекет чогултуунун, аны таратуунун жана у. с. көптөгөн адилеттүү системанын түзүлүүсү Исламдын адилеттүүлүк, боорукердик дини экендиигин айгинелейт.

**Зекеттин мааниси:**

**Сөздүктөгү мааниси:** өсүү, көбөйүү.

**Шарияттагы мааниси:** Өзүнүн мал-мүлкүнөн Аллах Таала үчүн кембагалдарга чыгарып берүү, же байлыктын белгилүү бир бөлүгүнөн белгилүү өлчөмдө акылуу болгон тийиштүү тараптарга чыгарып берүү, же болбосо - шарият белгилеген мал-мүлктүн бир бөлүгүн Аллах Таала үчүн хашимий эмес кедей мусулманга менчик кылып берүү, жана ал мүлктөн ээси бардык жагынан андан пайда көрбөшү.

"Зекет" - деп аталып калганынын себеби, ал адамдын нафсин тазалайт. Аллах Таала айткан: **"Алардын мал-мүлкүнөн аларды тазалай турган садака (зекет) ал".** *(Ат-тавба: 103).* Чыгарылган мал-мүлк "зекет" (көбөйүү, тазалоо) деп аталып калды. Анткени, калган мал-мүлкү чыгарылган зекеттин берекеси менен көбөйүп, тазаланат.

**Зекет парз болгон жыл**

Зекет пайгамбарыбыз ﷺ Мадинага хижрат кылган жылдын экинчи жылында орозо парз болуусунан бир аз мурда парз болгон.

**Зекеттин өкүмү**

Зекет - Исламдын беш негиздеринин бир негизи болуп саналат. Анын парздыгына өтө көп далилдер бар. ошондой эле Исламдын эң негизги рүкүндөрүнүн бири. Анткени ал, Курандын 82 аятында намаз менен бирге (кошо) айтылган.

Биринчиден Куранда келген далилдер:

Аллах Таала айткан: **"Намазды окугула жана зекетти бергиле".** *(Алъ-Бакара 43)* Башка аяттарда: **"Алардын мал-мүлкүндө кембагал, суроочуга бериле турган белгилүү өлчөдө акы бар"**. *(Алъ-Маъариж :24)* **"Алардын мал-мүлкүнөн аларды тазалай турган садака ал"** - деген. *(Ат-тауба: 103)*

- Экинчиден, сүннөттө келген далилдер: Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Ислам беш нерсеге негизделген: … жана закет берүү …[1]». Дагы минтип айткан: "Кимде ким алтын, күмүшкө ээ болуп туруп, анын акысын бербесе, кыямат күнү ал алтын-күмүштөрү тозок отуна ысытылат. Кийин ал ысытылган

[1] Бухарий (Ыйман китеби: 8), Муслим (Ыйман китеби: 16)

темирлер менен өлчөмү элүү миң жылга барабар болгон күндө (кыямат күнүндө) өз ээсинин денесин, маңдайын жана жондорун күйгүзүлөт. Мына ошондон кийин бардык адамдарга өзүнүн тозокко же бейишке болгон жолу көргөзүлөт. Кимде ким уй, койлорго ээ болуп туруп, алардын акысын бербесе, кыямат күнүндө аны алып келинет жана анын уй-койлору өзүн туяктары менен тебелеп, мүйүздөрү менен сүзүшөт[1]".

Дагы бир риваяттта (хадисте) мындай деп айтылат: Пайгамбарыбыз ﷺ койлордун, уйлардын, төөлөрдүн жана аттардын зекетин бербеген кишилер жөнүндө мындай деп айтат: "Мен силердин бириңерди кыямат күнүндө желкесинин үстүндө кой артылып, ал маараган абалда келгенин жолуктурам. Ошондо ал, Эй Мухаммад, эй Мухаммад (жардам кыл) деп айтат. Анда мен, сага Аллах Таала тарабынан эч кандай жардам бере албайм дейм. Күбө болгула! Мен жеткиздим. Мен силердин бириңерди кыямат күнүндө желкесинин үстүндө төө артылып, ал кыйкырган абалда келгенин жолуктурам. Ошондо ал, Эй Мухаммад, эй Мухаммад жардам кыл деп айтат. Анда мен, сага Аллах Таала тарабынан эч кандай жардам бере албайм дейм. Күбө болгула! Мен жеткиздим. Мен силердин бириңерди кыямат күнүндө желкесинин үстүндө уй артылып, ал мөөрөгөн абалда келгенин жолуктурам. Ошондо ал, Эй Мухаммад, эй Мухаммад жардам кыл деп айтат. Анда мен, сага Аллах Таала тарабынан эч кандай жардам бере албайм дейм. Күбө болгула! Мен жеткиздим. Мен силердин бириңерди кыямат күнүндө желкесинин үстүндө ат артылып, ал кишенеген абалда келгенин жолуктурам. Ошондо ал, Эй Мухаммад, эй Мухаммад жардам кыл деп айтат. Анда мен, сага Аллах Таала тарабынан эч кандай жардам бере албайм дейм. Күбө болгула! Мен жеткиздим[2]".

- Үчүнчүдөн ***ижмадан*** (алымдардын фатваларынан) далил.

Пайгамбарыбыздан ﷺ кийин алымдардын бардыгы зекет берүү Ислам негиздеринен бир негизи (устуну) жана ал, колунда бар, бай кишилерге парз деп чечим чыгарышкан.

**Зекет бербей коюудан эскертүү**

Аллах Таала зекетин бербеген адамдарга катуу эскертүү берип, мындай деген: "Алтын, күмүштү жыйнап, Аллах жолунда сарптабагандарга сыздатуучу азапты сүйүнчүлө"![3] Кыйамат күнү алар Тозок отунда кызытылып, аны менен алардын маңдайлары, капталдары жана жондоруна[4] так басылып: "Мына, өзүңөр үчүн жыйнаганыңар! Эми жыйнаганыңардын даамын таткыла!" ( - деп айтылат). *(Ат-Тауба:34-35)*

Пайгамбарыбыз ﷺ зекетти берүүдөн баш тарткан адамга байланыштуу мындай деген: "Кимде ким алтын, күмүшкө ээ болуп туруп, анын акысын бербесе, кыямат күнү ал алтын-күмүштөрү тозок отуна ысытылат. Кийин ал ысытылган темирлер менен өлчөмү элүү миң жылга барабар болгон күндө (кыямат күнүндө) өз ээсинин денесин, маңдайын жана жондорун күйгүзүлөт. Мына ошондон кийин бардык адамдарга өзүнүн тозокко же бейишке болгон

[1] Бухарий (Сахих китебинде 1302,2860), Муслим (Зекет бөлүмү:987)
[2] Бухарий (Жихад бөлүмү: 3073), Муслим (Амирлик кылуу бөлүмү: 1831)
[3] Кабар бер!
[4] күйгүзүлөт

жолу көргөзүлөт. Кимде ким уй, койлорго ээ болуп туруп, алардын акысын бербесе, кыямат күнүндө аны алып келинет жана анын уй-койлору өзүн туяктары менен тебелеп, мүйүздөрү менен сүзүшөт[1]”.

**Зекеттин максаттары жана анын тасирлери**

**Зекет берүү:** Ислам дининин негизги ибадаттарынын бири. Курандын 82 аятында намаз менен бирге (кошо) айтылган.

Исламдагы зекет берүү, адамдар өздөрү түзгөн салык төлөө системаларынын айырмаланат. Анткени, салык төлөө - мамлекеттин саясатын, жалпы проекттердин ишке ашыруу жана аны каржылоо максатында гана чогулттурулса, ал эми зекет болсо, бир канча максаттарды ишке ашыруу үчүн жана инсандын жекече жашоосунда жана коомдогу болуп жаткан ар кандай көйгөйлөрдү чечүү үчүн колдонулары белгилүү.

Биринчиден зекет - мусулман киши Аллах Тааланын ыраазылыгынын табуу үчүн аткара турган ибадат болуп эсептелет. Анткени зекетти берген учурда жөн эле мажбур түрдө же көңүлсүз эле берип койбостон, тескерисинче ушул берген зекетим Аллах Тааланын алдында кабыл болоор бекен деген үмүт менен берет жана ошол берген зекетин ибадат катары эсептейт. Анткени Аллах Таала Куранда **“Мен инсандар менен жиндерди Мага сыйынуу үчүн гана жараттым” деген.** *(Аз- Заарият 56)*

***Ошондой эле зекет берүү менен төмөндөгү максаттар да жүзөгө ашат***
***А)Зекет берген кишиге тийешелүү максаттар:***

1. Зекет, өз ээсин өтө сараң болуудан жана байлыкка кул болуп калуудан сактайт. Бул экөөсү адам баласынын эң кокунучтуу ички оорууларынын болуп эсептелет жана мындай жаман сыпаттар менен инсан ийгиликсиз жана бактысыз болот. Ошондуктан Аллах Таалах куранда **“Ким өз нафсинин сараңдыгынан сактана алса, мына ошолор ийгиликке жетүүчүлөр”.** деген *(Алъ-Хашр 9).*
2. Зекет, инсанды байлыгын Аллах Таала жолунда сарптоого үйрөтөт. Аллах Таала жолунда байлыгын сарптоо бул – такыба адамдардын сыпаттарынан экендигин жана алар кубаныч, капачылык абалдарында да, о.э. жашыруун жана ачык түрдө да сарпташарын эскертип айткан жана зекетти ыйман, сабырдуулук, аруулук жана чынчылдык менен бирге айтып өткөн.Ошондуктан адам баласы качан зекет бергенде гана Аллах Таала жолунда сарптоого адаттана алат.
3. Зекет бул Аллах Таала берген немат-жакшылыктарына шүгүр келтирүү, жана жүрөктү дүйнөнү жакшы көрүүдөн тазалоо, ошондой эле нафсини тазалоо. Аллах Таала: **“Алардын мал-мүлкүнөн аларды тазалай турган садака ал”-** деген. *(Ат-тауба: 103)* Ошондой эле зекет, байлыктын өзүн тазалайт жана анын өсүп көбөйүүсүнө себеп болот. Куранда **“Эгер силер бир нерсени кайыр-садака кылсаңар, Ал анын ордуна башкасын берет. Ал ырыскы берүүчүлөрдүн эң мыктысы” - дегин”,-** деп айтылган. *(Саба :39)*

[1] Бухарий (Сахих китеби 1302, 2860), Муслим (Зекет бөлүмү: 987)

**Б)** ***Зекет алган кишиге тийешелүү максаттар:***

1. Зекет бул - зекет алуучуну ар түрдүү муктаждыктардан арылтат, Мисалы, материалный жактан: тамак-аш, кийим-кече жана турак жай сыяктуу ал эми моралдык жактан: үйлөнүү, илимий китептер менен камсыздоо ж.б.у.с. Азыркы учурда ушундай муктаждыктардын баарына зекеттин кирешесинен жумшалат. . Ушуну менен биргеликте кембагал киши бир кесим нан табам деп жашоо көйгөйүнө чөгүүнүн ордуна, өзүн коомчулуктун толук мүчөсү катары сезип, андагы милдеттерин өз мойнуна алууга умтулат,

2. Зекет бул - инсанды башкаларды жек көрүүдөн,аларга ичи тардык кылуудан сактайт. Анткени кембагал киши өзүнүн тегерегиндеги байлардын ага жардам бербей, ал менен иши да жок болгуп, өздөрү жыргалчылыкта жашап жүргөнүн көргөн учурда аларды жаман көрүп, жүрөгү сууп калуудан соо калбайт. Ошентип ал, башкалар менен болгон мамилесин үзөт да коомчулукта бөлүнүү, жарылуулар пайда болот. Ал эми зекет ошондой кембагалдарга берилсе мына ушулардын баарынан алыс болот.

***В) Зекеттин максаттары жана анын коомчулукка тийгизген таасири:***

Исламдагы өзгөчөлүктөрдөн бири зекет бул - жекече ибадат ошол эле учурда жалпы коомчулук мыйзамы болуп эсептелет. Бул мыйзам аны аткаруучуларга б.а. байлардан зекет алып, кедейлерге берүүчү кызматчыларга муктаж. Мына ошол кызматчылар да өзүнө тийешелүү кызмат акыларын алышат. Бул жол менен жумушсуздуктун саны да кыскарат.

**Зекет берүүнүн коомчулукка тийгизген таасирлерин кыскача келтирип берейли:**

1. Социалдык камсыздандыруу: Зекет комплекстүү социалдык камсыздандыруу системасын түзгөн биринчи уюшкан мыйзам болгон. Имам Аз-Зухри Умар ибн Абд алъ-Азизге жазып, зекеттин жоболору өнөкөт оорулуулар, майыптар, сураган жана сурабаган муктаждар, колдоосуз камактагылар, мечиттин жакыр жамааты, карызга баткан адамдар жана баш калкалоочу жайы жок мусапырлар үчүн үлүштөрдү камтыганын белгилеген.

2. Экономикалык стимулдаштыруу: Зекет экономикалык активдүүлүктү стимулдаштырууда чечүүчү ролду ойнойт. Байлыкты жыйнаган мусулман зекет төлөөгө аргасыз болот (жыл сайын минимум 2,5%), бул алардын капиталын акырындык менен азайтат. Бул инвестицияны жана сооданы стимулдайт, байлыктын жыйналбастан экономикада айланышын камсыздайт, бул бүткүл жамаатка пайда алып келет.

3. Зекет берүү адамдардын арасында катмарларга бөлүнүүсүн азайтат. Ислам ырыскылардын бирине аз, бирине көп берилгенин жокко чыгарбайт. Анткени ал, адамдын бешенесине жазылганына же аракетине жараша болот. Бирок адамдар таптакыр эле экиге бөлүнүп, бир бөлүгү жыргалчылыкта, бир бөлүгү тозокто жашап калуусуна жол бербейт. Мына ушул себептен кедей кембагалдар да байлардын жыргал жашоосуна шерик болуусун жана күнүмдүк муктаждыктарын тосо турган мүлккө ээ болуусун каалайт.

4. Кайырчылык менен күрөшүү жана жарашууга өбөлгө түзүү: Зекет кайырчылыкты жоюуга жардам берет жана жарашууга өбөлгө түзөт, ал тургай ортомчулар үчүн каржылык жүктөрдү камтыса да. Анткени бул чыгымдар зекеттин эсебинен жабылышы мүмкүн.
5. Зекет берүү – азыркы учурдагы кепилдик (страховка) фирмаларынын ордуна өтүүчү, балким андан да адилеттүү пайдалуу жолдорду түзөт. Себеби азыркы кепилдик компанияларындагы акчаны көп бөлүгү кайра эле байлардын чөнтөгүнө түшүп жатат, ал эми зекет болсо, жалаң кедей-колунда жокторго гана берилет.
6. Жаштарды үйлөнтүрүүнү колдоо жана үйлөнүү үлпөтүнө кетүүчү чыгымдарды көтөрүүдө зекеттин чоң орду бар. Себеби шарият аалымдары, үйлөнүүгө мүмкүнчүлүгү жетпегендиги себебинен үйлөнө албай жүргөн жаштарга үйлөнүүлөрүү үчүн кетүүчү каражатты зекеттен жумшалса болот деп чечим чыгарышкан.

### Зекет кимге важып болот

Зекет берүү - эркин, акыл-эси толук балагатка жеткен, байлыгы нисаб өлчөмүнө жеткен мусулман кишиге важып болот. Буга далил: Анастын (Аллах Таала андан ыраазы болсун) айтуусунда: Абу Бакр Сыддык (Аллах андан ыраазы болсун) аны Бахрейнге жөнөтүп, жазган катында мындай деди: “Бул парз садаканы (зекетти) пайгамбарыбыз ﷺ мусулмандарга парз кылган”[1]. Алиден (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: “ Үч түрдүү кишиге күнөө жазылбайт; уктап жаткан киши ойгонгончо, жаш бала балагатка жеткенче жана жинди киши акылына келгенче[2]”. Жабирден (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: “Мукатаб кулга жана жөнөкөй кулга качан азат болгонго чейин зекет парз болбойт[3]“. Дагы Жабирдин (Аллах андан ыраазы болсун) хадисинде пайгамбарыбыз ﷺ: “Беш вакыядан (салмак бирдиги) аз күмүшкө зекет жок, жана беш төөнүн азына зекет жок, жана беш васактан (өлчөм бирдиги) аз курмага зекет жок[4]”- деген.

### Нисабдын (өлчөмдүн) мааниси жана шарттары:

Байлык ошол өлчөмгө жетсе зекет берүү парз боло турган ченем. Байлыктын түрүнө карап өлчөмдүн да ченеми ар кандай болот. Ал өлчөм жылдын башталышында жана акырында толук болуусу менен эсептелет.

### Нисабтын шарттары

1. Нисаб (байлыктын өлчөмү) - Тамак-аш, кийим-кече, колдонулуучу курал-аспаптары сыяктуу зарыл муктаждыктардан ашыкча болуусу.
2. Нисабга ай эсеби менен бир жыл толуусу керек. Бирок, эгин жана мөмө-жемиштерге жыйын-терин учурунда берилет.

[1] Бухарий (Зекет: 37/1386)
[2] Абу Дауд (Худуд: 16/4403)
[3] Байхакий (4-том 109-бет)
[4] Муслим (Зекет: 6)

3. Шариятта белгиленип көрсөтүлгөн байлыктын түрүнөн зекет берилет.
4. Ал байлык өсүп-көбөйүп туруучу болуш керек.
5. Байлык пенделер тарабынан талап кылынган карыздан тышкары болуш керек
6. Байлыктын толук ээси болуусу керек[1]. Ал эми жоголгон, тартылып алынган жана кайсыл жерде сакталганы белгисиз болгон байлыктарга зекет берилбейт.

**Зекет берүүдө талап кылынган шарттар**

1. Зекет берүү учурунда ниет кылуу. Анткени зекет берүү өгөрүлүп туруучу ибадат, б.а. кээде парз болуп, кээде байлыгы жетпесе парз болбой калат. Ошондуктан ар бир зекет берген учурда ниетти жаңылап туруу керек.

2. Зекет берүүчү киши мусулман болуусу керек. Анткени, мусулман эмес адамдан ниет кабыл алынбайт.

3. Закетти кечиктирбей дароо берүү. Бул мазхабда фатва кылынган пикир жана имам Абу Ханифанын да пикири[2]. Эгер аны кечиктирсе, күнөөкөр болот, анткени кечиктирүү «макрух тахримий» (арамга жакын макрух) болуп эсептелет. Себеби, парз кылынган буйрук менен кошо кедей кишинин зарыл муктаждыгы да бар.

4. Зекетке акылуу, татыктуу адамга берүү. (Төмөндө келген сегиз түрдүү кишилердин бирөөсүнө бериш керек).

5. Берилген адамдын өзүнө толугу менен мүлк кылып берүү. Зекетти берүү дурус болуш үчүн кембагал киши өзү же анын кепилдүү кишиси өзү колуна алуусу керек

6. Өзүнүн шаарындагы кедей-кембагалдарга берүү. Өзүнүн шаарындагы кедей-кембагалдар анын байлыгын көрүп жана үмүт кылып тургандыктары үчүн башка шаарга берүү макрух болот. Себеби алар, башкаларга караганда зекет алууга акылуурак. Бирок, башка шаардагы өзүнүн тууганарына жана өзүнүн шаарындагы кедей-кембагалдарга караганда муктажыраак жана курсагы ачыраак кишилер болсо,анда аларга берүүгө болот. Муъаз (Аллах Таала андан ыраазы болсун) Йемен элинин садакаларын Мадина элинин кедей-кембагалдарына берген. Себеби Мадиналыктар аларга караганда кембагалыраак жана муктажыраак болушкан.

7. Малдан[3] зекет бергенде, малдын орточосунан берилсе жакшы болот. Себеби чоңунан алынса мал ээси зыян тартат, эгер кичинесинен алынса, кедей зыян тартат. Ибн Аббас хадисинде пайгамбарыбыз Муъаз бин Жабалды Йеменге жиберген учурунда мындай деген: “Алардын эң кымбат малдарынан алуудан сактан[4]!”.

[1] Эгер акча карыз түрүндө бирөөнүн колунда болуп, ал аны моюнга алса, ээси аны колуна алганда закетин бериш керек. Ал эми карыз киши кедей же карызды моюнга албаса, анда анын ээсине закет берүү парз болбойт.
[2] Эки шериги (Имам Абу Юсуф жана Имам Мухаммад) мындай деген: закеттин парз болуусу убакытка байланган эмес. Андыктан качан берсе да, ал жарактуу болот. Алар буга мындай далил келтиришкен: эгер закет парз болгондон кийин нисаб жок болуп кетсе (жоголсо), жана бул нарк жоголушу өзү күнөө кылуу менен эмес болсо, анда закет түшөт (парз болбой калат).
[3] Төө, уй жана кой сыяктуулардан.
[4] Бухарий (Зекет китеби: 62/1425)

8. Зекетти адал байлыктан чыгаруу керек, тыюуу салынган арам байлыктан зекет чыгаруу мүмкүн болбойт.Зекетти бир, эки же көп жылга алдын ала берип койсо дурус болот. Алиден (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ Умарга: "Биз Аббастын зекетин ушул жыл үчүн жылдын башында эле алдык[1]"- деген.

**Зекет бериле турган байлыктар**

Зекет бериле турган байлыктар беш түрдүү болот.
1.Алтын жана күмүш.
2. Соода буюмдары.
3. Эгин жана мөмөлөр.
4. Кен жана казына.
5. Малдар (төө, уй, кой).

**Биринчи түрү**:

**Алтын жана күмүш.** Аллах Таала айтты: **"Алтын, күмүштү жыйып алып, аны Аллах Таала жолунда сарптабаган адамдарга жан чыдагыс азаптын куш кабарын жеткиз! Ал күндө (кыяматта) ошол (алтын күмүштөр) тозок отуна кызытылып, аны менен алардын бешене маңдайларына, капталдарына жана аркаларына басылып; мына бул өзүңөр топтогон нерселер. Эми жыйнаган-терген нерселердин үзүрүн татып көргүлө! (деп айтылат)".** (Тооба: 34)

Аалымдардын бир добуштан пикири боюнча, алтынга жана күмүшкө валюта жана куйма түрүндө болсун алар зекет шарттарына жооп берсе, анда зекет милдеттүү болот. Ошондой эле, аз өлчөмдө башка металлдар аралашкан болсо да, чегилген алтынга жана күмүшкө зекет милдеттүү, анткени басымдуу металл эске алынат.

**Алтын, күмүштүн нисабы**

Алтындын нисабы: жыйырма мискал. Бул 100 граммга туура келет.
Зекет чыгаруу парз боло турган өлчөм: Кырктан бири (2,5%).

Күмүштүн нисабы: 200 дирхам. Бул 700 граммга туура келет. Зекет чыгаруу парз боло турган өлчөм: Кырктан бири (2,5%).

Буга далил: Алиден (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ: "Эгерде сенде 200 дирхам болуп жана ага бир жыл айланган болсо, анда сага беш дирхам зекет чыгаруу парз болот. Алтындан качан жыйырма динарга жеткенге чейин зекет бербейсиң, эгер сенде жыйырма динар болуп ага бир жыл айланса, анда жарым динар зекет чыгаруу парз болот[2]"- деген.

**Жасалга, зергер буюмдардын зекети:**

Зергер буюмдарына жана алтын-күмүштөн жасалган идиштерге зекет милдеттүү, аларды колдонуу уруксатпы же тыюу салынганбы, эч кандай

[1] Тирмизий (Зекет китеби: 37/679)
[2] Абу Дауд(Зекет китеби: 4/1573)

айырмасы жок, нисабга жеткен учурунда зекет чыгаруу парз болот. Умму Салама (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Мен алтындан жасалган жалтырак тагынып жүрчү элем. Бир күнү пайгамбарыбызга: бул кенчпи[1]? - деп сурадым. Пайгамбарыбыз ﷺ: "Эгер бериле турган зекетин чыгарып турсаң, кенчке кирбейт[2]"- деди. Бир күнү бир аял пайгамбарыбызга ﷺ келди, аны менен бирге өзүнүн кызы бар эле, ал кызынын колунда алтындан болгон эки чоң билерик бар болчу. Ошондо пайгамбарыбыз ﷺ ага: "Булардын зекетин бердиңерби?" - деди. Ал аял жок, деп жооп берди. Кийин пайгамбарыбыз: "Аллах Таала сага кыямат күнүндө бул экөөнүн ордуна оттон болгон эки билерик кийгизгенин жакшы көрөсүңбү?" - деди. Ошондо ал аял: "Булар Аллах Таала жана анын элчиси үчүн"- деп билериктерин чечип берди.[3]

Маржан, каухарлардан канчалык кымбат баага жетсе да зекет берилбейт. Бирок, соода үчүн колдонуп жүргөн болсо зекет берилет.

**Баалуу кагаздардын зекети:**

Кагаз акчалардын бардыгына зекет берилет, ал ээсинде болсун же банктарда сакталсын. Себеби, кагаз валютасы транзакцияларда жана жүгүртүүдө алтын менен күмүштү алмаштырган, ошондуктан зекет милдеттүүлүгү боюнча алардын өкүмүн алат. Алтынга жана күмүшкө зекет милдеттүүлүгү алардын ички акчалай наркына байланыштуу, жана азыр кагаз валютасы бул наркты кармап тургандыктан, ал бирдей өкүмгө милдеттүү. Кагаз валютасынын наркы алтынга же күмүшкө салыштырылат, жана анын нисабы менен зекеттин өлчөмү алтын жана күмүш сыяктуу.

**Экинчи түрү: Соода товарларынын зекети**

Фикх аалымдары соода буюмдарынан да зекет чыгарылат деген пикирге биригишкен. Анткени, соодадагы буюмдар көбөйүп өсүп турат, ал эми көбөйүп өсүүчү нерселерге зекет берүү парз. Буга Самура бин Жундуптун (Аллах андан ыраазы болсун) хадиси далил боло алат. Ал айтат: "Пайгамбарыбыз ﷺ бизди сатуу үчүн даярдап койгон буюмдарыбыздан садака (зекет) чыгарууга буйруйт эле[4]".

Соодадагы буюмдардын баасы алтын, күмүштүн нисабына жетип, ага бир жыл айланса алардан зекет чырагуу парз болот. Ал буюмдардын кырктан бир пайызын зекетке чыгарат.

**Үчүнчү түрү: Эгин жана мөмөлөрдүн зекети**

Аллах Таала айтат: "Ал жөлөтүлгөн жана жөлөтүлбөгөн бактарды, курма дарактарын, түрдүү даамдары бар эгиндерди, зайтунду жана анарды, окшош[5] жана окшош эместерди[6] өстүргөн. Качан алар түшүм бергенде, алардан жегиле.

---

[1] Бул жерде «кенч» деп, ээсине жаза берилүүчү (закет берилбей турган) байлыкты айтып жатат. Б.а. ээсине жаза берилеби же берилбейби — ошону билгиси келип сурап жатат. .

[2] Байхакий (4-том, 140-бет)

[3] Абу Дауд (Зекет: 3/1563)

[4] Абу Дауд (Зекет китеби: 2/1562)

[5] жалбырактары

[6] даамдары

Бирок, түшүм жыйноо учурунда анын бөлүгүнөн алууга акысы барларга бергиле[1]". (*Алъ-Анъам: 141)*

Дагы башка аятта мындай дейт: "Кесип кылып тапкан нерсеңердин жакшыларын жана биз силерге жерден чыгарып берген нерселерден Аллах Таала жолунда сарптагыла". (*Бакара: 267*).

Жерден өсүп чыккан ар бир өсүмдүктөн зекет чыгаруу парз. Ал өсүмдүктөр буудай жана арпа сыяктуу сактаганга жараса да же шабдалы, баклажан сыяктуу сактаганга жарабаса да зекет чыгарылат. Бирок мөмө бербеген дарактан, камыштан жана чөптөрдөн зекет чыгарылбайт.

**Эгин жана мөмөлөрдүн зекетинин нисабы:**

Эгин жана мөмөлөрдөн аз да болсо да, көп болсо да зекет берилет.

Зекеттин өлчөмү сугаруу жолунун айырмасына карап, ар түрдүү болот. Кандайдыр бир (насос ж. б.у.с.) аспаптын жардамысыз түз эле арыктан сугарылуучу эгиндерден ондон бири (10%) берилет. Ал эми, кандайдыр бир (насос ж. б.у.с.) аспаптын жардамы менен сугарылуучу эгиндерден ондон биринин жарымы (5%) берилет.

**Балдын зекети:**

Балдан да зекет берүү важип болот. Анткени, аарылар балды мөмө-жемиштерден чогултат, ал эми мөмөлөрдө ондон бирин зекетке берилет. Ошондой эле тоонун же жайыттын гүлүнөн топтолгон балдардан ондон бирин берүү важип болот. Балдан зекет берүү үчүн нисапка жетүүсү жана бир жыл айлануусу шарт кылынбайт.

Буга далил: Абдулла ибн Умар (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: "Пайгамбарыбыз балдан ондон бирин зекетке алган[2]".

**Төртүнчү түрү: Жер астынан чыккан кендердин зекети**

Эгер мусулман эместердин көмгөн кендеринен болсо, андан бештен бири мусулмандардын казынасына тапшырылат. Себеби Абу Хурайра, хадисинде мындай деп айткан: пайгамбарыбыз ﷺ "Жер астынан табылган кендердин бештен бири берилет[3]"- деген. Бештен биринен калганы жердин ээсине, же мураскорлоруна, же мусулмандардын казынасына берилет. Ал эми кен чөлдөн же жайыттардан табылса бештен биринен калганы тапкан кишиге берилет, эгер ал мусулман эмес (зиммий) болсо да.

Мусулмандардын көмгөн кени табылса, анын өкүмү **лукатанын** өкүмү сыяктуу болот. *(луката – табылган нерсе. Эгер таап алган киши кембагал болсо, ал кенди иштете берсе болот, ээси чыкса төлөп берүү шарт менен, ал эми таап алган киши бай болсо, аны садакага берет, эгер ээси чыкса төлөп берүү шарты менен, бирок ээси ыраазы болсо төлөп бербейт).*

---

[1] Ислам шариатында мөмө-жемиштердин, эгиндердин түшкөн түшүмдүн ондон бири бей-бечаранын акысы болуп, ар бир дыйкан түшүм жыйнаган соң аталган өлчөмдү жакырларга берүүгө милдеттүү. М: миң кадак буудай өндүрсө, андан жүз кадагын берүүгө тийиш.

[2] Ибн Маажах (Зекет: 20/1824)

[3] Бухарий (Зекет: 65/1428)

Эгер каапырлардын жеринен же алардын чөлүнөн кен табылса, бештен бирге бөлүнбөйт. Балким баардыгы тапкан кишиники болот.

***Кендер үч түрдүү болот:***

- От менен эритиле турган кендер. Мисалы: алтын, күмүш, жез, коргошун сыяктуулар. Бул түрдөгү кендерден 20%зы жогоруда айтылгандай эле мусулмандардын казынасына берилет. Анын бештен бир бөлүгүнүн сарпталышы, олжонун бештен бир бөлүгүнүн сарпталышы сыяктуу.
- Суюк кендер. Мисалы: нефтъ, смола.
- От менен да эритилбеген жана суюк эмес кендер. Мисалы: гаухар жана жакут сыяктуу, бул эки түрдүү асыл таштарга зекет берилбейт, бирок соода үчүн иштетилген болсо берилет.

**Деңизден чыккан нерселердин зекети:**

Деңизден чыккан нерселерге (бермет, маржан жана балык сыяктуу) зекет берилбейт, бирок соода үчүн даярдалган болсо зекет берилет. Анткени Ибн Аббас айткан: "Анбарга зекет берилбейт, себеби аны деңиз топтогон [1]".

**Бешинчи түрү: Мал (төө, уй, кой)**

Төө, уй, топоз, кой, эчки сыяктуу үй-жаныбарларына зекет берүү парз. Ал эми жапайы жаныбарлага зекет берилбейт. Бул жаныбарларга зекет чыгаруу үчүн эки шарт коюлат:

**1.** Сүт, май же уруктук үчүн жайытта багылган болуу керек. Ал эми союш, жүк ташуу, минүү же кошко кошуш үчүн багылган малдар болсо зекет берилбейт.
2. Ал малдардын саны нисапка жетүү керек.

**Малдардын зекетинин өлчөмдөрү:**

1. Төөнүн зекети

Төөнүн жана башка малдардын зекетинин өлчөмү Абу Бакр Сыддыктын Бахрейнге амир кылып жөнөткөн Анаска (Аллах ал экөөсүнөн ыраазы болсун) жөнөткөн катында келеркидей баяндалган: "Бул - пайгамбарыбыз ﷺ мусулмандарга парз кылган жана Аллах Таала өзүнүн элчисине буюрган зекеттин баяны. Ошондуктан, кимден мусулмандар зекетти өз өлчөмүндө сураса, ал аны берсин. Ал эми кимден андан ашыгын сураса, ага берилбесин".

24 төн аз болсо, ар бир беш төөгө - 1 кой берилет.
25 – 30га чейин болсо – бир жашар ургаачы 1 төө (тайлак) берилет.
36 – 45ке чейин болсо – эки жашар ургаачы 1 төө берилет.
46 – 60 ка чейин болсо – үч жашар 1 төө берилет.
61 – 75 ке чейин болсо – төрт жашар 1 төө берилет.
76 – 90 го чейин болсо – эки жашар ургаачы 2 төө берилет.
91 – 120 чейин болсо – үч жаршар 2 төө берилет, ал эми 120 дан ашкан ар бир 40 төөгө - эки жашар урчаачы 1 төө берилет. Ар бир 50 төөгө үч жашар 1 төө берилет. Кимде төрт эле төө болсо, ага зекет берүү парз эмес, бирок кааласа

[1] Байхакий (4-том, 146-бет)

садака берип чыгарып коет. Качан беш төөгө жетсе 1 кой берет...[1]". Эгер төөнүн саны жүз жыйырмадан ашса, зекет эсеби кайрадан башталат. Кошумча болгон мал бешке жетмейинче зекет талап кылынбайт, ал бешке жеткенде бир кой берүү милдет болот.

**2- Уйдун зекети:**

Уйдун саны отуздан аз болсо зекет берилбейт. Демек, уйдун зекети 30 дан башталат.

30дан-39 уйга чейин жашы бирге толгон ургаачы же эркек торпоктон 1ди берилет.

40тан- 59 уйга чейин жашы экиге толгон уйдан, 1уй же бука берилет.

60тан-69 уйга чейин жашы бирге толгон ургаачы же эркек торпоктон 2ни берилет.

70тен-79 уйга чейин жашы экиге толгон 1уй же бука жана жашы бирге толгон ургаачы же эркек 1(бир) торпок берилет.

Эгер 80 уйга жетсе, анда жашы экиге толгон 2 уй же бука берилет.

Мына ушундайча ар бир он уй кошулган сайын бир жашар же эки жашар 1уй кошуп берип турат.

Буга далил: «Пайгамбарыбыз ﷺ Муазды Йеменге жиберген учурда ар бир отуз баш уйдан бир жашар 1уй, ал эми, кырк баш уйдан эки жашар 1 уй алууга буйруган[2]».

**3- Койдун зекети:**

Койдун саны кырктан аз болсо зекет берилбейт. Демек, койдун зекети 40тан башталат.

40тан-120 койго чейин бир жаштан өткөн 1кой берилет.

121дөн- 200 койго чейин 2 кой берилет.

201дөн-399 койго чейин 3 кой берилет.

400дөн-499 койго чейин 4 кой берилет.

Кийин мындан жогору ар бир 100 койго бир кой берилет.

Буга, жогоруда айтылган Анастын хадиси далил болот.

**4-Жылкынын зекети:**

Эки имамдын айтуулары боюнча, жайлоодо жайылып жүргөн жылкыларга зекет чыгарылбайт, бул сөзгө фатва берилген. Бирок, имам Абу Ханифа менен Зуфар (Аларга Аллахтын ырайымы болсун), уруктук жана сүт үчүн жайлоодо жүргөн жылкыларга эркегине да, ургаачысына да зекет берилет деп айтышат. Эгер ошол үйүр жылкылар жалаң эркек же жалаң ургаачылар болсо, анда туурасы аларга зекет берилбейт. Эгер ошол жылкылар соода үчүн колдонулган болсо, зекет берилерине аалымдар бир пикирде. Ал эми эгер жем-чөп менен багылган болсо же жүк көтөрүү, минүү же Кудай жолунда күрөшүү үчүн

[1] Алъ-Бухарий: Зекет 37/ 1386).
[2] Ат-Тирмизи, Зекет китеби 5/623)

колдонулса, анда алардан зекет берилбейт, анткени алар негизги муктаждыкка кызмат кылып жатат.

**Жалпы үй жаныбарларынын зекетинин өкүмдөрү**

1- Шарият аалымдары, качыр менен эшек үй жаныбарлары болсо да, аларга зекет берилбейт деп фатва беришет.

2- Кичинелерден (жаңы туулгандардан) зекет берилбейт, алар чоңдорго ээрчиген түрдө гана эсептелет, ал тургай бирөө болсо да. Эгер чоңдордун баары жыл аяктаганга чейин кырылып калса, анда кичинелерден эч нерсе берилбейт, алардын өзүнө бир жыл толмоюнча.

3- Эгер малдарга бир жыл толук айлангандан кийин ээсинин ыктыярысыз кыйроого учураса (жок болуп кетсе), анда аларга зекет берилбейт. Бирок, атайын сатып жиберсе же жакшылап көңүл бурбай коюп жок кылып жиберсе, алардын зекетин берүү ээсинин мойнунда милдет болот.

4- Малдардын арасында уургаачылары бар болсо, зекетке эркектеринен алынат же кайсынсынын саны көбүрөөк болсо ошондон алынат. Бирок, ооруулу же майып малдарды алынбайт.

5- Бир жылдын ичинде малдардан түшкөн кирешелер өзүнө окшош мурдагы малдын санына кошулат, эгер мурас жолу менен келген болсо да. (мисалы: эгер бир жылдын ичинде он уй, жыйырма кой пайда түшкөн болсо, уйларды мурдагы уйлардын, ал эми, койлорду мурдагы койлордун үстүнө кошулат.) Негизги малга бир жыл толгондо алардын да зекети берилет. Ошондой эле ар бир нисаптан түшкөн пайда дагы өзүнүн түрүнө кошулат.

**Зекет сарптала турган орундар**

Зекет, Аллах Таала таала өзүнүн китебинде айткан сегиз түрдүү орунга сарпталат(жумшалат): **"Садака (зекет) кембагалдарга, бей-бечараларга, аны чогултууда кызмат кылгандарга, адамдарды жүрөгүн тартуу үчүн, кулдарды азат кылуу үчүн, карызга батып калгандарга, Аллах Таала жолунда жүргөндөргө жана жолоочуларга берилет".** *(Ат-Тауба 60).*

Зекет берүүчү киши зекетин мына ушул аятта айтылган адамдардын баарына же кээ бирине берсе болот. Анткени зекет Аллах Тааланын акысы болуп, мына ушул аталган топтордун кайсы бирине берсе да Аллах Таалага берген болот.

**Зекет алууга акылуу болгон сегиз түрдүү топтун кеңири баяны**

1- Кедей (факир): Байлыгы нисабга жетпеген жана күнүмдүк муктаждыгына гана жеткен киши.

2- Мискин: Колунда эч нерсеси жок киши.

3- Кызматчылар: Зекетти чогултууда жана аны таратууда кызмат кылган кишилер. Бирок ошол кишилер жетекчи тарабынан дайындалган болуусу керек.

4- Кулдарды азат кылуу (Мукатаб): Кожоюну менен бир суммага келишип, ошол сумманы төлөсө азаттыкка чыга турган кулдар.

5- Карыздар: Карызга батып калып, аны төлөөгө эч кандай шарты жок киши.

6- Аллах Таала жолундагылар: Аллах Таала жолунда казатка чыккан кембагалдар.
7- Жолоочу: Бөтөн жерде жүрүп, өз жерине кеткенге акчасы жок калган мусапыр киши.
8- Адамдардын жүрөгүн тартуу үчүн: (Исламга кирүүсү же андан чыгып кетпөөсү үчүн колдоо катары берилет). Бул түрдөгү адамдарга зекет жумшалуусу Абу Бакр Сыддыктын халифалык доорунда жоюлган.

Зекеттин ээси төмөндөгү адамдарга зекетин жумшабайт:

- Тегине (атасы же чоң атасы), өзүнөн тарагандарга (балдары же балдарынын балдарына)
- Күйөөсүнө же аялына (ал эми, булардан башка туугандарына берсе жакшы болот).
- Мусулман эмес кишиге, байга жана байдын баласына жумшабайт.
- Хашими уруусуна (Аббастан, Алиден, Жаъфардан, Укайлдан жана Харис бин Абдулмутталибден тарагандарга) зекет жумшалбайт.

## Фитир зекети[1] (Битир садакасы)

### Өкүмү жана далили

Фитир зекетин берүү важип. Ибн Умардан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадистин далили менен аны жокко чыгарган киши капыр болбойт. Себеби ал айтат: Пайгамбарыбыз ﷺ ар бир эркек-аялга, кулга жана азатка бир **сааъ** *(1.600кг. өлчөмүндө)* курма же бир сааъ арпадан фитир садакасын берүүнү буйруду[2]».

### Фитир садаканы мыйзамдаштыруудагы даанышмандык (хикмат)

Фитир садакасын берүү, орозодогу кеткен кемчиликтерди толуктоо, бүтөө максатында важип кылынган. Буга Ибн Аббастын (Аллах андан ыраазы болсун) хадиси негиз болот. Ал мындай деген: «Пайгамбарыбыз ﷺ фитир зекетин берүүнү, орозо кармаган кишини ар кандай бейчеки жаман сөздөрдөн жана иштерден тазалоо үчүн жана бей-бечараларга тамак болуш үчүн буйруду[3]». Ошондой эле айт күнүндө тилемчилик кылууга муктаж кылбоо үчүн кедей кембагалдарга жардам, колдоо катары болот.

### Фитир садаканы берүүнү важип кылуучу шарттар

1- Мусулман болуу керек. Капырга фитир садака берүү важип эмес. Бирок, бир мусулмандын капыр кулу бар болсо, ага да фитир садака берүү важип болот.
2- Эркин-азат болуу керек. Кулга фитир садака берүү важип эмес. Анткени ал эч кандай мүлккө ээ эмес, бирок кожоюну ал кулга да фитир садака чыгаруусу керек.

---
[1] Орозо бүткөндө берилүүчү зекет.
[2] *АлъБухари: 8/1440*
[3] *Абу Дауд: 17/1609*

3- Карызынан тышкары нисаб мүлкүнө ээ болуш керек. Ал мүлкү өсүп турса да же өспөй (көбөйбөй) турса да айырмасы жок. Бирок, анын мүлкү зекет нисабынан азайып кетсе да зекеттен айырмаланып, фитир садакасын чыгаруу ага важип болот.
4- Айт күнүнүн таңы атуу керек. Эгер бирөө таң ата электе өлүп калса же таң аткандан кийин төрөлсө аларга фитир зекетин чыгаруу важип эмес. Бул садаканын важип болуусуна акыл-эстүү жана балагатка жеткен болуусу шарт кылынбайт. Жооптуу кишилер жаш баланын же жиндинин мүлкүнөн фитир садакасын чыгарбаса күнөөкөр болушат. Бул экөөсү балагатка жетип же акыл-эсине келсе, аларга фитир садакасын кедейлерге берүүсү милдет болот.

**Фитир садаканын берүү убактысы**

Фитир садакасын берүүнүн эң жакшы убактысы – орозо айт күнү айт намазына баруудан мурда. Аны орозо айы киргенден кийин берсе боло берет, бирок андан мурда берсе болбойт[1]. Фитир садакасын берүүнү айт намазынан кечиктирүү макрух болот.

Ибн Аббас (Аллах андан ыраазы болсун) хадисинде риваят кылып айтат: «Пайгамбарыбыз ﷺ фитир зекетин берүүнү, орозо кармаган кишини ар кандай бейчеки жаман сөздөрдөн жана иштерден тазалоо үчүн жана бей-бечараларга тамак болуш үчүн буйруду. Ким аны намаздан мурда берсе, ал кабыл болуучу зекет, ал эми ким аны намаздан кийин берсе, ал жөнөкөй эле садакалардын бири, бирок, убактысынан кечиктирсе да качан аны бермейинче анын мойнунда карыз болуп тура берет[2]».

**Өлчөмү**

Буудайдан жана андан алынган нерселерден, ошондой эле мейизден жарым сааъ[3]. Ал эми, курмадан жана арпадан бир сааъ[4].
Бул нерселердин акчалай баасын берип койсо да болот. Себеби кембагал киши өзү муктаж болгон нерсесин сатып алат. Эгер жокчулук заманы болсо анда бул нерселердин өзүн берсе жакшыраак.

**Акчалай суммасын чыгаруу**

Шариятта фитир зекетинин өлчөмү чектелген. Бул өлчөм – **сааъ.** Пайгамбарыбыз мына ушул өлчөм менен белгилеген. Бул **сааъ** өлчөмү менен белгилөөдө эки сыр бар:
1- Ал учурда нак акчаны табуу өтө кыйын эле айрыкча, айылдыктарга. Эгер алардын бирине баланча динар же дирхам таап кел десең ал, ошол сумманы таппайт болчу. Анткени аларда курма, арпа, мейиз ж.б. у.с. күнүмдүк колдонуп

---

[1] Аалымдар фитир зекетин рамазан айында чыгаруу важип экендигине келишишкен, бирок убактын белгилөө боюнча ар түрдүү ойлорду айтышкан. Имам Шаафиъй, Ахмад, Исхак, Ас-Саурий жана Маликийлер Рамазан айынын акыркы күнүнүн күнү баткандан баштап важип болот деген. Ал эми, Абу Ханифа,анын шериктери, Ал-Лейс, жана Абу Саурлар айт күнүнүн таңы аткандан баштап важип болот деген..(Ал-Мугний: 67/3-68).
[2] Абу Дауд (1371)
[3] 1 кг. 600 гр.
[4] 3 кг. 200 гр.

жүргөн тамактарынан башка эч нерсе жок эле. Мына ушул нерселер себептүү пайгамбарыбыз фитир зекетин **сааъ** менен белгилөөгө туура келген.
2- Нак акчанын күчү убакыттын өтүшүнө жараша өзгөрүп турат. Мисалы риалды (саудия арабиянын валютасы) алсак кээде төмөн түшүп кетет, ал эми, кээде жогору көтөрүлүп товарлар арзан же кымбат болуп кетет. Мына ушундайча нак акча дайыма бир абалда турбай, өйдө-төмөн болгондуктан да шарият килограмм менен өлчөөнү важип кылган. Ал эми бир сааъ тамак менен бир үй-бүлө бир күн тамактанса болот. Пайгамбарыбыздын ﷺ учурунда элдердин күнүмдүк тамагы ушул нерселер менен (арпа, буудай, курма ) менен болгон, ошондуктан пайгамбарыбыз ушул нерселерден фитир садака берүүнү буйруган. Бул деген сөз чектеп коюу эмес. Мына ошондуктан аалымдар өз жеринде адаттанган тамактын түрүнөн берсе болот, күрүчпү, унбу же башка ушул сыяктуу нерселерби айырмасы жок дешкен.
1**сааъ** болжол менен 3 кг.200 гр. туура келет.

## Ажылык жана умра бөлүмү

- Ажылыктын аныктамасы жана өкүмү
- Ажылыктын пазилеттери
- Ажылыктын парз болушунун шарттары
- Ажылыктын туура аткарылыш шарттары
- Ажылыктын түркүктөрү: Ихрам, Арафатта туруу жана зыярат тавафы
- Ажылыктагы ихрамдын түрлөрү: киран, таматту жана ифрад
- Ажылыктын важибдери
- Ажылыктын сүннөттөрү жана адептери
- Умра
- Пайгамбарыбыз ﷺ жана эки сахабасына салам берүү үчүн Мадинадагы ыйык мечитке зыярат кылуу
- Мадина шаарындагы пазилеттүү жайларды зыярат кылуу

## Ажылык

### Ажылыктын аныктамасы жана өкүмү

Лексикалык мааниси: **Ажылык** (арабча *الحج*) - тилдик жактан ниет кылуу, жол алуу же зиярат кылуу деген маанини билдирет. Бул сөздүн маанисинде урматтуу, ыйык нерсеге багыт алуу же аны көрүү үчүн жолго чыгуу түшүнүгү да бар. Ошондой эле белгилүү бир жерге баруу жана аны кайра-кайра зиярат кылуу маанисинде да колдонулат. Шарияттагы мааниси: Белгилүү бир убакта Каабага жана Арафатка зыярат кылууну жана белгилүү бир иш-аракеттерди аткарууну билдирет.

Ажылык – Исламдын беш түркүгүнүн бири жана аны аткарууга кудуреттүү ар бир мусулман үчүн жеке милдет (парз айн). Анын милдеттүүлүгү ***Куран***, ***сүннөт*** жана аалымдардын ***ижмасы*** менен бекемделген:

Куран: “Чындыгында, адамзат үчүн Меккеде алгач курулган үй[1] – бүткүл аалам үчүн ыйык жана туура жол! Анда ачык белгилер жана Ибрахимдин орду бар. Кимде-ким ага[2] кирсе – тынчтыкта болот. Мүмкүнчүлүгү жеткендерге Алла (ырааазылыгы) үчүн Каабага ажылык кылуу милдети жүктөлдү”. (Али Имран сүрөсү: 97-98)

Сүннөт: Абдулла ибн Умар (Аллах андан ыраазы болсун) риваятында пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺ минтип айткан: “Ислам беш нерсенин үстүнө курулган: Аллахтан башка ибадатка татыктуу зат жок экенине жана Мухаммаддын Аллахтын элчиси экенине күбөлүк берүү, намазды тургузуу, зекет берүү, Үйгө (Кааба) ажылык кылуу жана Рамазанда орозо кармоо[3]”.

Ижмаъ: Сахабалар, алардын мураскерлери жана мусулман аалымдары ажылыктын милдеттүү ибадат экенине бир добуштан макул болушкан.

### Ажылыктын артыкчылыктары

### Ажылыктын пазилеттери:

**Ажылык - эң жакшы амалдардын бири.**

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Аллахтын элчисинен ﷺ: «Кайсы амал эң жакшы?» - деп суралды. Ал айтты: «Аллахка жана Анын элчисине ыйман келтирүү». «Андан кийин кайсы?» - деп суралды. Ал айтты: «Аллахтын жолунда күрөшүү». «Андан кийин кайсы?» - деп суралды. Ал айтты: «Макбул ажылык[4]».[5]

---

[1] Кааба
[2] Каабага
[3] Бухарий (Ыйман китеби: 2/8), Муслим (Ыйман:2/21)
[4] Күнөө аралашпаган ажылык.

**Ажылык күнөөлөрдү өчүрөт**

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Ким ажылык кылып, ыплас сөздөрдү сүйлөбөсө жана бузук иштерди кылбаса, ал жаңы төрөлгөн ымыркай сыяктуу күнөөсүз болуп кайтып келет[1]».

**Ажылыктын сыйлыгы - Бейиш.**

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Бир умрадан кийинки умра алардын ортосундагы күнөөлөргө каффарат болот. Ал эми макбул ажылыктын сыйлыгы бейиштен гана[2]».(Бухари, Муслим)

**Ажылыктын парз болушунун шарттары:**

Бул шарттар кайсы адамда бар болсо, ага өзү барып аткаруусу же башкасын жөнөтүүсү менен ажылык парз болот. Башкача айтканда, бул шарттар ажылыктын анын мойнунда карыз болуп жазылышына себеп болот. Алар төмөнкүлөр:

- Ислам (мусулман болуусу): Капырга ажылык парз эмес, анткени ал шарияттык буйруктар менен милдеттүү эмес.
- Акыл-эс жана балагатка жетүү: Жиндиге да, кичинекей балага да ажылык парз эмес. Бирок, эгер аларды ажылыкка алып барса жана алардын ордуна валийи ниет кылса, ажылыктары нафил катары жарактуу болот. Бирок бул алардын мойнундагы парз ажылыктын түшүшүнө себеп болбойт.
- Эркиндик: Кулга ажылык парз эмес, мейли ал мудаббар (Кожоюну өлгөндөн кийин бошонмокчу болгон кул), же мукатаб (айрым төлөм менен эркиндикке чыгууга келишкен кул), же умму валад (кожоюнунан бала төрөгөн күң) болсун. Себеби ажылыктын парзы мал-мүлктү талап кылат, ал эми кулдарда мындай мүмкүнчүлүк болбойт. Ошондой эле ажылык учурунда алардын кожоюнунун укугуна зыян келип калбашы үчүн.
- Кудурет жетүү: Анткени Аллах Таала айтат: «Аллах үчүн адамдардын мойнунда Каабага ажылык кылуу парз болду - ким ага барууга күчү жетсе». (Али Имран: 97).

Кудурет (Истита'а): Бул Куран аятына негизделген: "Жана Аллахка адамдардан – ким ага жол таба алса – үйгө (Каабага) ажылык кылуу милдеттүү". (Али Имран сүрөсү: 97)

**Кудурет** төмөнкүлөр аркылуу ишке ашат:

- Ден соолук: Жол жүрүүгө тоскоол болгон оорулардан, сокурлуктан жана майыптыктан соо болуу.
- Жол азык жана унаа (жүк ташуучу каражат) менен камсыз болуу: Барып, келүүгө жеткидей жол азык, унаа сыяктуу каражатка ээ болуу.Бул каражаттар анын негизги муктаждыктарынан ашык болушу шарт. Үй-бүлөсүнүн жана багууга милдеттүү болгон кишилеринин керектөөсүнө (азык-түлүк, кийим-кече,

---

[5] Бухарий (Ажылык китеби: 1519)
[1] Бухарий (Ажылык китеби. 1521)
[2] Бухарий (Ажылык китеби: 476), Муслим (Ажылык китеби: 1349)

турак-жай) жеткидей камсыз болушу керек. Айрым аалымдар бул камсыздоо сапардан кайткандан кийин дагы бир айлык убакытка жеткиликтүү болсун дешкен.
- Жолдун коопсуздугу: Өзүнүн жана мүлкүнүн коопсуздугуна ишениши керек. Эгерде ал каракчылардан, оорудан же мүлкүнүн уурдалышынан корксо, анда ага ажылык парз болбойт.Ошондой эле сапарга чыгуудан тыюу же камак сыяктуу тоскоол болбошу керек.
- Аялдар үчүн махрамдын болушу: Махрам күйөөсү же башка тууганы болушу мүмкүн, бирок ал акыл-эси толук жана балагатка жеткен болушу шарт. Далил: Абу Саид алъ-Худриден (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Аял махрамсыз үч күндүк сапарга чыкпасын[1]» .
- Аялдын идда абалында болбошу: Талак (ажырашуу) же күйөөсүнүн өлүмүнөн кийин идда өтөп жаткан аял ажылыкка чыга албайт.
- «Кудурети жетүү» мүмкүнчүлүгү ажылык убактысында болушу. Эгер ажылык мезгилинен кийин гана мүмкүнчүлүк (кудурет) пайда болсо, ошол жылы ага парз болбойт.

**Балдар жана кулдар үчүн ажылык**

Аларга ажылык милдеттүү эмес. Бирок, эгер алар ажылык кылса, ал жарактуу болот. Бирок алардын милдеттүү ажылыгы үчүн жетишсиз. Ибн Аббас (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылгандай, пайгамбарыбыз ﷺ айткан: “Кайсы бала ажылык кылса жана андан кийин балагатка жетсе, ал дагы бир ажылык кылышы керек. Жана кайсы кул ажылык кылса жана андан кийин эркиндикке чыкса, ал дагы бир ажылык кылышы керек[2]”.

**Ким ажылык парз болуп туруп, кайтыш болсо:**

Эгер адам милдет болгон ажылыгын же назир кылган ажылыгын аткарбай көз жумса, анын мүлкүнөн чыгарып, мураскорлору анын ордуна бирөөнү ажылыкка жөнөтүшү парз болуп эсептелет. Бул - карызын төлөп берүү сыяктуу эле милдет Ибн Аббастан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынат: Жухайна уруусунан бир аял пайгамбарыбызга ﷺ келип: Энем назир кылып ажылыкка бармак болгон эле, бирок бара электе каза болду. Мен анын ордуна ажылыкка барсам болобу? – деп сурады. Ал ﷺ айтты: Энеңдин үстүндө карызы болсо, сен аны төлөп бербейт белең? Андай болсо, Аллахтын карызын да аткаргыла. Анткени Аллахтын карызы төлөнүүгө акылуураак[3]».

**Башкалардын ордуна ажылык кылуу**

Эгер адамга ажылык парз болуп, бирок кийин **карылык же айыкпас оору** сыяктуу себептен улам өзү бара албай калса, анда ал өзүнүн ордуна башка бирөөнү ажылыкка жөнөтүшү **важиб** болуп эсептелет. Бул тууралуу Фадл ибн Аббастан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынат: Хасам уруусунан бир

[1] Муслим (Ажылык китеби: 74/417)
[2] Байхакий( 5-том, 179-бет), Имам Табараний (Сахих санад менен риваят кылган.)
[3] Бухарий (Ажылык мбадаттары: 1812), Ибн Маажах (Ажылык ибадаттар: 2903)

аял пайгамбарыбыздан ﷺ: Оо, Аллахтын элчиси! Ажылык парзы атамдын мойнуна түшүп калды, бирок ал карып, улоого отура албай калды. Анын ордуна мен ажылык кыла аламбы? – деп сурады. Пайгамбарыбыз ﷺ: – Ооба, – деп жооп берди[1]». Бул коштошуу ажылыгында болчу.

Бирок башканын ордуна ажылык кылчу адам буга чейин өзүнө ажылыкты аткарып коюусу шарт. Ибн Аббастан (Аллах андан ыраазы болсун) риваят: Бир адам: «Лаббайка аън Шубрама» – деп талбия айтканын угуп, пайгамбарыбыз ﷺ сурады: Өзүң үчүн ажылык кылдыңбы? Ал: «Жок» - деди. Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: - Адегенде өзүң үчүн ажылык кыл, андан соң Шубрама үчүн ажылык кыл[2]».

**Ажылыктын туура аткарылышынын шарттары**

1. Ислам: Мусулман болушу керек.
2. Акыл жана ажырата билүү жөндөмү (тамйиз)
3. Ажылыктын амалдарын белгиленген айларда жана күндөрдө аткаруу.
4. Белгиленген жерлерде аткаруу – мисалы, Арафа жеринде туруу, Каабада таваф кылуу.
5. Ихрам – ажылыкка же умрага кирүүнү ниет кылып, талбия айтуу.
6. Ихрамга киргенден кийин Арафада турууга чейин жыныстык мамилеге барбоо.

Ажылыктын негиздери (парздары) үчөө:

1. Ихрам.
2. Арафада туруу.
3. Зыярат тавафы (Каабаны айлануу).

***Биринчи негиз – Ихрам:***

Аныктамасы: Ажылыкка же умрага (же экөөнө тең) кирүүгө болгон ниет.
Аны талбия менен коштойт. Бул – ажылыктын шарты да болуп эсептелет.

Ихрамдын жарактуулугунун шарттары:

Ниет: Бул ажылыкка же умрага кирүү үчүн жүрөгү менен ниет кылуу. Ниетти үн чыгарып айтуу сунушталат, мисалы: “Мен ажылыкка ниет кылдым жана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн Ихрамга кирдим”. Ниетти дуба менен айкалыштыруу да сунушталат: “Оо, Аллахым, мен ажылыкка ниет кылдым, мага аны жеңилдет жана менден кабыл ал”. Талбия учурунда ниет кылынган нерсени айтуу сүннөт. Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: “Мен Аллахтын элчисинин ﷺ 'Лаббайка умра ва хаж (Мен умра жана ажылык үчүн кызматыңдамын)' деп айтканын уктум[3]”.

---

[1] Бухарий (Ажылык китеби: 300), Муслим: (Ажылык китеби: 1334)
[2] Абу Дауд (Ажылык ибадаттары (1812), Ибн Маажах(жылык ибадаттары: 2903)
[3] Бухарий (Ажылык китеби: 25/1474)

Талбия: Эгер ниет кылып, бирок талбия айтылбаса, ал Ихрамда деп эсептелбейт. Талбиянын формасы: “(Лаббайка Аллахумма Лаббайк, Лаббайка Ла шарика Лака Лаббайк, Иннал хамда ван ни'мата Лака вал мулк. Ла шарика Лак)”. (Мен кызматыңдамын, оо, Аллахым, мен кызматыңдамын. Мен кызматыңдамын, Сенин шеригиң жок, мен кызматыңдамын. Чындыгында, бардык мактоо жана нээмат Сеники, жана бардык падышалык. Сенин шеригиң жок).

**Талбиянын сүннөттөрү**

Жогорудагы формулага кабарда (хадисте) келген нерселерди кошуу: Абдулла ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) айткан: “Умар ибн Алъ-Хаттаб Аллахтын Элчисинин ﷺ талбиясын ушул сөздөр менен айтчу: «Лаббайка Аллахумма Лаббайк, Лаббайка ва Саъдайк, вал Хайру фи ядайк, Лаббайк вар Рагба'у илайка вал 'амал (Мен кызматыңдамын, оо, Аллахым, мен кызматыңдамын. Мен кызматыңдамын жана бактылуулук Сенден жана бардык жакшылык Сенин колуңда, мен кызматыңдамын, жана Сенин ыраазычылыгыңды издеймин жана амалдар Сенин үчүн)[1]”.

Үнүн жогорулатуу: Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: “Жабраил мага келип, сахабаларыма тахлил жана талбия айтууда үндү жогорулатууну буйрууну буйруду[2]”.

Үзгүлтүксүз кайталоо: Хадисте айтылат: “Аллах үчүн күнүн өткөргөн, күн батканга чейин талбия айтса, анын күнөөлөрү жоголуп, аны энеси төрөгөн күндөгүдөй болуп кайтып келет[3]”.

**Ихрамдын важибдери:**

- Мийкаттан Ихрамга кирүү.
- Ихрамдын тыюу салынган нерселеринен алыс болуу.

Бул милдеттердин толук түшүндүрмөсү:

**1. Мийкаттан ихрамга кирүү**

Мавакит (Мийкаттын көптүк түрү) – бул белгиленген чекиттер, убактылуу жана орун мийкаттары болуп бөлүнөт:

- Убакыт мийкаты: Бул ажылык аткарыла турган убакыттар. Аллах Таала айтты: “Алар сенден жаңы айлар жөнүндө сурашат. Айткын: Алар адамдар жана ажылык үчүн белгиленген убакыттар”. (Алъ-Бакара сүрөсү: 189) Ошондой эле дагы бир аятта Аллах Таала айтты: “Ажылык - белгилүү айларда”. (Алъ-Бакара сүрөсү: 197) Ажылыктын белгилүү айлары: Шавваль, Зул-Ка'да жана Зул-Хижжа.

---

[1] Тирмизий (Ажылык: 15/829)
[2] Ибн Маажах (Ажылык ибадаттары: 17/2925)
[3] Муслим (Ажылык: 34/215)

- Орун мийкаты: Бул ажылыкка же умрага ниет кылгандар Ихрамга кириши керек болгон жерлер. Бул жерлерди пайгамбарыбыз ﷺ ар бир аймактын адамдары үчүн белгилеген. Алар:
    - Зул-Хулайфа: Мадинанын жана анын багытынан келгендер үчүн мийкат.
    - Алъ-Жухфа: Шам (Сирия, Иордания, Палестина, Ливан) жана Египеттин адамдары үчүн, ошондой эле алардын жашоочуларынан эмес, ошол жерден өткөндөр үчүн мийкат. Бүгүнкү күндө анын орду **Рабиг** деген жер менен алмаштырылган.
    - Яламлам: Йемен, Тихама жана Индиянын адамдары үчүн мийкат.
    - Карнулъ-Маназил: Наджд жана Хижаздын адамдары үчүн мийкат.
    - Зату 'Ирк: Ирактын жана бардык чыгыш аймактарынын адамдары үчүн мийкат.

Бул мавакит аталган багыттардын адамдары үчүн жана алардын жеринен өтүп же алардын үстүнөн учуп бараткан, ажылыкка же умрага ниет кылган ар бир адам үчүн. Ал эми мийкаттын ичинде жашап, бирок Меккенин сыртындагылар үчүн болсо, – алардын мийкаты өздөрү турган жер, башкача айтканда, кайсы жерден ихрамга кирсе, ошол жер мийкат болуп эсептелет. Ал эми Меккеликтер үчүн – алардын микаты Харам аймагынын ичинен.

Бул белгиленген мавакиттерге далил Ибн Аббастын хадиси (Аллах алардан ыраазы болсун) ал айткан: "Аллахтын элчиси ﷺ Мадинанын адамдары үчүн Зул-Хулайфаны мийкат кылып белгиледи. Шамдын адамдары үчүн Алъ-Жухфаны, Нажддын адамдары үчүн Карнуль-Маназилди жана Йемендин адамдары үчүн Яламламды. Бул мавакиттер аларга жана алардын адамдарынан башка, алардын жеринен өтүп бараткандарга, ажылыкка же умрага ниет кылгандарга арналган. Бул мавакиттердин ичинде болгондор үчүн, алардын микаты өз турак-жайларынан жана Меккенин адамдары Меккеден Ихрамга киришет[1]".

**2. Ихрамдын тыюу салынган нерселери**

Ихрамдын важиптеринин бири – ихрамга киргенден кийин тыюу салынган иштерден сактануу. Бирок, эгерде жыныстык катнаш Арафа тоосунда туруудан мурун болуп калса, анда ал ажылыкты бузат.

Тыюу салынган иштер үч бөлүккө бөлүнөт:

1. Кийимге байланышкан.
2. Денеге байланышкан.
3. Кыймыл-аракеттерге байланышкан.

Биринчи: Кийимге байланыштуусу:

- ***Эркектер үчүн:***

---
[1] Бухарий (Ажылык китеби: 9/1454)

- Тигилген кийимдерди же көйнөк, шым, селде сыяктуу кадимки кийимдерди кийүү эркекке тыюу салынат. Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылгандай, бир киши пайгамбарыбыздан ﷺ сурады: “Мухрим (Ихрамда болгон адам) кандай кийимдерди кийиши керек?” Аллахтын элчиси ﷺ айтты: “Көйнөк, селде, шым, чапан жана маасы кийбеши керек. Эгерде сандал таппаса, анда маасы кийсе болот, бирок аларды таманынан ылдый кесип салышы керек[1]”.
- Эркекке маасы кийүүгө тыюу салынат, эгерде сандал таппаса, анда жогоруда айтылган хадистин негизинде маасыны таманынан ылдый кесип кийсе болот.
- Ага кол кап кийүүгө тыюу салынат.
- Башты жана бетти жабууга тыюу салынат. Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: “Ээгинен жогору болгон нерсени ихрам кийген киши жаппашы керек[2]”.

- ***Аялдар үчүн***:

Аялдарга тигилген кийимдерди жана кадимки кийимдерди кийүүгө уруксат берилет, бирок аларга келеркилерге тыюу салынат:

  - Беттерин териге тийип турган паранжа менен жабууга тыюу салынат. Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылгандай, пайгамбарыбыз ﷺ айтты: “Ихрамдагы аял никаб (бет паранжасы) же кол кап кийбеши керек[3]”.
  - Аларга кол кап кийбөө сунушталат.

**Экинчи: Денеге байланыштуусу:**

- Чачты алуу: Мухримге башынан же денесинен эч кандай чачты кыруу, кесүү же жулуу аркылуу алууга уруксат берилбейт. Ал башка адамдын башын кырбашы керек, ал адам Ихрамда болбосо да, ошондой эле башка адамга өз башын кырууга уруксат бербеши керек. Бул Аллахтын сөзүнө негизделген: “Жана курмандык малы ордуна жеткенге чейин баштарыңарды кырбагыла”. (Алъ-Бакара сүрөсү: 196)
- Атыр колдонуу: Бул кийимдерге жана денеге атыр сүйкөөнү билдирет. Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылгандай, бир киши пайгамбарыбыздан ﷺ сурады: “Мухрим кандай кийимдерди кийиши керек?”. Аллахтын элчиси ﷺ айтты: “Шафран же варс (атырдын бир түрү) тийген эч нерсе кийбегиле[4]”.
- Май сүйкөө: Мухримге башына же денесинин башка бөлүгүнө кооздонуу үчүн май сүйкөөгө уруксат берилбейт, эгер дарылоо үчүн болбосо, андай учурда уруксат берилет.
- Тырмактарды алуу: Бул аларды кыркууну билдирет, ал тургай бир гана тырмак болсо да, өзү же башка бирөө тарабынан.

**Үчүнчү: Иш-аракеттерге байланыштуусу**

[1] Бухарий (Ажылык китеби: 20/1468)
[2] Муватта (224-бет)
[3] Бухарий (Ихсар: 24/1741)
[4] Бухарий (Ажылык китеби: 20/1468)

- Жыныстык жакындык: Буга жыныстык катнаш же аны айтуу кирет, өзгөчө аялдардын алдында. Тыюу салынган нерсе – бул катнаштын өзү, нике келишими эмес; ошондуктан, мухрим өзү үчүн же башкалар үчүн нике келишимин түзө алат.
- Күнөө кылуу: Күнөөлөрдөн алыс болуу ажылыктан тышкары да милдеттүү, ал эми ажылык учурунда андан да катуураак тыюу салынат.
- Талашып-тартышуу: Бул башкалар менен талашууну билдирет. Аллах Таала айтты: “Ажылык учурунда жыныстык жакындык, күнөөкөрлүк жана талашуу болбосун”. (Алъ-Бакара сүрөсү: 197) Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: “Ким бул Үйгө ажылык кылса жана жыныстык катнашка кирбесе жана күнөө кылбаса, ал энеси аны төрөгөн күндөгүдөй болуп кайтып келет[1]”.
- Кургактыктагы жаныбарларга аңчылык кылуу: Мухримге ар кандай кургактыктагы жаныбарды өлтүрүүгө, эти желе турган болобу же жокпу, же ага ишарат кылууга же ага жол көрсөтүүгө тыюу салынат. Ал өзү үчүн аңчылык кылынган, же анын көрсөтүүсү менен аңдалган, же анын жардамы менен аңдалган кургактыктагы жаныбарды жебеши керек. Бул келерки Аллах Тааланын сөзүнө негизделген: “Силерге деңиз аңчылыгы жана аны[2] жеш адал кылынды. Ал силерге жана жолоочуларга пайдалуу. Силерге ихрамда болгон мезгилиңерде кургактыктын аңы арам кылынды. Өз алдына (сөзсүз) чогултуучу Алладан корккула! (Маида сүрөсү: 96). Дагы бир аятта Аллах Таала айтты: “Оо, ыйман келтиргендер, Ихрам абалында болгонуңарда аңды өлтүрбөгүлө”. (Маида сүрөсү: 95) Бирок, жыландарды, чаяндарды, чычкандарды, карышкырларды, каргаларды жана айры куйруктарды өлтүрүүгө уруксат берилет, анткени пайгамбарыбыз ﷺайткан: “Беш зыяндуу жандык халалда (ыйык эмес аймак) жана харамда (ыйык аймак) өлтүрүлөт: жылан, ала карга, чычкан, кутурган ит жана айры куйрук[3]”.
- Харамдын идхирден (жыпар жыттуу чөптүн бир түрү) башка дарактарын кесүү. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Аллах Таала Макканы (ыйык шаарды) ыйык кылды. Ал менден мурун эч кимге адал болгон эмес, менден кийин да эч кимге адал болбойт. Ал мага бир эле күндүн бир саатында гана адал кылынды. (Анда да) анын чөбү жулунбайт, дарагы кыйылбайт, аңчылыгы куулбайт, жоголгон буюму болсо, аны таанытып берүү үчүн гана алынат».Анда Аббас (Аллах андан ыраазы болсун) сурады: «Оо, Аллахтын Элчиси! Биздин зергерчиликке жана көрүстөндөргө (пайдалануу үчүн) идхир (бир өсүмдүк) өзгөчө уруксат берилсин» деди. Ошондо пайгамбарыбыз ﷺ: «Идхирге гана уруксат» - деп жооп берди[4]”.

**Ихрамдагы тыюу салынган иштерди бузуунун өкүмү**

Жыныстык катнаш: Ал ажылыкты жокко чыгарат, жана ал ажылыктын казасын кийинки жылы өтөөсү керек. Ошондой эле, эгер ал Арафатта туруудан мурун болсо, төө курмандыкка чалышы керек.

---

[1] Бухарий (Ажылык китеби: Ихсар жана аң улоонун жазасы: 11/1724)
[2] Деёиз жаныбарларын
[3] Муслим (ажылык китеби: 9/67)
[4] Бухарий(Ихсар жана аңчылыктын жазасы: 20/1736)

Эгер кимдир бирөө атыр колдонсо, тигилген кийим кийсе, башын бир күн жапса, башынын төрттөн бир бөлүгүн кырдырса, тырмактарын кыркса, же кичине дааратсыз абалда милдеттүү тавафты аткарса, же имамдан мурун кетсе[1]: Алар бир кой курмандыкка чалышы керек.

Эгер кимдир бирөө жогоруда айтылгандан азыраак кылса: Алар бир **сааъ**[2] (өлчөм) данды садака кылышы керек.

Эгер кимдир бирөө бир важипти таштаса, же бир жөрөлгөнү белгиленген убакыттан мурун аткарса, же парз болгон тавафты курмандык күндөрүнөн кийин кечиктирсе: Алар бир кой курмандыкка чалышы керек.

Эгер кимдир бирөө жунуп (гусулсуз) абалда парз болгон тавафты аткарса же анын көбүн таштап кетсе: Алар бир төө курмандыкка чалышы керек.

**Ихрамдын сүннөттөрү жана адептери**

Тазалык: Буга тырмактарды кыркуу, мурутту кыруу, колтуктун түктөрүн жулуу, уяттуу жерлердин түктөрүн кыруу, даарат же гусул алуу, сакалды жана баштын чачын тараш кирет. Харижа ибн Зейд атасынан риваят кылган хадисте, ал пайгамбарыбыздын ﷺ Ихрамга кийимин чечип, гусул алганын көргөн.[3]

Тигилген кийимдерди чечип, эки ак, жаңы же таза кездеме кийүү (изар жана рида): Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: "Силерден бириңер Ихрамга изар, рида жана сандал менен кирсин[4]".

Ихрамга чейин денеге жана кийимдерге атыр сүйкөө: Айша энебиз (Аллах андан ыраазы болсун) айткан: "ﷺ Ихрамга киргенге чейин анын Ихрамы үчүн атыр сүйкөчүмүн[5]".

Ихрамга чейин эки рекет намаз окуу: Бул Ихрамдын сүннөтү катары ниет кылынышы керек. Биринчи рекетте, Алъ-Фатихадан кийин, Алъ-Капырун сүрөсүн окуу керек, экинчисинде, Алъ-Ихлас сүрөсүн. Нафи' риваят кылгандай, Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) Меккеге барууну ниет кылганда жыпар жытсыз май сүйкөчү, анан Зул-Хулайфа мечитине барып намаз окучу, анан төөсүнө минчү, жана ал түздөнгөндө, Ихрамга кирип айтчу: "Мен пайгамбарыбыздын ﷺ ушинтип кылганын көргөнмүн[6]". Парз намаз бул эки рекет үчүн жетиштүү болот.

Талбия: Бул: "Лаббайка Аллахумма Лаббайк, Лаббайка Ла Шарика Лака Лаббайк, Иннал Хамда ван Ни'мата Лака вал Мулк, Ла Шарика Лак" деп айтуу. Мухрим аны Мийкатта Ихрамга киргенде айтышы керек. Аны кайталап, ар бир намаздан кийин, бийик жерге чыкканда, өрөөнгө түшкөндө, жолдошуна жолукканда же таң аткан маалда (сахар убактысында) аны кайра-кайра айтып, үнүн көтөрүп айтуусу мустахаб болуп эсептелет.

**Ажылык үчүн ихрамдын түрлөрү**

[1] Б.а. имамдан мурдан Муздалифадан кайтып кетсе)
[2] 3 кг. 200 гр.
[3] Тирмизий (Ажылык китеби: 16/830)
[4] Имам Ахмад (Муснад 2-том, 34-бет)
[5] Абу Дауд (Ажылык ибадаттары 11/1745)
[6] Бухарий (Ажылык китеби: 28/1479)

Ажылык үчүн ихрамдын үч түрү бар: 1. Кыран 2. Таматту 3. Ифрад

- Кыран (Ажылык менен умраны бириктирүү):
  - Мааниси: Мийкаттан (Ихрам жери) ажылыкка жана умрага бирге ниет кылуу. Ажы талбия учурунда минтип айтат: “Лаббайка бил хажжи вал умрати” (Мен ажылык жана умра үчүн кызматыңдамын). Бул ажынын ихрам абалында умра жана ажылык жөрөлгөлөрү толук аяктаганга чейин калышын талап кылат.
- Таматтуъ (Ажылыктан мурун умраны аткаруу):
  - Мааниси: Ажылык айларында умра кылып, анан ошол эле жылы ажылык кылуу. Ажы мийкаттан бир гана умра үчүн ихрамга кирет жана талбия учурунда айтат: “Лаббайка би умратин мутаматти'ан биха илал хажжи” (Мен ажылыкка чейин умра үчүн кызматыңдамын). Бул ажынын Ихрам абалында Меккеге жеткенге жана умраны аткарганга чейин калышын талап кылат (Каабаны айлануу, Сафа жана Марва арасында саъи кылуу, анан чачты кыруу же кыскартуу жана ихрамдан чыгуу, кадимки кийимдерди кийүү жана ихрамда тыюу салынган бардык иштерди аткаруу). Андан кийин, Тарвия күнү (Зул-Хижжанын 8-күнү), Меккеден ажылык үчүн ихрамга кирет.
- Ифрад (Жалгыз ажылык кылуу):
  - Мааниси: Мийкаттан бир гана ажылыкка ниет кылуу. Ажы талбия учурунда айтат: “Лаббайка бил хажжи” (Мен ажылык үчүн кызматыңдамын). Ажы ажылык жөрөлгөлөрү аяктаганга чейин ихрамда калат. Андан кийин, эгер кааласа, умра кыла алат.

Кыран таматтуъдан жакшыраак, жана Кыран менен таматтуъ экөө тең ифраддан жакшыраак.

***Экинчи негиз (парз): Арафатта туруу***

Далили: Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: “Ажылык - бул Арафат. Ким жамъ (Муздалифа) түнү багымдат намазынан мурун келсе, анын ажылыгы толук болот[1]”. Бул Арафатта белгиленген убакытта турууну өткөрүп жиберген адам ажылыкты өткөрүп жиберген дегенди билдирет. Мындай учурда, ал таваф жана саъй кылып, ихрамдан чыгып, анан кийинки жылы ажылыкты толукташы керек.

**Өкүмү:** Арафатта туруу -ажылыктын эң чоң түркүгү.

Арафат күнүнүн артыкчылыгы: Айша энебиз (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылгандай, пайгамбарыбыз ﷺ айткан: «Алла Таала кулдарды тозоктон эң көп куткара турган күн – Арафа күнү[2]».

**Арафатта турууну (вукууф) убактысы жана жери:**

Арафатта туруу Зул-Хижжа айынын тогузунчу күнү күн оогондон кийин, курмандык күнүнүн багымдат намазына чейин уланат. Арафат тоосунун Урана

[1] Ибн Маажах (Ажылык ибадаттары: 57/3015)
[2] Муслим (ажылык китеби: 1348)

өрөөнүнөн башка бардык жеринде болуу жарактуу. Жабир (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылгандай, пайгамбарыбыз ﷺ айткан: "Мен ушул жерде турдум жана Арафаттын баары туруучу жер[1]".

Арафатта туруу - түндүн бир бөлүгүн камтуу үчүн күндүн батышынан кийин да уланышы важиб. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: "Ыйык (машъар) жерлериңерде болгула, анткени силер Ибрахимдин мурасынан болгон бир мурас үстүндөсүңөр[2]". Бул жерде токтоп туруу – **важиб**. Эгер кимдир-бирөө Арафадан күн бата электе кетип калса, ага **кан чыгарып курмандык чалуу** тиешелүү болот. Ал эми ким күн баткандан кийин гана Арафага жетсе, ага эч кандай курмандык тиешелүү эмес.

Арафада туруп туруу үчүн **даарат** шарт эмес. Демек, андай абалды **дааратсыз, жунуп абалында, айыз көргөн жана нифас (төрөттөн кийинки) аялдар** да аткара алышат. Айша энебиз (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Пайгамбарыбыз ﷺ ага айыз болуп калганда мындай деген: «Ажылык кылуучулар эмне кылса, сен да ошону кыл, бирок үйдү (Каабаны) таза болгуча айланбай тур[3]».

**Арафада туруунун сүннөттөрү:**

- Гусул алуу - анткени бул күнү адамдар көп чогулат. Айрым аалымдар: "даарат алуу сүннөт, ал эми гусул – мустахаб" - деп айтышкан.
- Талбия жана тахлилди[4] көп айтуу, жана буларды таш ыргытуу (Жамратул-Акаба) бүткөнгө чейин, курман айт күнү таң аткандан кийин гана токтотуу.
- Дубаны көп кылуу, үнүн чыгарып, аракет жана жалбаруу менен тилөө. Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Эң жакшы дуба – Арафа күнүндөгү дуба. Мен жана мени менен болгон пайгамбарыбызлардын эң жакшы айткан сөзү: «Лаа илааха иллаллоху вахдаху лаа шарийка лах[5]». (Аллахтан башка кудай жок. Ал жалгыз, шериги жок.)
- Дубаны кабылага жүзүн буруп, тик туруп, жалбаруу менен кылуу – сүннөт.
- Бешимден кийин Масжид Намирада токтоо, анткени бул жерде ажылар имам менен чогулат.
- Ажынын орозо тутпаган болушу – сүннөт.
- Имамдын бешимден кийин жума хутбасындай эки хутба окушу, анда адамдарга манасик (хаж амалдары) түшүндүрүлөт.
- Имамдын бешим менен аср намазын бешим убагында бириктирип (жамъ) кылып окуусу, бир азан жана эки икам менен. Жабир (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздын ажылыгын сыпаттап мындай дейт: «Пайгамбарыбыз ﷺ азан айтты, андан кийин икамат айтып бешимди окуду. Андан соң кайра икамат айтып асрды окуду, алардын ортосунда башка намаз окуган жок[6]».

[1] Муслим (Ажылык китеби: 20/149)
[2] Тирмизий (Ажылык китеби: 53/883)
[3] Бухарий (Ажылык китеби: 80/1567)
[4] Тахлил-«Лаа илааха иллаллох»-деп айтуу. (Аллахтан башка кудай жок)
[5] Байхакий (5-том, 117-бет)
[6] Муслим (Ажылык китеби: 19/147)

• Ажылык кылуучу адам имам менен бирге Арафатта, “Жабалур-Рахма” (Рахмат тоосу)нын жанындагы таштардын алдына барып, жүзүн кыбылага буруп дуба кылат. Пайгамбарыбыз ﷺ ажылыгында дал ушинтип турганын Жабир (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган.

• Дубага жан дили менен көңүл коюп, өзү билген дубаларды жана хадисте келгендерди айтуусу абзел.

• Ушул күнгө таандык болгон дубалардын бири:

• لا إله إلا الله وحده لا شريك له، له الملك وله الحمد، يحيي ويميت وهو حي لا يموت، بيده الخير وهو على كل شيء قدير، سبحان الله والحمد لله ولا إله إلا الله والله أكبر، ولا حول ولا قوة إلا بالله العلي العظيم

(Аллахтан башка кудай жок, Ал Жалгыз, Анын шериги жок. Ага падышалык жана мактоо таандык. Ал тирилтет жана өлтүрөт, Өзү болсо өлбөйт, Тирүү. Жакшылык Анын колунда жана Ал бардык нерсеге кудуреттүү. Аллахты аруулаймын, Аллахка мактоо таандык, Аллахтан башка илах жок, Аллах Улук. Улуу Аллахтан башка күч-кубат жок).

يا رفيع الدرجات، يا منزل البركات، يا فاطر الأرضين والسماوات ضجّت إليك الأصوات تسألك الحاجات وحاجتي أن ترحمني في دار البلاء إذا نسيني أهل الدنيا، أسألك أن توفقني لما افترضت عليّ وأن تعينني على طاعتك وأداء حقك وقضاء المناسك، التي أريتها خليلك إبراهيم، وعلمت عليها حبيبك محمد ρ ، اللّهم لكل متضرع إليك إجابة، ولكل مسكين لديك رأفة، ولقد جئتك متضرعاً إليك مسكيناً لديك، فاقض حاجتي واغفر ذنوبي ولا تجعلني من أخيب وفدك، وقد قلتَ وأنت لا تُخلف الميعاد : {ادعوني أستجب لكم } ، وقد دعوتك متضرعاً سائلاً، فأجب دعائي وأعتِقني من النار ووالدي وجميع المسلمين والمسلمات برحمتك يا أرحم الراحمين).

• «Эй даражаларды көтөргөн Зат! Эй берекелерди түшүргөн Зат! Эй жер менен асмандардын Жаратуучусу! Сага муктаждыктарын сурап үндөр чогулуп жатат. Менин муктаждыгым болсо – бул дүйнө ээлери мени унуткан учурда Сен мага ырайым кыл. Сенден сураймын – мага Өзүң парз кылган нерселерди аткарууну насип кыл жана Өзүңө итаат кылууга, акыңды өтөөгө жана (хаждын) жөрөлгөлөрүн аткарууга жардам бер. Бул жөрөлгөлөрдү Сен Өзүңдүн досуң Ибрахимге көрсөткөнсүң, Өзүңдүн сүйүктүү пайгамбарың Мухаммедге ﷺ үйрөткөнсүң. Аллахым! Сен үчүн жалбарган ар бир пендеге жооп бар, Сенин алдыңда турган ар бир муктажга мээрим бар. Мен да Сенин алдыңа муктаж абалда, жалбарып келдим. Мениң муктаждыгымды аткарып бер жана күнөөлөрүмдү кечир. Мени Сенин конокторуңдун ичинен үмүтсүз кылба. Чындыгында Өзүң айткан элең, Сен убадаңды бузбайсың: «Мага дуба кылгыла, силерге жооп кылам» - деп. (Бакара: 186). Мына мен жалбарып, Сага дуба кылдым, жооп бергин. Мени, ата-энемди жана бардык мусулмандарды тозок отунан куткаргын. Өзүңдүн ырайымың менен, оо Ырайымдуулардын эң Ырайымдуусу!».

• Күн баткандан кийин гана имам менен бирге Муздалифага жөө же унаа менен агылып барышат.

• Ал учурда истигфарды (Алладан кечирим суроону) көп кылуу сүннөт. Себеби Куранда Аллах Таала : «Андан кийин (Арафаттан) адамдар агылгандай, силер да агылыңар жана Алладан кечирим сурагыла. Албетте, Алла Кечиримдүү, Мээримдүү»,-деп айткан. *(Бакара: 199)*

•

**Үчүнчү түркүк: Таваф**

Бул «Таваф ар-рукн» (Түркүк таваф) деп аталат, анткени ал ажылыктын экинчи түркүгү болуп саналат. Ал ошондой эле «Таваф ал-ифада» (Кетүү тавафы) деп да аталат. Анткени ажы аны Минадан Меккеге кеткенден кийин аткарат. Ал ошондой эле Таваф аз-зияра (Зыярат тавафы) деп аталат, анткени ажы Минадан Үйгө (Каабага) зыярат кылуу үчүн келет, бирок Меккеде калбайт, тескерисинче Минага кайтат.

Анын парз экенине далил:

Аллах Тааланын ушул сөзү: "...жана алар Эски Үйдү (Каабаны) айлансын" (Алъ-Хаж сүрөсү: 29).

Айша энебиздин (Аллах андан ыраазы болсун) хадисинде пайгамбарыбыздын ﷺ аялы Сафия бинт Хуяййдын (Аллах андан ыраазы болсун) этек кири келип, ал бул жөнүндө Аллахтын элчисине ﷺ: "Ал бизди токтотобу?" - деди. Алар: "Ал ифаада тавафын кылып кетти," - дешти. Пайгамбарыбыз ﷺ: "Анда жок (ал бизди токтотпойт)," - деди.

**Убактысы:**

- Башталышы: Курмандык күнүнүн таң атышы. Бул Аллахтын сөзүнө негизделген: "Ошондой эле, айткан убадаларын[1] аткарышып, Эски үйдү[2] тооп кылышсын[3]".
- "(Хаж сүрөсү: 29). Бул курмандык менен Тавафты бириктирет, ошондуктан алардын убакыттары бирдей.
- Важип болгон убактысы: Анын важип болгон убактысы курмандык күндөрү.

**Тавафтын важипттери:**

- Авратты жабуу: Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылгандай, Абу Бакр Ас-Сыддык (Аллах андан ыраазы болсун) коштошуу ажылыгынан мурун Аллахтын элчиси ﷺ аны жетекчи катары койгон ажылык учурунда, курмандык күнү, бир топ сахабалар менен элге жар салып: "Бул жылдан кийин эч бир мушрик ажылык кылбасын, жана эч бир жылаңач адам Үйдү айланбасын"[4]- деди.
- Чоң жана кичине дааратсыздыктан таза болуу: Ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылгандай, пайгамбарыбыз ﷺ айткан: "Үйдү айлануу

[1] Аллах үчүн жасаймын деп өз ара убада кылып койгон курбандыгын чалат
[2] Каабаны
[3] жети жолу айланышсын
[4] Бухарий (Ажылык китеби: 66/1543)

намазга окшош, бирок анда сүйлөшсөң болот”.[1] Эгер кимдир бирөө чоң дааратсыз (жунуп) абалда айланса, курмандык (бадана - төө же уй) милдеттүү болот жана анын тавафы жарактуу. Эгер кимдир бирөө кичине дааратсыз абалда айланса, бир кой милдеттүү болот. Кийимде, денеде жана жерде тазалык да талап кылынат. Эгер даарат бузулса, аны жаңылап, тавафты калган жеринен улантуу керек.

- Жөө басуу: (Бирок катуу оору же башка жүйөлүү себептер болсо гана улоого минсе болот.) Умм Салама (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: “Мен Аллахтын элчисине ﷺ ооруп жатканымды айттым”. Ал: “Адамдардын артынан (улоого) минип алып айлан”[2] - деди.
- Оң жактан баштоо : Каабаны сол жагына алып, алдыга жылышы керек.
- Ар бир айланууда кара таштан (хажарул асвад) баштоо: Эгер башка чекиттен баштаса, кара ташка жеткенге чейинки айлануулар эсептелбейт.
- Каабанын сыртында таваф кылуу: Хижр Исмаилдин (Каабанын жанындагы жарым тегерек дубал) ичинде айланбашы керек.
- Жети жолу айланууну кара таштан баштап, кара ташка чейин жеткире жасоо керек.
- Тавафты важип болгон убактысында, б.а. курмандык күндөрү бүтүрүү: Эгер жүйөлүү себепсиз бул убакыттан кийин кечиктирсе, курмандык (дам) милдеттүү болот.
- Ар бир тавафтан кийин эки рекет намаз окуу: Макам Ибрахимдин (Ибрахимдин турум жайы) артында же мечиттин башка жеринде. Бул эки рекетте пайгамбарыбызга ﷺ ээрчип, “Каафирун” жана “Ихлас” сүрөлөрүн окуу артыкчылыктуу.

**Тавафты кантип аткаруу керек:**

Тавафты кара таштын алдынан баштап, Каабаны сол жагына алып башталат. Биринчи үч айланууда тез басуу, калган төрт айланууда кадимкидей басуу, жети айланууунун ар бир айлануусунда кара ташты өбүү жана Йемен бурчуна тийүү, ошондой эле көп дуба кылуу жана Аллахты көбүрөөк зикир кылуу мустахаб. Жети айланууну аяктагандан кийин, Макам Ибрахимде эки рекет намаз окулат.

**Тавафтын сүннөттөрү:**

- Тавафтын башталышында кара ташка бет алуу такбир (Аллаху Акбар) жана тахлил (Ла илаха илла Аллах) менен, колдорду көтөрүү, колдорду ага коюу жана аны өбүү (эгер мүмкүн болсо).
- Үстүнкү кийимди (рида) оң колтуктун астына коюп, анын учу сол ийинге таштап коюу. (Идтиба')
- Биринчи үч айланууда ийиндери чайпалып тез басуу жана калган айланууларда кадимкидей басуу.
- Йемен бурчуна кол менен тийүү.
- Тавафты бүтүргөндөн кийин Замзам суусун ичүү мустахаб.

[1] Тирмизий (Ажылык китеби: 112/960)
[2] Бухарий (Ажылык китеби: 73/1552)

**Тавафтын түрлөрү:**

- Таваф ал-Кудум (Келүү тавафы).
- Таваф ал-Ифада (Зыярат тавафы).
- Таваф ал-Вада' (Коштошуу тавафы).
- Таваф ат–Татаввуъ (Нафил таваф)

***Ажылыктын важиптери экиге бөлүнөт:***

А) Мурун айтылган түркүктөргө (парздарга) байланышкан важиптер.

Б) Түркүктөрдүн же шарттардын ичинен болбогон негизги важиптер. Алар:

**Биринчиден: Сафа менен Марва арасында саъй кылуу.** Далили: Аллах Таала айтты: «Сафа менен Марва[1] – Алланын белгилеринен. Кимде-ким Үйгө[2] ажылыкка келип[3], же зыярат[4] кылса, ага экөөсүн[5] (тең) айланууда күнөө жок». (Бакара:158) Бул аят парздыкты эмес, важиптикти билдирет. Анткени, ***саъй*** – хаждын түркүгү эмес, балким важиби болуп эсептелет.

Убактысы: ***Саъй*** жарактуу тавафтын артынан болушу керек. Эң жакшысы — тавафул-ифаданын артынан кылуу. Себеби анда парздын (түркүк) артынан важибди тартип менен аткаруу бар.

**Саъйдын важиптери:**

1. **Сафадан баштоо.** Жабирден (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте: «Пайгамбарыбыз ﷺ Сафага жакындаганда: «Сафа менен Марва[6] – Алланын белгилеринен[7]» аятын окуп, "Аллах эмнеден баштаса, мен да ошондон баштайм" деди да, Сафага чыкты [8] ». → Эгер ким Марвадан баштаса, анын абалкысы эсептелбейт.
2. **Жети жолу жүрүү.** Сафадан Марвага бир, Марвадан Сафага кайра өзүнчө бир болуп эсептелет. Бардыгы жети жолу болушу шарт. Ибн Абу Ауфанын (Аллах андан ыраазы болсун ) айтымында: «Пайгамбарыбыз ﷺ Сафа менен Марванын ортосунда жети жолу жүрдү[9]».
3. **Жөө жүрүү.** Саъй жөө жасалууга тийиш. Эгер себепсиз минсе же көтөрүп алынса, саъй такыр ташталгандай болуп, курбандык (кан) талап кылынат.

---

[1] Сафа менен Марва – Ажар эне чуркаган Меккедеги эки дөңсөөнүн аты. (Пайгамбарыбызлар тарыхын караңыз)
[2] Меккедеги Алланын үйүнө
[3] Бул жерде парз ажылык тууралуу сөз болууда
[4] Бул жерде кичи ажылык, тагыраак айтканда умра тууралуу сөз болууда
[5] Сафаны жана Марваны
[6] Сафа менен Марва – Ажар эне чуркаган Меккедеги эки дөңсөөнүн аты. (Пайгамбарыбызлар тарыхын караңыз)
[7] Бакара :158-аят)
[8] Муслим (Ажылык китеби:19/147)
[9] Абу Дауд (Ажылык жөрөлгөлөрү: 56/1903)

**Саъйдын сүннөттөрү:**

- Тавафтын соңунда, саъй кылуудан мурда хажарул-асвадды (кара ташты) өбүү же кол менен кармоо жана тавафтын соңунда саъй кылуу үчүн Сафа дарбазасынан чыгуу.
- Сафа жана Марвага чыгып, Каабаны көрүү жана ал экөөсүнүн ар бирине чыкканда бир аз туруп кыска сүрөөгө жеткидей убакыт ошол жерде туруу. Себеби хадисте пайгамбарыбыз ﷺ Сафага жакындаганда келерки аятты окуп: ﴿ إِنَّ الصَّفَا وَالْمَرْوَةَ مِن شَعَائِرِ اللَّهِ ﴾ андан кийин: *«Аллах эмнеден баштаса, мен да ошондон баштайм» - деди.* Андан соң Сафага чыгып, Каабаны көрдү[1]».
- Сафага чыкканда ﴿إِنَّ الصَّفَا وَالْمَرْوَةَ مِن شَعَائِرِ اللَّهِ﴾ аятын окуу.
- Колдорун ийиндеринин тушуна чейин көтөрүү.
- Каабага жүзүн буруп, тахлил, (Лаа илааха иллаллох) пайгамбарыбызга ﷺ салават айтып, андан кийин келерки дубаны айтуу:

- اللَّهُ أَكْبَرُ، اللَّهُ أَكْبَرُ، لا إِلَهَ إِلا اللَّهُ، وَحْدَهُ لا شَرِيكَ لَهُ، لَهُ الْمُلْكُ وَلَهُ الْحَمْدُ، يُحْيِي وَيُمِيتُ وَهُوَ حَيٌّ لا يَمُوتُ، بِيَدِهِ الْخَيْرُ وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ.
  لا إِلَهَ إِلا اللَّهُ وَلا نَعْبُدُ إِلا إِيَّاهُ، مُخْلِصِينَ لَهُ الدِّينَ وَلَوْ كَرِهَ الْكَافِرُونَ.
  لا إِلَهَ إِلا اللَّهُ، أَهْلَ التَّكْبِيرِ وَالتَّحْمِيدِ وَالتَّهْلِيلِ.
  لا إِلَهَ إِلا اللَّهُ وَحْدَهُ، أَنْجَزَ وَعْدَهُ، وَنَصَرَ عَبْدَهُ، وَهَزَمَ الأَحْزَابَ وَحْدَهُ.
  فَلَهُ الْمُلْكُ وَلَهُ الْحَمْدُ.

- Кыргызча мааниси:

«Аллах Улук! Аллах Улук! Аллахдан башка кудай жок, Ал жалгыз, Ага шерик жок. Мүлк Ага гана тиешелүү жана мактоо Ага гана тиешелүү. Ал тирилтет жана өлтүрөт, Өлбөгөн Тирүү Зат. Жакшылык Анын колунда жана Ал бардык нерсеге кудуреттүү. Аллахдан башка кудай жок, Биз Ага гана сыйынабыз, Анын динине ыкыласыбызды арнайбыз, каапырлар жактырбаса да. Аллахдан башка кудай жок, Аллахдан башка кудай жок, Ал жалгыз, убадасын аткарды, кулуна (Мухаммадга ﷺ) жеңиш берди жана топтолгон душмандарды жалгыз өзү жеңди. Ошондуктан бийлик Ага гана таандык жана мактоо да Ага гана таандык».

- Сафадан түшкөндө: *«Аллахумма йассир ли юсра ва жаннибни-аль‘усра. вагфир ли фи-ль-ахирати вал-ула»* деп дуба кылуу. (Кыргызча мааниси: «Аллахым! Мен үчүн жеңилдигин оңой кыл, кыйынчылыктан сакта, жана акыретте да, бул дүйнөдө да мени кечир».
- Марвада да Сафадагы сыяктуу дуба кылуу.
- Саъй учурунда: *«Раббигфир вархам, ва-таджавваз ‘амма та‘лам»* деген дуба айтылат. (Мааниси: Раббим! Мени кечир, мага ырайым кыл жана Сен билген (күнөөлөрүмдөн) кечир.)
- Такбир (Аллоху Акбар), тахлил (Лаа илааха иллаллох) жана тасбихти (Субханаллох) көбүрөөк айтуу сүннөт.
- Эки жашыл белгилердин ортосунда тез жүрүү сүннөт.

[1] Муслим (Ажылык китеби:19/147)

- Муваалат (үзгүлтүксүз жасоо) – саъй менен тавафты жана сайдын айлампаларын бөлбөстөн аркама- арка жасоо.
- Даараттуу болуу. Ошондой эле, саъйдан кийин эки ракаат намаз окуу да мустахаб.

**Эскертүүлөр:**

- Таваф жана саъй менен умранын амалдары аяктайт.
- Эгер ажылык таматтуъ болсо, анда ал умрадан кийин чачын кыркып же кыскартып ихрамдан чыгат.
- Ал эми кыран болсо, ихрамдагы бойдон калат жана курмандык күнү гана ихрамдан чыгат.
- Кыранга ушул саъй ажылыктын парздык тавафынан кийинки саъйдын ордуна жетиштүү болот.
- Бирок таматту′ болсо, ал умрада саъй жасагандан кийин, кайрадан ажылыктын парздык тавафынан кийин дагы саъй кылууга милдеттүү.

**Экинчиден: Муздалифада туруу**

**Убактысы:**

Курман айт күнү таң аткандан күн чыкканга чейин. Тагыраак айтканда, Арафаттан чыккан соң. Ажы Муздалифага келгенде, шам менен куптан намаздарын бир азан, эки икамат менен бириктирип окуйт. Алардын ортосунда нафил намаз окулбайт. Андан кийин ошол жерде түнөп, багымдат намазын окуйт. Андан соң күн чыга электе Минага багыт алат. Буга далил: Абдулла ибн Мас′уд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: «Мен Аллахтын элчисинин ﷺ эч бир намазды убакыттан башка учурда окуганын көргөн жокмун. Бирок эки намазды гана: Шам менен куптанды Муздалифада бириктирип окуду жана багымдат намазын ошол күнү өз убагынан мурун эрте окуду[1]».

Важип болгон амал,- бул курмандык күнүнүн таңынан мурун бир аз убакыт болсо да Муздалифада туруу болуп саналат. Эгер ажы ал жерге такыр келбей калса – курмандык мал союу (дам) важип болот. Бирок ал адамда үзүр (мисалы: оору сыяктуу) бар болсо, анда ага келүү да, мойнуна эч нерсе да важип бобойт.

**Муздалифада туруудагы сүннөттөр**

1. Курман айт түнү муздалифада түнөп чыгуу сүннөт. Ажылык кылуучу адам арафаттан күн баткан соң түз эле Муздалифага багыт алат.

2. Шам менен куптанды бир азан, бир икамат менен бириктирип окуу.
3. Муздалифадан 70 майда таш топтоо (Жамарат үчүн).
4. Көбүрөөк такбир, тахлил, истигфар жана Пайгамбарыбызга ﷺ салават айтуу. Аллах Таала айтат: «Андан кийин элдер (ажылар) кайткан жерден

[1] Муслим (Ажылык китеби: 19/147)

(Арафаттан) кайткыла да, Алладан кечирим сурагыла. Чындыгында, Алла – Боорукер, Мээримдүү». (Бакара: 199)

5. Машъарулъ Харамда Аллах Тааланы зикр кылуу жана дуба кылууда тырышуу. Аллах Таала айтат: «Машар-ъул-Харамда[1] Алланы эстегиле[2]». (Бакара: 198) Сүннөт болгон дубалардан бири:

اللهم إني أسالك أن ترزقني جوامع الخير ، وأن تجعلني ممن سألك فأعطيته ودعاك فأجبته

*Мааниси:«Аллахым, мага бардыгын камтыгану жакшылыкты насип эт, Сени сурагандарга Сен бергендей мага да бер, Сага дуба кылгана Сен жооп бергендей мага да жооп бер».*

6. Муздалифадан Минаны көздөй жөнөгөндө жай жана салмактуу жүрүү. Жабирдин (Аллах андан ыраазы болсун) риваятында: Пайгамбарыбыз ﷺ айтты: *«Эй адамдар, жай жүргүлө, жай жүргүлө[3]!».*

Демек, Муздалифада түнөө – сүннөт, ал эми курмандык күнүнүн таңынан мурда бир аз убакыт болсо да Муздалифада болуу – важиб.

**Үчүнчүдөн: Таш ыргытуу (Рамй ал-Жамарат):**

Таш атуу күндөрү: Үч же төрт күн - Курман айт күнү жана андан кийинки эки же үч күн.

**Таштардын саны:**
Ажылык кылуучу адам жетимиш таш же кырк тогуз таш ыргытат:

- Курман айт күнү Жамрат ал-Акбага жети таш.
- Он биринчи күнү - жыйырма бир таш (ар бир жамрага - ал-Ула, ал-Вуста, ал-Акба - жети таштан).
- Он экинчи күнү - жыйырма бир таш.
- Он үчүнчү күнү - жыйырма бир таш (бирок бул күндү таш атуу важип эмес, каалаcа атпай койсо да болот).

1. Курман айт күнү таш ыргытуу (Рамй Жамрат ал-Акба):

а) Убактысы:

- Курман айттын таңынан кийинки таңга чейин.
- Эң жакшы убакыт (мустахаб) - күн чыккан соң түшкө чейин.
- Түштөн кийин күн батканга чейин ыргытуу мубах.
- Түнкүсүн ыргытуу макрух, бирок күндүз тоскоолдугу болсо (оорукчан, алсырап калган, аялдар ж.б.) анда түнкүсүн ыргытуу үчүн кечиктирүү дурус.

---

[1] Муздалифанын аяк жагында жайгашкан тоо.
[2] зикир кылгыла, алкагыла, даңктагыла
[3] Муслим (Ажылык китеби: 19/147)

б) Үч күндөгү ыргытуу:

- Он биринчи, он экинчи жана он үчүнчү күндөрү.
- Убакыты: түш киргенден күн батканга чейин.
- Ыргытуу тартиби:

1. Биринчи жамра (Жамрат ал-Ула).

2. Ортоңку жамра (Жамрат ал-уста).

3. Жамрат ал-Акаба.

Ар бирине жети таштан ыргытышат.

**Таш атуу туура болушунун шарттары:**

➢ Ыргытуучу таш жер затынан болушу керек: таш, топурак сыяктуу.
➢ Ар бир жамрага жети таштан ыргытуу зарыл, ар бир ташты өзүнчө ыргытуу керек. Эгер жети ташты биротоло ыргытып жиберсе, анда бирөө гана эсептелет.
➢ Таш ыргытууда жамраттардын тартибин сактоо керек: адегенде кичине жамра (ал-Ула), андан кийин орто жамра (ал-уста), акырында чоң жамра (Жамрату ал-Акба). Ибн Умардан (Аллах ал экөөсүнөн ыраазы болсун) риваят кылынган хадисте , ал (ажылык учурунда) алгачкы жамрага жети таш ыргытып, ар бир таштан кийин такбир айтчу. Андан кийин алдыга өтүп, кыблага жүзүн буруп узак туруп дуба кылчу. Анан орто жамрага келип, жети таш ыргытып, сол тарапка өтүп кайра эле кыблага бурулуп дуба кылчу. Акырында Жамрат ал-Акбага өрөөн тараптан барып жети таш ыргытып, бирок анда туруп дуба кылчу эмес, андан соң кетчү. Анан ал: Пайгамбарыбызды ﷺ ушундай кылып жатканын көрдүм[1]» -дечү.

**Таш атуунун сүннөттөрү:**

1. Ыргытуучу таштын көлөмү бармактын учундай болушу.
2. Ташты манжанын учу менен ыргытуу: оң колдун баш бармагын көрсөткүч манжанын ортосуна коюп, ташты баш бармактын үстүнө коюп ыргытуу.
3. Таш атууучу менен жамранын арасы беш чыканак же андан алыс болушу.
4. Жамрат ал-Акбаны өрөөн тараптан (Батнул Вади) туруп ыргытуу.
5. Жамрат ал-Акбада турганда Минаны оң жагына, Мекени сол жагына алуу.
6. Биринчи таш ыргытылаар замат талбияны токтотуу, ар бир таш ыргытууда: «Аллаху Акбар, шайтанга жана анын тарапкерлерине каршы. Аллахым, бул ажылыгымды кабыл кыл, амалымды ыраазылыгың менен кабыл болгондой кыл, күнөөмдү кечир» -деп айтуу.

[1] Бухарий (Ажылык китеби: 139/1664)

7. Жети ташты үзгүлтүксүз, биринин артынан бири ыргытуу.
8. Кичине жана орто жамрадан кийин туруп, тахлил (Лаа илааха иллаллох) айтып, такбир айтып, дуба кылуу. Ал эми Жамрат ал-Акбадан кийин туруп дуба кылынбайт.
9. Жамраттарды жөө барып ыргытуу, бирок Жамрат ал-Акбаны минген бойдон ыргытууга да уруксат берилет.

**Таш атууда орун басар кылуу**

Ким ооруп таш ыргыта албаса, анын ордуна башка бирөө ыргыта берет. Эс-учун жоготкон кишинин ордуна да ыргыса болот. Эгер адамда себеп жок болуп туруп таш ыргыбай койсо же башка бирөөгө тапшырса – анда бир мал союп курмандык кылышы керек. Башкалар үчүн ыргытып жаткан киши адегенде өзүн үчүн үч жамарага таш ата электен мурда башкалар үчүн таш атуусу-макрух болсуп саналат.

**Төртүнчүдөн: Чач алдыруу же кыскартуу**

Буга далил: Аллах Таала Куранда мындай деген: «Эгер Алла кааласа анда тынчтыкта башыңардын чачын алган жана кыскарткан абалыңарда, эч коркпостон Ыйык Мечитке[1] сөзсүз киресиңер». (Фатх: 27) Анас ибн Малик (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз ﷺ Минага келип, алгач жамаратка келип таш атты. Андан кийин өзүнүн чатырына барып курмандыгын союп, чач алдырууга отурду. Ал чач алуучуга: **«Ал!»** – деп оң тарабын көрсөттү, кийин сол тарабын көрсөттү. Андан соң алынган чачтарды адамдарга таратып берди»[2].

- Чач алдыруу – баштагы чачтын баарын кырдыруу.
- Чач кыскартуу – чачтын учунан бармак учундай көлөмдөй алуу.
- Эркектер үчүн экөө тең болот, бирок чач кырдыруу абзел.
- Аялдар болсо чачын кырдырбайт, болгону учунан бир аз кыскартат.
- Милдеттүү өлчөм – баштын төрттөн биринен кем болбошу керек. Андай болбосо, жараксыз болот.

**Өкүмү**: Кыруу же кыскартуу ажылык кылган эркек үчүн важип. Ал эми аял үчүн чачынын учтарынан гана кыскартуу важип. Эркектердин кырганы жакшыраак. Анткени Ибн Умар (Аллах ал экөөсүнөн ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз ﷺ үч жолу: «Оо, Аллахым, башын кырдыргандарды ырайым кыл, Аллахым, башын кырдыргандарды ырайым кыл, Аллахым, башын кырдыргандарды ырайым кыл» – деп дуба кылган. Ошондо сахабалар: Кыскарткандарды дагыбы оо, Алланын элчиси?- дегенде, Андан кийин гана «Кыскарткандарды да[3]» – деген.

---

[1] Харам мечити.
[2] Муслим (Ажылык китеби: 56/323)
[3] Бухарий (ажылык китеби: 126/1640)

**Бешинчиси – Тавафул-вадаъ (коштошуу тавафы):**

- Бул таваф – Мекке шаарында жашабаган ажылардын мойнундагы важиб ибадат.
- Меккеликтерге, умра кылгандарга, же абдан оорулуу, акылынан айныган адамдарга – милдет эмес.
- Ошондой эле мийкаттын ичинде жашаган адамдарга жана ажылыктан кийин Меккеде жашоону чечкендерге да милдет эмес, бирок кылса жакшы.Себеби ал – ажылыкты жыйынтыктап бүтүрүү үчүн бекитилген ибадат.

***Убактысы:*** Адам Меккеден чыгып кетээр алдында (сапарга чыгайын дегенде) кылынат. Бул хадистин мааниси мындай: Ибн Аббас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: «Адамдар тавафты ар кандай кылышчу». Ошондо пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Акыркы амалы – үй (Кааба) менен болмоюнча эч ким (Меккеден) чыгып кетпесин [1]».

**Кимдердин мойнунан коштошуу тавафы түшөт:**

Этек кирдеги же төрөгөн аялдарга, эгер алар тазаланбай туруп сапарга чыгып кетишсе – таваф кылбай эле коюшат, эч кандай күнөө, айып жок. Ибн Аббас (Аллах ал экөөсүнөн ыраазы болсун) айтты: «Адамдардын акыркы амалы Каабаны айланып таваф кылуу болсун деп буйрулган, бирок айыз көргөн аялдарга жеңилдик берилди[2]».

**Тавафул-вадаъ (коштошуу тавафынын) сүннөттөрү:**

- Замзам суусунан ичүү.
- Каабанын эшигинин босогосун өбүү жана Мултазамга (Каабанын эшиги менен Хажарул-асваддын ортосундагы дубал) көөдөнүн жана жүзүн коюп дуба кылуу.
- Мечиттен чыкканга чейин артка басып, жүзүн Каабага каратып, көзүн акыркыга чейин Каабадан албай чыгуу.
- Коштошууда мындай деп айтуусу мустахаб:

«Оо Аллах, бул Сенин үйүң, аны Сен берекелүү жана бүткүл ааламга туура жол кылдың. Анда ачык-айкын аяттар, Ибрахимдин макамы бар. Ага кирген адам аман болот. Бизди ушул жолго салган Аллахка мактоо болсун. Эгер Аллах бизди жетектебесе биз туура жолду тапмак эмеспиз. Оо, Аллах, Сен бизди туура жолго салганыңдай эле, аны бизден кабыл ал, жана бул үйүң менен акыркы жолу коштошуу болбосун».

[1] Муслим (Ажылык киитеби:

[2] Бухарий (Ажылык китеби: 143/1668)

**Алтынчысы: Курмандык (хадй)** бул - кыран жана таматтуъ ажылыгын кылгандар тарабынан союлуучу кой.

**Хадй-** Аллах Таалага жакындоо үчүн харам аймагына (Меккеге) алып келинип союлуучу мал. Ал төө, уй же кой болушу мүмкүн.

**Бул курмандык малды союунун шарты келеркидей:**

- **Төө** – 5 жашка толуп, 6-жашка кирген болушу керек.
- **Уй** – 2 жашка толуп, 3 жашка кирген болушу керек.
- **Кой** – 1 жашка толгону туура. Бирок семиз болсо, жарым жылдык болгону да жарай берет.

**Хадйдын түрлөрү:**

1. **Важип (милдеттүү) хадий:**

   а) **Мутаматиъ** жана **Кыриан** ажылык кылгандар үчүн важип.
   б) Хаждын **бир важип амалы ташталган учурда.**
   в) **Назир кылынган хадий** – (Адам «Аллах үчүн курмандык кылам» деп ниет кылып алса, аны аткаруусу важип болот.)

2- **Мустахаб курмандык (хадй)** :

- Ифрад (жалгыз хаж кылган) адам үчүн.
- Умра кылуучу үчүн.
- Ошондой эле нафил курмандык кылуучуга.

**Курмандыкты союу убактысы жана орду:**

- **Кыран** жана **Мутаматиъ** үчүн **союу убактысы – үч күн**:
  1. Курман айт күнү (10-зулхижжа),
  2. 11-зулхижжа,
  3. 12-зулхижжа.

  - Калган түрлөрү (назир кылынган, нафил, мустахаб) үчүн **так убакыт чектелбейт** – каалаган убакта союуга болот.

**Курмандык союлуучу жер:**

- Курмандыкты союунун эң жакшы жери – **Мина өрөөнүндө** Айт күндөрүндө.
- Эгер Айт күндөрүнөн тышкары соё турган болсо – анда **Меккеде союу** сүннөт болуп эсептелет.

**Эскертүү:**

- Кыран жана таматтуъ ажылыгын кылгандар өзүнүн курмандыгын Курман айт күнү (10-зулхижжа) Жамрат ал-‘Акабага таш аткан соң союшу керек.
- Эгер курмандык соё албаса (мал таба албаса же акчасы жетпесе), анда анын ордуна Ажылык айларында ихрамдан кийин үч күн орозо кармоо важип.
- Ажылык амалдары аяктаган соң дагы жети күн орозо тутуусу важип болот. Жогоруда көрсөтүлгөн 3 күн, 7 күн орозону үзгүлтүксүз кармоосу жакшыраак. Бул тууралуу Алла Таала айтат: «… Ким умраны кылып, андан кийин хажды аткарса, ал мүмкүнчүлүгүнө жараша хадй кылсын. Эгер таппаса, анда хаж учурунда үч күн, үйлөрүңөргө кайтканыңарда жети күн орозо туткула – бул толук он күн. Бул – Мекке тургундарына эмес. Алладан корккула жана билип алгыла: Албетте, Аллахтын азабы катуу! …». (Бакара сүрөсү, 196-аят)

**Ажылыктын сүннөттөрү жана адептери**

Биз мурунку бөлүмдөрдө ар бир рукн менен важипке байланышкан сүннөттөрдү айтып өттүк. Эми рукн жана важиптерге тиешеси жок, бирок ажылыкты толуктап, соопту көбөйткөн сүннөттөрдү белгилеп өтөбүз:

1.Тавафул кудум: Бул - Меккеге ажылык же кыран ниети менен кирген адам үчүн. Ал «саламдашуу тавафы - деп дагы аталат. Айша энебиз (Аллах андан ыраазы болсун) айткан: «Пайгамбарыбыз ﷺ Меккеге келгенде биринчи баштаган нерсе - даарат алып таваф кылганы болду[1]». Бирок адам Меккеге кирбей туруп Арафатка чыгып кетсе, бул таваф андан (милдетинен) түшүп калат.

2. Ташрик күндөрүндө Минада түнөп чыгуу. Пайгамбарыбыз ﷺ Минада түнөгөн, ошондуктан бул - сүннөт. Эгер кимдир-бирөө атайылап башка жерде түнөсө - макрух болот.

3. Замзам суусунан ичүү. Усман ибн Асвад айтат: Бир киши Ибн Аббаска (Аллах андан ыраазы болсун) келип: Кайдан келдиң? – деп сурады. Ал киши: – Замзамдан ичтим, – деди. Ибн Аббас ага: – Аны туура ичтиңби? – деди. Ал киши: – Кантип туура ичем, оо Аба Аббас? – деди. Ибн Аббас айтты: – Замзамды ичкенде кыблага кара, Аллахтын атын айт, үчкө бөлүп ич, тоё ич, анан бүткөндөн кийин Аллахка шүгүр айт. Анткени пайгамбарыбыз ﷺ айтты: «Биз менен мунафыктардын (эки жүздүүлөрдүн) ортосундагы белги - алардын Замзамды тоё ичпегени»[2]-деген. Ошондой эле Замзам суусун жүзүнө жана башына сүйкөп алуу мустахаб.

4. Үч кутба (насаат) айтылат. Аларды ажылык имамы же анын орун басары сүйлөйт:

---
[1] Бухарий (Ажылык китеби. 62/1536)
[2] Мустадрак (1-том 472-бет)

- Зул-Хижжанын жетинчи күнү.
- Арафат күнү Намира деген жерде.
- Биринчи күнү Минадан көчүп чыкканда (Йаумун-Нафр).

5. Бир абалдан экинчи бир абалга өткөндө талъбия айтуу.

6. Жамратул-Акабаны таш менен ургандан кийин дароо Ифада тавафын кечиктирбей аткаруу.

7. «Алъ Харам» мечитинде көп намаз окуу, көп таваф кылуу жана итикаф кылуу.

8. Минадан Меккеге көчкөндө Мухассаб деген жерде бир аз токтоп, дуба кылуу. Себеби Нафиъ айткан: «Ибн Умар (Аллах андан ыраазы болсун) бул жерге токтоону сүннөт деп эсептечү[1]».

9. Ташрик күндөрүнүн акыркысы болгон экинчи күнү кетүү сүннөт. Бул пайгамбарыбыз ﷺ кылган иши. Аллах Таала да айтты: «Белгилүү күндөрдө[2] Алланы эстегиле. Ким шашса – эки күндө[3], ага– күнөө жок. Ким кечиксе[4] да күнөө жок». *(Бакара, 203-аят)*

10. Ниетти ажылыктын айларында кылуу. Ал эми ажылык айларынан мурда ниет кылуу – макрух.

**Ажылыктын адептери**

- Ажылыкка чыгардан мурда чын жүрөктөн тообо кылуу.
- Үй-бүлөсү жана башчысы менен коштошуп, уруксат сурап чыгуу.
- Бейшемби күнү жолго чыгуу - себеби Каъб ибн Малик (р.а.) айткан: «Пайгамбарыбыз ﷺ көпчүлүк учурда сапарга бейшемби күнү чыкчу[5]».
- Дайыма таза жүрүү, даарат менен болууга аракет кылуу.
- Чыгымдарга кең пейилдик кылуу.
- Көп садака берүү.

## Умра

**Лексикалык мааниси:** зыярат дегенди билдирет.
**Шарият боюнча:** Аллах үчүн ибадат кылуу максатында Кааъбаны зыярат кылуу.

[1] Муслим (Ажылык: 59/338)
[2] Ташрик күндөрү
[3] ибадатын бүтүрсө болот
[4] үч күндөн көп кармалып калса да
[5] Абу Дауд (Аллах жолунда күрөшүү бабы: 84/2605)

**Өкүмү:** Мазхабда негизги пикир боюнча өмүрүндө бир жолу кылуу – **сүннөтү-муаккада** (бекем сүннөт). Себеби, Талха ибн Убайдуллах (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздын ﷺ: «Хаж – жихад, ал эми умра – кошумча ибадат[1]» дегенин уккан.

**Умранын убакыт мийкаты:**

Жылдын бардык күндөрү умра кылса болот. Бирок Рамазан айында кылуу абдан сооп, анткени Пайгамбарыбыз ﷺ: «Рамазанда жасалган умра бир ажылыкка тете[2]» -деген.

**Умранын орун мийкаты:**

1. Меккеден тышкары жашагандар үчүн – ажылык мыйкаттарынын дал өзү.
2. Меккенин ичинде же мийкаттардын ичинде жашагандар үчүн – **хил** аймагы.

- Эң жакшы жер – **Танъим**. Бул жерде Айша (Аллах андан ыраазы болсун) мечити бар.
- Ошондой эле **Жаърана** деген жерден да ихрамга кирсе болот (Маккадан Таиф тарапка карай 6 фарсах аралыкта).

**Умранын шарттары жана өкүмдөрү**

**Шарты:**

- **Ихрам** – умранын туура болушу үчүн сөзсүз шарт. Анын тартиби – ажылыктагы ихрамдай эле.

**Рукуну (негизги түркүгү):**

- **Таваф** – Каа́баны айлануу.

**Важиптери:**

1. Жети айлампаны толук бүтүрүү.
2. Сафа менен Марва ортосунда саъй кылуу.
3. Чачты алдыруу же кыскартуу.
4. Ихрамга мийкаттан кирүү.
5. Ихрамдагы тыюулардан сактануу.

**Умраны бузуу (ифсады):**

- Умра **жыныстык катнаш менен** бузулат. Бул эгерде тавафтын төрт айлампасы толук бүтө электе жасалса.
- Бузулган учурда умраны кайрадан аткаруу (каза) жана **бир кой союу** керек.

---

[1] Ибн Маажах (Ажылык ибадаттары: 44/2989)
[2] Ибн Маажах (Ажылык ибадаттары: 45/2995)

- **Төө союу** талап кылынбайт, анткени умрада жасалган ката ажылыктагыдай чоң эмес.

**Ажылыгы Абу Ханифа мазхабы боюнча туура жана кабыл болуусун каалаган киши келерки эрежелерге көңүл буруусу керек:**

1. **Ажылыкты Аллах үчүн ыкылас менен** кылуу жана үйдөн чыкканда мындай деп дуба кылуу: *«Аллахым! Эл көрсүндүк, эл уксундук эмес таза ажылыкты насип кыл».*
2. Аллах менен болгон мамилени оңдоп, чын дилинен тообо кылуу.
3. Аллахтан жардам жана ийгилик суроо, ажылыгы толугу менен кабыл болуусун тилөө.
4. Башкалардын акысын кайтарып берүү, аманаттарды тапшыруу, карыздарды төлөө же карыз бергенден уруксат алуу.
5. Ажылыкка чыгардан мурда осуят жазып коюу.
6. Ажылыкка кеткен акча-адал , таза болушу. Пайгамбарыбыз ﷺ айткан: *«Аллах Таала таза, таза болгон нерсени гана кабыл алат».*
7. Үй-бүлөсүнө жетиштүү нафаканы камсыз кылып коюу.
8. Аллах Таалага жакындоого жардам берген жакшы жолдошторду тандоо .
9. Ажылыктын эрежелерин жана амалдарын үйрөнүү.
10. Күнөөдөн жана адашуудан сак болуу.
11. Ажылыкта ар бир убакытты текке кетирбей, Куран окуу, зикр, истигфар жана дуба менен өткөрүү.

**Ажылык амалдары келеркидей:**

1. **Даарат алуу. Толук жуунуу** – жакшыраак.
2. **Эркек** киши эки ак таза тигилбеген кийим (изар жана рида) кийет, жыттуу нерсе колдонсо болот. **Аял киши** өзүнүн кийими менен ихрамга кирет, бирок жүзүн жана колун жаппайт.
3. Эки рекет намаз окуп, андан соң, эгер ким таматту кылгысы келсе мындай дейт: «Аллахым! Мен умра кылууну ниет кылдым, аны мага жеңил кыл жана аны менден кабыл ал». Анан талъбия айтат: «Лаббайка Аллахумма лаббайк, лаббайка ла шарийка лак лаббайк, инна-л-хамда ва-н-ни‘мата лака ва-л-мулк, ла шарийка лак».
4. Ошентип адам **ихрамга кирет** жана төмөнкү иштерден сактанат:

Жыныстык мамиле, күнөө иште, талаш-тартыш, жаныбар уулоо. жыттуу нерсе колдонуу,тырмак алуу, башты жана жүздү жабуу, чач алуу, тигилген кийим кийүү. Бирок жуунууга, көлөкөдө турууга, белине кур тагынууга болот.

5. **Н**амаздан кийин, тоого чыкканда, өрөөнгө түшкөндө, сапардагы кишини көргөндө жана саар убактысына киргенде көбүрөөк талбия айтуу-сүннөт.
6. Меккеге киргенде даарат алат. **Бабус-салам** эшигинен кирүү мустахаб. Оң буту менен кирип мындай деп айтат: «Бисмиллах, вас соллату вассаламу ‘ала расулиллах. Аллахым, күнөөлөрүмдү кечирип, ырайым эшиктериңди ач».

7. Каабаны көргөндө такбир, тахлил айтып минтип дуба кылат: ««Аллахым! Бул Үйдү (Каабаны) дагы да урматтуу, даңктуу, улуу жана айбаттуу кыл. Аны ажылык же умра кылып зыярат кылган адамдар менен дагы да урматтап, даңктуу, улуу жана сыйлуу кыл».

8. Каабаны айлана баштаарда **Хажарул-Асвадды** карап намаздагыдай кол көтөрүп, такбир айтып, мүмкүн болсо ага кол тийгизип, өбөт. Эгер мүмкүнчүлүк болбосо, анда га жүзүн буруп, такбир, тахлил айтып, Аллах Тааланы мактайт жана Пайгамбарыбызга ﷺ салават айтат. Ал мындайча айтылат: «Аллаху акбар, лаа илааха иллаллох. Аллохумма инний асъалука иймананан бика ва тасдикон бикитабика ва вафааъан биахдика ваттибааъан ли суннати набиййика»( Аллах Улук! Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок. Аллахым, Сенден Өзүңө болгон ыйманды, Китебиңди (Куранды) бекем ырастоону, Сенин убадаңа туруктуу болууну жана пайгамбарыбызыңдын ﷺ сүннөтүнө ээрчүүнү сурайм».

9. Анан Хажарул-Асвадды сол жагына коюп, жети ирет таваф кылууну баштайт. Алгачкы 3 айлампада оң ийинин ачып,риданы оң колтугунун астынан чыгарып сол ийинине таштап коет да, тез жүрүш кылат. Кийинки 4 айлампада жөн гана басат. Ар бир жолу Хажарул-Асвадга келгенде буга чейин аткаргандарды жасайт. Рукн-Ямани бурчун кармап, дуба кылуу сүннөт.

10. Таваф бүткөн соң Хажарул-Асвадды дагы бир жолу кармайт. Андан соң **Макааму Ибрахимде** же мечиттин башка жеринде эки рекет намаз окуйт. Андан кийин кайра Хажарул-Асвадга барып кармайт.

11. Андан кийин **Сафага чыгат**, кыблага бурулуп кол көтөрбөстөн үч ирет такбир айтат. Андан соң ушул зикирди айтат: «Лаа илааҳа иллаллаху вахдахуу лаа шарика лаху, луху-л-мулку ва луху-л-хамду, юҳйи ва юмйиту ва хува ҳаййул лаа йамут, биядихи-л-хайр, ва хува ʿала кулли шайʼин қодир. Лаа илааҳа иллаллах, анжаза ваъдах, ва насороʿабдах, ва аъазза жундах, ва ҳазама-л-ахзаба ваҳдах. Лаа илааҳа иллаллах, ва ла наъбуду илла иййах, мухлисина лахуд дин ва лав кариха-л-капырун. (Мааниси: Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Ал жалгыз, Анын шериги жок. Падышачылык Аныкы, мактоо да Аныкы. Ал тирилтет жана өлтүрөт, Өлбөс Тирүү. Жакшылык Анын колунда, Ал бардык нерсеге кудуреттүү. Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок. Ал Өзүнүн убадасын аткарды, кулуна жеңиш берди, аскерлерин урматтады жана топторду (душмандарды) жалгыз өзү жеңди. Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Биз Ага гана ибадат кылабыз, Динди Ага гана калыс кылып багыштайбыз, каапырлар жек көрсө да».

12. Андан соң колун көтөрүп: «Аллахым! Сен: “Мага дуба кылгыла, Мен кабыл кылам” -дедиң. Чындыгында Сен убадаңдандыбузбайсың. Мага Исламды бердиң, аны мусулман абалда Өзүңө жолукканыма чейин менден ала көрбө.

13. Андан соң Марвага карай басып баратканда мындай дуба кылат: «Аллахым, бул ажылыгымды кабыл болгон ажылыктан кыла гөр, Аллахым, бул амалымды ыраазылыгың менен кабыл болгондой кыл, күнөөмдү кечир, пайдалуу соода кыл. Оо, Улук, Кечиримдүү Зат» Андан кийин эки жашыл белгиден өтүп баратканда тез жүрүш кылып ушул дубаны айтат: «Робби гфир, вархам, ва тажааваз аммаа таълам, Иннака антал Аъаззул Акрам» (Манниси:

Раббим мени кечир, мага ырайым кыл жана билген нерселеринди кечир. Чындыгында Сен эң Улук жана эң Берешенсиң».

14. Марвага жеткенде да Сафадагыдай амал кылат. Ошентип кайра Сафага жөнөйт. Бул эки «шаут» деп эсептелет. Ушундайча иретте жети жолу кылат.

15. Саъй бүткөн соң **чачын алып же кыскартып** умрадан чыгат. Андан соң адам умрадан чачын толук алып же кыскартып тазаланат, анан 8-чи зулъ-хижжа күнү (Тарвия күнү) таңга маал жуунат, жана кайра ихрам кийимин кийет, биринчи ихрамдагы жасаганын кайталап, Меккеде жашаган жайынан: «Аллахым, мен ажылыкты каалайм, мага аны жеңил кыл жана менден аны кабыл кыл» деп дуба кылат, анан талбияны айта баштайт.

16. Андан соң Минага барып, бешим жана аср намазын бириктирип, кыскартып окуйт. Шам менен куптан намазын да ушинтип окуйт. Бирок бир азан жана бир икамат менен гана. Андан кийин Минада түнөйт, 9-чу күн таң намазын окуйт. Андан соң күн чыгып, көтөрүлгөнүн күтүп, андан кийин Арафатка жөнөйт. Толук жуунуп алгандан кийин, Арафаттын бардык жери тура турган жай болуп саналат. Арафат күнү түш оогондон баштап Курман айттын таңына чейин бир саат гана болсо да Арафатта туруш жетиштүү. Бул убакта талбияны көбүрөөк айтат.

17. Күн батканда Муздалифага барат. Ал жердин бардыгы тура турган жай болуп саналат. Шам жана куптан намазын бириктирип куптан убагында бир азан жана бир икамат менен окуйт. Андан соң эрте таңда багымдат намазын окуйтү Андан кийин туруп, такбир, тахлил айтып, каалагандай дуба кылат.

18. Күндүз Минага барып, өрөөндүн ичинен Жамра-Акъаба ташын 7 жолу ыргытып, ар бир ташта такбир (Аллаху Акбар) айтат. Бирок талбия айтпайт.

19. Киран жана таматтуъ ажылыгын кылгандар үчүн курмандык союу важип. Курмандыкты Минада чалганы сүннөт. Эгер курмандык союуга күчү жетпесе, 10 күн орозо тутат. Үч күнүн аркама-арка тутат. Үчүнчү орозосу Арафатта болот. Калган 7 күн ажылыктан кийин, Меккеден башка жерде тутса да болот. .

20. Андан соң чачын толук алат же кыскартат. Толук алганы жакшыраак. Ушуну менен ага аялынан башка бардык нерсе (адал) уруксат болот.

21. Андан кийин зыярат үчүн (Таваф-улъ-Зыяра) 7 жолу шашпай таваф жасайт. Сафа-Марва арасында жүрүш (саъй) кылбайт. Анткени, умрада Сафа-Марвада ***саъй кылуусу*** жетиштүү. Тавафтын биринчи убакытысы – Курмандык күнүнүн таңынан кийин. Ушундан кийин аялыда ага адал болот. (б.а. уруксат берилет.) Эгер таваф кылууну курмандык күндөрүнөн кечиктирсе, макрух болот жана ага кан чыгаруу (дам) важип болот.

22- Курман айттын экинчи күнү күн оогондон кийин үч жамарат таш атылат. Алгач Масжидул Хайфка жакынкысы, андан кийин ортоңку жамарат, андан соң Акаба жамараты. Ар бирине жети таштан ыргытылат жана ар бир ташты атканда «Аллаху Акбар» деп айтылат. Биринчи жамараттан кийин кыблага бурулуп каалагандай дуба кылат. Ошол эле нерсе орто жамаратта да жасалат. Үчүнчү жамараттан кийин дуба кылбайт.

23- Андан кийин Меккеге барганда «Мухассаб» деген жерде токтойт, анан Каъбаны тавап кылат. Бул тавафта «рамал» (эркектердин алгачкы үч айлампада

тезирээк басып өтүүсү) жана «саъй» (Сафа менен Марва ортосунда чуркоо) жок болот.
24- Андан соң замзам суусун кыблага карап, тойгончо ичип: «Аллахумма инний ас’алука ‘илман нафи‘ан, ва ризкан вааси‘ан, ва шифаа-ан мин кулли даа’»-деп дуба кылат. (Мааниси: «Аллахым, мен Сенден пайдалуу илимди, кеңири ырыскыны жана бардык дарттардан шыпаа сураймын»).
22. Андан соң Каабанын босогосун өөп, жүзү менен көкүрөгүн Мултазамга (каабанын эшиги менен кара таштын ортосу) коюп, жүзүн жана төшүн коюп, пардаларды кармайт, берилип дуба кылат. Андан кийин артка карап чыгып, мындай дуба окуйт: «Таиббун, аабидун, лирраббина хамидун, СадакАллаху ваъдаху ва насара абдху ва хазама ал-ахзаба ваҳдаху, алхамду лиллахи аллазий хадаана ли ҳаза ва ма куннаа линахтадия лавла ан хадааналлах, Аллахумма фа кама хадайтанаа лизалика фа такаббалху минна ва ла тажъалаху ахирал ахди бинаа, варзукна л-ауда илайхи хатта тардоо аннаа бирохматика я Архамар-Роохимин». (Мааниси: «Биз тообо кылуучуларбыз, Сага ибадат кылуучуларбыз, Раббибизге мактоо айтуучуларбыз. Аллах өз убадсын орундатты, кулуна жардам берди, топторду жалгыз өзү жеңди. Бардык мактоолор бизди ушул жолго баштаган Аллахка таандык. Эгер Аллах бизди жетектебесе, биз туура жол тапмак эмеспиз. Аллахым, Сен бизди ушуга жетектегениңдей, аны бизден кабыл ал. Аны биз үчүн акыркы сапар кылба. Бизден ыраазы болгуча, бизди кайра-кайра ага кайтып келүүгө насип кыл, Өз ырайымың менен, оо ырайымдуулардын Эң Ырайымдуусу).

Аллах Таала ибадаттарды кабыл кылсын жана бул ажылыкты кабыл болгон ажылык болуусун жана күнөөлөрдү кечирилүүсүн насип кылсын.

## Пайгамбарыбыздын ﷺ мечитине зыярат кылуу. Ошондой эле Пайгамбарыбызга ﷺ жана анын эки досуна салам берүү

### *А - Мадина шаарынын артыкчылыгы:*

Мадина - Аллах Таалахтын элчиси ﷺ ыйыктаган шаар, анын хижра кылган (көчүп келген) жери жана Аллах Тааланын вахий кабары түшкөн жай болуп саналат. Аллах Тааланын элчиси ﷺ бул шаарды, Ибрахим пайгамбарыбыз Меккени ыйыктагандай эле, ыйык кылып, мындай деген: «Оо, Аллахым! Ибрахим Меккени ыйык кылган эле, ал эми мен анын эки кара тоосунун ортосундагы жерди ыйык кылам». [1] Пайгамбарыбыз ﷺ дагы мындай деген: «Ыйман Мадинага жылан ийинине киргендей кайра кайтып келет. Анын оорчулугуна жана кыйынчылыгына сабыр кылгандарга мен кыямат күнү шапаатчы же күбө болом».[2]

---

[1]Б.а. «эки харра түздүгүнүн ортосундагы Мадина шаарын ыйык кылдым» Ал шаар эки харра түздүгү: чыгыш менен батыштын ортосунда. Харра– отко күйүп кеткендей кара таштары бар жеге карата айтылат. Тагыраак айтканда, Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам, шаарды бүтүндөй ыйык кылганын айткан.Бухарий/Мадинанын пазилеттери-1873 ; Муслим /Ажылык китеби 1361
[2] Бухарий/Мадинанын пазилеттери-1876 ; Муслим /Ажылык китеби 1374

***Б - Мадина элинин артыкчылыгы:***

Мадина эли - Аллах Тааланын элчисинин ﷺ коңшулары, анын мечитин салгандар, ошол ыйык шаарда жашагандар, анын ыйыктыгын коргоп турган кайтаруучулар. Эгер алар туура жүрүшүп, жакшы иштерди кылышса, адамдардын эң урматтуусу жана эң сыйлуу даражалуусу болууга татыктуу. Аларга урмат көрсөтүү, баалоо жана аларды сүйүү - милдет болуп саналат. Аларга душмандык кылуудан пайгамбарыбыз ﷺ кайтарган. Ал мындай деген: «Кимде-ким Мадина элине каршы кутум ойлосо, туз суудa эрий тургандай эрийт».[1] Дагы мындай деп айткан: «Ким Мадина элине жамандык кылууну каaлaca, Аллах Таала аны туз сууда эригендей тозок отунда эритет».[2] Ошондой эле алар үчүн дуба кылып мындай деген: «Оо, Аллах! Алардын өлчөгүчү менен таразасына береке бер, ***сааъ*** менен ***мүдүнө*** (өлчөмдөр) береке бер».[3]

Пайгамбарыбыз ансарларды (Мадинанын мусулмандарын) сүйүүнү ыймандын белгиси кылган.

***В - Куттуу пайгамбарыбыз мечитинин (Масжид ан-Набави) пазилети:***

1. Пайгамбарыбыз мечити - Үч ыйык мечиттин бири болуп эсептелет, алар жөнүндө Куранда айтылган. Аллах Таала мындай деген: «Харам мечитинен[4] белгилерибизден ага көрсөтүү үчүн айланасын Биз кут даарыткан Аксаа мечитине[5], түн ичинде пендесин[6] сейил жасатканга[7] аруулук! Акыйкатта, Ал Угуучу, Көрүүчү». (Исра сүрөсү, 1-аят)

Аяттагы *"алъ-Акса"* сөзү "алысыраактагы" деген маанидe айтылып, бул пайгамбарыбыздын мечитине да кыйыр түрдө ишара кылат. Анткени *"ал-Акса"* - *"ал-Касы"* (алыс) деген сөздүн эң жогорку даражадагы формасы. Ал кезде Меккеде турган адам үчүн эң алыс мечит - бул пайгамбарыбыздын мечити болгон (ал кездеги Байт алъ-Макдиске салыштырмалуу). Бирок ошол учурда пайгамбарыбыздын мечити али курула элек болгондуктан, Аллах Таала аны бул эки мечиттин ортосунда кыйыр түрдө эскерген.

Пайгамбарыбыз ﷺ анын артыкчылыгын мындай деп билдирген: «Бул мечитимде окулган бир намаз башка бардык мечиттерде окулган миң намаздан жакшыраак, албетте, Масжид алъ-Харамдан (Кааба мечити) башка. Ал эми Масжид алъ-Харамда окулган бир намаз башка бардык мечиттерде окулган жүз миң намаздан артык»[8].

---

[1] Бухарий/Мадинанын пазилеттери-1877
[2] Муслим /Ажылык китеби 1376
[3] Муслим /Ажылык китеби 1367
[4] Ыйык Меккеден.
[5] Палестинадагы Ыйык Ал-Аксаа Мечитине.
[6] Мухаммед (а.с.).
[7] Алла Таала
[8] Муслим /Ажылык китеби 1394

Ошондой эле, пайгамбарыбыз ﷺ үч мечитке гана атайын сапарга чыгууга уруксат берилгенин айткан: «Үч мечиттен башкасы үчүн атайын сапарга чыгуунун кажети жок: Масжид алъ-Харам, менин ушул мечитим жана Масжид алъ-Акса».[1]

Бул мечитке башка мечиттерде жок өзгөчө артыкчылык берилген - ал "Роудатул Шарифа" (ыйык бакча): Пайгамбарыбыз ﷺ бул тууралуу мындай деген: «Үйүм менен минбарымдын (куттуу минбарынын) ортосу - Бейиштин бакчаларынан бир бакча».[2]

Ошондуктан, бул мечитке келип, анда намаз окуу - мусулмандын Аллах Таалага жакындоонун аракеттеринин бири болуп саналат. Мусулман адам өзүнүн муктаждыктарынын аткарылышына жана Аллах Тааланын ыраазылыгына жетүү үчүн ушундай ибадаттарды кылат.

***Берекелүү пайгамбарыбыз мечитине зыярат кылуу жана Аллах Тааланын элчисине ﷺ жана анын эки досуна салам берүү:***

Пайгамбарыбыз мечитине зыярат кылуу - бул ибадат болгондуктан, ал да башка ибадаттар сыяктуу ниетти талап кылат. Анткени ар бир амал ниетке жараша. Ошондуктан, мусулман бул мечитке зыярат кылууда төмөнкүдөй ниет кылуусу керек: Ал жерде намаз окуу аркылуу Аллах Таалага жакындоо, Ага баш ийүү жана сүйүүсүн билдирүү, жана тандап алынган пайгамбарыбызды ﷺ сүйөрүн күбөлөндүрүү.

Мусулман киши пайгамбарыбыз мечитине даарат алып, таза абалда барганда, төмөнкү амалдарды аткаруусу керек:
1- Мечитке кирүүдө пайгамбарыбыздын ﷺ сүннөтүнө ылайык – оң буту менен кирет жана мындай деп дуба кылат: «Бисмиллах, Аллахтын элчисине салават жана салам болсун. Оо Аллах, күнөөлөрүмдү кечирип, мага ырайымыңдын эшиктерин ач!».
2-Андан кийин, эгер мүмкүнчүлүк болсо, Роудату Шарифага (куттуу бакчасы деп аталган ыйык жерге) келет. Эгер бош орун табылбаса, мечиттин каалаган жеринде, эки рекет намаз окуйт же Аллах Таала ыңгай бергенче көбүрөөк намаз окуйт.
3-Андан соң пайгамбарыбыздын ﷺ ыйык бөлмөсүнө (хужра шарифа) барып, ага салам айтат: «Салам болсун сага, эй Аллахтын Элчиси! Салам болсун сага, эй Аллахтын пайгамбары! Салам болсун сага, эй Аллахтын жараткан эң мыкты пендеси! Салам болсун сага, эй пайгамбарыбыз! Аллахтын ырайымы жана берекеси болсун сага! Мен күбөлүк берем - Аллахтан башка сыйынууга татыктуу эч ким жок, жана сен – Аллахтын кулу жана элчисисиң. Сен пайгамбарлык кабарды жеткирдиң, аманатты аткардың, үммөтүңө насыйкат бердиң жана Аллах жолунда чыныгы күрөш жүргүздүң. Сага, сенин үй-бүлөңө,

---
[1] Муслим /Ажылык китеби 1397
[2] Бухарий/Мадинанын пазилеттери-1888

жубайларыңа жана урпактарыңа Аллахтын салаваты жана көп саламдары болсун!».

4-Андан кийин оң тарапка бир аз жылып, Абу Бакр Сыдыкка салам айтат: «Салам болсун сага, эй Абу Бакр Сыддык – Аллахтын элчисинин жакын досу жана үңкүрдөгү шериги. Аллах сени пайгамбарыбыздын ﷺ үммөтү үчүн эң жакшы сыйлык менен сыйласын!».

5-Андан соң дагы бир аз оңго буруп, Умар ибн алъ-Хаттабка салам айтат: «Салам болсун сага, эй Умар алъ-Фарук! Аллахтын ырайымы жана берекеси болсун сага. Аллах сени Мухаммеддин үммөтү үчүн жакшылык менен сыйласын!». Андан кийин кайра кайтат.

6-Эгер бул зыярат аркылуу Аллах Таалага тилек менен кайрылуу кааласа, пайгамбарыбыздын ﷺ кабыры тараптан бир аз алысыраак барып, кыблага карап туруп, каалаганча дуба кылып, Аллах Тааланын берешендигинен сурасын.

Ошентип, мусулман адамдын пайгамбарыбыздын ﷺ мечитине болгон зыяраты толук болот. Андан кийин кааласа сапарын улантса болот, кааласа Мадинада кала берет. Бирок Мадинада калып, Аллах Тааланын элчисинин мечитинде намаз окуу - абдан сооптуу. Айрыкча, бул мечитте кырк намаз окууга (кырк убак намазга катышууга) чакырган хадистер да келген.

***Мадина шаарындагы ыйык жана улуу жайларга зыярат кылуу***

Аллах Таала мусулман кишиге пайгамбарыбыздын ﷺ мечитин зыярат кылуу жана пайгамбарыбыз ﷺ кабырынын жанында туруу бактысын бергенде жана “Тайба” (Мадина) деп аталган ыйык шаарга кирүү урматына татыктуу болгон болсо, анда ага төмөнкү иштерди кылуу жакшы болот:

Куба мечитине зыярат кылып, анда намаз окуу. Себеби пайгамбарыбыз ﷺ бул мечитке барып турган жана анда намаз окуган. Анын сахабалары да бул адатты улантышкан. Пайгамбарыбыз ﷺ Куба мечитине ат менен да, жөө да барып, анда эки рекет намаз окучу[1].

Ошондой эле, Ухуд тоосунда шейит болгон сахабалардын (Ухуд шейиттеринин) кабырларына зыярат кылуу. Анткени пайгамбарыбыз ﷺ аларды зыярат кылып, аларга салам айтчу.

Ушул зыярат учурунда, зыярат кылуучу Ухуд тоосун көрө алат. Ал тоо тууралуу пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «Ухуд - бул тоо бизди жакшы көрөт, биз да аны жакшы көрөбүз»[2].

Бир жолу Ухуд тоосунда пайгамбарыбыз жана аны менен бирге Абу Бакр, Умар жана Усман турганда жер титирей баштайт. Ошондо пайгамбарыбыз ﷺ буту менен тээп, мындай деген: «Тынчтан, эй Ухуд!» Сенин үстүңдө бир пайгамбарыбыз, бир сыддык жана эки шейит гана бар».[3]

---

[1] Муслим/Ажылык китеби 1399
[2] Муслим/Ажылык китеби 1392
[3] Тирмизий /Манакиб 3697

Ошондой эле, Бакы (Жаннат алъ-Бакы) көрүстөнүнө зыярат кылуу сүннөт болуп эсептелет. Себеби пайгамбарыбыз ﷺ бул көрүстөнгө барып, анын элине салам айтчу, бул тууралуу сахих хадистерде да келген.

Бул көрүстөндө миңдеген сахабалар, табииндер жана башка Аллах Тааланын изги пенделери жайгашкан.

Ал жерге зыярат кылууга барганда төмөнкүдөй дуба окуйт:

«Салам болсун силерге, момундар жана мусулмандар жашаган бул көрүстөндүн эли! Силер бизден мурда өтүп кеттиңер, биз да, Аллах кааласа, силерге кошулабыз. Аллах силерге да, бизге да дүйнө менен акыретте амандык сурайбыз. Оо Аллах! Бизди жана аларды кечир. Бизге жана аларга ырайым кыл. Оо Аллах! Бизди алардын сообунан куру калтырба, алардан кийин бизди фитнага (сыноого) салба!».

## Мазмуну


| | |
|---|---|
| Кириш сөз | 3 |
| Имам Азам Абу Ханифа ан-Нуман хижрий жылынын 80-150 ж.ж. | 5 |
| Төрөлүүсү жана бала чагы | 5 |
| Сахаба - табийиндерден кимдерди көргөн | 6 |
| Кызматы жана кесиби | 6 |
| Анын келбети (сырткы көрүнүшү) | 6 |
| Илим талап кылуусу | 7 |
| Анын ибадаты жана такыбалыгы | 7 |
| Энесине кайрымдуулугу, боорукерлиги, устазы жана аалымдарга болгон урматы | 8 |
| Колу ачык, берешендиги | 9 |
| Илим-билими | 9 |
| Абу Ханифанын казы (сот) болуудан баш тартуусу жана халифалардан оолак болуусу | 11 |
| Далилинин күчтүүлүгү жана зиректиги | 12 |
| Имам Абу Ханифанын фикх маселелериндеги далил келтирүүдөгү күчү | 13 |
| Имам Абу Ханифа менен имам Авзаийдин намазда рүкү кылууда жана андан көтөрүлгөндө кол көтөрүү маселеси боюнча сүйлөшүүсү | 15 |
| Кайтыш болуусу | 15 |
| Даарат китеби - Даарат | 16 |
| Тазалыктын бөлүмдөрү | 16 |
| Суунун түрлөрү | 17 |
| Кудук сууларынын өкүмдөрү | 18 |
| Кешик | 19 |
| Айланып жүрүүчү жаныбарлардын кешигинын таблицасы | 21 |
| Истинжа жана ажатканага баруу адептери | 21 |
| Ажатканага баруу сүннөттөрү жана адептери | 21 |
| Истинжанын макрухтары | 23 |
| Даарат | 23 |
| Дааратын сүннөттөрү | 25 |
| Дааратын адептери | 27 |
| Дааратын өкүмдөрү | 27 |
| Даарат бузуучу нерселер | 27 |
| Дааратын макрухтары | 29 |
| Гусул | 29 |
| Сүннөт болгон гусул | 31 |
| Мандуб же мустахаб гусул | 31 |
| Гусулдун сүннөттөрү | 32 |
| Гусулдун адептери | 32 |
| Чоң даарат бузулганда тыюу салынган нерселер | 32 |
| Таяммум | 33 |
| Таяммумдун рукндары (парздары) | 33 |

| | |
|---|---|
| Таяммумдун туура болуусунун шарттары | 33 |
| Таяммумга уруксат берүүчү себептер | 34 |
| Таяммум эмне менен болот | 34 |
| Таяммумдун тартиби | 34 |
| Таяммумдун сүннөттөрү | 34 |
| Таяммумду бузуучу нерселер | 35 |
| Таяммумга байланыштуу ар кандай өкүмдөр | 35 |
| Маасыга масх тартуу | 35 |
| Масхтын шарттары | 36 |
| Масх тартуунун мөөнөтү | 36 |
| Масх тартуунун тартиби | 37 |
| Масхтын парзы (өлчөмү) | 37 |
| Масх тартуунун сүннөтү | 37 |
| Масх тартуууга байланыштуу айрым өкүмдөр | 37 |
| Масхты бузган нерселер | 37 |
| Калың байпакка масх тартуу | 38 |
| Таңгакка масх тартуу | 38 |
| Хайз, нифас жана истихазанын өкүмдөрү | 39 |
| Айыз канын таануу (түстөрү) | 40 |
| Айыз учурунда аялга арам болгон иштер | 40 |
| Нифас (төрөттөн кийинки кан) | 41 |
| Истихаза (оору себептүү узакка созулган кан) | 41 |
| Нажасат жана аны тазалоо | 43 |
| Оор нажасаттар | 44 |
| Жеңил нажасат | 45 |
| Нажастардын кечирилген өлчөмдөрү | 45 |
| Төмөндө нажасаттын түрлөрү, кечиримдүү өлчөмдөрү жана аны кантип кетирүү (тазалоо) керектиги тууралуу жадыбалды көрсөтөбүз | 47 |
| Азан жана намаз китеби | 49 |
| Азандын өкүмү | 49 |
| Икамат кандай айтылат | 50 |
| Азандын шарттары | 50 |
| Азандын сүннөттөрү | 50 |
| Азандын макрүхтөрү | 51 |
| Намаз бөлүмү | 51 |
| Намаздын өкүмү | 51 |
| Намаздын парз болуусу | 52 |
| Намаздын шарттары | 52 |
| Намаздын рүкүндөрү | 54 |
| Намаздагы важип амалдар | 55 |
| Намаздын сүннөттөрү | 56 |
| Пайгамбарыбыз Мухаммаддын ﷺ намазы кандай болгон | 58 |
| Намаздын убакыттары | 60 |

| | |
|---|---|
| Өткөн намаздардын казасын өтөө | 61 |
| Жамаат менен окулган намаз | 62 |
| Жамаат намазы кантип ишке ашат жана анын өкүмү эмне | 62 |
| Имам болуунун шарттары | 62 |
| Имам болууга ким акылуу | 63 |
| Парзга кантип жетишесиӊ | 64 |
| Саптардын тартиби | 64 |
| Качан жамаат намазы милдет болбойт | 65 |
| Муктадий (намазда имамдын артынан эрчигендер)дин өкүмү | 66 |
| Намаздагы адептер | 68 |
| Намаздагы  макрух иштер | 69 |
| Намазды бузуучу иштер | 71 |
| Нафилдер | 72 |
| Нафил намаздардын түрлөрү | 73 |
| Сүннөт намаздардын далилдери | 73 |
| Белгиленбеген нафил намаздар | 75 |
| Жамаат менен окулбаган, белгиленбеген нафил намаздар | 77 |
| Таравих намазынын екеттеринин саны | 80 |
| Истиска (жамгыр тилөө) намазы | 81 |
| Истиска кандайча аткарылат | 81 |
| Кусуф (күн тутулуусу) жана Хусуф (ай тутулуусу) намазы | 82 |
| Нафил намаз окуу макрух болгон убакыттар | 83 |
| Парз намаздар окулбай турган убакыттар | 83 |
| Саху (унутуу) саждасы | 84 |
| Сажда сахунун себептери | 84 |
| Сажда саху өкүмү жана сыпаты | 85 |
| Сажда саху жасалбай турган (милдеттен түшүп калуучу) кээ бир учурлар | 85 |
| Намазда шектенүү | 85 |
| Тилават (Куран окуудагы) сажда кылуунун өкүмү | 86 |
| Сажда тилаваттын важиб болуу себеби | 87 |
| Тилават саждасынын убактысы | 87 |
| Тилават саждасы кандай кылынат | 87 |
| Тилават саждаларынын орундары | 88 |
| Жума намазы | 88 |
| Жума намазынын сүннөттөрү | 89 |
| Жума намазынын парз болушунун шарттары | 89 |
| Жума күнүндөгү сүннөттөр | 92 |
| Айт намазы | 92 |
| Айт намаздарынын сыпаты | 93 |
| Жума жана Айт намаздарынын хикматы | 93 |
| Айт күнү эмне амалдарды аткаруу мустахаб | 94 |
| Мусапыр намазы | 95 |
| Мусапырдын өкүмү | 95 |

| | |
|---|---|
| Кыскартылуучу намаздар жана анын өкүмү | 95 |
| Кыскартуунун шарттары | 95 |
| Кыскартуунун башы жана акыры | 96 |
| Оорулуу адамдын намазы | 96 |
| Жаназа | 97 |
| Кайтыш болгонудан кийин эмне кылуу абзел | 98 |
| Кайтыш болгон адамдын акысы | 99 |
| Өлүктү жуу | 99 |
| Өлүктү кимдер жуусу керек | 100 |
| Эмне нерсе менен кепинделүүсү керек | 100 |
| Жаназа намазы | 101 |
| Жаназа намаздын шарттары | 102 |
| Жаназа намаздын парздары | 102 |
| Жаназа намазынын окулуу тартиби | 102 |
| Жаназа намазында окулуучу дубалар | 102 |
| Намаздан соңку дубалар | 103 |
| Намаздан кийин бийик үн менен зикир айтуу | 104 |
| Орозо жана иътикаф китеби | 105 |
| Орозо | 105 |
| Орозонун артыкчылыгы | 105 |
| Орозонун бөлүктөрү | 106 |
| Нафил орозо | 107 |
| Рамазан айынын орозосу | 107 |
| Өкүмү | 107 |
| Качан парз болду | 107 |
| Орозо парз экендигинин далили | 108 |
| Рамазан айынын пазилети | 108 |
| Рамазанда үзүрсүз орозо тутпоонун кесепети | 109 |
| Орозонун хикматы, сыры жана пайдалары | 109 |
| Орозо парздары | 110 |
| Орозонун шарттары | 110 |
| Ниет кылуунун убактысы | 112 |
| Рамазан айынын аныкталышы | 112 |
| Кээ бир талаш маселелер | 113 |
| Орозону бузуучу нерселер | 114 |
| Каффара парз болушунун шарттары | 115 |
| Рамазанда орозосу бузулган адамдын өкүмү | 116 |
| Орозонун макрухтары | 116 |
| Орозо кармаган киши үчүн мустахаб болгон иштер | 117 |
| Орозонун мубахтары | 118 |
| Орозону бузууга уруксат берүүчү себептер | 119 |
| Тыюу салынган орозо | 120 |
| Кошумча (татаввуъ-нафил) орозо | 122 |

| | |
|---|---|
| Сүннөт орозонун шариятта буюрулуусунун хикматы (пайдасы) | 122 |
| Арафа күнү орозо | 122 |
| Ашура күнү орозо | 123 |
| Ар бир айда үч күн орозо тутуу | 123 |
| Шаввал айынан алты күн орозо тутуу | 124 |
| Бир күн орозо, бир күн ооз ачуу | 124 |
| Шаабан айынын айрым күндөрүндө орозо тутуу | 124 |
| Мухаррам айында орозо тутуу | 124 |
| Орозону бузбай турган жана эч нерсе талап кылынбаган учурлар | 125 |
| Итикаф | 126 |
| Итикафтын өкүмү | 126 |
| Итикафтын шарттары | 127 |
| Итикафтын парздары | 128 |
| Итикафта макрух болгон иштер | 129 |
| Итикафтын адептери | 129 |
| Зекет | 130 |
| Зекеттин мааниси | 131 |
| Зекеттин өкүмү | 131 |
| Зекет бербей коюудан эскертүү | 132 |
| Зекеттин максаттары жана анын тасирлери | 133 |
| Зекет берүүнүн коомчулукка тийгизген таасирлерин кыскача келтирип берейли | 134 |
| Зекет кимге важып болот | 135 |
| Нисабдын (өлчөмдүн) мааниси жана шарттары | 135 |
| Нисабтын шарттары | 135 |
| Зекет берүүдө талап кылынган шарттар | 136 |
| Зекет бериле турган байлыктар | 137 |
| Алтын, күмүштүн нисабы | 137 |
| Жасалга, зергер буюмдардын зекети | 137 |
| Баалуу кагаздардын зекети | 138 |
| Соода товарларынын зекети | 138 |
| Эгин жана мөмөлөрдүн зекети | 138 |
| Эгин жана мөмөлөрдүн зекетинин нисабы | 139 |
| Балдын зекети | 139 |
| Жер астынан чыккан кендердин зекети | 139 |
| Деңизден чыккан нерселердин зекети | 140 |
| Малдардын зекетинин өлчөмдөрү | 140 |
| Уйдун зекети | 141 |
| Койдун зекети | 141 |
| Жылкынын зекети | 141 |
| Жалпы үй жаныбарларынын зекетинин өкүмдөрү | 142 |
| | |
| Зекет сарптала турган оруңдар | 142 |
| Зекет алууга акылуу болгон сегиз түрдүү топтун кеңири баяны | 142 |

| | |
|---|---|
| Фитир зекети (Битир садакасы) | 143 |
| Өкүмү жана далили | 143 |
| Фитир садаканы мыйзамдаштыруудагы даанышмандык (хикмат) | 143 |
| Фитир садаканы берүүнү важип кылуучу шарттар | 143 |
| Фитир садаканын берүү убактысы | 144 |
| Өлчөмү | 144 |
| Акчалай суммасын чыгаруу | 144 |
| Ажылык жана умра бөлүмү | 145 |
| Ажылык | 146 |
| Ажылыктын аныктамасы жана өкүмү | 146 |
| Ажылыктын артыкчылыктары | 146 |
| Балдар жана кулдар үчүн ажылык | 148 |
| Ким ажылык парз болуп туруп, кайтыш болсо | 148 |
| Башкалардын ордуна ажылык кылуу | 148 |
| Ажылыктын туура аткарылышынын шарттары | 149 |
| Талбиянын сүннөттөрү | 150 |
| Ихрамдын важибдери | 150 |
| Мийкаттан ихрамга кирүү | 150 |
| Ихрамдын тыюу салынган нерселери | 151 |
| Ихрамдагы тыюу салынган иштерди бузуунун өкүмү | 153 |
| Ихрамдын сүннөттөрү жана адептери | 154 |
| Ажылык үчүн ихрамдын түрлөрү | 154 |
| Арафатта туруунун (вукууф) убактысы жана жери | 155 |
| Арафада туруунун сүннөттөрү | 156 |
| Таваф | 158 |
| Тавафтын важипттери | 158 |
| Тавафтын сүннөттөрү | 158 |
| Тавафтын түрлөрү | 159 |
| Сафа менен Марва арасында саъй кылуу | 160 |
| Саъйдын важиптери | 160 |
| Саъйдын сүннөттөрү | 161 |
| Муздалифада туруу | 162 |
| Муздалифада туруудагы сүннөттөр | 162 |
| Таш ыргытуу | 163 |
| Таштардын саны | 163 |
| Таш атуу туура болушунун шарттары | 164 |
| Таш атуунун сүннөттөрү | 164 |
| Таш атууда орун басар кылуу | 165 |
| Чач алдыруу же кыскартуу | 165 |
| Тавафул-вадаъ (коштошуу тавафы) | 166 |
| Кимдердин мойнунан коштошуу тавафы түшөт | 166 |
| Тавафул-вадаъ (коштошуу тавафынын) сүннөттөрү | 166 |
| Курмандык (хадй) | 167 |
| Хадйдын түрлөрү | 167 |

| | |
|---|---|
| Ажылыктын сүннөттөрү жана адептери | 168 |
| Ажылыктын адептери | 169 |
| Умра | 169 |
| Умранын убакыт мийкаты | 170 |
| Умранын орун мийкаты | 170 |
| Умранын шарттары жана өкүмдөрү | 170 |
| Умраны бузуу (ифсады) | 170 |
| Ажылыгы Абу Ханифа мазхабы боюнча туура жана кабыл болуусун каалаган киши келерки эрежелерге көңүл буруусу керек | 171 |
| Ажылык амалдары келеркидей | 171 |
| Пайгамбарыбыздын ﷺ мечитине зыярат кылуу. Ошондой эле Пайгамбарыбызга ﷺ жана анын эки досуна салам берүү | 174 |
| Мазмуну | 179 |

ЖЧК “Имак Офсет” басмаканасында басылды
Бишкек ш., Лермонтов көч. 1В